КАРИМОВ [illegible]

# ЖОЛ БАЯНЫ

***АТАМ КАРИМДИН ЖАНА АПАМ АЛИМАНЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСТЕРИНЕ АРНАЙМЫН!***

*Генийлер — илимге жетишкендиги үчүн, акыл-эси ашып-ташкандыгы үчүн, бул жагынан башкалардан өзгөчө айырмаланып тургандыгы үчүн, бөтөнчө таланттуу болуп жаралгандыгы үчүн гана Гений эмес! Генийлер — жан чыдагыс кыйноолорду, кордуктарды, азап менен тозокту кыңк этпей көтөрө билгендиги үчүн да Гений!*

*О, адамзат! Эң оболу өзүңдү-өзүң сыйлай бил! Өзүңдүн ким экениңди байка, салмагыңды таразалап карап көр, анан башкалар менен өзүңдү салыштыр! Ар убак өзүңө-өзүң сак бол, бирөөнүн жүрүш-турушуна сынтакпа! Байлыгына көз артпа! Айың сөзгө аралашпа! Бирөөлөрдү алдоодон, уурулуктан жаа бою кач! Башыңа ар кандай оор иш түшсө, ошол кезде сен Адам экениңди унутпа! Адам — ыйык ысым! Адам — бийик жана шаңдуу угулат! Жаман атка калышыңа да, жакшы атка конушуңа да өзүң себепкерсиң! Жакшылыктан үрккөн, жамандыкка түрткөн тетири жорук-жосундун купуя сырын жан-дүйнөңөн издегин, досум!*

**Автор.**

14235



МАЖИТ КАРИМОВ

# ЖОЛ БАЯНЫ

*(Турмуш)*

*Кызыктуу окуялар менен коштолгон драмалуу роман*

Бишкек — 2004

ББК 84 Ки 7-4
К — 23

К —23 Каримов Мажит.
Жол баяны. Роман. — Б.: «Шам», 2004. — 216 б.

ISBN 9967-10-134-6

Бул кызыктуу окуялар менен коштолгон драмалуу романдын өзү үч бөлүк жана эпилогдон турат. Балалык учуру согуш мезгилине туш болгон элеттик жаш жеткинчектердин жашоо-турмушу, максаты, ой-пикирлери, алга умтулуусу, башынан өткөргөн азап-тозогу чеберчилик менен ишенимдүү сүрөттөлгөн. Ата-энеден айрылып жетим калган бала көрүнгөндүн колунда калып кыйналат, анан балдар үйүнө берилет. Эр жетип, жогорку окуу жайына өтөт, өмүр жолу андан ары улана берет.

Бул чыгарма автордун өмүр бою чымыркanып жумшаган эмгегинин жыйынтыгы деп айтсак да болот. Роман жөнөкөй тил, жатык сөз менен жазылган. Китепкойлөрдүн купулуна толот деген үмүттөбүз.

К $\frac{4702300100}{М\ 455\ (11) — 2004}$ 2004 ББК 84 Ки 7-4

ISBN 9967-10-134-6

© Каримов М. 2004
© Кыргызполиграфкомбинаттын «Шам» басмасы, 2004

# ЖАҢЫЛУУНУН ЖАЗАСЫ

## СӨЗ БАШЫ

### I

... Тулга айылы азыр жок. Аны тегиздешип, ордуна эгин айдап салышты. Бул балким, айылдын өтө эле чет жагына салынып калгандыгынан болсо керек? Азыркы учурда «Тулга» деген жердин аты тулгалыктардын жүрөгүндө гана терең сакталып калды. Башка жаңы айылга барышканда деле аларга бир көчөдөн катарлата үй салып беришти.

«Бар болгону он чакты гана түтүнбүз, ошондуктан чогуу жашаганыбыз эле оң!» — деп чечишти алар. Ошентсе да баары бир азыр коңшу айыл-ападагылар ашка-тойго чакырышканда, алар «тулгалыктар» дешип дагы эле бөлөктөп айтып калышат. Бирок бул албетте, «силер башка айылдыксыңар» деген мааниде эмес, жөн гана жердин эзелки аты канга сиңип, унутулгус болуп кеткендиктен болсо керек? Тулгалыктар мындай сөздү угуп, аны такыр танабарга алышпайт, эрөөн көрүшпөйт, кайра мыйыгынан жылмайып, Тулга айылынын аты өчпөй жүргөндүгүнө сүйүнүшөт, ичтеринен жымың этип калышат.

Деги Тулга деген жердин аты кайдан келип чыккан? Башкасын кое туруп, оболу ушул жүйөлүү суроого жооп берүүгө аракет кылалы.

Илгери-илгери, тээ байыркы өткөн заманда, эл-жерин коргогон жоокер эр-азаматтардын баш кийимин Туулга деп аташкан. Ошо кулак чалган уламыштарда айтылып калгандай, азыркы Тулга айылы орношкон жерде согуш болгон. Эл кор-

гогон баатырлар капысынан кирип келишкен душмандар менен кырк күн, кырк түн уйку бетип көрбөй, жанын аяшпай салгылашкан.

«Душманга багынбайбыз! Кашык каныбызды аябайбыз! Керек болсо, намыс үчүн алышып жатып өлөбүз! Аттангыла!» — дешип, жоонун жолун тосуп чыгышкан. Добулбастар кагылып, керней-сурнайлар тартылганда, калың журт кылкылдаган туу астына дароо жыйналышкан, аскер башчысынын буйругун чыдамсыз күтүшкөн. Дулдул атын ойноктотуп, шалк этмесин көккө көтөргөн аскер башчысы бийкта тизилип тургандарга минтип кайрылган:

«Ыйык жер, тууган эл үчүн кан-жаныбызды аябайбыз! Жаздыкта өлүп жаман атты болгончо, жоону жеңип, аны талкалап, салтанатты куралы!» — Мына ошентип, эки тарап беттешкен кезде, жер бети алоолоно күйүп, атылган жаалардын желеси күндүн бетин көрсөтпөй тосуп калган. Бүт айлана алай-дүлөй болуп, будуң-чаңга түшүп, ызы-чууга, кый-чыйга толгон. Аалам шумдуктуудай азап чегип, көчөлөрдө агып жаткан кыян-жаян кара кочкул канга жер титиреп, жан бүткөндүн баары күйүп-жанган. Күлгө, топуракка айланган! Эне баладан, бала энеден айрылган! Жоокерлер арстан сымал айкырышып, ай-гайды салышып, буга чейин көз көрбөгөн, кулак укпаган катуу салгылашты баштexisting, колундагы кылычтары да, найза менен шамшарлары да, шалк этмелери да быркырап сынган! Ошо быркырап сынган куралдардан жалт-жулт эте от чыгып, көктөгү чагылгандын чартылдап жатканынан айрымалоо кыйын болгон! Дал мына ушундай пенде чыдагыс кыргын согушта эрдик көрсөтүп, ыйык туу туткан жерин, ак калпактуу кыргыз элин душмандарга тебелетпей коргоп калган эр-азаматтардын санын эсептеп чыгуу да кыйын болгон!

Акырында, өзү келип катылган душман өздөрү тарапка баш-аягына карабай качышып, араң дегенде салаалап санай турган аскерлери кутулуп калышкан. Бирок жөө басып айланып

чыккан адамга бир күнчүлүк убакыт кеткен чоң шаар бүт талкаланып, быт-чыты чыгып, күлү көккө сапырылган! Аман калышкан бирин-серин адамдар калың кара түтүндүн арасында адашып, жарыктыкты издешип, азап чегип жүрө беришкен. Каңырыкты түтөткөн, өпкө-боорду эзген жаш балдардын ары ачуу, ары аянычтуу ыйы, келин-кезек, чал-кемпирлердин ботодой боздогону жерди солкулдатып, тоо-таштарды кайгы-муңга салып туруптур!

Анан, ар-ар жерден онтогон, кыңкыстаган жарадар жоокерлер секин-секин баш көтөрө баштаптыр. Тирүүлөрүн издеп таап, өлгөндөрүн ардактап көмүшүптүр. Мына ошондо курман болушкан эр-азамат жоокерлердин баш кийимдери — Туулгалар тоодой болуп үйүлүп кеткен экен. Бир жерге жыйылган Туулгаларды айлантып бийик таш коргон, бекем чеп жасашыптыр. Аерге ар жылы чогуу барышып, өздөрүнө ылайык келген ыймандык ырасымын жасашчу экен. Бул демек, эл-жер үчүн жанын кыйган чыныгы уулдарын урматтоо, алардын жаркын элесин асти эстен чыгарбоо үчүн, атак-даңкын урпактан-урпакка түбөлүк калтырыш үчүн аракет болучу!

Бирок кийин-кийин мезгил өтүп, заман өзгөрүп, ал кездеги алаамат окуялар унутулуп, эскирип бараткан сайын, туулга деген аты да өзгөрүп, жөн гана Тулга деп аталып калыптыр. Ал эми Тулга деген сөз мындан башка да дагы бир жаңы маанини-көчмөн элдин күндөлүк турмушунда тутунуп жүрүүчү буюму-казан асып, тамак бышырчу кемеге катары да туюндурулат эмеспи? Мына ошо себептүү, жогорудагы сөздөрдү да анча канааттана бербей, айыл аралап, мунун чөө-жайын дагы тереңдетип сурамжылай бердим эле, сексен сегиз жашка чыккан Айсак аттуу аксакал адам мага мына буларды кошумчалады:

«Ооба, балам! Айтып отурган кебиңде калет жок! Илгери ошондой кыргын согуш болуп өткөнү чын! Бүтүндө бир чоң шаар түп-тамырынан бери талкаланып, эл жашаган там-таштын баары астын-үстүн болуп кыйраган. Аны бизге аталары-

быз айтып берер эле. Аталарыбызга болсо, алардын аталыра айтып өтүшкөн экен. Ошентип, муундан-муунга түк түгөнбөс, бүтпөс дастан катары бизге чейин баяндалып келатыптыр!

Мына ошо кырк күн, кырк түндү камтыган каргашалуу кыргында үй-жайсыз үч эле адам тирүү калган дешет. Үчөө тең эч ким жок каңгырап ээн жаткан бош калааны кыдырып, тууган-урук, жээн-жааттарын издешиптир. Кийим-кечеден, жатар жерден, тамак-аштан дайын жок, айлалары түгөнүп бүтүптүр. Эрме чөлдө шалдырап, сулк жатып калышыптыр. Карга-кузгундар көктө канат серпип, кайкып учуп жүрүптүр.

Күндөрдүн бир күнүндө, чала күйүп, быкшып түтөп жаткан күлдүн арасынан жалгыз сынык тулганы таап алышыптыр да, мына ошого от жагышып, тегеректеп отурушуп, жан багып жүрө беришиптир. Анан алар урандылардын астынан сабы сынган найза, эскилиги жеткен жаа, шалк этмелерди таап алышып, аркар-кулжа, элик, текелерди атканы тоо таяна жөнөшүптүр. Атып алышкан айбанаттардын этин ошо сынык тулгага бышырып жешип, айтор өмүр, жашоо дегени андан ары улана бериптир. Адам саны көбөйүптүр. Калаа кайрадан калыбына келип, гүлдөп өсүп-өнүптүр!

Мына, уктуңбу, уулум? Тулга деген жердин аты мына ошондон айтылып калган экен! Биз, тулгалыктар, мына ошо үч адамдан таркаганбыз!» — деп, аппак сакалын сылап коюп, күлүмсүрөп, эки бети тамылжып сөзүн бүтөр эле Айсак аксакал.

Ырас, биздин балалык чагыбыз өтө оор, катаал учурларга туш келди. Кенедейибизден тартып турмуштун калдыраган, шалдыраган арабасын тарттык, көңүлгө көк талкандай тийген көйгөйдү көрдүк! Нан кадырын эрте билдик! Жашоонун ачуу-таттуусун эртелеп таттык! Эмне деген балалык кез эле ал убак? Көпөлөк кууп ойной да албадык. Ата-энебизге эркелей албадык! Курсагыбыз тое нан жеп, жылуу төшөктө тайраңдап жата албадык! Анткени менен жалындуу

жаштык кезибиз, өрт мезгилибиз, согуштан кийинки өлкөнү кайра куруу мезгилине туш келди! Беш жыл бою азапка, муңга көкүрөгү эзилген, дене- карды дирилдеген эл, биздин бой тартып, жетилип, чырпык чынар болуп өсүп келатканыбызды көрүп кубанышты! Шарактап күлүп, катар-катар жүрүп, көчөлөрдө коендой окшошуп, кол кармашып бирге басып жүргөнүбүздү көрүшүп көңүлдөрү жайланышты!

«Ана, карагылачы? Жоголгондордун орду толуп келатат!» — дешип, терилерине батпай кубанышты! Чындап эле жаш көчөттөр бой тартып келатканы кадиксиз эле. Аталардын тиккен чырпыктары дүпүйгөн калың бакка айланып, чар тарапка бутак жайып, тамырын бекемдеп, жер бетин кулпунтуп баратышканынан миң-мертебе шүгүр, ыраазыбыз дешкен болду карылар сакалдарын сылап, жаратканга жалынып-жалбарышып! Ооба, «өлбөгөн жан алтын аяктан суу ичет» тура? Топурактан тыш болсок, аягыбыздан кыбырап жел өтүп турса, жакшылыктуу күндү көрөр мезгил келет экен!

Ана, карап көргүлө, көңүл бөлгүлө! Беш жыл катары жүзүн жылуу жаш жууган аялдар, касиеттүү Ала-Тооңуздун дал чокусундагы эзели эрибес аппак кардын дал өзүнө окшогон сакалдарын сеңселткен абышкалар, чыт курсак көчө таптаган жаш балдар, атүгүл бешиктеги наристелер да бизге, биз өңдүү өспүрүмдөргө ыраазы болушуп, мулуңдап карашат. Жүрөктөрү кулундай туйлап, ичтери жылып, көздөрү жайнап: «А азаматтар, бар болгула! өнүп-өскүлө! өркөнүңөр өркүндөп, өмүрүңөр узун болсун!» дешет. Ырас, жашы жетип, курагынан кайтып, жалбырактары саргайып бараткан кары дарактарга шумкар консо, ал алп куштун сыйкырдуу демине, кайратына, айбатына туруштук бере албай, көк бүчүр чыгарып, жашылданып, кайрадан кадимкидей жашыл жалбырактар өсүп чыгат имиш! Шумкардын чеңгели баткан куу бутак титиреп, дарактын тамырлары бошоп, бүткөн боюн бир силкип алат дейт! Анан көзү умачтай ачылып:

«Ээ-э, кептин баары биякта тура? Мен карылыкка эрте моюн сунуп жатыптырмын! Жашоо, күн көрүү али алдыда экен да?» — деп күңгүрөнүп, бадырайта гүл ачып, жемиш байлап, мөмөлөрүн мол бере баштайт деген уламышты уккан элем улуу кишилерден. Мунун чындыгы бар экенине бөркүмдөй ишенем! Анткени тынчтык мезгилдеги карыялардын жүзүн, басышын, оокаттанышын, сүйлөгөн сөздөрүн байкап көрүңүзчү, согуш мезгилине караганда бир канча далил, сүйкүмдүү жана кайраттуудай сезилет! Демек, заман тынч болсо, көңүл тынч, көңүл тынч болсо, калганы бүтө берет!

Туура, адам баласы өткөнүн эстеп жүрүш керек. «Өткөн күндү унутпа, кам чарыгыңды курутпа» — деген накыл сөз бекер айтылган эмес. Аларды айтпайын, эстебейин эле дейсиң, аракеттенесиң, бирок ага болбой жатпайбы, эрксизден көз алдыга бардыгы чубуруп тартыла берип жатпайбы! Көңүлгө көк талкандай тийген согуш мезгили куураттты го бизди. Анткени менен турмушта такшалдык. Анын баарын бала-чакаларыбызга айтып, түшүндүрүп, кулагына куюп; «Адам болгула! Адам болгула!» — деп эртели-кеч зарлап какшана беребиз. Менде атамдын да, апамдын да сүрөтү жок, сакталбаптыр. Атамын Белорусия фронтунан түшкөн бир нече сүрөтү бар эле, аны катары менен кошо бекитип жүрүп жоготуп ийдим. Бир жерде туруктуу жашабагандан кийин, өз үйүң болбогондон кийин таберик туткан буюмду сактоого мүмкүн болбой калат экен. Мына ошентип, чыгармабыздын баш сөзүн жазып да бүттүк окшойт. Айтарым ушул.

Эмесе, негизги ишке өтөлү.

## II

Азели кыл чокусунан көк муз кетпей, асман мелжиген Бабаш-Ата тоосу алыстан караган адамга: «Көрдүңбү мени?» — дегенсип, менменсине боюн керет. Бирок, баары бир антип, жайдыркыштыр ак тонун жамынып, керилип турганы

менен, жадыраган жай күндөрү келген кезде, түштүктүн жан чыдагыс аптабына чыдабайт. Кыл чокудагы мөңгүлөрүн аптаптын күчү жетпесе да, андан берки жакага жакын карлар эрип, тып-тунук, муздак ак шурудай дары суулары өзөн-өзөндөргө шаркырап агат. Анан тез эле жашыл арчалуу, кууш, тар капчыгайлар аркылуу ылдый карай, айылды көздөй агат. Сай-сайлап адашып отуруп, акыры бир жерге чогулат да, береги Тентек-Сай дайрасына куят.

Мына ошол Тентек-Сайдын сол жээгине орношкон чакан кыштак — Тулга деп аталат. Бул жер эзелтен бери бак-дарактуу келет. Бай түп бака теректер эчен жылдан бери өсүп, азыр эми ич жагы көңдөй болуп калган кары талдар да бар. Жаз келер алдында көк чөптөр жер бетине жабыла чыгып, бүткүл тала-түздүн баары килем төшөп койгондой жашылданып кетет. Ошо кезде Тулга тарапка алыстан туруп көз чаптырсаңыз, кадим эле көгүлтүр көк деңиздин орто ченindeги аралга окшоп көрүнөт.

Биздин үй айылдын четинде. Жепирейген жалгыз там. Үстү жагы саман менен шыбалган. Жамгыр дыбыр этсе, тамчы өтүп кетет. Жедеп эскилиги жеткен шырдагыбыздын бир четин өйдө түрүп коюп, ошо тамчы тамган жерге колдо болгон бардык идиш-аяктарды катар-катар тизип коебуз. «Тук-так, тук-так» этип, төбөдөн түшкөн жамгыр суусу өзүнчө бир кызыктуу музыка үнүн чыгарып тургансыйт. Жамгыр басылаары менен тамдын төбөсүнө чыгабыз да, жарака кеткен жерлерине күл төгүп тебелейбиз. Ага деле болбойт, өтө берет. Күзүндө самандан көбүрөөк кошуп, ылай жасап шыбайбыз. Ошентип отуруп тамдын үстүндөгү топурактын калыңдыгы бир топ. Басып калуу коркунучу да туулат. Аны менен кимдин иши бар дейсиз?

Бир үй-бүлөдө төрт перзентпиз. Улуу агам Момун колхоздо эсепчи. Жетинчи классты бүтүп эле адегенде мугалим, анан эсепчиликке өткөн. Ошо мен элес-булас билген кезде, агам узун бойлуу, ак жуумалынан келген толмоч жигит эле. Ар күнү

контордон кеч келчү. Контор менен Тулганын аралыгы бир топ бар. Агам келгенде бүт айыл иттери үрүп чыкчу: «Ана, Момун келди!» деп апам бышырган тамагын алдыбызга коюп, дасторконду даярдап турар эле. Ал эми атам болсо, ат багар болуп иштечү. Мен бир үй-бүлөнүн эң кенжеси болгондуктан, атам менен апама да, агам менен эжелериме да эркелеп турчумун. Баарыдан да апама жакын элем. Ал талаа жумушуна баратканда, артынан ээрчип алчумун. Күндүн ушунчалык укмуштуудай ысып кеткенине да карабай, кечке кезерип жүрө тургамын. Мени менен коңшубуз Турдубүш эженин уулу Тажыбай да бирге болуп, экөөбүз тыттын калың көлөкөсүнөн ары жыла алчу эмесбиз.

Кийинчерээк бизге тийиштүү пахта бригадасына балдар бакчасы уюшулду. Үй-мүй кыдырып, бир ат чегилген саябан арабага бизди отургузуп алып, Нармат аттуу атам менен бирге ат багар болуп иштеп жаткан жашы далайга барып калган киши, талаага, ата-энелерибиз иштеп жаткан жерге алып барчу. Аерде бизди бала бакчу аял Зейнеп эже күтүп алчу. Түшкү тамакты гана иччүбүз. Анткен менен кечке ойноп, кумарыбыз канчу.

Атам кышкысын ат бакканы менен, жазында талаада кош айдап, колхозчуларга жардамдашчу. Күзүндө эгин-тегин жыйноого катышып, өзүбүзгө жараша аштык да жыйнап алар элек. Бардык иш кол менен, кетмен менен бүткөнүнө карабай, эч кимибиз кабак-кашым дебей, жапатырмак иштөчүбүз. Түйшүктүн көбү аялдарда эле. Кечкисин да тынышпайт алар. Кир-когун жуушат, тамак жасайт, балдарын карайт, анан эртеңки боло турган жумушка, кечке жей турган нандарын түйүнчөккө түйөт. Таңга жуук ойгонушуп, жаш балдарын көтөрүшүп, кээ бирлери бешикке бөлөнгөн бойдон алып жөнөшөт.

Мына ушундай машакаттуу, бирок өзүбүзчө жан ыракатын тапкан жумуштан кийин, кечки ай жарыкта жаштар оюн-шоок курушчу. Момун акем өзү теңдүүлөр менен кошулушуп, айылдын

күн чыгыш тарабындагы Такыр-Талаа деп аталчу көкөлө майдан, көк шибердүү жайыкка топтолушуп, жоолук салмай, ак чөлмөк, карагай думпулдөк оюндарын ойношчу. Алар үйгө кайсы маалда келишкенин биз билчү эмесбиз. Бирок алар эртең менен эч кыйыктанбай, ата-энелери менен кошо турган, талаа жумушуна жөнөп кете беришчү.

Кана эми, ушундай жакшы күндөр, сонун түндөр уланып кете берсе? Элибиз эмгектенип, тынч турмушта жашап, өздөрүнүн бейпил оокат-.тиричиликтери менен алек болушуп, жаркыраган жаңы заманда жашай беришсе болот эле го? Бирок андай болбоду, эл башына мүшкүл иш түштү, согуш башталды! Биз, кечеги эле ата-энебизге эркелеп жүргөн балдар, оор күндөргө кириптер болдук! Карылардын кабактары салынды! Энелердин көзүнөн жаш акты! Кыз-келиндер кечегидей суйсала баспай, сабыры суз. Үй ээнсиреп, оңулдап, суук көрүнүп, жат өңдөнүп барат! Капырай де, не болду бу заманга? Ага ким күнөлүү? Согуш! Фашисттер! Эми баарыбыздын максатыбыз бирөө гана болуп калды. Ал да болсо, душманды жеңүү, тамырын талкалоо!

Апам Алима ошо кезде кырк үчтө экен. Төрт баланы төрөп, тарбиялап, эр жеткиргенине карабай, али жаш, өңдүү-түстүү көрүнөр эле. Кызыл жүзү тамылжып, көздөрү жалжылдап турчу. Кайраттуу, шайыр мүнөздүү, сөзүн таап, жалтанбай сүйлөгөн аял болчу. Үйдүн жана талаанын жумуштарына катышып, деги белим, бутум, башым деп арыз-арманын бирөөгө айтканын укпадык. Апам жомокторду да көп билчү. Далай жолу апамын тизесине башымды жаздап, кызыктуу жомокторун угуп жатып уктап калган учурларым да болгон. Ал бир үйдүн жалгыз кызы болуптур. Ошого карабай, эркеликке берилбей, турмушка бышык өсүптүр. Таенемдер болсо, өзбекстандагы Пакта-Абад районуна караштуу Абыскен-Ата деген чакан кыштакта жашап турушкан. Бул жерде шилегей, кутчу, кушчу урууларды отурукташкан. Алар тээ илгери, кайсы бир

заман төңкөрүшүндө Талас жактан ооп келишкен экен. Таятам Таабалды болсо, таманынан чору чыккан, үстү кийимге жетпеген кедей киши болуп, өмүрүнүн акырында ошо кейпинде ооруп өлгөн.

Мен Абыскен-Ата айылына, таенемдердикине көп каттоочумун. Алар мени аябай жакшы көрүшчү. Аларда айран, сүт, каймак дайыма үзүлбөй турчу. Кичи таенем Татыгүлдү, анын апасы чоң таенем Орозгүлдү көрүп калдым жаш кезимде. Элестери али күнчө эсимде. Экөө тең ошо кезде өтө карып-арып калган болчу. Ээрчишип, бөкчөңдөп басышчу. Аларды жаш жагынан ажырата билүү да кыйын болчу. Билбеген, укпаган адам: «Булар эже-сиңдилер, же эгиз төрөлгөн болуу керек»? деп божомолдошу мүмкүн. Өңү-түстөрү да айрып алгыс, куюп койгондой окшош, бой түзүлүштөрү да бирдей. Алардын ынтымактуулугу, бир-бирине илинип, чакырып, жоктоп турушу ошердегилердин баарын таң калтырчу. Божурашып сүйлөшүп, дегеле сөздөрү түгөчү эмес.

Ооба, тең карышты эне-бала. Акылдарынан адашпады. Жүргөн-турганы тың, сүйлөгөн сөздөрү орундуу эле. Эл аларды «кош кемпирлер» деп аташчу. Дандырга жапкан ысык нанды сары нават кант салынган чайга малып, жибитип жеп отурганын көп көрчүмүн.

«Таене, таене, эмне үчүн минтесиз? Нанды тиштеп эле жей бербейсизби?» — десем, экөө тең бөйрөгүн булкулдөтүп күлүп калышчу:

«Анын себебин жүз жашка чыкканда билесиң, балам! Мен жүз жашка чыктым! Ал эми апам болсо, жүз он алтыга чыкты!»

«Жүз жаш? Оо-уу!» — деп мен манжаларым менен: «Бир-эки-үч» деп санай баштачумун. «Жүзгө чейин санашты билесиңби?» — деп энем күлүп калчу. Булар да атадан жалгыз экен. Той-тамашага барганда да мени ээрчитип алчу. Алдына койгон этти жоолугуна түйүп, мага кармата берчү:

«Үйгө барганда жейсиң, ме, бекем кат, түшүрүп койбогун!» — дечү.

Мына ошол мезгил кырк үчүнчү жылдын жай айлары экенин мен анда билген эмесмин. Таенемдер колунда чычкандай улагы да калбай, абдан кыйналып кетишти. Жаңылбайын, жалгыз эчкиси бар эле, «Өлгөнүбүздө бизди ушу көмөт!» — деп, аны аяп, жетелеп багын жүрдү. Түнкүсүн үйгө кире бериш жердеги кемегенин жанына байлап кое турган. Андан чыккан жарым кесе сүттү казанга кайнатылган карандай сууга кошуп, кымыран жасап иче берчүбүз. Мына ошого канаат кылып, уктап калчубуз.

Ошол жылдын ызгаардуу кыш күндөрүндө эки таенем тең удаа кайтыш болушту. Мени Тулгага алып келишти. Барсам Момун акем согушка эчак кеткен экен. Ал эми Шарапат эжем болсо, тээ мурда, мен ушерде жүргөн кезде эле Жалал-Абад тарапка күйөөгө чыгып кеткен болчу. Жолдун узактыгынанбы, же кабар жетпей калганбы, айтор атам, акем согушка кетип жаткан учурда узатканы келбеди ал эжем. Анын бул жоругун эч ким кеп-сөз кылып, айыпка жыкпады. Аны башка убакта деле Лайли эжем да, апам да такыр оозго алышчу эмес. Эмнеге минтерине түшүнгөн эмесмин. Балким ортодо таарынычтар бардыр? Балким Шарапат эжемин мүнөзү башкачадыр? Балалык сезим көргөнүн, укканын, билгенин көкүрөккө бек сактайт, оңойлук менен унутпайт. Мен Шарапат эжемин биринчи күйөөсүн, Тешебай жездеми алиге унута албайм. Ал жоош-момун адам эле. Кыркка чейин үйлөнбөй жүрүптүр. Акыры Шарапат эжеми зордуктап жатып ошо адамга берген. Эжем аны жактырбай, каршылык көрсөттү, ыйлап-сыктады. Айылдагы кыз-келиндер анын баскан-турганын, сүйлөгөнүн туурап күлө беришчү. Чынында Тешебай өз боюна карабаган, жүдөө жүргөн киши эле. Басканда майпаңдап, жолдун баарын чаңытып басчу. Күлгөндө тиштери оркое көрүнүп, жууп-тазалап жүрбөгөндүктөнбү, айтор саргайып бияктагы адамга жаман таасир калтырчу. Анын үстүнө жакасын топчулабай, эки жакка жагжайтып кое берчү. Бирок багбанчылык жагынан айылда андан өтөр

адам жок эле. Мезгилинде анары, алмасы, шабдаалы менен өрүгү, бышып, жүзүмдөр, шингил-шингил болуп көздү кызартчу. Жезде болуп калган соң, көп каттачумун. Жемиштерин жеп, бактын ичинен чыкчу эмесмин. Алардын кандай жашашы менен менин ишим кандай? Бирок эжемин кабагы салыңкы экенин, сумсайып, суз мамиле жасап, дайыма көздөрү шишип-көөп жүргөнүн көрөр элем. Көрсө ушул кездерде ынтымагы келишпей, бир-бирин жактырышпай, айласыздан, ата-энемен корккондон, ыйбаа кылгандан күн кечирип жүрүптүр. Күйөөгө чыга электен мурда:

«Сен атама, апама түшүндүрүп айтчы. Тешебайга барбаймын, аны каалабаймын деп жатат кызыңар деп айтып көрчү. Мени тели-теңтуштарыма, айылга уят кылбасын! «Тешебай менин теңим эмес!» — деп Лайли эжеме шыбырап айтып жатканын уккан элем. Бирок бул сөздү Лайли эжем атам менен апама жеткирдиби, жокпу, анысын билбейм. Андан кийин Лайли эжем экөө четирекке чыгышып, күбүр-шыбыр болушуп, апамын, атамын эмне деп жатышканын өз алдыларынча талкуулап, өз ойлорун ортого салып, бирок андан эч пайда болбостугуна көздөрү жетсе да, баары бир мындан кутулууга аракет жасап жатканын билер элем.

«Мен деле сизди Тешебайга ыраа көрбөйм,— дечү Лайли эжем,— Аны жаман көрөм. «Тешебай келжик» дешип, менин тели-теңтуштарым да күлүп калышат. Мындай сөздү угуп туруу мен үчүн оңойбу? Бирок атам менен апам бир сөзүнөн кайтпайт окшойт?»

«Алар кайтпаса, мен да кайтпайм! Көктүгүмдү көрсөтөм!» — деп Шарапат эжем шолоктоп ыйлай баштады. «Эгер зордуктаса, качып кетем!»

«Качып кайда барат элеңиз?» — чоочуп кетти берки эжем.

«Билбейм, башым ооган жакка качам!» — Баары бир эжемин ойлогонундай болуп чыкпады. Анын акыры ажырашуу менен аяктады. Көп өтпөй Тешебай жездем да согушка кетти, ошо бойдон кайтпады.

Күз мезгили. Элдин баары жыйым-терим менен убара. Мына ушундай эмгек кызып турган кезде Шарапат эжемин Жалал-Абат шаарындагы медкадрга, бир жылдык механизмация окуу жайына эч кимибизге айтпай-этпей качып кетиши албетте бизди кыжырлантты. Мурдагыдай атам, акем үйдө жок болуп, жыйым-теримди өз убагында ташып ала албай кыйналдык. Апам, Лайли эжем үчөөбүз гана калган элек. Эми минтип анча-мынча тырмалап эккен эгинибизди талаадан ташып, аны жанчып, орого көмүп алуунун өзү биз үчүн оор болуп турат. Дагы жакшы, Карачач эжемин, аталаш тууганыбыздын Акимжан аттуу дастиер уулу кол кабыш кылып, бизге жеңилдик келтирди. Шарапат эжемен болсо, ошо бойдон кабар келбеди, дидарлашпадык, ушунчалык бизден безгенби, караанын көрсөтпөй койду. Өз иши, өз ыктыяры, тынып-тынчып кетсе эле болду деген ойду апам отурса-турса айтып жүрдү. Кийинчерек уксак, трактордук курста өзү менен бирге окуган Жоробек аттуу жигитке турмушка чыгып кетиптир. Жаңы жездебиз шаардан анча алыс эмес Ак-Баш деген жерде жашайт экен.

Кылычын алып кыш да келди. Кар оор түштү. Суук күчөдү. Турмуш сыртынан караган адамга эл катары өтүп жатканга окшоп көрүнгөнү менен, а чындыгында андай эмес эле. «Ичи өткөндүн өзү билет» дегендей, дан түгөнүп бараткан. Демейдегидей үч маал тамак ичпей, улам күн өткөн сайын андай адатыбыз калып, эми эки маал гана шам-шум этмей болуп калдык. Ал деле жарытылуу эмес. Эптеп курсакты төмпөйтүп албай. Буга эми кошумча тез-тез ооруп калчу болдум. «Мунун баары тамактын кемчилдигинен!» — деп апам кейип-кепчий берчү болду. Ал аз келгенсип, эмнени бөлүшө албай жатышканын билбейм, айтор Лайли эжем менен апам экөө кабак чытый кетишет да, бир-бири менен айтышып таарыныша кетишет. Анан далайга дейре дулдуюшуп, бет-маңдай отурушпай, ар кимиси өзүнчө иш тутуп калышты. Мынчалыкка баргыдай эне-баланын ортосунда кандай сыр болушу мүмкүн?



142235

Мурда деле экөө аркы-терки айтышып кетчү, бирок бул жолкудай эмес эле. Балким азыркысы орчундуураак, салмактуураак окшойт? Аны да бара көрөрбүз.

Эртеден бери көчөдө ойноп жүрүп, кечке жуук үйгө келсем, экөө дагы эле кыжы-кужу болуп жатышыптыр. Бирок менин ага тийешем болбогондуктан, кара курсактын ал-жайын айтып, ыйлактадым:

«Апа, нан бериңизчи, курсагым ачты?» — деп апамын этегин тарткыладым. Апам мени бир олурая карады да, колумду ары түртүп жиберди:

«Турчу нары жабышпай!» — деди ал ачуулаunion. Нан жок экенин билип туруп сурадым. Кантсе да курсактын ач экенин айтышым керек эле да.

«Курсагың ачса кака же, кабыргалуу бака же!» — Лайли эжем да бир жагынан корсулдап сүйлөдү. Ал буга чейин мага минтип сүйлөчү эмес, дайыма эркелетип, айланып кетейин үкөм деп жалынып-жалбарып турчу. Эми эң жакшы көргөн адамым да жүзүн буруп кетти. Бирок тез эле ачуусу таркап кетти окшойт, эңкейе калып, мени боoруна кысты да, бөлмөнүн орто ченине орнотулган жоон устундун жанына жетелеп барды. Биз ал устунга узун мыктан кагып, супураны, туз баштыкты, туткучту самсаалатып кыдырата илип койчубуз. Эжем азыр ошол супураны бери алып, жерге жая салды да, кагып-кагып, бир ууч келер-келбес арпа талканын топтоду. Анан аны жыгач кесеге салып, менин жаныма кое салды: «Ме, жеп алгын! Жегин да, көчөгө чыгып, балдар менен ойногун!» — деп, анан апам жакты сестенгендей бир карап койду. Болжолумда кечки тамак ушул болсо керек? Жатар убакта атала жасап иче турган жалгыздан жалгыз ишенген байлыгыбыз го бул арпа талканы? Мен аны дароо түшүнө койдум. Жебестен сыртка карай чу койдум.

Мен да бара-бара турмушка түшүнүп баратам. Аз болсо да билип, кээ бир кемчиликтерге көзүм жетип, алдап-талдап калдым, дүйнөнү таанып билүүгө, айлана-чөйрөнү сезип, жаман-жакшы-

ны ажыратууга кудурет жетет. Көзүн ачкан күчүктөй, жарыктыкты, адамдарды аңдап-тандап аласың. Анын үстүнө турмуштун кыйынчылыгы эрте тарбиялап коет. Тез телчигип, териң күнгө күйгөн сайын, таманың сызга баткан сайын акылга акыл кошулуп, турмуштун таалим-тарбиясын эртелеп аласың. Турмуш баарын ийге салат, андан өтөр мектеп жок!

Мына ошентип, апам менен Лайли эжемдин ортосундагы жашыруун сыр да мезгили келип сыртка чыкты. Көрсө алар үй жөнүндө кеп козгоп жатышыптыр. Үйүбүздөгү көзгө көрүнөр эмеректердин баары сатылып, эми үйгө кезек келиптир. Буга Лайли эжем каршы болуп, үйдү колдон чыгарбоо жагын апама канчалык түшүндүрүп айтса да, өз оюнан кайтпаган апам кызын жекирип, тилимди албайсың деп жемелеп, кээде кайра экөө жараша калып, ортого ой-пикирлерин салып, талкуулашып, иши кылып эмне кылар айла-амалды таппай жатышкан чагы экен.

— Өзүң жакшы түшүнөсүң, кызым,— деп апам сөздү саал узактан баштады,— акылың бардыгына жетип турат. Үйдү сатпасак анан кантебиз? Мындан башка айла жок. Бир тоголок дан калбады. Малик минтип, курсагым ачты деп, мазебизди алып жатат. Аны да ойлош керек.

— Маликти ортого кошпой эле коюңузчу, апа,— деп эжем сөздү бөлдү. — Үйдү сатып кайда жашайбыз анан? Карачач эжемкинеби? Турдубүш же Нышан эжелердикине барабызбы баш калкап? Же Бөдөш эненин эшигин сагалайбызбы? Ошолордун бардыгы сиз теңдүү аялдар. Жашап эле жатышпайбы үй-пүйүн сатышпай эле.

— Алардын жашоо турмушу биздикинен өйдө. Күйөөлөрү аштык топтоп кетишкен. Сенин атаң эмне кылып коюптур? Ырдагандан башканы билбечү. Үй менен иши жок эле. Мына эми бизге кыйын болуп жатат.

— Күнөөнүн баарын эле бирөөлөргө кое бересизби, апа? Өзүбүзчү, өзүбүз? Өзүбүз да аракет кылалы. Жашоого жол табалы. Ойлойлу.

— Сени менен кыжылдашып отурбаймын,—

деп апам эми ачуулана кетти. — Сен деген баламсың, менин айтканымды аткарасың. Сөз бүттү!

— Сатпайбыз! — деп эжем чырылдап ыйлап жиберди. — Кыш күндөрү кайда барабыз? Элге да кеп-сөз болобуз. Бул жорук-жосунубузду атамдар, акемдер укса эмне дейт? Аларга кат жазамын!

— Эл менен ишим жок,— деди апам да кежирленип. — Сатам дедим сатам! Сенин ишиң болбосун. Кат жазам деп коет, алардын дарегин билбесек, анан кайдан жүрүп кат жазмак элең? Кеткенден бери кабар жок экөөнөн тең. Иш кылып, кудай-ай, аман болушсун да!

— Апа,— деди анан бир убакта Лайли эжем сөзгө жеңилгендей акырын үн чыгарып,— макул дейли, үйдү саталы, анан? Кайда барабыз?

— Менин оюм мындай Лайли. Эгер сен бул оюмду туура тапсаң,

Ак-Баштагы кызыбыз Шарапаттын үйүнө барсак кандай болор эле, ыя? Кантсе да өз балабыз эмесби? Жок дебес? Кууп чыкпас? Уялгандан да кыш чыкканча баткызар? Же ошердеги айылападан бош үй табылып калар? Кыскасы, менин ишенгеним эле Шарапат кызым! Андан башка ишеничтүү адамым жок. Буга эмне дейсиң, кызым?

Муну угуп, Лайли эжемин ого бетер ачуусу келе түштү:

— Дагы эмне деп жатасыз? Кайдагы жарабас ойду таап алдыңыз? Ой-тооба-аа! Сиз эмне болуп калгансыз, апа? Акыл жайындабы деги? Эми үйдү сатып, элге-журтка шерменде болуп, анысы аз келгенсип, тентиреп бөтөн эл, бөтөн жерге барабызбы ээрчишип, самсаалап! Ойлоңузчу?

Лайли эжем жакасын кармалап, башын чайкап: «Ой-тообаа! Ойлогон оюн кара апамын? Миң уктаса, түшкө кирбеген ой! Койсоңузчу, апа! Болбогон кепти козгоп эмне кыласыз! Мисалы мен ал жакка барбаймын! Малик экөөбүз ушул айылдан жылбайбыз! Сиз барсаңыз бара бериңиз!»

Апам оор үшкүрүп, ордунан турду. «Эмне кы-

жарымды да билбей калдым?» деди ал сыртка чыгып. Ошо күнү үчөөбүз тең ачка жаттык.

Эртеси да кайрадан кыжы-кужу, жаңжал башталды. Ошол учурда аталаш тууганыбыз Карачач эжебиз кирип келди. Бул кабарды угуп алып, ал алаканын шак урду да: «А-ий, бетим! Коюңузчу Алима жеңе? Ушундай да болмок беле? Коюңуз, антпеңиз! Уят болот! Үй сатуунун өзү да кордук, өзүңөргө зыян. Сатпай-этпей эле тиричилик өткөрүп жатпайбы эл? Бул эски тамды ким алат эле? Анын үстүнө азыр акчалуу киши табыла койбос? Данга, унга алмашсаңар билбейм? Акча кайда дейсиз? Бирөөлөргө айттыңарбы? Кимге айттыңар?

— Эч кимге айта элекбиз,— деди Лайли эжем, апаман мурда озунуп сүйлөп. — Азыр сизге гана айтып отурабыз. Мен сатпайлы десем, апам ага көнбөй атат. Сиз айтып көрүңүзчү, балким унап калар?

— Ай, Алима жеңе, бул кылыгыңыз туура эмес! Сатпаңыз үйдү! Көчөдө тоңуп өлөсүңөр! Болбунтур, менин үйүмө эки-үч күн батасыңар. Анан? Тиги Турдубүштүкүнө, Нышандыкына, же Бодөштүкүнө барасыңарбы?

Кызык, Лайли эжем айткан айылдагы апам теңдүү аялдардын аттарын бул эжем да санап өттү. Бул бекеринен эмес болсо керек? Апамдын эсине келтирип, ошолордой жашоого, ошолордон үлгү алууга аракет кылсын деген ойдо айтса керек? Эмнеси болсо да, бул жасалган аракеттердин бардыгы текке кетти. Апам көнбөй койду.

— Мен жезденерге айтып көрөйүн,— деди Карачач эжем акырында. — Аны менен кеңешейин. Эмне дээр экен? Силерге кабарын анан айтам.

Ал чыгып кетти. Шарапат эжемкине барып жашоо керектиги жөнүндөгү сөздү укпады. Эгер укса, эмне дээр эле? Баары бир угат да!

— Чагымда үйдү ушулар алат окшойт? — деди апам сүйүнгөнсүп, көздөрү тамылжый түшүп,— Жезденер менен сүйлөшүп көрөйүн деди го?

— Апа, сизчи, сиз кийинки убакта жаш бала

болуп кеттиңиз. Ойлогон оюңуз, сүйлөгөн сөздөрүңүздүн баары жаш бала өңдөнөт.

— Булардан башка эч ким ала албайт, билем аны. Баары эле биздей. Карачачтардын колунда бар, оокаты тың. Алса ошолор алат.

— Э-э, апа, болду да эми көп сүйлөй бересизби? — деп эжем кыртышы сүйбөй этегин кагып сыртка чыгып кетти. — Жүр, Малик, кар атышып ойнойбуз. Кардын калыңдыгын, тим эле тизеден келет.

Арадан бирби, эки саат өттүбү, үшүп, көгөрүп, үстү-башыбыз карга буланып үйгө кирип келерибиз менен, бизге удаа эле коңшубуз Турдубүш эже кирип келди. Ал мен теңдүү Тажыбай деген баланын апасы. Анын да күйөөсү Эргеш согушка кеткен. Бир үйдө төртөө — чоң кызы Наазыкан, анан Тажыбай, Жумабай деген уулдары бар.

— Ий, Алима, кандай, кыйналбай-кысталбай жатасыңбы? — деп ал босогону аттар менен жадырап-жайнап сүйлөдү. — Үйүңөр муздак го?

— Жакпадык,— деп апам сырын жашыргандай болду. Тулгада бизге жан күйөр, ылымсанап боор берип турар эки-үч үй-бүлө бар эле. Ошолордун бири Турдубүш эже. Ушу бир кадам болгон жерге үйдү сатуу жөнүндөгү кеп угулбай калчу беле?

— Ий, Алима, ушундай каңшаар угуп жатамын, чынбы? — деди ал. — Менден жашырып, кызык экенсиң! Мен эмне, сенин душманың белем? Айта бер да ачыгын!

— Турдубүш,— деди апам саал кепке жыгылгандай,— Чынын айтсам көр жемеге алабы деп сенден бир аз тартындым, намыстандым. Кечир!

— Бул сөзүң жакшы экен. Ыракмат теңтуш болсоң да тартынып, ыйбаа кылып турганыңа! Эми кантейин деп атасың? Чын эле үйдү сатып, Шарапаттыкына барайын деп жүрөсүңбү?

«Мына кызык,— деп таң калдым мен,— бул кабарды да угуптур да?» Демек, Тулга айылынын баары билет экен биздин эмне ойлоп жатканыбызды. Биз бекер эле кыйынсынып, жашырып иш тутабыз деп жатыпбыз. Лайли эжем да дел-

дейип, баарыбызды бир сыйра жалдырап карап чыкты. Башын чайкады. Анын деле апсаласы суүй түшкөн окшойт?

— Эми, Алима, өзүң билесиң эмне кылышты. Үй сеники. Бирок балдарың жаш. Жолдо кыйналат. Шарапатың деле анча боорукер эместигин билебиз. «Кыздын пейили төркүнгө маалим» дейт. Карачы Маликтин абалын? Жаактары шилинип, башы эле калыптыр далдайып. Эмне болуп калгансыңар деги силер? Тим эле жүдөп бүтүпсүңөр го? Кой-э-э! Тыңыраак болбойсуңбу, Алима!

— Менде эмне айып? Бар болсо бекитип алыпмынба? Супура курук!

— Баарыбыз эле ошондойбуз. Канаат кылуу керек. Эми сага акыл-насааттын деле кереги жок го? Айтса жаман көрөсүң.

Турдубүш эже үйүбүздү бир сыйра карап, абалды толук түшүндү окшойт: «Малик, жүр үйгө, азыр мен сага бир аз жүгөрү берем. Алып келесиң! Ошону эптеп оокат кылып тургула! — деди.

Ошол күндүн эртеси Карачач эжем дагы келди:

— Жездеңер менен сүйлөштүм,— деди ал. — Үйдү биз сатып алмай болдук. Бирок акчага эмес. Жүгөрү беребиз. Маакулсуңарбы?

— Мейли! — деди апам. — Бирок акча да керек эле. Жүгөрүдөн беш-алты килограмм болсо эле жетет. Калганына акча эле бергилечи?

— Маакул, жездеңерге айтайын аны да. Баасын өзү келип бычат.

Ал чыгып кеткенден кийин апам менен Лайли эжем экөө дагы жаңжалдаша башташты. Сөз дагы эле үйдү сатпоо жөнүндө болуп жатты.

— Канча жолу кайталайм? Кайра-кайра айта беремби? — деп апам кагып салды кызын. — Адеп эле биздин турмушту элдин турмушуна салыштыра бересиңби? Айырмасы чоң. Сен мага шыкабы кылып айтып жаткан аялдардын кээсинде малы бар, оросунда даны бардыгын өзүн деле көрүп-билип жүрүсүң го? Же сенин атаң малмүлктү толтуруп коюптурбу? Тек койсо, унчук-

паса, тим эле мени жерден алып, жерге саласың да, балам боло туруп. Жаагыңды жапкын? Ошо атаң барында деле оокатыбыз кылдырап өлбө жаным-өлбө менен араң өтчү. Же сен аны билбейсиңби? Күнүнкүсүн күнүн таап-тутуп келчү. Ошо да болчу беле? Элдин эркелегине окшоп, дүйнө жыйнайын, мал-кел тутайын деген ой болгон эмес анда. Мына эми азаптын баарын мен тартып жатамын. Жаман атты болгон да мен! Атаң жакшы киши! Момун болсо али турмуштун аки-чүкүсүн билбейт, ата-энем бар деп, бизге ишенип жүргөн.

— Апа, болуптур, сөзүңүздө калет жок, мен жыгылыштуу болдум! Ырас, ачуу үстүндө ашыкча сөз айтсам кечириңиз, апаке? — деди эжем.

Чынында эле атамын пейили өтө жумшак, өтө кичи пейил болчу. Чып-чыргасын коротпой туурасын айтты апам азыр. Жетишпегендиктерди элден жашырып отуруп, мына ушундай абалга келдик. Бүт күнөөнүн баарын апама ыйгара салуу адилеттикке жатпас эле! Атам кенебеген, алдым-жуттуму жок, болсо жеп, болбосо эртеңкини ойлобогон коробос киши эле. Ал көбүнчө эл кыдырып, ыр ырдап жүрө берчү.

Атамын кайсы бир жарабас жагдайлары менин да эсимде. Азыр толук жадымда калбаптыр, иш кылып, согуш башталардын алдында, андан бир жыл мурдараак бекен, биздин үй-бүлөдө кызыктуу бир окуя болуп өткөнү али күнгө дейре көкүрөктө бекем сакталуу.

Атам эл катары эмгектенип, талаага күзгү буудай сээп, анысы келерки жайында абдан жакшы болгон эле. Сууну убагында бергенбиз, отоо чөптөрдөн арылтканбыз, мал-келден коруганбыз. Айтор көпчүлүк убактыбыз ошол жакта өткөн. Ошондонбу, буудайыбыз сеңселип, тегиз баш алып, дандарын ийип, алтындай болуп саргарып бышып турган чагында, атам аны бирөөгө кармата салган. Анын чөө-жайын эмнеде эле?

«Сага даяр буудай беремин! Муну эми оруп-жыйнап, кырманга бастырып, топондорун шамалга сапырып, толгон-токой убаракерчиликти тар-

тып жүрөсүңбү? Андан көрөкчө мен сага, эгер маакул десең, бир кап унду тегирменге тарткызып, даяр ун кылып, үйүңө жеткирип берейин! Ысыктын күнүндө жаныңды кыйнап жүрөсүңбү? Балдарың да азыр ачка экен. Кыйналып жатыпсыңар. Экөөнүн айырмасы жок, оргондо деле ошол түшүм чыгат. Ойлон, оң келсе, бүгүн эле үйүңө ун жеткирилет!» — деп Адыл аттуу өзү теңдүү адамга кол беришип, маакул боло коет. Муну уккан апам күйүп-бышып, жаны ачып, атама аябай ачууланды:

— Соосуңбу өзүң деги? Акылың жайындабы? Бул эмне кылганың? Бышып турган, колго тийип турган кызыл данды бирөөгө кармата берип, сен эмне, жаш баласыңбы? Он-он беш күндөн кийин орот элек да! Же сен маңдай тердетип кетмен чаап, суу сугарып, ал буудайдын ысык-суугуна күйүп койдуң беле? Аны биз өстүргөнбүз. Сен жүргөнсүң ат үстүнөн түшпөй, ырыңды ырдап. Ошол алдамчы соодагер Адылды көрсөм элеби, бетин тытып аламын! Аны буудайдын чекесине да жолотпоймун! Азыр үйүнө барамын! Жакадан аламын! Тим элеби, абийирин аштай төгөмүн! Ал сенин жоошугуңду билип туруп кылган да бул ишти. А балким тамашалап койгондур? А сен ага ишенип алгансың! О, кудай, эмне кылса болот силерди? Күйгүзөсүңөр да жанды! Биякта жетишпей атса, «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылып, жоругуң жолдо калгырдыкы десе!

Апам ошол эле замат маасы-галошун кийип, жоолугун салынып, жолго астейдил аттанып калды эле, атам анын алдын тосту:

— Барба, кереги жок! Сен эркектердин ишине кийлигишпегин! Таап келгенди жеп, кудай деп отура бер! Ачка койбоймун! Мен бармын!

— Ий, тапканыңар ушулбу? Кыйратып жибергенсип, «ачка койбоймун» дейт тура? Кана, тап, кыйын болсоң! Бир жумадан бери атала ичип отурушат балдар. Аны сен кайдан билмек элең? Сый үстүндө жүрөсүң! Күйүп кетесиң адам, күйүп!

— Болду, көп бакылдаба! Кол алышкан соң, эми кеч! Мен эркекмин. Бир сөзгө туруш керек! — деп атам үйдөгү бош жаткан ала капты бүктөп колтуктады да, Адыл акелер тарапка бет алды. Ал кеткенден кийин апам байкуш көз жашын көлдөтүп ыйлай баштады:

— Ушу да атаңардын кылары! Апамдардан калган кой-эчкилерди, уйларды да эптеп кармай албады! Баарын сатып жок кылды! Ушу мага тапкан-тутканын берип жүрүп, ыраматылык апамдар өлөрүндө кор болуп өлүштү. Жалгыз эчки менен көмдүк. Күйөө бала болуп, бир жандык алып барышка да жарабады. Элдин бетин карай албадым ошондо! Же бизге, же апамдарга насип болбоду ошончо мал! — Апам булардын баарын бизге, Лайли эжем экөөбүзгө айтып жатты. Бирок биз мунун чындыгын билер элек. Ырас, маалында таенемдердин мал-кели көп эле. Алар жашаган жерде жер тар болуп, пакта эгилип, жыл сайын мал багуу кыйындай бергендиктен, бир короо койду бизге айдатып келип берген. Жыл айланбай андан бир да туяк калбады. Апамын күйүп-бышканчалык да бар!

— Атаңар апенди кыял киши! — деп апам сөзүн бүттү окшойт, ары басты. Мына ушул окуя, ошондогу кеп-сөз азыр эсиме келе түштү.

Үйдү сатып алганы Сүйүнбай жездем менен Карачач эжем келип, ортодо соодалаша баштады. Ара-арада сөз кыстарып коет Карачач эжем:

— Ай, ушу, бекер кыласыңар! Алдагы жаман кийимиңер менен самтырап, төшөнчүңөрдү жонуңарга көтөрүп шөмтүрөп кирип барсаңар, айким билет, эмне дээр экен тигилер? Кандай ойдо калар экен? Кучак жайып, кубанып тосуп алышпайт го? Ошерде деле ушундай турмуш!

Апам бул сөзгө кулак бупбагандай. Жездем менен үйдү баалап, жүгөрү эмес, акча эле берүүсүн өтүнүп жатат. Жездем жакшы адам. Мен алардыкына барганда эле:

— Э-ээ, мына, мына! Биздикине Малик азамат келиптир! Эжеси, карасаң муну? О-ой, азамат десе, кел, келе-гой, уулум! Кана, отур биерге!

Кандай иштериң? Жакшы жүрөсүңбү? Курсактын жайы кандай? Ачпы, токпу? — деп эпилдеп-жепилдеп, берерге аш, отургузарга жер таппай калат. Биздин кобур-собурубузду уккан эжем ички бөлмөдөн чыга калат да, мени бир карап жылмайып коет, анан сандыктан бир сындырым нан алып чыгып колума карматат: «Керим акем согуштан аман-эсен келгенче тирүү жүрүшсө экен! Аябай кыйналып кетишти! » — деп тетири бурулуп, көзүн сүртөт.«Унуңан калса берип тур, атала болсо да ичип турушсун!» — деп жездем менин мандайыман сылап коет. Эжем ансыз деле бизден эч нерсесин аябайт. Кече күнү кесеге толтуруп күрүч берип жиберген. Азыр эми эжем менен жездем экөө, атамын кыял-жоругун, мүнөзүн, үй-бүлөсүн ушунчалык кыйынчылыкка салып койгонун кеп-сөз кылып жатышты:

— Эсиңдеби? — деди эжем күйөөсүнө кайрылып,— тээ мындан эки-үч жыл мурун, анда согуш да баштала элек болчу, кайран берешен акем саап ичип отурган таргыл уюн анжияндык кишиге жетелетип берип жиберген. Ой-тоо-ба, ушундай да ак көңүл адам болот экен, ээ? Албетте бул адаттан тыш ак көңүлдүүлүк эмеспи!

— А-ооба, ооба! Билем аны! Эсимде! Жумуш издеп келип, тулгалыктардын дубалын уруп, чөбүн чаап, эгин-тегиндерине каралашып бир жылча жүргөн болчу. Аты ким эле, Жалол беле? Ий, ооба, Жалол болчу! Биздин короону айланта дубал уруп берген. Ооба, ошондогу Керимдин жасаган жоругу айыл-апага далай эле дуу-дуу болгону чын! — деп жездем да ал сөздү коштоп кетти. Булардын айтымына караганда, атам ошол таргыл уйдун артынан издеп барбаптыр. Тиги киши да өзү алып келбептир. Арадан жылдар өтүптүр. Мал да, анын акчасы да жок болуп, же сатканы, же убактынча пайдаланып тур деп бергени эч кимге дайынсыз жүрө бериптир. Аңгыча ээрчип барган музоосу да чоңоюп, уйдун өзү бир нече жолу тууп, көбөйүп кетиптир. Анан Жалол аке малдын кабарын билдиргени өзү келиптир. Беш-алты баш ири малды ошончо алыс жолдон,

Анжияндын Шахрикан шаарынан бери карай айдап келүүнүн өзү кыйын, мүмкүн эмес болгондуктан, пулду түйүп алып келиптир. Чай ичип отурган кезде, мейман миң сомду атамын алдына коюптур да минтип айтыптыр:

— Сизди ушунча жыл күттүм, келбедиңиз. А-а, майли эми, өтөр иш өттү. Эми биягын сүйлөшөлү. Тапкан-тутканымды топтоп, алдыңызга келип отурам. Малды айдап келе албадым. Акчасын алып келдим. Ыраазы болуңуз ушул пул менен, миң сом! — Атам бул акчаны үн катпай эсептеп отуруп: «Болот мага ушул жагы!» — деп, акчанын жарымын тигил кишинин жанына жылдырыптыр. Буга аң-таң калган Жалол аке эмне дээрин билбей, сестейип туруп калыптыр: «Таза кызык киши экен го бул?» — деп угуза айтпаса да, ичинен ыраазы болуп, пулду кайра алыптыр. «Тезрак ушул жерден чыгып кетейин,— деп ойлоптур тиги,— калган жарым акчаны да албай коюп жүрбөсүн бул апенди адам?». Муну уккандар далайга чейин сөз кылып: «Болсоң Керим акедей болгун, болбосоң тек эле койгун!» деген тамаша сөздү таркатышыптыр.

Жездем бел курчоосун чечип, бир тутам акчаны апамын алдына койду: «Санап ал, Алима! Зарыкканда керeги тийеби деп көп жылдан бери сары майдай сактап жүрдүм эле. Силерге насип буйруптур. Силердин үйдү деле алмак эмесмин. Тек гана силер кыйналып жатканыңардан, анын үстүнө өзүң адеп кой десек да болбой сатамын дей бергендигиңен, мейли деп алып отурам. Болбосо, өзүбүздүн үйүбүз бар эмеспи.

— Үйү деле эски, жыгачтары жараксыз болуп баратыптыр,— деп Карачач эжем сөзгө аралашты. Түбү цемент менен түптөлбөгөн, жөн эле таш тизилип, үстүнөн ылай дубал урулган. Тамчы өтө берип, каарылары да чирип бүткөндүр мунун?

— Мейли, эмнеси болсо да алдык,— деп жездем кол шилтеди.

Апам: «Канча?» — деп акчаны сурабады, эсептеген да жок. «Мынча сом» деп жездем да ачы-

гын айтпады. Ушуну менен ортодогу соода бүттү. Алар чынысыдагы ысык чайдан ууртап отуруп, дале болсо апамы айнытууга аракет жасап жатышты:

— Жакшы эмес иш тутуп жатасың, Алима! — деди жездем. — Ач болсоң да, ток болсоң да өз үйүңө жетеби? Кыйналып каласыңар жолдо. Тил албадыңар, көнбөдүңөр, эми бул жагын өзүңөрдөн көргүлө! Тууганчылык милдетибиз деп ушунчалык каралаштык, дагы эмне дейли?

— Мына эми үйдү да саттыңыз, жаныңыз жай алып калдыбы, Алима жеңе? — деп Карачач эжем катуурак сүйлөп жиберди. — Сизге, Алима жеңе, ушу жаман там көп көрүнүп калган экен! Мына тынчыдыңыз! Пулду жеп болбойт, кийип болбойт, үстүңүзгө да үйрүп ала албайсыз. Пул болду, күл болду! Ортодо мына бул чычкандай болгон эки бала азап тартат!

Ушул учурда эле Лайли эжем ордунан шарт тура калып, Карачач эжемин мойнунан кучактап, шолоктоп ыйлап жиберди:

— Айланайын эжеке-байым! Мен барбаймын эч жакка! Ушул жерде каламын! Жолдо суукта тоңуп өлгөнчө, ушул жерде өз үйүмдө тоңуп өлгөнүм жакшы! Бирок Маликти да жибербеймин! Ал тиги Арал айылына барганча эле тоңуп бүтөт. Анан өлүгүн кайра көтөрүп келеминби?

— Лайли, тилиңди тый! — деди апам, — оозуңа карап сүйлөгүн! Кимдин эле өлгүсү бар? Мына ошол өлбөстүн жолун издеп атпаймынбы!

— Мына, көрдүңүзбү, Алима жеңе? Балдарыңыз көнбөй жатат! Азыр да кеч эмес. Ойлоп иш тутуңуз!

— Ошо Шарап кызыңар маңдайыңарды жылытарын кудай билет! Анын пейли бизге да белгилүү. Ага ишенүү кыйын. Анын үстүнө Тешебайга зордуктап берип, көңүлүн калтырып да койгонсуңар. Ошондуктан мына үч жылдан бери каттабай койду. Атасы, акеси согушка жөнөп жатканда да узатканы келбеди. Демек ал силерге катуу таарынган! Эми мына ошолорду эске албай, «кор болдук, зар болдук» деп, кантип каалгасын каккылап барасыңар? Кызыңардын ичи

муздаган, көңүлү калган! — деп жездем узак-узак сүйлөдү.

Апам жакшы сөзгө жибий турган түрү жок. Ал жагын анык билген соң, жездем да, эжем да акырын жылып чыгып кетишти. Дароо үйдүн куту учуп, ээн калды аңгырап. Биз үчөөбүз отурганыбыз менен, азыр эми, ушул убакыттан баштап үй биздики эмес да! Бирөөнүкү! Бирөөнүкү болгондон кийин, бөлмө ичинде батынып баса албайсың. Апам алган акча деле жүрөгүбүздү жылытпады. Лайли эжем жанагы ыйын токтотуп, апамы жек көрүү менен карап, мелтиреген калыбын бузбайт.

Кантсе да чеки иш болду. Чеки иш болгонун үчөөбүз тең билип, сезип турубуз. Эми мындан аркы тагдырыбыз эмне болот? Үйдү саттык, жаныбыз тынды! Бирок ой-санаага батуу азабына туш келдик. Мурда курсактын гана кайгысы болсо, эми үйдүн, жолдун, сууктун, калың кардын, тиякта бизди кандай кабыл алат деген сар-санаанын уюгуна кабылдык! Мына ошентип өзүбүзгө иш ашырып алдык! Оорубаган башты оорутуп, өйкөбөгөн жүрөктү өйкөтүп, жок ойду бар кылып алдык!

Апамда деле бизге караганда ой-санаа көбүрөөк, арбыныраак болсо керек? Бирок бизге анысын сездирбегендей түр кылат. Лайли эжем жанагинтип, Карачач эжеми кучактап ыйлаганы менен, эч жакка барбаймын деп аракет жасаганы менен, бизден, апам экөөбүздөн ажырап кайда барат, кайда калат? Мындай учурда Карачач эжем деле Лайлиге: «Сен биздикинде калгын! Булар каалаган жагына бара беришсин!» — деп кожоюдук кыла алмак эмес. Анткени бала бирөөнүкү. Кантсе да апанын чийиминен чыга албайт, ачуу үстүндө ал-бул дегени менен, дегинкиси андай болбойт. Ошентип ыйлап-сыктасам, апама кандайдыр бир таасир тийгизе алар бекемин деп ойлогон Лайли эжем. Бирок андан майнап чыкпады!

Апам ошол күндүн эртеси эле:

— Мен базарга барып келейин! — деп үйдөн

чыгып кеткен бойдон, арадан бир күн өткөндө келди. «Жолго чай-чамек алдым» деп чоң түйүнчөктү көтөрүп келди. «Бизге кийим алган го?» деп ойлоптурбуз. Андай эмес экен. Ошол жүк жоолукка оролгон чоң түйүнчөктө эмнелер бар экенин мен биле албадым, аны мага көрсөтпөдү, ачыгын айтпады да. Балким Лайли эжем билгендир? Кантсе да ортодо менден жашырын жаткан кандайдыр бир жашыруун сыр бар окшойт?

## III

Үйдү саткандан үч күндөн кийин апам:

— Кана балдарым, бүгүндөн калбай жөнөш керек! — деп, шалбыраган узун жеңин өйдө түрүп, жерге салынган шалча, кийиздерди жыйнай баштады. Бизге кайсы ишти эмне кылуу керектигин айтып-деп, көрсөтмө берип, дегеле жүргөн-турганы, басканы, сүйлөгөнү шайдоот, шайыр, көңүлдүү.

— Мына бул шырдакты эшикке алып чыгып, чаңын карга каккыла! Лайли, сен жууркан-төшөктөрдү экөөбүзгө ылайыктап бөлүп жипке таңгын! Өтө эле жыртылып, тытылып пактасы чубалжыган эскилерин алба. Маликке да өзү жамынып жатчу төшөктөрүн жакшылап таңып көтөргүзүп койгун. Жүгү болсо, жолдо үшүбөй барат. Бутуна чулгоодон калыңыраак орогун.

— Өтүгү жок, эмнени кийет?

— Момундун жумушка кийчү өтүгү бар го? Каерде ошо? Издеп тап, чоң келсе, чулгоодон калың оро. Ал эми өзүң болсо, атаңын эски маасы-галошун эптеп бутуна илип ал.

— Ал мага өтө эле чоң келет. Эки бутумду салсам да батат.

— Чоң келсе эмне кылайын? Билип туруп сүйлөйсүң да. Ылайыктуусун кайдан табам сага? Байтамадан ороп-ороп алып кийе бергин. Менин бутумда деле эч нерсе жок. Тээ Шарапат күйөөгө чыкканда кудалар алып келишкен эски маасы-галошту сүйрөп жүрдүм эле, кайра эле ошону жолго кийем да. Анын да апкыты жыртык. Келе

мага шоона, жоонураак темене берчи, аны жаман-жаксап алайын?

Апам менен эжем ушинтип өздөрү менен өздөрү алек болуп жатышканда, мен да колумду куушуруп отурбадым, өзүмө керектүүлөрүн издедим. Чүкө салган тулубумду кемегенин жанындагы казан-аяк коючу бурчтан таптым да, кызыл, көк, жашыл түстөргө боёлгон, боорун тешип, ага оор болсун деп, коргошун куюп койгон чүкөлөрүмдү алдым. Анан, качандыр бир убактарда Тентек-Сай жакка барып, тээ жогору жактан, тоолор тараптан сел жүргөн кезде агып келген агынды жыгачтарды терип жүрүп, топтогон оттук таштарды да ушул жерден таап алдым. Аны да чүкөлөргө кошуп чөнтөккө салдым. Жолдо анын пайдасы бар. Бир-бирине ургуласам, жалт-жулт этип от чыгат. Ширенке ордуна колдонсо болот.

— Ал чакмак таштарды эмне кылат элең, ташта нары? — деп Лайли эжем бир нечесин колуман жулуп алды. — Өзүңө жүктү көбөйтүп аласың.

— Тек кой! — деди апам. — Жолдо кереги тийет. От жагууга туура келип да калышы мүмкүн? Атүгүл, колубузга таяк алып да алалы. Иттер жолугуп калат.

Ата-бабаларыбыздан: «Кембагал болсоң көчүп көр!» — деген сөз калган. Бул ырас экен. Карбаластап отуруп, күн аркан бою көтөрүлгөндө араң гана жыйынып-теринип бүттүк. Дагы жакшы, Лайли эжем эрте туруп, казан асып, кече Карачач эжем: «Суукта кайыгып калбагыла жолго чыгар алдында ысык-жылык бир деме шам-шуң этип алгыла!» — деп берген бир ууч арпа унун сууга чайып атала бышырып коюптур. Босого жакта таңылуу турган жууркан-төшөгүбүздүн үстүнө көчүк койдук да ысык аталаны шашылып, үйлөп-үйлөп, шороктотуп иче баштадык. Арык адам тез тердейт. Эриндерим, кекиртегим күйгөнүнө карабай, бир кара кесе толтура куюлган аталаны заматта шимип бүттүм, көшүлүп тердеп чыктым. Казан жакка мойнумду созуп: «Дагы болсо ичет элем?» — деген түпкү оюмду билгизип, эжеме кесени сундум.

— Дагыбы? — деп эжем мени таң кала карады. Үнчукпадым. Апам:

— Ичет, ичет! Куюп бер! Барбы? — деп колундагы аталасын тезрак муздасын дегендей, ары-бери чайпай берди. — Атала болсо да ичибиз кампыйып калат, күч-кубат берет. Ушунун деми менен кыйла жолду арбытып алабыз!

— Ий, апа, карасаңыз, Малик аябай эле тердеп чыкты! — деп эжем менин мойну-башымдан шорголоп аккан кара терди сүртө баштады. — Эми ушу бойдон суукка чыксак эмне болот? Тери кургап, ичиркенип үшүйт го? Бүгүнчө жолго чыкпай кое туралыбы же? Азыр Маликти жылуу жаткырып коелу.

— Эч нерсе болбойт — деди апам буга анча маани бербей,— эртең мындай аталаны кайдан табабыз? Кайра Карачачка барабызбы? Бүгүн ушул аталанын күчү менен жөнөй берели, жол арбыталы. Кана, тургула азаматтарым! Жолдо катуу-катуу бассак, суукту билбей калабыз! Ыргылжың болуп отура берсек, иш бүтөбү? Жол баскандыкы! Бел ашкандыкы!

Айла барбы? Тагдырдын тамашасын көрүүгө туура келди. Ушинтип жүрөсүңөр, ушундай күндү көрөсүңөр деп, бешенеге жазып койгон экен, эми андан качып кутула албайбыз! Лайли эжем төшөк-жууркандарыбызды «колтук чалма» кылып бышыктап таңган экен, кош колтугубузду жипке өткөрүп, өйдө турдук. Жонубузду силкип-силкип, жүктү салмактап көрдүк

— Кана балдарым, жолго чыгар алдында бир аз отуралы! — деп апам өзүнүн жонундагы оор жүктү кайра жерге түшүрдү. — О-оо-мийн, жолубуз шыдыр, жолдошубуз кыдыр болсун! Кудай ак жол берсин! Сапарыбыз бактылуу болсун! Аман-эсен жетип алалы! Кызымын дидарын көрүп, колунан чай ичели! Жылуу үйүндө жадырап-жайнап отуралы! Кудай ошого жеткирсин!

Сыртка чыктык. Кар бурганактап, бетке уруп жаап жатты. Жакын ортодон кылайган караан көрүнбөйт. Көз нурун жалкыткан аппак кар үйлөрдүн да, бак-дарактардын да үстүн жаап сал-

ган. Жол каерде, арык-чөнөк, өңгүл-дөңгүл каерде, алардан дайын жок, түк билинбейт, теп-тегиз эле жаткан кар. Айлана тымтырс, ары-бери баскан жан жок. Тээ төмөнкү айыл жактан жалгыз иттин үргөнү үзүл-кезил угулат.

Жоромолдоп, бет алды баратабыз. Туулган жерим Тулгадан алыстагым келбейт! Көзүмө жакшы көрүнөт. Улам ары арыштап, узаган сайын, өпкө-боорум козголуп, эзилип, эмитен эле аны сагынуу, куса болуу азабын тартып баратам! Кайыр кош Тулга! Дагы качан көрөм? Кайрылып келемби? Теңтуш балдарымды көрөмбү? Көчөлөрдө ойноп жүрөмбү? Жепирейген алтын үйүм! Ноорусунан түтүн булаган айланып кетейин өз үйүм! Киндик каным төгүлгөн азиз топурак Жер-Эне! Сени эч бир жамандыкка ыраа көрбөйм! Мына ошондуктан, жамандыкка кыйбагандыктан, боорум ката элек болсо да, апамы ээрчип, калың карды боортоктоп баратамын! Бирок сени, Жер-Эне, өзүм менен кошо ээрчитип жүрө албаймын! Ушул жагы өкүнүчтүү! Сен бир орундан жылбайсың, кылымдан бери ушундай! Адамзат ааламды кыдырат, тынбайт!

Ана, Тулга айылынан ары Тентек-Сайды жээктеп илкип баратабыз. Алды жактагы Арал айылына чейин дагы далай жол созулуп жатат. Бул талаанын «коен жатагынан» бери билемин. Анткени жайында биз мал-келибизди ушул дархан талааларына жайчубуз. Күздүк, жаздык кылып буудай сээп алчубуз. Чөп орчубуз. Саратан мезгилинде чегирткелер чырылдашат. Эрте жазда жер бетине бадырайып байчечекей, кызгалдак, жашыл-көк түстөгү коңгуроо, жоогазын, комуз как, каакым өңдүү гүлдөр чыга келет. Жыты укмуштуу аңкыган мына ушундай түрдүү-түмөн гүл аралаш өскөн чөптөрдүн, шыбактардын арасында бөдөнөлөр, кыргоолдор, кекиликтер чуркап жүрүшөт. Алардын сайраганы кулак кужурун кандырып турчу. Өңү-түстөрү да ар башка, кызыгып карап тура бергиң келет? Торгойлордун эрте туруп сайраганычы! Сары ооз чымчыктарчы! Аяк астында килем түсүн элестеткен көк

шиберчи! Леп-леп соккон таза абачы! Тентек-Сай тараптан угулуп турган суунун шоокумучу! Эчкикойлордун маараганы, козу-улактардын так секирип жүргөнү, мына ушулардын бардыгы азыр менин көз алдыман өтүп жатты! Июнь, июль айларында даны мончоктой жалтырап, сап-сары болуп, мөлтүрөп бышып турган таруу, конокторду тооруган канаттуулар жан-жака белине учуп-конушуп, чырылдашып, топ-топ болуп, дыйкандардын шаштысын кетирчү. Анын да айласы табылчу. Эски жыртык чапандарын ача жыгачка илип, ага калпак кийгизип, «кароол» жасап коюшса гана бир аз жан тынчып калчу. Таш ыргытсак, «дүрр» эте көккө көтөрүлүп, Тентек-Сайдын бийик-бийик жар бооруна салган уяларына карай жөнөшөт, кайра келет. Ошол сай тарапта атына окшош: «Чымчык-Жар» деген жер да бар.

Булардын баарын эстегенде эмне? Азыркы көргөн күндөрүм башка. Колдорум көгөрүп, буттарым муздап, бетимди суук шамал жалмалап, кар мантып, энтигип, жан талашка келип, алга, бир гана алга карай умтулуудамын! Башка арга жок! «Көз коркок, кол баатыр!» деген эл макалын, «Көз коркок — бут баатыр!» — деген мааниге убактынча ооштуруп алдым да, ушул улуу сөздүн маңыз-маанисин эш тутуп, кайрат-бел кылып, азаптуу сапарда саргара жортуп барам. Кан тамырларым тышка тээп, көгөрүп-карарып, тарам-тарам болуп уюп калган сыяктуу коркунуч келтирет, көз көрүп, жүрөк титирейт. Муну байкап калган апам чоочуп кетип, чөгөлөй калат, ысык деми менен үйлөп жылытып, бөйпөктөп, шаштысы кетет, койнуна катат колумду, өпкө-боорун чаап, жалынып-жалбарат!

— Жылыдыңбы эми, уулум? — Башымды ийкеп тим болом.

— А-а, жакшы! — дейт анан өйдө боло берип. — Жүргүлө эми, менин изиме салып, акырын баса бергиле! Азыр жетебиз! Ана, Арал айылы да көрүнүп калды. Ошерге барганда, бирөөнүкүнө кирип жылынып алабыз!

Жетмек кайдан! Учу-кыйырына көз жетпеген

мейкин талаа алда кайда созулуп жатат. Кардын жааганы дале басылбайт. Кайра бизде өчү барсынып өчөшүп, күчүнө кирет, уйгу-туйгу түшүп, боз тозонун бетке урат! Каректи талыткан кайран Арал айылым, кайдасың? Ырайым кылчы? Берирек жылчы? Койнуңду аччы? Бизге мээрим чаччы? Оо,кудай!

Бактыбыз бар экен. Жаратканга жалынганыбыз текке кетпептир. Аллага ыйыбыз угулуптур! Мына, акыры мүдөөбүзгө да жеттик! Жол ката апам айтып келаткан көздөн учкан көк жээк Арал айылына да жетип келдик! Оболу Кашкар-Кыштак деген беш-алты үйлүү эл жашаган иттери көп көчөгө кирип бардык. Дароо эле бет маңдай жагыбыздагы жепирейген жапыз тамга көзүбүз түштү, көңүбүз ошоякты тартып турду. Биздин үйгө окшоп кетет экен. Бирок булардын короосу чоңдугу жагынан айырмаланат. Өрүк-алма, жүзүмдөрү да арбын эгилиптир. Моорусунан көк түтүн булайт. Ошо үйгө жан тартып турабыз. Жылуулукту, отту самайбыз. Ошенткен сайын өз үйүбүздү, казан аскан кемегени, коломтону эстейбиз. Ачка болсок да, үйүбүз муздак, сыз болсо да, баары бир өз үйүбүзгө жетпейт экен! Бакыт, таалай, ырыскы-кешик, тынчылык, өмүр, ден соолук — мына ушулардын бардыгы өз үйүбүздө экен! Өх, кудай!

Апам ошо үйгө карай бурулду. Каалгасын ачып, босогодон ары аттай бергенде, кемегенин жанында коломтону улам көзөп коюп отурган жаш курагы бир топторго барып калган аял бизди таң калгандай карады. Уруксаат сурап, салам айтып ичкери кирдик. Муздак шамал, аны менен кошо кар туланы тозуп, бөлмө ичин каптап кетти. Аял ичиркене калды. Жонубуздагы көтөргөн жүгүбүздү улага жакка коюп, бирок отко карай тап берүүдөн тартынып, корунуп, шүмүрөйүп тура бердик. Жанатан бери колундагы көсөөсү менен коломтону көзөп коюп, үн катпай үңкүйүп отурган үй ээсинин кабагы ачылбаганынан улам, саал чоочулай да түштүк. «Эми айдап салбагай эле? Сөз угуп калбагай элек?» деген сар-

сынаа пайда болду. Менден кичүүрөөк секелек сары кыз оттун табына бөрткөн кызыл жүзүн бизге буруп:

— Эне, булар кимдер? — деди. Беркиниси лам дебеди. Төр жакта отурган абышканы байкабаптырбыз.

— Киргиле үйгө, отко жакын отургула! Таза үшүп кетипсиңер го? — деген үндөн улам жалт карай салып, анан көрдүк ал кишини.

— Түйүнчөгүңөрдө эмне бар? — деди жанагы кыз биз жайланышкандан кийин. Ага жооп берейин десем, жаактарым карышып, сүйлөөгө оозум эп келбеди. Менин ордума апам:

— Ал деген дүр-дүйнө дейсиңби, кызым! Өлбөгөн жандын көр-оокаты да,— деп көңүл кош күңк этти. — Төшөк-жууркандарыбыз эле, кызым! Бул сөздөн улам, берки отургандар биздин ал-абалыбызды түшүндү көрүнөт.

— Төшөктөрдү эмне кыласыңар? Биздикине жатасыңарбы? — деп сөзүн улады жанагы кыз. — Түндө да бирөө жатып кеткен. Бирок анын төшөгү жок эле. Узун бойлуу, арык, ачка жүргөн киши экен. Биздикинен тамак ичти!

— Умсунай, көп сүйлөбөй жөн отурсаңчы! — деп үй ээси аны теске салгандай түр көрсөттү. — Булар меймандар, түшүндүңбү? Мейманга антпе! Карачы, үшүп калышыптыр, жылынып алганы келишиптир да. Кетишет азыр!

— Ооба, ооба, кетебиз азыр. Жылынып алсак эле кетебиз! — деди апам шашыла сүйлөп. — Жатпайбыз. Тулгадан келаттык эле. Тээ Ак-Баш тарапка барабыз. Кызыбыз бар ошоякта. Көрүп, учурашып келели деп...

«Буларды айтып эмне кереги бар?» — деп Лайли эжем кыжыры келе калды. Баарыбыз отко карай тап бердик. Төр жакта тон жамынып отурган абышка күн кечтеп калгандыгын, бүгүнчө түнөп, эртең эле жайма-жай жолго чыксак жакшы болордугун айтып, айкөлдүгүн көрсөттү. Биз буга кудай деп ынандык, жымың эте түштү.

Алоолоп жанган оттун демине денем ымыр-чымыр болуп, жаным жай ала түштү. Үргүлөп,

башымды Лайли эжемин тизесине койгон бойдон мемиреп уктап кеттим. Эртеси жолго чыгаар алдында, үй ээси чай берди, курсакты жакшылап тойгузду. Ырайымдуу кишилер экен. Сүйүнүп калдык!

— Этият болгула! «Тентек-Сайдын суусу кооптуу! Күрткүгө түшүп кетпегиле! Андай учурлар болгон, азыр деле болуп жатат. Бекеринен аны Тентек-Сай деп атаган эместир?

— Билем, биздин Тулга айылы да ушул Тентек-Сайдын жээгине жайгашкан! — деп апам оор үшкүрүп койду. Жүктөрүбүздү жондорубузга асынып, жолго чыкмай болдук.

— Ыракмат силерге! Кудай жалгасын! Бизге ырайымдуулук кылсаңар, кудай силерге ырайымдуулугун көрсөтсүн! — деди апам. — Жакшы калгыла!

— Апа, апа, буларга нан беремин дебедиңиз беле? — деп жанагы сары кыз, Умсунай тыпылдап чуркап келди. — Нан бердиңизби?

— А-и-баса! Ооба, ооба, эсине жара чыккыр! — деп алаканын шак уруп, үй эси бөлмөгө шып кирип кетти. — Кое тургула, мен азыр чыгам!

Ал бизге эки нанды ороп, колубузга карматты да:

— Бар болгон нан ушул экен. Болсо көп эле берет элем! — деди.

Апам сүйүнгөндөн көзүнө жаш алды:

— Силерге миң мертебе ыраазыбыз! Бул жакшылыгыңарды өмүр бою унутпайбыз! Мен өлсөм, мына бул балдарым эстеп жүрүшөт! — деди.

Апам нанды койнуна катты. Такыр түгөнгүс дүр-дүйнөгө ээ болгонсуп, кубанычы койнуна батпай, жүзү албырып чыкты!

— Кечириңиздер, түндө чарчап, аты-жөнүңөрдү да жакшылап сурабай калыптырбыз. Эми кеч болсо да таанышып алсак? — деп биздин аты-жөнүбүздү айтты, өмүр баяныбыздан да кошумчалап кетти.

— А, эч нерсе эмес, узак жол жүрүп чарчаган киши ошентет, уктап калат. Оңойбу ушундай ка-

туу суукта, анын үстүнө улуу кар, чыйыр жок! Менин атым Ризван, күйөөмдүн аты Абдыкалык деген болот. Арал айылындагылардын баары таанышт. Тулгадан да бирөө-жарым тааныса керек?

— Болуптур эмесе Ризван эне! Жакшы калгыла! Жакшы тургула! Аман болсок дагы жүз көрүшөрбүз? Келатканда тийип өтөрбүз?

— А-а, эми аман бололу! Бул күндөр да унутулуп кетет! — деди берки.

Жолдор, жолдор! Түгөнбөгөн, баш чени көрүнбөгөн жолдор! Өмүр жолу кыскабы, узунбу? Аны эч ким билбейт. Ошонун сыңары, азыркы биз бараткан жолдун канча аралыгы бардыгын билбейбиз. Ооба, анын татаалдыгы көрүнүп турат. Азап-тогозу байкалып турат, а бирок кыска же узун экендигин пендеси билбейт, кете берет үмүт менен. Акыры жол түгөнөт, ырыс да, жарыктык да, бак-таалай да, ичер суу, жутар аба да түгөнөт! Баары түгөнөт! Түгөнбөгөн дүйнө, адам жок! Ким түркүк болуптур бул жарык ааламга?

Ошо биз жолго чыккан күнү, эртеси, анын эртеси да, кийинки күнү да аба ырайынын ачуусу келип, ызырынып, каарына салып, пейилин тарытып туруп алды. Бирде ачыла түшөт, кайра эле бүркөлөт. Тырмак учун тызылдатып, кулак-мурунду үзүп кете тургансып кыш чилдеси кычыраткан кара суугун күндүр-түндүр тындырбайт. Бак-дарактарга жабышкан боз кыроо шыгырыктап түшө баштаган сайын «ана күн жылыды» деп үмүттөнөбүз, анан кайра эле күн бетин кара булут каптап калат. Ошо бир азыраак жылый түшкөн маалда өрүк-алмалардын шактарындагы тонгон кыроолор кичине эрий түшүп, үстүндөгү оор жүктөн бошонуп, жеңилдене калгансыйт, тал бутактары өйдө-ылдый силкинип, кар тулаңын ылдый серпет.

Арал айылына да жеттик. Эмне үчүн бул жер Арал деп аталып калган? Оң тарабы Тентек-Сай, сол тарабы Чиртек-Сай, күн чыгыш тарабы Кызыл-Үңкүрдүн, Арстанбаптын чытырман токойлору менен чектеш болгондугу, күн батыш тара-

бы болсо, биздин Тулга айылыбыздын кең талаасы менен туташып тургандыгы үчүн ушинтип аталып калса керек? Чынында да орто ченге орношкон. Суусу кенен, айдоо аянтары көп, эли эмгекчил. Эгин-тегиндин көбү мына ушул жерде өсөт. Жашылча-жемиш жайында жайнап эле калат. Тоют үчүн жүгөрү эгилет. Шалы эгүүгө өтө ыңгайлуу. Беде аянттары көгөрүп, сеңселип өсүп, жайкысын жашыл килемди көзгө элестетет. Деги жер соорусу десе да болот Арал айылын! Бүт Ноокен районун буудай, жем-чөп жашылча-жемиш менен камсыз кылган касиеттүү жер!

Жолдун эки жагына катарлата үй салыныптыр. Алардын арасында коозу да, начарлары да бар. Көчөдө иттер көп экен. Ырылдап, бизге тап берип, ар бир үйдөн жүгүрүп чыгышат, жулкунушат. Тим эле тек койсо басып, тытып жегиси бар. Этегибизден тиштеп тартып, ордубуздан былк эттирбейт. Эгер колдо таягыбыз болбогондо, көргүлүктү көрмөкпүз. Бети курусун, түрлөрү суук, коркунучтуу! Ай-койго көнбөйт! Кудай жалгап:

— Мэ-э, Алапар, мэ-э! — деген жаш кыздын үнү кайдандыр угулуп калды. Ага удаа дагы бир жаш баланын өз итин чакырып жатканын уктук. Бул бизге чоң өбөлгө болду. Кулактарын тикчийтип, куйруктарын шыйпаңдатып үйүн көздөй жөнөштү. Жаныбыз жай ала түштү. Ох, деп дем алдык. Өң-алдан кетип, муундарыбыз калчылдап, буту-колубуз титирейт! Айылдан чыкканда гана: «Өх, жаным-ай! Жаным калсачы!» — деп апам шалдырап отура кетти. — Мен жерге кирейин, мени кудай алат беле? Силерди майын кылып коебу деп чый-пыйым чыгып кетти! Кудай бир сактады да! Малик, коркподуңбу сен? Лайли, сенчи кызым? Айланайындарым, кагылып кетейиндерим! Менин чүрпөлөрүм! Жанымды чаап жиберейин силерден! Ошо атаңар, акеңер аман-эсен согуштан келгенче, силерди сактап жүрсөм деген ак тилек! Силерди атаңардын колуна тапшырып, анан ак нанга бир тоюп алып өлсөм мейли эле!

— Апа-аа! Эмне деп жатасыз? Коюңузчу бол-

богон сөздү! Тур, Малик ордуңан, кеттиик! — деп Лайли эжем алдыга түшүп жөнөдү.

Мына, айтылуу Тентек-Сайдын кечүүсү. Жүрөк өйүткөн жер ушул. Тээ Тулгадан чыкпай туруп эле ойлогонбуз бул кечүүнү. Токтодук. Үчөөбүз тең сайдын аркы тарабындагы Базар-Коргон айылы жакты телмире тиктейбиз, сарсанаага батабыз! Эми кантип өтөбүз? Ризван энемин, Абдыкалык аксакалдын айткан сөздөрү эске түштү: «Этият болгула!» — деген.

Жолду апам баштады, алдыга түшүп басты. Оболу, алды жакка кадам таштоодон мурда, көк жылгаяк болуп калган муздун үстү жагын таяктын учу менен укуп-укуп, акырындап баса бердим. Муз анча деле жука эместей көрүндү. Бирок асты жагында шылдырап суунун агып жатканы угулуп турду. Демди ичибизге тартып, олдо-кудай деп, кыл көпүрөнүн үстүндө, тозоктун дал өзүндө бараткансып көздөрүбүз чакчаят. Тизе калтырайт!

Үч караан. Ар тарабы аппак кар менен курчалган ээн талаада, көк муз каптаган айбаттуу сай ичинде үч эле караан жүрөт кыбырап! Алар эмне издеп жүрүшөт? Аларга эмне бар биерде? Тилегени, максаты эмне? Тынч эле жатышпайбы үйүндө? Азап тартып, башына мүшкүл иш түшүрүп, өздөрүн-өздөрү кыйнап не зарыл экен! Адам-эй, ынсан-эй! Сен неге минтип жаралгансын, Тынчың жок! Кызыл кекиртектин, куркулдаган кузгундай кара курсактын айынан минтип, тентип, талаа кезип жүрөсүң? Аяк жагы не болот? Жакшылыктуу күн көрөсүңөрбү? Тилегиңерге жетесиңерби? Ал жагы белгисиз!

Чоң атам Мырзалы өмүр бою тегирменчи болуп өтүптүр. Куршап тарапта жашашчу дейт. Өзү балбан киши болуптур. Ат чабыш, эр эңиш, улак тартыш, күрөш жагынан ага тең келчү жан оңойчулук менен табыла койчу эмес экен. Жетимиш жашка барган чагында жүз килолук кыргыздын ала кабына толтура салынган буудайды атка жеңил эле артып койчу экен. Күндөрдүн бир күнүндө дал ошондой салмактагы каптын жүгүн көтөрүп

баратып, тегирмендин ноосуна тайгаланып жыгылып кетиптир. Кап аны басып калып, тегирмендин шар аккан суусуна туруштук бере албай, ноо менен тайгаланып барып, тегирмен ташты айланткан парага узун бою илинип, пара менен кошо чарк айлана бериптир. Сөөктөрү майдаланып, колу-кол, буту-бут бойдон ажырап, бөлөк-бөлөк болуп калыптыр. Тегирмендин парасы быт-чыты чыга сынып, таш айланбай калыптыр. Мындай кырсык менен кабары жок, эч нерседен кабатыр болбой, адатынча жасаган тамагын көтөрүп, тегирменге келген чоң энем Эркеайым муну көрүп, чаңырган бойдон чалкадан кетиптир. Муну уккан эл дароо чогулуп, ноодогу суунун нугун башка жакка буруп жибериптир! Ыраматылык чоң атамдын жашоо турмушу, өмүрү, көргөн күнү ушинтип кайгылуу, өкүнүчтүү өтүптүр! Эми биз, анын укум-тукумдары да, андан кем калышпай жашап жатабыз! Ал кишиден эки эле уул болгон экен. Атамын иниси Бакир деген абакем 33 жашында жарыктык менен кош айтышыптыр. Сөөгү ошол Куршап тарапка коюлуптур. Анан атамдар замандын ооду-кыйды агымдарынын залакасы менен бул тарапка ооп келип калышыптыр. Апам экинчи аялы экен. Макул, шашылбайлы, ал жагын кийинчерээк айталы. Сөзгө конок берели. Мезгили, убагы келет.

Сайдан аман-эсен өттүк. Базар-Коргон районунун борборундагы чайканага келип, кирсекпи деп бир топ ойлонуп калдык. Курсак ач эле. Өзөгүбүз үзүлүп бараткан. Ризван эненин берген наны эске түштү:

— И чжылытып алалы, балдар! — деди апам ошоякка карай басып. Казанга жапкан калың, аппак, чоң нан экен. Бирөөнү жедик да, экинчисин ороп алдык. Жолду андан ары уланттык. Акман, Беш-Бадам айылдары артта калып, Шыбак-Бел ашуусуна жетип келдик. Кыйынчылык мына ушул жерден башталды. Чыйыр жок. Кар белден келет. Жол түз эмес. Ашуу ашып, акмалап жүрүп отуруу керек. Тообу, адырбы, зоокаларбы, анысы билинбейт. Теп-тегиз эле аппак кар.

Ойдо чыгып, ылдый түшүү оңойбу? Кардын асты катып, үстү жагы жаңы жааган кар менен капталып калган. Басканда бут тизеге чыга түшкөн карды кечип, кайра аны тартып алуунун өзү машакат. Бут кийимибиз кар астында калып да калат. Ич жагы карга толуп бүткөн. Баратабыз. Апан эмне кылабыз? Мен ыйлактап, карга отура калам. Мурдуман суум агат. Лайли эжем сүйөп тургузуп коет. Апамын изин басып баратсак деле, баары бир кадам таштообуз оорлошот. Бирок бизде бир гана үмүт, жакшы тилек, толкундаткан ой, ич жылыткан сыр бар эле! Ал да болсо Шарапат эжем! Анын элесин көз алдыбызга келтирип, ошондон күч-кубат алып, кайраттанып, сүйүнүп, кубанып баратабыз да! Биздин тутунар туубуз, ичер суубуз, күнүбүз, жашообуз, өмүрүбүз мына ошо Шарапат эжеме байлыштуудай, ал болбосо бардыгы бүтүп калчудай сездик өзүбүздү!

«Эжемкине баратабыз! Аныкында жыргайбыз! Үстүбүз кийимге, курсагыбыз оокатка жетишип, кем-каржыбыз толот!» — деп, мына ушул азыр үчөөбүз тең теңирибизге кандай ишенсек, эжеме да дал ошондой эле ишенип, дулдуңдап, карды жиреп, кыйынчылыктарга боюбузду тиреп, аны көкүрөгүбүз менен тосуп, жамандыкты жаныбызга жолотпой, жакшылыкты тилеп, ошону эңсеп алдыга жүткүнүүдөбүз! Адам үмүт менен, тилек менен жашайт! Адамдын адам экендиги мына ушул жагдай менен ченелет!

Ак-Баш айылына күн бешим ооп калганда жеттик. Бул жерде деле кар улуу, күн суук экен. Бирок салынган үйлөр биздин айылдай чачкын эмес, көчөнүн эки тарабына катар-катар салыныптыр. Баш-аягы кайда экени белгисиз. Ар бир короодо бак, бакты айланта эккен мырза теректер көктү тиреп, бой керип турат.

«Биерде жашагандар кызылча айдашат,— деп апам түшүндүрүп баратты бизге,— эли ток, кайсы үйгө кирсең да наны белен, чайы даяр!».

Бул сөздү угуп, ого бетер шердене түшөбүз. Ичибизден кудуңдап сүйүнөбүз. «Апам жаңылбаптыр. Жакшы иш кылыптыр. Биякка келе берге-

нибиз жакшы болуптур!» — деп ойлоймун өзүмчө. «Демек, Шарапат эжемдер бай жашашат экен да? Барарыбыз менен алдыбызга дасторкон жайылат, нан белен коюлат, кечкисин палоо демделет экен да? Эти болбосо деле мейли, ыраазыбыз, жумуртка басып берсе да боло берет! Кайра ошо жакшы!»

— Ыя, эже,— деймин Лайли эжеме кайрылып,— Шарапат эжем бизди кантип күтүп алар экен? Тим эле жетине албай, көздөрүнө мончок-мончок жаш алат го? Көп ыйлатпай, сиз кой деп коюңуз, э? А балким ушунчалык сүйүнгөнүнөн улам, өзүн-өзү токтото албай, бакырып жиберер бекен? Анда кандай кылабыз? Жыгылып кетсе, сиз тургузуп коюңуз ээ, эже? Чалкасынан кетсе, эси ооп калбасын? Этият кылалы эжебизди! Апам «апаптаганды» жакшы билет. Ал кээде мен ооруп калсам «апаптап» жүрбөйбү. Ошонун сыңарындай, эжем эсинен тайса, бетине суу чачып, желпип-желпип, эптеп эсине келтирип алат апам. Эң башкысы — кубангандан жүрөгү жарылып кетпесе эле болгону! Байкаш керек, алыстан жөтөлүп, өзүбүздүн ким экенибизди билдирип барышыбыз керек! Кокустан эле көрсө: жаман да!»

— Болдучу көп жобурабай! — деп эжем кагып салды мени. Апам күлүп койду: «Мейли сүйлөй берсин! Эжесине жакын келип калып, сүйүнүп атпайбы! Туура айтат Малик, бир тууган бир тууғандарын көргөндө кубанбай койчу беле? Анын үстүнө ардактап баккан апасы кошо келсе!

— Э-э, билбейм апа. Ушу кызыңа ишенбейм! Бара көрөбүз го? — деп Лайли эжемин айтканы калетсиз белем? Күн мурунтан тынак чыгарбай туралычы. А балким андай эместир? Оо, айланайын акылдуу, эстүү Шарапат эжем! Өркөнүңүз өссүн! Мына ушул келген жериңизден бак-таалай таап, бала-бакыралуу болуп, небере-чебере көрүңүз! Биз сизди аябай сагындык! Сагынуунун чеги жок! Мына эми жүзүңүзгө жакындан туруп карап, дидарыңызга чындап тоюп, бал татыган сөздөрүңүздү кулак кандыра угуп, бир жакшы-

нан кумардан чыгалычы, эжеке-байым! Уяламым! Киндиктешим! Бешиктешим! Кандашым! Бир энеден туулган, бир атадан жаралган түгөйлөшүм! Жаным эже, каным эже, мына биз келдик! Кучак жая тосуп ал! Кудайдан астейдил тилеген экенсиз, мына эми кудай сиздин датыңызды угуптур, иш жүзүнө ашырыптыр! Шүгүр дециз, тообо кылыңыз! Көрүнгөн эле адамдын тилеги минтип жүзөгө аша бербейт! Кудай колдогон ынсандын гана максаты ишке ашат! Эх, эжем, эжем! Кайсы бир жоруктарыңызды айтайын! Сиз болбосоңуз, биз бул жактарга темселеп, тентиреп келет белек? Койдум, койдум, эже! Сизге акыл айтуунун өзү ашыкча! Кечириңиз!

Жүрөк туйлайт. Миң-сандаган кыял башыбызды айландырат. Заматта аңги-даңги боло калып, кайра ал ойдон оолактоого өзүбүздү мажбурлайбыз. Эркти мажбурлап жүрө беребизби ушинтип? Бош коелу аны. Турмуш чындыгы кандай болсо, ошону айталы. Кошул-ташыл кылып боебойлу.

Кыш күнкү аба ырайы кызык өзү, эми эле чайыттай ачылып кетти эле, заматта алай-дүлөй болуп, бороон күчөдү, кар туланы бетке урду. Чарт-чурт этип күчтүү аяз денебизди жынжыр менен бекем чырмап салгандай, бир орундан жылуу кадамыбызды алга таштоо кыйындап баратты. Негедир тизелерибиз калтырайт, муундарыбыз калчылдайт! Адатта көрүп жүргөн, билип жүргөн, башыбыздан өткөрүп жүргөн бул суук, ошол сууктарга түк окшобойт. Башкача кейиптенип, ичек-чабагыбыздан өйдө кырып, сыдырып өттү. Коюн-колтукту аралап, ансыз деле жыгачтай катып, селейип, кирпик ирмөөгө, сүйлөөгө эбибиз келбей калган, эми бул калчылдаткан кара суук бизди бүтүндөй алсыратып бүттү. Карантупай, темирди кызытып баскандай, этибизге чыпчып жабышат суук. Саратандын күнүндө күчөгөн чаяндай чыгат! Тырмак учу зыркырайт! Бул суук бизди гана тороп, бизди гана каарына алып жаткандай туюлду!

Шумдугуң кур десе, ушундай да болобу? Ка-

раңызчы эми, күтүлбөгөн окуя, ойлобогон иш. Жамгыр аралаш кар жаай баштады төбөбүздөн. Тез эле өтмө катарыбызга өтүп, сөөк-саагыбызды сыздатты! Шыбыргактап, жамгырдын муздак суусу, бак-дарактардын бутактарында түнү бою тоңуп, жабышып жаткан боз кыроолор эми суу тийгенде эрип, жонубузга, мойнубузга түшө баштады. Баарына чыдадык, чыдабаска арга жок!

Шарапат эжемдердин короосу деле биздикинен айырмасы жок экен. Таң кала турган бөтөнчө белгилерин көрө албадым. Үйүнүн үстү саман, ылай менен шыбалган. Үйдүн арт жагында жалгыз көздүү терезеси бар, бирок ошого айнек салып да койбоптур. Кара тол менен эптеп жаап коюшуптур. Бул көчөдөн өткөн адамга өөн учурап турат. Ошо терезенин тушуна теректин жаш көчөттөрү отургузулуптур. Ошол себептен айнексиз терезенин көзгө жаман көрүнүп турушу андабаган адамга анча сезилбейт. Үйдү айланып, асты жагына өттүк. Бул жерде да жалгыз терезе. Мында да айнек жок, кагаз кыстарып коюптур. Каалгалары эски, сырлары түшүп калыптыр. Каалгага бычак менен оюп, бор менен чийип ар нерсени жаза бергендиктен, дегеле кейпи келишип калыптыр. Мен ал жерден бир гана жазуусун окууга үлгүрдүм: «1944-жыл. Январь» деп жазып коюп, аны кайра чала-була өчүрүп да салган. Болжолумда мектепте окуган уулу же кызы болсо керек? Апам ал жөнүндө мага айткан эмес эле. Эгер болсо эми таанышарбыз?

Үйдүн алды жагы күн чыгыш тарапка карата салынган. Күндүн мурду аз эле көрүнө калса, бул жерге аптап жарк эте тийип тургудай. Биердегилер бизге окшоп короолорун айланта тосушпайт экен. Бой тиреп калган мырза теректер гана коңшулаш жашашкан адамдардын өздөрүнө тийиштүү жерлерин бир-биринен бөлүп, айырмалап турат.

Үйдөн он-он беш кадамча арыракта бастырма салыныптыр. Анда жалгыз уйдун байлануу турганын көрдүк. Анын алдына бир боо жүгөрү паяны кыркпай эле сотосун сулк бойдон таштап кой-

гон экен, аны жебей, тебелеп-тепсеп да салган. Бир нерсе үмүт кылгансып, биз жакты аңкыйып карап койду. Анан тыбырчылап, мөөрөп, казыгын айлана берди. Чагымда суусаган окшойт? Өтө эле арык, сөөктөрү оркоюп, кабыргалары көрүнөт.

Каалганын жанына жакын барганыбыз менен, ичкери кирип барууга эч кимибиз даай албадык. Көпкө турдук, «сен кир, мен кир» менен. Бирбирибизди түрткүлөп, ээк кагып, «бол эми эшикти сен ач» деген арадагы сөздөрүбүз такыр түгөнбөдү. Бул убакыттын ичинде тышка чыккан да, ичкери кирген да эч бир жан болбоду. Коңшу-колоңдору деле көрүнбөдү. Айыл тыптынч, көктө учкан канаттуулар да жок. Бир гана таргыл уй мөөрөйт. Анын мөөрөгөнүн угуп деле чыкса болмок үйдөн бирөө-жарым. Ушул учурда көчөдөн өткөндөр бизди көрүп калбагай эле деп, үстүбүздөгү самтыраган кийимибизден уялабыз, кымтынып-кысынып тартынабыз! Кудай жалгап, жан-жакабелибизден эч ким деле өтпөдү, көрбөдү. Ошонусу дурус! Менин ары арык, ары жапыс кодойгон боюм ого бетер жепирейип, башым гана сороюп, жылтырап көзүм гана көрүнөт. Башка жагым баары аппак кар. Апам менен эжем деле ошондой. Бир-бирибизден айырмабыз жок. Кокусунан көрө калган адам коркот, үрөйү учат. Жерден чыга калгансып, кейпибиз келишип, кепширейип, эмширейип, элден-журттан чыккан жапайы жанга окшошбуз!

Эмнеге мынчалык жүрөк заарканат? Ал дегениң жакшылык менен жамандыкты алдын ала билип турат деген сөз чын окшойт? Эне менен баланын сагынуусу, дегдөөсү, арзуусу көкүрөктө мелт-калт этип чайралып, толуп-ташып турбайбы! Көңүлдүн тереңинде уялаган мээрим өпкө-боору эзип, акактай тунук, суудай таза ниетибиз кантип эле таш капсын? Бапестеп бакан сүйүүбүз сууп, опол тоодой ойлорубуз ойрон болобу? Шашылбайлы. Дилибиз ак. Жакшы көрүп, ошо жакшы көрүүнүн бир тамчысын да коротпой, Шаранат эжеме кош колдон тартууласак деп келдик!

— Ушинтип тура беребизби, апа? — деди Лайли эжем чыдамы кетип.

— Чакырчы, Малик! — деп апам мени укуп койду. Мен беркилерге караганда өзүмдү эр санап, кыйынсынып, каалганы каккыладым. Үнүмдү чыгарып, катуу-катуу бакырдым. Жооп болбоду. Анан жанагы терезе тарапка бастым да, бутумдун учу менен өйдөрөөк болууга аракеттенип, терезеге жабыштырылган кагаздын бир жак четин колум менен секин ачып:

— Эже-е! Оо, эже-е! Эже-ее! — дей бердим. Мындан да пайда чыкпады. Эмне болгон буларга? Үйүндө эч ким жок бекен? Бар! Кобур-собур угулгансыйт. Үйдү айланып, майда теректердин көчөттөрүн аралап, жанагы кара тол жабыштырып койгон терезе тарапка бастым. Шыкаалап карадым. Бөлмөнүн ич жагы караңгы. Бирок ошо караңгылыктан Шарапат эжеми жазбай тааныдым! Отурат эч нерседен камырабай. Каранынан кагылайын алтын эжем! Кадырың катуу өттү го бизге! Мына бар экенсиз, тирүү экенсиз! Көрдүм, жаным тынды! Периштедей болуп, мойнун койкойтуп бейкапар. Азаматым! Сизде эмне күнөө? Кине койбойбуз! Жакшылап тосуп алсаңыз эле болгону! Сизден мындан башка дүр-дүйнө сурабайбыз!

Тол кагаз калтырап, колум тийер менен бир жагына кыйшайып жылып кетти. Ошол замат эжем мен жакты жалт карады. Жүрөгүм опкоолжуп кетти. Бул коркуубу же сүйүнүүбү? Сезимдин кандай түрүнө кирет? Билбеймин. Менден эмне деген кеп-сөз чыгарып күтүп турушкан апам менен Лайли эжемди да унутуп салыпмын. Тамандымды өйдө көтөрүп, буттун учуна тийелип, терезени сүзүп ийе жаздап, ичкери жакка дагы кадалып карадым. Лайли эжем куракту кыздын чачын өрүп, бир нерселерди айтып, өз ара сөзгө кызыгып да калышыптыр. Болжолу кайын сиңдиси болсо керек? Токтокан аттуу кыз ушу бекен? Эми башкасы аз келгенсип, ушу жөнүндө да ойлонуп отурамынбы? Ким болсо, ошо болсун! Чакырайын:

— Эже-е, о, эже! — Ушу кезде чыдамы кеткен апам ары жактан үн катты: «Малик, эмне кылып атасың? Барбы кабар? Көрүнөбү? Жокбу же?»

— Эже, о, эже! Биз келдик! — дедим тыбырчылап, өрөпкүп, өпкөм көөп.

Эми терезе тарапты жанагы чачын өрдүрүп жаткан тестиер кыз жалт карады. Анан мен жакка колун жаңсап, эжеме бир нерселерди айткан болду. Мен муну дароо сезе коюп, апамдар жакка карадым да, аларды колумду жаңсап өзүмө чакырдым:

— Апа, бери келгиле! Эжем үйүндө экен! Тигине, бир кыз менен отурат! Ишенбесеңер карагыла өзүңөр! Тиги кыздын чачын өрүп жатыры!

— Маакул, маакул, түшүндүк! Болду эми көп жобурай бербей бери бас! — деди Лайли эжем эмнедендир санааркагандай. — Сени көрдүбү?

— Ооба, мени көрдү! Жанындагы кыз да көрдү мени! Чыгат азыр!

Мен терезенин жанынан жылбадым. Апамдардын жанына барбадым. Терезени шыкаалап, Шарапат эжемин кыймыл-аракеттерине назар салып тура бердим. Анын жүзүнөн кубануунун белгиси сезилбеди. Кабагын салып, ордунан ыргылжың турду. Керилип-чоюлуп, боюн түзөп, колдорун ары-бери иштетти да, кайын сиңдисин ээрчип сырт жакка жай гана басты. Үйдүн орто ченине келгенде токтоп, жоолугун оңдонуп салынды. Бөлмөнүн дал орто ченине орнотулган чоюн мештин жанында далайга дейре карбаластап тура берди. Эмнеге минтет? Бизди билдиби, тааныдыбы? Же коңшу-колоңдор го деп ойлодубу? Кантип эле, мени терезеден даана эле көрүп калды го? Кантип бир тууганын ушинтип суз кабыл алсын? Болбогон кеп! Эч ким ишенбейт буга? Кайра аны айткан адамды жалганчы деп эсептейт! Туурабы? Албетте да, бул өңдүү өкүнүчтүү окуя чанда жолукса керек? Турмушта болот деңизчи, ошентсе да, биздин, апам менен Лайли эжемдин, менин турмушумда мындай маанисиз көңүлсүз жагдай болбосо жакшы болот эле! Кантебиз анан? Ойлогондой, тилегендей, үмүттөнгөндөй болбойт.

Каалга шарт эте ачылды. Чачын өрдүрүп жаткан кыз экен. Ал бизди тааныбайт эле. Мурда көргөн эмес. Бирок канчалык тааныган, билген, көргөн чакта да, азыркы биздин абалыбыз башкача эле. Тиги бизге тикирейип, жактырбагандай карап калды. Атүгүл, бир аз артына кетенчиктеп чоочуп да кетти. Чынында кейпибиз өтө суук, коркунучтуу эле да! Же ак, же көк дей албай, каалганын туткасына сүйөнүп, катты да калды.

— Токтокан кызым,— деп жалынып жиберди апам,— бул биз, Шарапат жеңеңин апасы, сиңдиси, иниси... — Андан ары сөз улап кете албай, көөдөнүнө катуу нерсе тыгылып, добушун бууп бараткансып, үзө-үзө күңк этти:

— Жеңеңи бери айтып кой, кагылайын? Бизди келди деп айт?

— Түшүнбөй атам, силер кимсиңер өзү? — деп тиги дагы эле такып сурай берди. Апамын айткан кебин түшүнбөдү, же түшүнсө да ага ишенбеди: «Кантип эле ошончолук узак жерден, мына ушундай кыштын оор күндөрүндө бул жакка келип калышсын?» — деп ойлоп жатканын билип турабыз.

Ушул учурда жарк эте күн нуру чыга калгансып, каалгага сүйөнүп турган кыздын арт жагынан Шарапат эжемин жүзү көрүнө калды! Дароо алдастап, шашкалактап калдык! «Эмне дээр экен?» деген ой кыйнады бизди. Үшүп калгандыктанбы, чарчап-чаалыкканданбы, же кызын көрүп толкундап кеткендиктенби, айтор апам көзүнө жаш алып жиберди!

— Саламатсыңбы, кызым? Жакшы турасыңарбы? Бул биз, апаң, сиңдиң, иниң? Тынчсыңарбы деги? Кудагый кайда? Күйөө балачы? — деп жиберди анан ошолордон жардам күтө тургансып. — Малик, бар, эжең менен учурашкын! — деп анан менин колуман тартты эжеме карай. Мен жактыра бербей, апамын колун силкип жибердим. Арабыз ачык болду. Баары түшүнүктүү болду! Бирок дале болсо шашпайлы, ашыкпайлы! Балким иш оболуп кетер? Үмүт!

Билбейм, чоң адамдарга караганда жаш бала өтө сезгич келет окшойт? Жамандыкты да, жакшылыкты да тез кабыл алат экен. Аны көпкө унутпайт экен. Мен ошондо жүрөгүм бармактын учундай эле экенин, ал деген денемдин кайсы жагына орношконун ошондо биринчи ирет андаптаңдап билдим! Төбө чачым тик туруп, баш терим козголо түштү!

Шарапат эжем, менин, Лайли эжемин жатындаш бир тууганы, апамын өз кызы, тогуз ай толгонуп төрөгөн, күн-түнү уйку бетин көрбөй бешикке бөлөп, алдейлеп, буламык берип, кийинтип-ичирип, багып-көрүп чоңойткон көкүрөк чүрпөсү, минтип сыртын салып, кыр көрсөтүп отурат!

— Эмне келдиңер окшошуп? — деди ал каалганы кулачтап,— окшошуп ээрчишип алыптыр дагы! Шүмүрөйгөн кейпиңер менен жерге киргир! Мени өлтүрдүңөр го? Элге-журтка шерменде кылдыңар го? Кантип келдиңер ушу кейипиңер менен? Силерге эми мен керек болуп калдымбы?

«Их, иш өлдү!» — дедим мен өз ичимен катуу кейип,— ушуну көрмөкбүз! Аз бизге бул, аз! Эх, байкуш апам, ак көңүл, ишенчээк алтын апам! Эмне кылып койдуңуз? Эми канттик? Кайда барабыз? Кандай айла кылабыз?»

— Жерден чыккан желмогузга окшоп, суук көрүнөт экен! — деп кошумчалап коюп, бою кылт этти да, заматта көздөн кайым болду!

— Кайдан келсеңер, ошол жерге баргыла! — деп чаңырган үнү үйдүн ичинен угулду. Илгери үмүтүбүз суу сепкендей жалп эте өчтү! Бирок дагы ишенбейбиз, таңыркайбыз, таң калабыз? Маңыроо сезимге алданып, аңкайып карап, дал болдук да калдык. Жалынабызбы? Каргап-шилебейбизби? Чачташабызбы? Жулкунуп үйгө киребизби? Мына сага деп, басып алып тепкилейлиби? Сабайлыбы? Эсине келтирип коелубу? Апасы, инилери, сиңдилери келгенин жакшылап билдирип, аларды сый күтүп алуу ыйык милдети экендигин түшүндүрүп берсек, бизге ким тоскоол болмокчу эле! Бирок ага колубуз барбайт, дитибиз чаппайт!

Тулгада болгондо көрөт эле көргүлүктү! Абийирибиз айрандай эле төгүлдү! Эч кимге кудай салбасын мындай күндү!

«Жүрөгүм жарылып баратат! Ичимен кан өтүп кетти!» — деп апам дубалга сүйөнө калды. «Өлтүрдү! Жеди! Бала болбой кал! Шерменде! Акылсыз! Акмак! Өлдүм мен, Лайли! Өлдүм! Мени кечиргиле! Апаңар апа болбой жерге кирсин! Эмне кылып койдум мен? Силерди кыйнадым! Убалыңарга калдым!»

— Апа, коюңуз эми! Кыжаалат боло бербеңиз! Кейибеңиз! Кетебиз азыр! Бул жерде турбайбыз! Малик, кайдасың? Жүр, кеттик! Жерге кирсин ушу Шарапат! Түкүрдүм бетине! Кечтим сендей бир туугандан! Эненин ак сүтү урсун! Атанын каргышы тийсин! Бетбак! Бетсиз! Атам келер, акем келер? Бул кылыктарыңды укса, балалыктан кечет, жүзүңдү карабайт! Сени элеби? Сени...!

— Кой эми Лайли! Буга кайран корогон сөз! Чекилик бизден кетти! Мен бул акмактын мындай кыларын билген эмесмин да? Кызым бар дегемин да? Кызым эмес эле, кырк баштуу ажыдаарды тууп-түшкөн турбаймынбы? О, шорум! О, бетим! Кудай өзүң сакта! — деп апам зар какшайт. Какшаган менен эми кеч. Өткөндү өзгөртө албайсың! Бирок адам деген адам да. Алды жакта эмне болорун күн мурунтан кайдан билсин? Жаңылат!

Ошентип, супсунубуз сууду. Менин сырткы дүйнөнү таанып-билүүм дал мына ушул жерден башталды бейм?

Ызалык, кордук, зарлык, жокчулук али калыптана элек жаш денемди калбырдай көзөп, тешип, эзип салды! Сезимдин мынчалык эрте ойгонушу жакшы эмес. Андай болгон чакта барабара адамдарды жек көрүү, аларга ишенбөө, шек саноо, коoптонуу жагдайлары пайда боло баштайт. Бала деген өз мезгилин баладай эле маңыроо болуп өткөргөнү жакшы! Бул акыл-эс дегениң кийин-кийин, аста-аста, жаш курагына жараша келе берет, кошула берет. Аны шаштыруунун кереги жок. Өзүңөн чоң адамдар менен бирге

жүрсөң, алардын шордонуна кошуласың да, каала-каалаба, ички жан-дүйнөң өз мезгилинен мурда бышып жетилет. Бул да жакшы эмес. Ар нерсенин өз кезеги келет. Сени курчап турган айлана-чөйрөнүн өзү эле сени теске салып коет! Бирок кээде жаратылыштын өзү да буга, адамдын же айлана-чөйрөнүн өзгөрүшүнө түздөн-түз себепчи болот. Өрүктөр эрте ачылып, кичине суук боло калса эле гүлүн таштап жиберет. Демек, ынсандын, табияттын өнүп-өсүү табити бирдей!

Шарапат эжем ошо бойдон үйүнөн сыртка чыкпай койду. Токтокан гана эми бизди тааныды окшойт, чебелектеп, ары-бери чуркап:

— Келгиле, киргиле үйгө! — дей берди. — Азыр апам да келип калат. Бир жактарга кетти эле. Келер маалы болуп калды. Киргиле үйгө!

Биз буга көнбөдүк. Кетүүгө камындык.

— Бул эмнеңер? Койгулачы! Кетпегиле! Азыр апам келет! — деп эпилдеп-жепилдеп, жүгүбүздү колдон алды,— карачы эми, акем жок үйдө. Ал бир жумадан бери тракторун ремонттоп, тээ Жалал-Абадда, шаарда жүрөт. Качан келери дайынсыз. Балким ушу дем алыш күнү келип калар?

— Кагылайын, жакшы кыз турбайсыңбы? Келчи, бетиңен өөп коеюн! Чоң кыз болуп калган тура? Баягы жылы мен көргөндө кичинекей кыз элең! Болсун, болсун! Апаңа куюп койгондой окшош экенсиң, айланайын!

Бирок бул экөөнүн саламдашуусу кандайдыр бир жасалма өңдөнүп туюлду мага, коошпогондой, жарашпагандай сезилди. Анткени келерибиз менен мына ушинтип, жаркырап-жайнап учурашканда иш башка эле. Эми жүрөктөр жараланып, көңүлдөр сууп калган чакта, калың музду эритип, шарактап кайнаган сууга айландыруу кыйын эле! Апамын бул азыркы Токтокан менен учурашуусу биякта турган бизге кошоматчылыктай, жасакерликтей, куулук кылгандай сезилди. Одоно мамиле экендиги оркоюп көрүнүп турду. Ал жагын Токтокан билдиби, жокпу, ишибиз эмне?

Бир оокумда Шарап эжем үйдөн атырылып дагы чыга калды:

— Дагы эле отурасыңарбы? Самтырабай жоголбойсуңарбы ары! Бая эле айттым го айтар сөзүмдү! Жетишет ошол! Кандай түшүнбөгөн макулуксуңар? Жөнөгүлө тез, азыр бирөө-жарым көрүп калса, мени уятка калтырасыңар! — Жанагыдай башында жоолугу жок. Чачтары саксаят. Тим эле бизге өчү барсынып жулкунат. Жат адамга, душманына да мындай мамиле кылбайт эле эч ким. «Бул соо эмес?» — деп ойлодук үчөөбүз тең. Мынчалык неге булкунат? Неге жулкунат? Кутуруп кеткенби? Акылынан адашканбы?

Анан эле бооруп булкүлдөтүп, мыйыгынан күлдү:

— Оо, шордуулар десе! Уялбайсыңарбы минтип жүрүштөн? Же силерди чакырдымбы? Кебебете-кешпириңерди күзгүдөн бир карап көргүлөчү? Күзгү берейинби? Карап көрөсүңөрбү өзүңөрдү? Адам деп ойлобойсуң!

Ана басылат, мына басылат десек деле болбойт. Оозуна келгенин кайтарбайт. Тили заар, уу! Өтмө катарга өтүп кетет! Биз жүгүрүп, сүзүп кирип кете тургансып, каалганы кулачын кере кучактап алды.

— Ойлобойсузбу, апа! Баланчанын энеси, үкелери ушинтип көчөдө тентип жүрөт деген сөздү угуу мен үчүн жеңилби? Андан көрө өлгөнүм артык! Сиз муну түшүнөсүзбү? Жолго чыгардан мурда бул жагын ойлойдуңузбу?

— Апа дебе! — деп Лайли эжем чаңырып жиберди,— Ападан айлангын! Тим эле бизден өйдөсүнүп, кыйынсынып кетет! Сенин эмнең артык бизден? Баягы Шарапатсың да! Тилимди кычыштырбагын көп! Эмесеби, эмесе...

— Ий, эмне демекчисиң? Мага тил кайтарбай, алдагы өзүңдү билип ал! Көрөм сенин да үй-бүлө күткөнүңдү! Аман болсом бир көрүшүм бар!

Арага Токтокан түштү:

— Койгулачы эми! Кандай неме элеңер? Үйгө киргиле! Элдин баары бизди карап калышты! Үйгө кирип урушкулачы! Оп-боо, апам кайда жүрөт?

Ушул чакта жашы апам куражтуу ак жүздүү,

толмочунан келген аял көчө жактан шып этип кирип келди. Апам аны көрөр замат:

— Ий, мына, мына, кудагый да келип калды! Жакшысыңарбы, кудагый? Аман-эсен жатасыңарбы? — деп шашкалактап сүйлөй баштады,— ден соолуктар жакшыбы? Бала-чака аманбы? Ушинтип, биз келип калдык, кудагый...

— Ийе, бул силерсиңерби? Бирөө чуркап барып, мага азыр эле кабар берди. Урушуп, жулмалашып жатат, келиниңер апасын үйүнө киргизбей атат дешти. «Эл ичинде элек жок» дейт, кудагый! Чоң эле адамсыз, үйгө кирип сүйлөшпөйсүңөрбү? Жакшы эмес бул!

— Буларда күнөө жок, жеңем киргизбей атат! — деп Токтокан арага түштү,— айтсам болбойт, тилимди албайт. Албууттанып апасына асылат!

— Жерге кирсин, ошо жеңең! Жүргүлө, кудагый, үйгө киргиле! Ошерде жай отуруп сүйлөшөлү! Жүктөрүн ичкери киргиз, Токтокан. Үшүп калышыптыр.

Кулагым дагы эле зың-зың. Шарапат эжемин кээ бир эсимде калган сөздөрү жаңырып, ичим уйгу-туйгу: «Үйдөн айланасыңарбы! Сууга түшкөн мышыктай шөмтүрөгөн байкуштар! Элге окшоп, жакшылап оокат кыла албагандан кийин, силерге биякта бышырып коюптурбу? Элдин, кайын энемин, күйөмүн бетин кантип караймын эми? Тынчырак жашатсаңар болбойбу? Ий, ушу силерди эмне кылса болот деги..?»

Ыңыранып, тартынып отуруп үйгө араң кирдик. Кирген менен, бул үйбү, же сырт жакбы, анысын сезбедик. Үй деле, сырт жак деле коңгурап, бизге суук, көңүлсүз сезилди. Аргабыз жоктон кадам таштадык ичкери. Атүгүл апам чыдабай: «Кудагый, эми баралы. Эрте күндү кеч кылбайлы!» — дей салды.

— Эмне дейт? Түшүнбөдүм? Биздикине келдиңер беле?

— Ооба.

— Анан келсеңер, жайланышпайсыңарбы? Тартынбай-этпей кире бербейсиңерби? Ооба, билем, силердин шоокумуңардын анча-мынчасы

угулду мага! Э-э, Токтокан, кана жеңең? Кайда жүрөт ал? Чыккылачы бери, үйдөсүңөрбү? Уйга да чөп салбапсыңар, асты тазаланбаптыр, суу ичбептир. Бир аз көзүң кылт этсе эле, ушул да абал. Чакыр жеңеңи, келсин бери, кимден уялат?

Шарапат эжем төркү үйдөн каалгый басып чыга калды. Үн катпайт.

— Эмне үчүн өз энеңди, өз бир туугандарыңды үйгө киргизбей койдуң? Же таанибай калдыңбы? Жоругуң жолдо калсын сенин! Кылбаган кылыгың ушул эле калды эле. Эл эчак укту муну. Оо, жана эле угулган көчө-көчөгө. «Укпайм деп ушак айтпа, билбейт деп уурулук кылба» деген кеп бар. Жакшы эмес. Кечиримсиз! Муну Жоробек укса, эмне дээрин жакшы билесиң!

Шарапат эжем тултуюп, үн катпады. Тили тыйылат экен го? Кимдир бирөөгө тили кыска экен го? Ошондой болмок.

Жүгүбүздү чечкени Токтокан чабалдык кылып, тоңуп, селейип калган жоон жиптерди онтолоп, ары-бери жулкулдата берди.

— Жардам бер, жүктөрдү жай-жайына коюшка! — деп кайын энеси буйрук кылды эле, Шарапат ордунан жылбады.

—Мен сага эмне деп жатам? — деп жанагыдан катуураак какты.

— Тек коюңуз, кудагый, Лайли жардамдашып жиберет, Малик, сен да карап турбагын! — деп апам сылык-сыпаа сүйлөгөн болду. Кайыркан кудагый деле болсо Шарапат келинине наразылыгын билдирип, наалый берди.

Кайыркан кудагыйыбыз деле бизге жат-жалаа эмес экен. Түбү ошо таенемдер жашаган Абыскен-Ата жактан болуп, бул жакка күйөөгө чыгыптыр. Күйөөсү согушка кетип, өлдү деген кабар келгенден бери андан биротоло түңүлүп, эми минтип уулу Жоробектин колунда жашап жүрү. Кичүү кызы Токтокан Лайли эжем курактуу, Кайыркан кудагыйдын эркеси, көрөр көзү, келечектеги зор үмүтү. Атамы дайыма «аке» деп атап, өзүнө жакын адамы катары санап, тээ мурда, согушка чейинки мезгилде барды-келдилери

үзүлбөй катташып турушчу экен. Деги бул Ак-Баш айылында мындан башка дагы бир туугаңыбыз бар экенин үзүл-кезил угуп жүрчүмүн. Ал да болсо Момун акемин аялы Аккыз жеңем. Бул экөө тең Шарапат эжем менен Жоробек жездем окшоп, Жалала-Абадда педагогикалык окуу жайында окуп жүрүшүп табышыптыр. «Бөлөм, бөлөм үчүн өлөм» дешип, бир-бирине сүйүү каттарын жаадыра жазышыптыр. Анан экөө кол кармашып, биз бүгүн басып өткөн Шыбак-Бел ашуусун ашып, Тулгага карай качышыптыр. Булар согушка чейин баш кошушуп, Убайдылда деген уулду көрүшкөн. Ал алты-жети жашка барып калган чакта чечектен катуу ооруп, ошо бойдон жакшы боло албай, көз жумду. Акем кан майданда жүрүп укту бул суук кабарды. Жеңем күйүп-бышып, кайгырып, аз жерден акылынан ажырай жаздады. Акыры буга да көнүп, бара-бара унуткандай болду. Бирок акеме жалган кабарлар жетип, жеңеми жамандап, эркектер менен ойноп жүрөт, сенин көзүңө чөп салды деп, суук кабарды жеткиргендер табылды арадан. Акем буга ишенди, чыдай албады, көңүлү сууп, жеңем менен ажырашууну туура таап, ошол жактан эле «талак кое берди». Жаш неме карап турчубу? Арадан анча убакыт өтпөй күйөөгө чыгып кетти. Аккыз жеңемин атасы Абдыракман, эмнегедир эл аны Алакүчүк деп аташчу, аябай жоош-момун, ак көңүл, дыйкан адам эле. Эмгек фронтуна кетип, ал жактан кайтпады. Ал эми анын аялы Кенжеке болсо, карып-арып өз ажалы менен өлдү. Бул эжебиз да ошо таенем жактан болот экен айтымында. Булардын турган жери Шарапат эжемдерге жакынкы айылда, Кызыл-Байрак деп аталчу кызылча экчүү колхоз. Бирок азыр биз алар менен катташыбыз болбой калган. Абдыракман да, Кенжеке да ааламдан өтүп кеткендиктен, жеңем күйөөгө чыгып, бизге жат болуп калгандыктан, аларга илинерибиз жок эле. Уулу Эралы, кызы Анара жеңемен кичүүлөрү болуп, алар азыр өз-өз турмуштарын куруп, ар жактарга тарап кетишкен. Ошондук-

тан биз бүгүн түш ченде Шыбак-Бел ашуусунан түшүп, айыл аралап келатканыбызда эле Аккыз жеңемдердин үйүнүн жанынан өткөнбүз. Жал-жал карап коюп, өткөнкү жакшы жашоолорун көз алдыга келтиргенбиз. Азыр үйлөрү аңгырап ээн. Эч ким деле жашабайт. Чөп басып, дубалдары урап, жашоого мүмкүн болбой калган. Бул абалды көрүп, башыбызды чайкап, ичибиз ачышып, кайран Аккыз жеңемин ошол кездеги доорун бир сыйра кеп-сөз кылып өткөнбүз. Оо-уу, айта берсе ал өзүнчө узун сабак, узун аңгеме!

Кайыркан кудагый менен апам экөө төр жакка отурушуп, эми чындап ал-ахвалды сурашка өттү. Мешке от жагылды. Үй ичи жылыды. Алдыбызга дасторкон жайылды, нан коюлду. Жарпыбыз жазылып баратты.

— Кудагый, келгениңиз бир жагынан жакшы болуптур — деп сөз баштады Кайыркан кудагый. — Сиз менен бетме-бет отуруп сүйлөшүүнү көптөн бери күтүп жүрдүм эле. Кеп мынадай, кызыңардын кулк-мүнөзүн менден жакшы билесиңер. Анын баарын айтсам аягы түгөнбөйт. Айласыз чыдап жүрөм. Алыс болсо да тууганчылык жайыбыз бар. Күйөөмөн болсо жаш кезимде жесир калдым, согуш жалмап бүттү. Ошо бойдон турмушка да чыкпадым. Термелеп иштеп, бирди экиге улап, үзүлгөндү чыңап, турмуш түйшүгүн жакшы эле тартып келатам. Уулум Жоробекти, кызым Токтоканды «канаттууга кактырбай, тумшуктуура чокутпай» алпештеп чоңойттум. Насип экен, силер менен куда-сөөк болуп калдык. Арадан билинбей үч жыл өттү, мына быйыл төрт жылдын жүзү болду. Бирок неберелүү боло элекмин. Менде да илгери үмүт, жакшы тилек, алдыга койгон ой-максаттарым бар. Наристенин ыңаалаган ыйын уккум келет. Сөзүмө капа болбоңуз!

Апам мунун баарын уюп укту. Шыпшынып коюп, кээде үшкүрүп, бирде шып жакты, бирде жерди карап, астына салынган төшөктүн четин кармалайт. Келгенине, ушул сөздөрдү укканына өкүнгөндөй түрү бар.

— Али булар жаш эмеспи, үмүт үзбөйлү, көрөр күнү алдыда! — деп мындан башка түзүкчөрөк, алгылыктуураак, жарытылуу сөз айта албады.

— Жаш деп коесуз да, кудагый — деп берки бул сөзгө ынанбады. Азыркы жаштардан ыйман кеткенби, ата-энесин сыйлабачу болушту. Мына, азыркы эле окуяга күбө болуп отурасыз. Сизди, бир туугандарын аябаган, мени аяп койчу беле? «Дарт десең балээ» деп, тең айтышып, бир сөздөн калбайт. «Улуу экен, кайын энем экен» деп тартынып койбойт. Саал катуурак тийсем эле: «Кетем! Жоголом!» — деп коркутат. Сөздүн кыскасы ушул, кудагый!

Бул ич ара айтылган сөздөр али эч нерсе эмес. Эң негизгиси али алды жакта. Анткени апам үйүбүздү сатып, бул жакка биротоло жашаш үчүн келгенибизди айта элек. Эгер муну укса, ансыз деле көңүлү иренжип араң турган кудагыйыбыз эмне дээр экен? Кантсе да кайра кетүүгө тийишбиз. Шарапат эжемин жашоо турмушу жакшы болгондо да эмне. Эми бүттү. Үйдү сатып келгенибизди апам айтпай койсо деле болмок. Бирок апам жашырбады. Ушул жагы биздин абийирибизди ого бетер төмөндөтүп салды. Лайли эжем бир ичиркенип алды да, уялганданбы, же мештин алоолонгон ысык табынанбы, эки бети тамылжып чыкты. Бул тамылжуу тартынгандыктын, намыстангандыктын, өзүн коер жер таппай алдастап калгандыктын белгиси эле. Ордунан шарт туруп сыртка чыгып кетти.

— Эмне үчүн саттыңар? — дегенден башка кепсөзгө өтпөдү кудагый. — Телмирип, үн-сөзсүз оо бир оокумга чейин мелтиреп отура берди:

— Болуптур да, эмне демекчи элем. Жашаганы келипсиңер, жашай бергиле! Үй табылып калар? Тиричилик өтүп кетер? Бирок үйдү бекер сатыпсыңар. Сатпай эле келе берсеңер да мейли эле. Бул жерден эптеп кыштан чыгып алат элеңер. Муну Керим акем, уулуңар Момун укса эмне дейт? Шарапатка айттыңарбы? Ал билеби?

— Айтканыбыз жок,— дедим мен ортодон

чыга калып,— билбейм Лайли эжем эле айта салбаса?

— Ээ, анын билген-билбегени менен менин ишим эмне? — деп апам кабагын бүркөдү. — Ал өзүн эптеп алсын.

— Кантсе да өз кызың, кеңешип көрүшүңүз керек! — деди кудагый.

Шарапат эжем ошо бойдон биздин жаныбызга келбей, жолобой койгон. Сыртта карбаластап жүрөт. Үй жумуштары менен алек болгон Токтокан, ага жардамдашкан Лайли эжем. Капыстан эле апам сөздү башка жакка бура салды:

— Атасын, акесин согушка узатып жатканыбызда силерге кабар берген элек, же маалында жетпей калдыбы кабар?

— Укканбыз, кабар келген! Бирок бара албадык. Айыпка чалбагыла, кудагый! Анын жөнү, себеби бар. Дал ошо мезгилдерде Жоробек ооруканада жатып калды. Тракторунун кандайдыр бир темири белине түшүп кетип, шаарда бир жылча жатты айыга албай. Биз ошону менен убара болдук!

— Эми түзүкпү? Муну укпадык эле?

— Түзүк, иштеп жүрөт? Кызыңарга, өзүң бара бергин десек, көнбөй койгон, жөө качан жетем деп. Анан: «Баары бир Жалал-Абадга келет, поездге түшүшүп, ошерден жөнөйт» деп ойлоп, темир жол вокзалына барганбыз. Бир күн кечигип калыпбыз, жөнөп кетишиптир, көрүшө албадык!

— А-а эми, аман-эсен келип калышса болгону! — деди апам.

Саамга тынчтык өкүм сүрдү. Үй ичинде эч ким жоктой коңулдап, ээн жерде отургандай боло түштүм мен. Чымын учса угулгандай тымтырс. Мешке казан асылып, кечки тамак даярдалып жатат. Ал кандай тамак, аны билбейм? Иш кылып, жатар курсакка бирдеме даярдалып жатыры. Кыш күндөрү кыска эмеспи. Караңгы да түштү. Сырт жак деле суук. Асмандын түбү түшүп калгансып, кар бети алды уруп, көз ачырбайт. «Шыбак-Бел» ашуусу жабылды. Эртең кантип кетебиз?» деген ой толгоо ар бирибиздин

жүрөгүбүздү өйүп, тынчыбызды кетирип жатты. Бул жакка келе жатып, көрдүк го көргүлүктү! «Эне сүтү оозубузга келди!» Эстен чыккыс болду.

Бекер отурганда ар нерсе оюңа келе берет тура? Тулганы эстедим. Үйдү саткан күндүн эртеси апам базарга барып келген күндү эстедим. Колунда чоң түйүнчөгү бар эле. Базардан эмнелерди сатып келди экен? Бул жагы мага алигече белгисиз? Ошону эле ойлоно берем. Же мага ачыгын айтышпайт? Билүүгө кызыгам, эмне алып келди экен?

— Ыя, апа, Шарапат эжеме көйнөк-кечек, анан кудагый, жездемдерге да бирдеме алдыңызбы? Куру барганыбыз жарабас? — деген эле ошо күнү Лайли эжем.

— Алдым. Эндейиинен төрт метр шайы алдым. Бул кудагыйга. Ал эми Шарапатка жоолук эле алдым, болот ошо. Күйө балага ак калпак алдым. Анан калган пулга... — деп барып, сөздүн аягын мага угузпады.

Мына эми азыр апам ошо белек-бечкектерди алдыга жайып, атаган кишилерине берип жатты. Кудагыйга чогуу узатты да:

— Алыбыз жеткени ушул, ыраазы болгула! — деп койду.

— Жөн эле койбойсуңарбы! Биз эмне, силерден үмүт кылат белек? — деп кудагый чын пейили менен буга корогон акчага ичи ачышканын билдирди. Аңгыча кечки тамак да даяр болуп, бир кеседен жүгөрү жармасын ичтик да, жылуу жатып алдык.

Эртеси таң заарынан ордубуздан турдук. Кетүүгө камындык. Түйүлгөн төшөк-жууркандарыбыз дагы эле суу былчылдап. Салмагы оор. Таңган жибибиз чечилбептир, ошо бойдон. Бир пияладан чай ичтик, өзөк жалмап алдык. Кар басылганы менен кара суук күчөп турат. Аба бүркөк.

— Эми кудагый, айтканыма көнбөдүңүз! Жашай бергиле кыш чыкканча ушерде десем болбодуңуз! Ыктыяр өзүңүздө, зордой албайм! Эми жакшы баргыла! Капа болбогула! Керим акем

менен уулуңуз Момун алты аягы соо, алтын башы аман-эсен келип калышса, бул күндөр да унутулат!

— Жакшы калгыла! Эсен болгула! Менден таарынбагыла, капа болбогула! «Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет тура?» Кантейли эми?

Ушул учурда Кайыркан кудагыйыбыз пөйпөлөктөп, бир нерсени унуткандай, эми эсине түшө калгандай, шашып-бушуп мындай деди:

— Ий, кокуй, кое тургулачы бир аз! Такыр унута жаздапмын! Азыр, азыр! Күтө тургула! Мен келем азыр!

Бөжөңдөп үйгө кирип кетти. Ал жактан дароо эле чыкты. Бирок колунда чоң мис табак бар. Ага толтура жүгөрү салып алыптыр:

— Жолдо кереги тийет, кудагый! Бар болсо, жетишип турса, көп берет элем! Ушуга ыраазы болгула эми! Кана, идишиңер барбы? Э-э, ала чыкбапмын да? Токтокан, жүгүр, калта алып чыккын!

— Ыракмат, ыракмат! — дей берди апам сүйүнүп. — Ыраазыбыз сага!

«Эх, жакшы болбодубу! Казанга куурул, ак бадырак кылып жейбиз!» — деген таттуу кыялга чөмүлдүк. Коломтого дүмбүл бышырып жеген күндөрүм дароо көз алдыма келе түштү!

Шарапат эжемин кечеги кежирлиги дагы башталды. Бир табак жүгөрүнү колмо-кол берип, алып жаткан учурда, кайдан-жайдан пайда боло калганы белгисиз? Эртеден бери биз аны көргөн эмесбиз. Биз менен коштошкону да келбеген. Аны унутуп да салганбыз. Балакет баскырдыкы, чекеге чыккан чыйкандай болуп, чырылдап-ырылдап, чыга калганына не дейсиң? Эмне, жамандык менен жакшылык ар убак бирге жүрөбү? Экөө үзөңгүлөшпү? Киндиктешпи? Эгиз туулушканбы? Бир тууганбы? Эки жак бетме-бет келмейин, күрөшмөйүн, жашоо дегенин жөн өтпөйбү? Дайыма карама-каршылык менен кагышып, алышып, талашып-тартышып, күрөшүп жатып күн көрөбүзбү? Акыры кимиси жыгат? Кимиси баш байгеге ээ болот? Кимиси жеңилет? Мышмыйып калат? Ал жагы адамга байланыштуу!

— Бербейм ! Жүгөрү жебесе, балээни жешсин булар! — деп айкырды бир тууган сүйүктүү, сүйкүмдүү, алтынга бергис асыл эжем. — Жүгөрүдөн айланып кетишсин! Келе биякка жүгөрүнү! Жоголгула! Итти кет десе да кетет го? Шөмтүрөбөй өлгүлө силер! Дубанадай болушуп, үстүндөгү кийимдерин, кейиптерин кара булардын! Кеселдин көрпөсүндөй сүйрөлгөн сөйрүктөр!

Жүгөрүнү кайын энесинин колунан шап жулуп алды. Жулуп алганда, жүгөрүнүн жарым чактысы төгүлүп, кар бети жайпап калды.

— Ай, Шарапат, сага эмне болгон? Жиндисиңби? — деди адегенде секин сүйлөп кудагый. — Көзүн май басып калган го? Бул апаң, үкелериң! Мен дубанага, жат адамга берип жаткан жокмун бул жүгөрүнү! Көзүңдү ач! Акылыңа кел! Сени ушу, жин уруп кетсе керек? Соо эмессиң? Капырай!

Шарапат эжем, айланайын жатындаш, кандаш, кадырлуу эжем! Сенин мээрибандыгың таш эритет! Боорукердигиң боорду тешет! Азаматым!

Апам аң-таң калып, оозун аңырайта ачып, лам дебей, демин ичине тартып, кез-кез кирпик ирмеп коюп, бир жерден жылбай катты да калды! Лайли эжем экөөбүз четте турабыз же ак, же көк дей албай. Токтокан арага түштү эле: «Сен аралашпа!» — деп апасы тыйып койду. Табактагы төгүлүп калган жүгөрүнү, жарым-жартылайын болсо да алсак болот эле. Бирок Шарапат эжем ичкери карай дулдуңдап чуркап бaратат.

— Токто! — деди кудагый анын алдын тосуп. — Кайда алып баратасың? Тим койсо, адебинен ашып баратасың сен! Келе биякка табакты! Бул жүгөрүнү сен эккен эмессиң! Ага сен кожоюн боло албайсың! Жүгөрү Жоробектики! Ошол эккен, ошол сепкен! Мына минтип айтам сага, билдиңби? Түшүндүңбү, келесоо? Эненин ак сүтү уруп кеткир!

Шарапат шалдайып туруп калды. Кайын энеси мис табакты анын колунан алгандан кийин, жүгөрүнүн аз экенин, төгүлүп калганын эми эстегендей, кызы Токтоканга кайрылды:

— Бар, сандыктагы жүгөрүдөн дагы алып

чык! — Ушул сөздү гана күтүп тургансып, Токтокан табакты ала койду да, жүгүрүп үйгө кирип кетти.

Кызыктын кызыгы эми башталды. Сонундун соңунун эми көрөт окшойбуз? Шарапат эжем жоолугун ары ыргытып, чачтарын саксайтып, кайын сиңдиси Токтокандын артынан чуркады. Эшикке жетерде, Токтокан да ичкери тараптан чыга калды. Шарапат эжем кулачын кеңири керип, каалганы кучактап, кайын сиңдисинин алдын тосту:

— Бербеймин! Бербеймин дедим, бербеймин! Бир тогслок да дан бербеймин! Андан көрөкчө чачып жиберем!

— Апа, муну караңыз! — деди Токтокан. — Тур нары, жогол! Алдымы тоспо!

Эми жеңеси менен кайын сиңдиси бир-бирин «сенсиреп» сүйлөөгө өтүштү. Ырк кетти, ызаат кетти, сыйлоо, урматтоо болбой калды!

— Биякка тур, акмак! — деп Кайрыкан кудагый Шарапат эжемин каалганы кучактаган колдорунан тартты, бир-эки жолу жаактан ары тартып да жиберди. Мына ошондо гана кайран эжем, көрсөм экен деп эңсеген, сагынган, анын тагдыры үчүн сар-санаа тарткандыгыбызды билбеген эжем, эчкирип кое берди:

— А-аа, өлтүрдүңөр мени! Өлтүрүп кеттиңер! Жоголгула үйүмөн!

— Бул үй сеники эмес! Биздин үй бул! — деди Токтокан да бош келбей. Мына ушундан кийин Шарапат эжемин шаанысы өчтү. Тилин тиштеп алгансып, оозу жабылды да калды!

Биз жолго чыктык. Алды жакта узак, татаал, машакаттуу жол жатат жылаандай чубалжып, аркандай созулуп! Ажыдаардай ажаан адам менен алышып-күрөштүк! Эми алдыда жаратылыштын, табийгаттын, айлана-чөйрөнүн катуу каршылыктары жатат! Аны менен да беттешебиз, кездешебиз! Кимибиз жеңебиз, бир кудайдын өзү билет!

IV

Шыбак-Бел ашуусунун дал чокусундабыз. Асман тик төбөдөн тийип тургансыйт. Ак, кара аралаш булуттар ары-бери сүрүлөт. Айлана бирде түнөрүп, бирде ачылып кетет. Белден бери карай чыга бергенде эле кар жааганын токтоткон.

Ошондон бери жаай элек. Жол жүргөндөнбү, эжеми көрүп, анын жаман жагына күбө болсок да көңүлүбүз жайланып калгандыктанбы, же бет алды соккон суук шамалдын жоктугунанбы, ичи кылып, кечегичилеп калтырап-титиреп үшүгөн жокбуз. Балким көнүп кеткендирбиз? А балким, үйгө бараткаыбызга сүйүнүп жаткандырбыз?

Ушул бийик чокуга келип дем алдык. Кечеги Арал айылында жашаган Ризван эненин берген нанынын бирөө дале сакталуу экен, апам аны алдыбызга коюп сындырды. Катып калыптыр. Бирок баары бир ширин, таттуу, оозго салсаң эле канттай эрип кетет! Дүйнөдө нандан артык, нандан баалуу, нандан өткөн керектүү тамак болбосо да керек?

Бүтүн ата-бабаларыбыздын арбактарына атап бата окудук да, жолубуздун шыдыр болушун тилеп, кайрадан жол уладык. Жолдор, жолдор! Аалам пайда болуп, ынсан жер жүзүндө жашап келаткандан бери түгөнбөгөн, бүтпөгөн жолдор! Бул жолдун акыры качан түгөнөт, качан аяктайт, каерге барып, эмне болуп бүтөт, ал жагын Алла Тааланын жалгыз өзү гана билет! Пендеси кумурскадай кыбырап, курсактын камын көрүп, бирде кубанып, бирде кайгырып, бирде ыйлап, бирде каткыра күлүп жашай берет! Бул түбүң түшкүр дүйнө ошентип келген! Дале болсо ошентип, нугун бузбай, калыбын өзгөртпөй өтө бермекчи!

— Тээ мурда, согуш баштала элек жылдары,— деп апам узак аңгемеге түшүп кетти. — Момун акеңерди үйлөнткөндө, жеңеңер Аккызды алып кеткени келгенбиз Ак-Башка. Анда кеңиричилик эле. Заман башка, шарт башка, жашообуз да башкача эле. Тамак-аш жетиштүү, турмуш аябай кооз көрүнөт. Чөбү тизеден өсөт, түрдүү-түмөн

канаттуулардын жайы бул жер. Жабырап чыккан гүлдөрчү? Абасы таза, тим эле жийде бурак жыт келип турат. Авазың келет! Чырым, андыз гүлдөрү бадырактай аппак болуп, бүт айлана сулуулукка бөлөнөт. Ажайып жер! Азыр кыш болгондуктан билинбей атпайбы. Ак-Башка кудалап келген чакта атчан элек. Тээтиги көрүнгөн мистелүү колоттун тескей тарабына өтүп, аттарды чаалыктырып алчубуз. Суурлар, кашкулактар ийиндеринен баш багып, бизден коркпой-үркпөй эле бакырайып карап тура берчү. Жап-жаш жашыл балатыларчы. Ит мурун, чычырканак, боз чийлерди айта бербе. Кудай насип кылса, жаз мезгилинде силерди ушул жакка бир жолу алып келип, көрсөтүп кетсем жакшы болот эле, балдарым!

— Көрбөй ак, келбей ак койдук! Тойдум ушулардан! — деди Лайли эжем апамын аңгемесине анча маани бербегенсип. — Өзүбүздүн эле Тулгага жетпейт!

— Ушул кезде кулактарын тикчийтип, калың карда баса албай, секирип-секирип бир коен алдыбыздан өтүп кетти.

— Ий, ана-ана, коен, коен! — деп мен тура калдым. — Көрдүңөрбү коен!

— Бул дагы эч нерсе эмес, коен көп биерде,— деди апам. — Кекиликтер да бар. Азыр уча алышпай бадалдардын түбүндө жаткандыр ачка?

— Апа, эми жол тарталыбы? — деди Лайли эжем. Ордубуздан турдук. Күн батыш тарапка, Акман айылына карата бет алдык силкий басып.

— Деги бул жер, жер соорусу,— деп апам дагы сөзүн баштады, — күнгө төшүн керип, жайыкышы жайкалып жаткан кең талаа, даркан талаа! Тээтиги көрүнгөн тоо чокусунан бери карай куюлуп түшкөн кардын, мөңгүнүн, нөшөрлөп жааган жамгырдын суулары дал ушул биз бараткан кең жайыкка топтолот жаз келер менен. Анан алар андан ары агып отуруп, Кызыл-Байрак, Ак-Баш айылдарынын кызылча талааларына жан берет!

— Ой, апа-аа, тим эле көрүп-билип, аралашып

жүргөндөй сүйлөйсүз да? — деп Лайли эжем апамын сөзүнө ишене бербегендей мамиле жасады.

— Силерге али айта элекмин. Жаш, секелек кыз кезимде да бул жактарга көп каттагамын. Абыскен-Аталык кыздардын көбү ушул тарапка турмушка чыгышкан. Ал кезде каттообуз калың эле. Мына ушул Кайыркан кудагый да, Аккыз жененин апасы Кенжекан да менин туулуп-өскөн айылым Абыскен-Аталык болот. Анан кантип бул жактарды билбей калайын?

Арабыздагы бул сөздөр апама канчалык жагымдуу, канчалык кызыктуу болуп туюлганы менен биздин ишибиз эмне? Эси-дартыбыз эле Тулгага эртерек жетүү, курсакты кампыйтуу эле. Андан көрөкчө ошол апам айткан кашкулак, суур, кекилик, коендордун бирөө азыр колубузга тийип калчу болсо жыргайт элек! Чакмак ташым чөнтөгүмдө жүрөт. Аны бир-бирине ургулап, орто ченине жука кебез коюп, от чыгарып алуу оңой эле мага. Кар үстүнө сороюп чыгып турган шыбактардан сындырып алып, алоолонто от жакпайт белем. Шиш кебек жасап жебейт белек?

Чындыгында азыр жердин кооздугу, сулуулугу бизди кылдай кызыктырбайт! Курсагың ток болсо, жаның жай алса гана башка нерсени самайсың да. Андан көрөкчө азыр мен өзүбүздүн короообуздагы бойро менен тосулган чакан ашканабызды эстесем, аны көз алдыма келтирсем, ошо мага каниет, күч-кубат берет! Бул согушка чейинки мезгил эле. Таенемдер берген мал, койэчки короообузда маарап-чаарап толуп турчу. Айран, сүт, каймак десең бизде эле. Быштак жасачубуз. Чөбөгө жечүбүз. Сары май кеселерде мелткалт эте толуп да, төгүлүп да турчу. Керегедеги карынга салынган сары майдын элеси дале болсо көз алдымдан кетпейт! Жай мезгилинде кымыз үзүлчү эмес. Таштан тизилген чоң кемегеге килейген казанды асып, апам боорсок бышырып атканда, майдын жыты бүт айылга тарап: «Ий, ана тигилер сары май сызгырып жатыры, палоо жасап жатыры!» — дешип, айылдагылар дуу-дуу кеп кылып калышчу. Мыкчыма жасатып жеген-

ди баарыдан да жакшы көрчүмүн. Казанга жапкан жумшак нанды алдыбызга коер менен, жарым кесе сары майга тuурап, мыкчып беришчү. Тамактын таттуулугун айт! Жей бер анан отуруп алып! Лайли эжем менин жаныман жылчу эмес. Аны-муну айтып, мени эркелеткен болуп, мага атайын жасап берген куймакты да, буламыкты да, мыкчыманы да кошо жеп отура берчү. Бойро болсо, атайын ак чийден чебер токулуп, түрдүү-түмөн боекторго кештеленип, коoздоло жасалган эле. Кийинчерээк, согуш башталар алдында ал ашканабыз бузулду. Бойро да жок болду. Аны башка ишке колдончу болушту. Жүн сабап, кийиз ороп бышырчу болушту. Мындай бышык чийди мен кийин эч жерден учурата да, көрө да албадым. Канчалык сууга тийген сайын жалтырап өңүнө чыгып, солкулдап ийилип, сынбай тура берчү. Чынында бул бойро дегенибиз, көчмөн элдин эң керектүү буюму. Тиричиликке өтө ыңгайлуу, керектүү, ары-бери көчкөн кезде аткабы, төөгөбү арта салганга жакшы зарыл буюм. Ал бойрону бизге таенемдер берген болчу. Жүрүп-жүрүп, ал бойролдон да кол жуудук, жоголуп кетти.

Апам эми башка сөзгө өттү, өзүнүн ата-апасы жөнүндө айтты.

— Силердин таенеңер менен таятаңар адеп турмуш курган чакта абдан кедей болушкан экен. Түбү түшкөн жалгыз чакасы болуп, аны түптөөчү темир усталар айыл аралап келгенче чаканын тешигине кебез тыгып алышып, айласыз колдонуп жүрө беришчү экен. Алар жаны жай албаган, тынбаган, тырмалап иштеп, өздөрүнө тың, бышык болушкан. Тапканын үнөмдөп отуруп, бир кой сатып алышыптыр. Ал көбөйүп отуруп, короосу кой-эчкилерге толуп кетиптир. Мына ошондо таенеңер Татыгүл менен Орозгүл, таятаңар Таабалды бизге жардам бере баштаган.

Лайли эжем жонундагы жүктү кар үстүнө таштай берип:

—Апа, бут шилтөөгө алым келбей калды! Эс алалычы? — деди. Муну баарыбыз эп көрдүк. Бир

түп боз шыбактын түбүнө келип отурдук. Мени дароо уйку алып кетти, үргүлөп бараттым. Апам муну сезип калып:

— Кокуй, балам, уктаба! Катыгү-үүн! Уктай көрбөгүн! Тур, ордуңан! Тоңуп каласың! Бетиңди кар менен жуугун! — деди. Ыңгыранып, көздөрүмдү ушалап, ордуман козголдум. Бүткөн боюм эзилип калыптыр. Эртеден бери жонуман түшпөгөн жүктү жерге койгондон кийин жеңилдене түштүм да, уюп калган далымды күүшөп, ары-бери бастым. Ушинтип отуруп, апамдар отурган жерден бир топ алыстап кетиптирмин. Бирок мени тынчсыздандырган, ойлонткон бул маселе эмес болчу. Апамдар мени чакырмайынча:

«Малик, жүр эми кеттик! Кайда жүрөсүң?» — деп үн коштомоюнча ошоякта жүрө бермекмин. Мени башка нерсе чочутту! Башка нерсе эсимди оодарып, жүрөгүмдү чыгарды! Жаным алкымыма келе түштү! Маңдай жагымдагы укмушту көрүп, селейип, каттым да калдым! Төбө чачым тик туруп, көздөрүм чанагынан чыга жаздады! Апамдарды жардамга чакыруу керектигин оюмда билип, сезип жатканым менен: «А-а!» дешке да алым жок болгондуктан, үнүм далил чыкпады. Же алга, же артка кетенчиктеп кете албай, далдайып туруп эле калыпмын. Эмнеден чочудум?

Бир аял кар үстүндө жылаңач бойдон өлүп жатат! Анын узун, кара чачтары кар бетине жайылып, тал-тал болуп жабышып да калыптыр. Денеси да карга жарым-жартылай батып калган. Бооруна бекем кыскан наристе баласы оозуна эмчекти салган бойдон суукка так катыптыр. Бала да жылаңач. Уул экен. Өлүктүн ар тарабы бүт эле аттардын издери. Жалдынбы, куйруктунбу, аны азыр ажыратуу кыйын, айтор узун-узун аттын кылдары да карга жабышып, кээси кар үстүндө чачылып ар жерде жатат. Муундарым калчылдап, аста-аста артыма жыла бердим. Бир аз алыстай бергенимде гана:

— Апа-аа! Апа-аа! — деп үнүмдүн барынча бакырып жибердим.

— Малик, сага эмне болду? — дешип, апам менен эжем жаныма чуркап келишти. Дале калч-калч этем. Эптеп бирдемелерди булдурап:

— Тигинде... тиги жакта... адам өлүп жатат!

Муну угушуп, тигилер да дароо дандырактай түшүштү.

— Каерде? Кана? — деп апам эки жакты караган болду. Мен өлүктү сөөмөйүм менен кезеп көрсөттүм. Апам көрөр замат кетенчиктей калды да: — Астахпрылла-а! Эй, кудай, тооба кылдым! — деп келме келтирип жиберди. Анан мени бек кучактай калып: «Коркпо! Жаныңда биз барбыз го? Коркпо! Сүф-үф дегин! Келме келтиргин!» — деп, бетимен, мойнуман өпкүлөй берди: «Айланып кетейин сенден! Кагылып кетейин каралдым!»

Лайли эжем да тим турбады: Жум көзүңдү, жум! Жүр, тиякка! — деп, мени колдон алды, жетелеп жөнөдү. — Колдоруң муз менен таш экен, үшүп бүтүпсүң го? Койнума кат, жылытып коеюн!

Ушинтип үчөөбүз тең заматта тоз-тополоң түшүп калдык.

— Апа, биерден тезрак кетеличи? — деди Лайли эжем жүгүн мойнуна арта берип. — Маликтин жүрөгү түшүп калбасын! Апаптап коюңузчу, апа! — Эч качан ыйлабаган, барга-жокко чыдамдуу, кайраттуу, сабырдуу Лайли эжем да бул жолу кыйынчылыкка туруштук бере албады! Жаш балача өңгүрөп, өксүп, бар күчүн чыгарып, бакырып ыйлай берди! Мен корктум десем, менден да эжем жаман катуу коркуптур!

— Айланайын кызым-ай! — деп эми апам Лайли эжеме карай чуркады. Аны бооруна кысып, мени өпкүлөгөндөй, аны да өпкүлөп, жалынып-жалбара берди: «Кагылып кетейин чүрпөлөрүм-ай! Оо, кудай, өзүң сактай көргүн! Өзүң медет болгун! Өзүң жар болгун! Колдогун, кудай!»

— Мусулманбыз го. Жол-жобосун жасап, куран окуп коелу! Үстүн кар менен болсо да жаап салалы! — деп апам чебелектенди. — Силер коркпогула, балдарым! Өлүктөн корккон жарабайт! Колдуу болгон экен, байкуш! Өзү жап-жаш гана

татынакай келин экен! Баласын карачы, тим эле томпоюп уктап жаткансыйт! Оо, кургур дүйнө! Кууаттын го пендени!

Апам эриндерин кыбыратып, кош алаканын ябага жайды:

— Оо-ми-ин! — дедик. Кар менен денесин жаптык. Ушундан кийин гана жолубузду узарттык. Эми биз ачкалыкты да, чарчоону да унуттук. Алды-артыбызды карабай келатабыз. Алда-кудай деп, алдактап-далдактап, алаңдап, жолдун кыйынчылыгы да сезилбей калды. Башымда четтери тытылган атамын эски тебетейи, ал мага чоң келип, кулакты жапыра басып да калган. Үстүмдө жука чапан. Белимди жип менен бекем байлап алгамын. Өлүк өмүр бою эсибизден чыккыс болду! Баардыгынан да бизге мына ушул мазени алган көрүнүш чоң таасир калтырды! Муну көрбөсөк болот эле, эми аны унутуу кыйын!

Намазшам ченде Акман айылына да жетип келдик. Аябай талыкшып чарчагандыктан, көздөрүбүз караңгылап, башыбыз айланып, араң эле бут шилтөөдөбүз. Мен басып баратып эле үргүлөйм. Анан өлүктү эстейм да, чыйрала түшөм. Ак-Башка бараткандa канчалык чарчасак да кыйналсак да, мынчалык бошогон, алсыраган эмес элек!

Бар тобокел деп, биринчи эле жолуккан үйгө карай бурулдук. Ал үй айылдан обочорок, четирек жактагы дөбөгө салыныптыр.

Каалганы өзүбүз ачып, ичкери баш баксак, кичинекей жаш кыз төр жакта кыңкыстап жатыптыр. Табы жок го? Орто ченде сандал орнотулуптур. Үй ичи муздак. Бул кыздан башка эч ким көрүнбөдү. Жонубуздагы жүктү ирегe жакка койдук да, ага өзүбүз көчүк бастык. Апам тигил ооруп жаткан кызга кайрылды:

— Кызым, үйүңөрдө ким бар? Апаң кайда? — Тиги кыз бизге жооп берүүнүн ордуна, жамынып жаткан жууркандын чети менен бетин чүмкөп алды. Лайли эжем кокустан эле эч кимибиздин оюбузда жок сөздү айта салды: «Апа, тиги очоктун жанында казаны турат. Отуну да даяр экен.

Жанагы жүгөрүнү кууруп жебейлиби? Курсагым аябай ачты!

— Кантет? — деп апам буга ынабады. — Ошо да болчу беле? Үй ээсинин уруксаатысыз бейадепчилик кылгандыгыбыз үчүн жооп берип калбайлы? Күтө туралы, келип калаар бирөө-жарым? Жүгөрү качпайт!

Эми төрдө жаткан кыз биздин кобур-собурубуздан улам, бетин ачып, көздөрүн жылтыратып, бизди шыкаалап карады.

— Жата гой кызым, жата гой! — деп апам ага башын ийкеп, эркелеткендей карады. — Жакшы кыз экен, карасаң, өзү жалгыз ыйлабай жатканын?

Ал аңгыча каалга кыйчылдап ачылды да, үйгө жаш курагы жагынан апаман бир топ эле жашыраак, сулууча келген аял кирип келди. Бизди көрүп таң калуу мындай турсун, чоочуп да кетти.

— Апей, булар ким эле кокуй? — деп коюп, кызына чуркады. — Барсыңбы, Арзыкан? Булар кимдер, ыя? Сурабай-этпей эле кирип келе береби? Көчөдөгү дубаналар го? Эмнеге киргиздиң буларды? Уурулук кылганы келишкен го?

— Билбейм! — деди кызы алсыз үн чыгарып. — Өздөрү кирип келди.

— Айланайын, биз дубана эмесбиз! Тентип жүргөн бейбаштардан да эмесбиз! Жөн-жайыбызды анан айтам. Мына бул балдарым менен үшүп кетип, анын үстүнө кеч болуп калып, жатаар жай иликтеп кирип калдык! Кечирип кой, айланайын? Азап чеккен жолоочубуз! Мына бу Ак-Баш тараптан, кызыбыздыкынан келаттык эле! Шыбак-Белден азыр эле ашын өттүк. «Жол азабы, көр азабы» дейт, аябай азап тарттык, чарчадык! Түнөп кетүүгө уруксаат бер, бай болгур? Ырайымың келсин бизге?

Апам көп эле жалынып жиберди окшойт. Лайли эжем аны жактырбагандай олое бир карап койду. Апам аны түшүндүбү, түшүнбөдүбү, дагы эле жобурап, эки күндөн бери көргөн күнүбүздү, каерге барып, ким менен жолугушканыбызды төкпөй-чачпай заматта айтып бүттү.

— Жазыксыз адамдарбыз! — деп сөзүн аяктады апам.

Үй ээси кунт коюп уккандай болду. Саал жоошуй түштү. Азыр эле эмне болор экен деп сарсанаа тартканыбыз тарап, үмүт оту жалт этти. «Эми жүгөрүнү кууруп жейбиз!» — деген кыял бийлеп алды.

Бул аялдын аты Айсалкын экен. Өзү айтып тааныштырды. Биз менен сүйлөшүп жатып, кызын жылуулап жаап, эңкейип бетинен өптү да, далистеги кемегесине от жага баштады.

— Айтымыңарда аябай эле кыйналыпсыңар! Мейли, бүгүнчө түнөп, эртең күн ачылганда кетерсиңер. Тулга жактан болот турбайсыңарбы? Тентек-Сайдан кантип өтөөр экенсиңер? Күрткү коркунучтуу!

— Көрөсүз да аны да. Келе жатып аман-эсен эле өткөнбүз.

— Кече Жалал-Абадга барып, күйөөмдү согушка узатып келдим — деп Айсалкын эже да өз көйгөйүн айта баштады. — Бетиң курусун, темир жол вокзалында кыжылдаган эле эл. Ыйчый! Ырдап-бийлеп, комуз чертип жүргөндөрү да бар. Жөнөй турган эшелонго жоокерлер батпай, эки-үч күн күтүп калдык. Чайканадан эптеп орун табылса, тикебизден тик туруп таң атырдык. Байкуш Асылбегим, ичим туз куйгандай ачышып, көздүн жашы көлдөй агып, колуман кушту учуруп кала бердим!

— А-а, эми, аман болушсун! Менин күйөм, уулум да согушта. Кетишкенине мына төртүнчү жыл болуп калды!

— Кат-кабар барбы?

— Кийинки мезгилдерде кат келбей калды. Тынчым кетет ойлонуп.

— «Кырк жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт» дешет го эл. Жакшылыктан үмүт үзбөйлү. Элдин башына келген азапты кошо тарттыбыз да. Ошо Жалал-Абаддан жакшы кабар уктум. Биздикилер жеңип, душман артка чегинип жатат деп айтышты! Радиодон да уктум!

— Ошондой эле болсун! Жеңиш менен аякта-

сын! Кана эми согушка кеткендердин баары аман-эсен кайтышса! Бияктагы бизге да жабыр болду! Баарыдан да жаш балдар, кары-картаңдарга оор, өтө оор!

Очоктогу от лапылдап күйүп жатыр. Казан асылган, кечки тамак жүгөрү талканынан жасалган атала. Ошого да каниет кылабыз! Үй ичи да жылып, сүйлөшүп дегендей, жарпыбыз жазыла түштү. Ооруп жаткан кыз Арзыкан да башын көтөрүп, бир аз көңүлү ачылып, биз менен бирге аны-муну сүйлөшкөн болот. Лайли эжем экөөбүз аны алаксытып, көңүлүн ачып, жылуулап кийинтип, жаныбызга отургузуп да койдук. Чоң кишилер чоң кишилер менен, бала бала менен да. Ар кимдин өз теңи бар. «Тең теңи менен, тезек кабы менен» деген накыл сөз бекер жерден айтылып калбаса да керек.

Апамда бир сыр бар шекилдүү? Ал купуя сырдын бар экендигин мен тээ Тулгада эле, үйдү сатканда эле билгемин! Көрсө, Лайли эжем экөө менден жашырыптыр. Анысы мына эми билинип отурат:

— Айсалкын, сенин жашың менден бир топ кичүү өңдөнөт? Бирок сыр билги, ак көңүл, ыймандуу келин экениңди дароо эле билгемин. Мына, азбы, көпбү, жанатан бери сүйлөшүп отуруп, бир-бирибиздин жөн-жайыбыздын чет-жакасын билип да алдык! Эми сөз мындай. Менде сата турган кездемелер бар! Алармандар болсо тап, сүйлөш, Сатамын!

Көрсө, үйдүн акчасына чыт-чыбыр сатып алыптыр. Аны өз наркынан ашырып, кымбат баага сатып, пайдасын көрүү үчүн Ак-Баш тарапка алып келген тура? Бирок Шарапат эжемдердикинде бул жөнүндө сөз козголгон эмес эле. Бөз, шайы, сатин, атлас жана башка мен аттарын билбеген кездемелер абдан эле көп. Мунун баарын апам белине кантип билдирбей ороп алды экен? Айсалкын эже кездемелердин четинен кармалап, кызыгып көрө баштады.

— Тандап туруп керегин ала бер. Мага азыр пул керек!

— Кана ошо пул? Менде пул жок да! — деп ийинин кысты үй ээси.

— Коңшу-колоңдорго да айтып көргүн. Алармандар чыгып калар?

— Ай, билбейи. Айтып көрөйүн.

— Бул чыт-чыбырларга аябай көп акчам кетти! Үйдү саттым!

— Үйдү саттым дейсизби?

— Ооба, жакшынакай жашап жаткан үйүмдү саттым!

— Бекер кылыпсыз. Азыр айылга барып, каерде жашайсыңар?

— Бара көрөбүз да. Эл-журт бар дегендей, көчөдө калбасбыз?

— Маакул, аны менен менин ишим жок. Метрип канчадан дейсиз?

— Ар түрдүү. Атлас, шайылардын баасы кымбатыраак. Беркилери өз сапатына ылайык арзаныраак.

— Билбейм, алармандардын табылышы кыйын го? Башка жактан табылып калар? — деп үй ээси ордунан туруп, казандагы кайнап жаткан жарманын капкагын ала койду. Ал көбүктөнүп, ашып-ташып кеткен эле.

Кездемелерди сатууга апамын көзү жетпеген соң, супсуну сууй түштү. Кездемелерди кайрадан белине ороп алды. Үй ээси сандалга чок салды. Ошерге тегеректеп отурдук. Жарма ичтик бир кеседен. Үлпүлдөп чырак күйүп туру. Сандалдан бутубузду чыгарбай эле, ошол бойдон орду-ордубузга сулап жаттык. Уйкуга кеттик.

Таң да атты. Кайра жолго чыктык. Базар-Коргондун борборуна күн шашке маалда жеттик. Тентек-Сайдын жээгине орнотулган чайкананын жанына келип токтодук. Кирели десек, акча жок. Кирбейли десек, өзөк жалмап албасак да болбойт. Алды жакта Тентек-Сай жатат! Арал тарап таптакыр көрүнбөйт. Бозоргон калың булутбу, туманбы, айтор ак тонун жамынган талаа! Жолубуздун эң кыйын, эң татаал, жүрөктүн үшүн алган жери мына ушул! Суук болсо бети-колду ай-

малайт, жалмалайт! Оо, кудай, ак кар, көк муздун үстү менен жүрүү оңой бекен?

— Акчабыз болбогону менен,— деди Лайли эжем,— белиңиздеги кездемелер бар го? Беребиз да ошондон. Ачка өлөбүзбү анан?

— Туура айтасың! — деп апам аны туура тапты. — Ошентели!

Чайканага кирдик. Үстүбүздөгү кийимибизден тартынып, кире бериштеги жапыс секичеге кысынып отурдук. Эл анча деле жок экен. Тээ төр жакта эки кары киши, согуш жөнүндө кеп козгоп отурат. Биз жакты карап да койгон жок. Бир маалда жаныбызга жаш бала лепилдеп чуркап келди:

— Маилби же көк чайбы? Канча нан? — деди ал.

Анын сөзүнө жооп берүүдөн мурда, апам муну айтты:

— Атаңы чакырчы бери, ишибиз бар эле?

— Эмне иш ал? Айта бергиле мага деле! — деп кеп кайтарып туруп алды. — Атам жок. Бир жактарга чыгып кеткен. Кечинде келет.

Биздин талаш-тартышыбыз, эгер азыр эки колтугуна тең балдак таянган орто жаштардагы киши кирип келбегенде, дагы эле улана бермек. Кер мурут, эки бети анардай кызарган, дене түзүлүшү чың, толмочунан келген бул адамды көрөр менен эле, чайкананын ээси экенин жазбай тааныдык. Апам ага ал-ахвалыбызды түшүндүрдү. Чай менен нандын акысына берер буюмду да айтты эле, тиги:

— Жөн эле коюңуз! — деген сөздү айтып-айта электе, ортодон мен кыпчылып: «Апа, курсагым ачты! Нан, нан жегим келет! Үшүдүм!» — деп жибердим. Лайли эжем тим отур дегенсип, чыканагы менен бир түрттү.

— Шавкатжан,— деди анан чайканачы,— бу меймандарга эки нан, бир чайнек чай алып келиң. Пулу жок экен, мейли, соопчулук да керек!

— Хуп, болот, ата! — деп шыпылдап жөнөдү бала, шарактап кайнап жаткан самоор жакты карай. Заматта сары жез падноско нанды, анын

чет жагына чайнекти, эки пияланы тизип алып, лыпылдап алдыбызга жетип келди:

— Мына, азиз меймандар! Жегиле, ичкиле! Тамагыңар таттуу болсун!

— Мына, көрдүңбү? — деди Лайли эжем мага ишарат берип,— бала деген ушинтип тыкылдап, тилинен да, колунан да иш келип туруш керек! А сен: «Үшүдүм! Курсагым ачты!» — дей бересиң. Биздин эмне курсагыбыз ачпаптырбы, үшүбөптүрбүзбү? Чыдаш керек адам деген! Чыдагын!

— Болду эми, Лайли! Малик деле акылдуу бала, чыдайт, түшүнөт.

Мурдумду жаныш коюп, апамын бул сөзүнө курсант боло түштүм. Чайды да ичип, нанды жеп бүттүк. Чала курсак болсок да, ошого канааттандык. Жанагы Шавкатжан даган шыпылдаган бала сырт жактан бир чака көмүр, жарылган отун көтөрүп, жаныбыздан өтүп баратып:

— Болдуңуздарбы? Пулдун кереги жок! Атам айтты. Бара бергиле! Аш болсун тамагыңар! — деди.

— Баракелде, балам, баракелде! Өмүрүң узун болсун! — деп апам алакан жайып, ыраазычылыгын билдирди. Кош алаканын жайып бата кылды.

— Айтканыңыз келсин, апажан! — деди тиги тыкылдап.

Чайканадан чыктык. Суук, муздак шамал дароо денебизди аралап, ичиркентип жиберди. Кымтындык. Ылдый жакка, сай тарапка түштүк. Ана, айтылуу Тентек-Сай жатат бизди күтүп! Кабагын ачып, жаркырап-жайнап күтпөстөн, ачууланып, бизде өчү барсынып, биз ага күнөө кылып койгонсуп, айып иш жасагансып, тим эле кабагынан кар жаагансыйт!

«Каныңарды сором! Сөөгүңөрдү бүркөм! Денеңерди жанчып, талкалап, ундай сууга чылап, ийлеп, камырдай жууруймун!» — дегенсийт.

Биздин буга чейинки көргөн азап-тозогубуз аздык кылып жатабы? Жетишсизби? Калган-кат-

каны дагы барбы? Качан жакшылыкка жолугабыз? Жер жүзүндө биз элеби, ушинтип, шүмүрөйүп, тентип жүргөн? Же бизден башкалары да барбы? Жамандыктын баары, кыйынчылыктын баары бизди эле тороп алса керек? Артыбыздан ээрчип, акмалап, шылдыңдап күлүп;

«Эй, адам! Сен өзү кимсин? Кыбыраган жансың! Мени менен тең келе турган, алышыпкүрөшө турган ахвалың жок сенин! Бир жүргөн байкушсуң! Жыргатсам да өзүм билем, кууратсам да өзүм билем! Сен, ынсан, мына ушуларга чыдасаң жаша, чыдабасаң, өз ишиң! » — дегенсийт ал.

Адам айтат: «Сен антип мени коркутпагын! Үркүтпөгүн! Мен адаммын! Канчалык кыйноолорду баштан кечирген сайын, ошончолук чыңала беремин! Чыйрала беремин! Мен жеңемин! Адам жеңиш үчүн, өз максатына, тилегине, ойлогонойлоруна жетиш үчүн жаралган! Антпесе, кыйналса эле кыңк дебей моюн сунуп берсе, ал адамбы? Жок! Адам күчтүү! Адам айлакер! Адам акылдуу! Тар жол, татаал ашуулардан жол таап кетет! Ойлобогун, курт-кумурскадай тебелеп, тепсеп, жүдөтүп, ыйлатып, кор кылып, каалашымча ойной беремин деп? Жо-ок, миң мертебе жоок! Андай болбойт! Акыры өзүң бизге баш ийесиң! Кулдук урасың! Адамзаттын кандай экенин ошондо билесиң! Билесиң да, таң каласың! Кана, алышып-күрөшүп көрөлүчү! Бул сөзүбүз иш жүзүндө аныкталсын!»

Кетип баратабыз. Айлана ак кар, көк муз! Муз астында шылдыр-шылдыр эткен суунун шоокуму гана угулат, мындан башка эч шыбыш жок! Карга-кузгундун карааны да көрүнбөйт. Жомоктордо айтылчу: «Как эткен карга, кук эткен кузгун жок. Ээн талаа, эрме чөл» — деген сөздөр эсиме түштү. Апам жомок айтканда жомогун дайыма ушинтип баштоочу, же ошентип аяктоочу». «Жомок айтып берейинби, балам?» — дегенде эле; «А-а, жанагы мен мурда угуп жүргөн сөзү менен баштайт дагы!» — деп ойлоп калчумун.

Кызык, менин оюм менен апамын ою экөө мин-

тип туура келип калганын карачы. Жомок жөнүндө экөөбүз тең бир убакта ойлоптурбуз. Жолдун катаалдыгынан алаксытайын дедиби, өзүнүнү көңүлү келип турганбы, жомок айтып берүү жагын сунуштап калды. Жок дебедик. Бирок сөздүн арасында, абайлап басуубузду, анын баскан изинен чыкпай, бир-бирибиздин этегибизди бекем кармап алып жүрүүбүздү миң жолу кайталабы. Суунун булоосубу, кардын илебиби, ким билсин, айлана ак туман. Кичине эле артта калсак, адашып кеткидейбиз. Үчөөбүздүн тең колубузда таяк. Алды жагыбызды укуп, ургулап, муздун калпыз жерин басып албоо аракетин жасап баратабыз!

— Сүйлөп басыш керек,— деди апам жомокту баштоодон мурда,— антпесек, үшүп калабыз, чарчап калабыз! Көңүлүбүз да чөгүп кетет. Жаман ойлорду ойлобой калабыз! Эмесе, уккула, балдарым! Бирок көзүңөргө карагыла, муздун калың, жука жери таяк тийгенде эле билинет. Билинер замат ордуңардан жылбагыла! Тык токтогула! Жайы келсе, отура калгыла! Мага айткыла! Макулбу, балдарым? Ошенткиле, кагылайындар!

«Бар экен, жок экен, илгери-илгери, өткөн бир заманда, көктө кайкып учуп жүргөн каркыра болуптур. Анын кырк балапаны бар экен. Жай айлары аяктап, күз келип, суук түшөр мезгилде жылуу жер издеп, түштүккө карай кырк балапанын ээрчитип алып учуп жөнөптүр. Кете беришет, кете беришет. Токтобойт, дем алышпайт. Нечен-нечен дарыялардан, деңиздерден, көлдөрдөн, бийик-бийик тоолордон өтүшөт. Ач калышат, ток болушат. Баарына чыдайт. Акыры чарчашат, чаалыгышат. Канаттарын сермей албай, учуп баратышып үргүлөшөт. Ошого карабай уча беришет, уча беришет, сапарын токтотпой кете беришет. Көздөрү караңгылаган балапандары чырылдашат:

— Энеке, дем алалычы, чарчадык, уйкубуз келди! — деп ыйлашат.

— Чыдагыла чырактарым! Чыдагыла, жаным-

ды чабайындарым! Бизге жол жүрүп баратып эс алууга болбойт! Бир учкан бойдон, жашай турган жерибизге, жашыл жалбырактуу, көгүлтүр көлдүү, көз жоосун алган көкала майдан, көк шиберге жетишибиз керек. Чыдагыла, дагы бир-эки күн калды. Анан жетебиз! Дем алабыз, уктайбыз, курсагыбыз тоет, ойноп-күлүп, шаан-шөкөт тээп, келерки жылга чейин жашай беребиз! — деп соорогот энеси. Балапандары буга көнбөйт, жашын төгүп ыйлашат, апасынын тынчын ала беришет:

— Дем алалычы? Дем алалычы? Энеке, чарчадык, уйкубуз келди! Мындан артык чыдай албайбыз!

Айласы түгөнгөн энеси эмне деп жооп берерин, эмнени алаксытып айтарын билбей шайы кетет, шашылып калат, боору ооруйт, мээрими келет. Конууга ылайыктуу жер издейт. «Ата-балардан калган бекем, ыйык салтты бузсам да мейличи»,— дейт энеси. Конууга, балапандарын эс алдырууга мажбур болот. Бирок конуучу жай оңой-олток табыла койбойт. Ары издейт, бери издейт, табылбайт, айлана-чөйрөнүн баары бүт эле чөл, кум, талаа, учу-кыйырына көз жетпеген теп-тегиз, жер ээн. Эне муну түшүнөт, ошондуктап балапандарына аны айтып, муну айтып коюп, канаттарын араңдан зорго кагып, улам арылап кете беришет, кете беришет. Балапандары дагы ыйлашат:

— Энеке-бай, энеке-байым! Чарчадык! Азыр мен жыгылып түшөм, мындан ары силер менен кошо уча албаймын, каламын каалаган жерде.

— Кой, антпегиле! Кайраттангыла, кагылайындарым!

Бир убакта алыстан-алыстан бир түп даректын карааны дүпүйүп көрүнүп калат. Эне-куш балапандарын ээрчитип, ошол жакты карай сызып жөнөйт. Бутактары тарбайган, жоон, бай түп дарак экен. Бул жактарга суу келбесе да, какыраган эрме чөлдө турса да, жалбырактары көгөрүп, бутактары солкулдап, жашыл тонун жамынып турат. Эне-куш бул даракты айланып-айланып, жайлуу жер издеп, кайсы балапанын,

кайсы бутакка кондурарын божомолдоп, чамалап чыгат. Бирок, эненин көңүлүнө бирөө да туура келбейт. Анткени, дарактын бардык бутактарына кыл тузак коюлуптур! Арга жок, аны балапандарына билдирбей, ачыгын айтпай, ар бирин тузагы жок бутактарга бир-бирден этияттап, өтө сактык, тактык менен кондурат. Дарактын бутактары калың болгондуктан, бир жагынан жазы жалбырактары тоскоол болуп, учуп жүрүүгө кыйындык келтирип жатты. Бутактан-бутакка өтүп, учуп жүрүп чарчайт, көздөрү талыйт, тунарат. Ошентсе да бардык балапандарын өз-өз ордуна жакшылап жайлап кондурат. Акырында өзү тузаксыз бутак издейт. Анын табылуусу да кыйын болду! Ошентип жүрүп, тузагы бар шакка кантип конуп калганын өзү да билбей, сезбей калды!

Балапандары энесинин бул абалын сезишпейт. Алар эчак эле, шакка буттары тийип-тийбей туруп эле, таттуу уйкуга кетишкен, мемиреп, тыптынч, жандары жай алып, эс алып жатышат. Ал эми эне-куш болсо, уйку бетин көрүү кайда? Буту илинген тузакты чокуп, түйүндөрүн чечүүгө аракеттенет. Түнү бою тынымсыз убараланат! Болбойт! Алсырап алдан-күчтөн кетет. Таң болсо агарып келатат. Жолго чыгуу убактысы да келип калды. Ошентип отуруп, эне-куш уйкуга өзүн алдырып ийиптир. Бул маалда тузак салган адам келип, куштарга таш ырыгытып, тобун бузат. Кырк балапандын баары тең эсен-соо тузакка илинбей көккө көтөрүлөт. Конгон ордунда жылбай бир гана энеси калат. Ал көзүнүн жашын көлдөй төгүп, зыркырап ыйлап, жарык дүйнө менен кош айтышар мезгил келгенин билип, балапандарына муну айтат:

— Кете бергиле, балдарым! Жолуңар шыдыр болсун! Мени карабагыла, күтпөгүлө! Кете бергиле! Таш тийип кетпесин дагы бирөөңөргө! Бийиктеп учкула! Эми эч жерге токтобогула! Жашыл жалбырактуу, абасы жылуу, жашоого ыңгайлуу өзүбүздүн жерге барып, анан конгула! Кайыр-кош!

Балапандары муну угуп, анан гана энесинин абалын түшүнөт. Даракты айланып алыс кетишпейт. Чырылдашат, ыйлашат:

— Оо, энеке-байым! Сизди таштап кайда барабыз? Жүрүңүз, кетели! Сизге эмне болду? Учпайсызбы? Кагылайын энекем-ай! Эне-е-е!

Балапандар сапарын улантышат. Бирок энесинин үнү угулуп, айткан сөздөрү даана туюлуп, бирге жүргөндөй сезилип жатты:

«Кош болгула, балдарым! Эми эч жерге конбогула! Жашыл жалбырактуу, көгүлтүр көлү бар мекенибизге аман-эсен жетип алгыла!»

Мына ошентип, өмүр менен өлүмдүн баяны аянычтуу аяктайт. Балдарына узун өмүр тилеген, балдары үчүн өз өмүрүн кыйган эненин эмгегин билер бекен беркилер?

Апам жомогун айтып бүттү. Лайли эжем экөөбүз ойго баттык.

— Жактыбы, балдарым?— деп сурады апам,— мен бул жомокту таенеңерден уккамын, таенеңер өз таенесинен угуптур. Мына эми силер да уктуңар. Эми силер аны өз балдарыңарга, небере-чеберелериңерге айтып бергиле. Ынсандан бөз калбайт, сөз калат.

Дале болсо сапарыбызды улантуудабыз. Тентек-Сайдын өйүз-бүйүзү кайда, дүпүйгөн бак-дарактуу Арал айылы кайда, белгисиз, карааны да көзгө чалдыкпайт, карегибизге илешпейт. Сай жээги каерде, сайы жок талаа-түз каерде, аны да билбейбиз. Убакыттын да канча болгонун, түн ченби, шашкеби, бешимби, же кеч кирип баратабы, ал жагы да биз үчүн күмөн. Божомолдоп эле баратабыз. Үмүтүбүз бирөө гана — сак-саламат сайдан өтүп кетсек эле болгону! Жүрөктүн заарканyусу күчөгөндөн күчөйт. Алдыда коопту бир кырсык күтө тургансып туюлат. Кече келе жатканда мынчалык тынчсызданган эмес элек. Бул саам самандай өңдү саргайтты, бушайман жедирди, жан алакетке түшүүбүз түгөнбөдү.

— Кайдасыңар, Лайли, Мали-ик? — деп үн катат апам артын карап.

— Биз бияктабыз, келатабыз! — деп жооп бербиз. Анткени бороон күчөдү. Ышкырып, этекжеңибизди жула качат. Кар туланы көз ачырбайт.

— Маликти бекем карма! — дейт апам,— учуруп кетпесин, отуруп эле алгылачы шамал басылганча!

— Баса берели, апа! Маликти мен бекем кармап алгамын! Кабатыр болбоңуз! Өзүңүзгө этият болуңуз! — дейт эжем кош колдоп бети-башын калкалап. Кырылдап добушу да анча чыкпай, какалып-чакалат.

— Бороон азыр басылат. Басылышы керек азыр! Чыдагыла! — дейт апам.

Эген азыр жонубузда оор таңылчактар болбосо, камгактай элеучуп кетмекбиз, же бери эле дегенде шамалдын багытын көздөй дендиректеп кете бермекбиз.

Ушу тапта үчөөбүздүн тек абалыбыз бирдей болчу. Бир-бирибизге жардамдашуу кыйын. Анткени колдорубуз, буттарыбыз, дегеле бардык жагыбыз тоңуп, кыймылдоого ал-күчүбүз аз калган. Бороондун басылышын күтүп отура берсек, тоңуп, катып калышыбыз турган сөз. Жылайлы десек, ага күчүбүз жетпейт. Бороон качан басылат, белгисиз. Балким кечке , түнү бою, эртең да болушу мүмкүн?

Жок, антпеди, бактыга жараша басылып калды. Заматта кулак-мурунду кескенсип, айлана тым-тырс боло калды. Эртеден берки бизди акмалаган караңгылык да ары карай сүрүлдү. Күндүн бети жылт эте көрүнө калды, анан кайра тез эле көздөн кайым болду. Калч-калч этебиз. Ээктер-ээктерге тийбейт, сүйлөөгө да кудуретибиз жетпейт, кирпик-каштарыбыздан өйдө тоңуп калган. Колу-буттун манжалары, кулактарыбыз чаян чаккандай тыз-тыз этет.

Бир маалда эле апам:

— Аа-аа! — деп жеберди. Анын аянычтуу үнү денебизди титиретти. Алгач эмне болуп кеткенин анык биле албай, эжем экөөбүз тең ошол үн чыккан жакка карай жарыша умтулдук:

— Апа-аа! Эмне болду сизге? Апа-а! Кайдасыз? Апа-аа!

— Мага жакын келбегиле! Жолобогула! Ары тургула! — деп апам чый-пыйы чыга чаңырып жиберди. — Мен күрткүгө түшүп кеттим! Коркпогула, азыр чыгам, азыр чыгып кетем! Лайли, үкеңи этият кылгын! Абайла!

Туюкка эми туюлдук. Барып турган азаптын азабына эми туш келдик!

— Жанымды чабайын апажаным! — деп эжем ошол жакка боюн таштады.

— Лайли, мен жакка жолобо деп атам! — деп апам безилдеди.

Кантип жолобой коелу. Бардык. Апам калың муздун асты жагында, колдорун тарбаландатып, чыгууга аракеттенип, муздун кыргагын кармай албай, көздөрү алаңдап, бирде суу жутуп, жан далбастап жатыптыр.

— Кудай-ай! Кудай өзүң сактай көргүн! — деп эжем апам жакка колун сунду. — Апа, мага колуңузду узатыңыз, ий, ошентип, дагы!

Бирок буга да боло турган эмес. Суу улам түбүнө тартып, апамын шаштысын алды. Муздун астына башы кирсе эле, иштин бүткөнү! Андан соо чыга албайт. Муну баарыбыз билип, ошо билгендиктен, анын айласын таба албай жатабыз. Апам өйдө турууга аракеттенет, бирок жонундагы жүк салмак басып, өз эркинче кыймылдоого эрк бербей жатты. Ал аз келгенсип, казандай келген калың муздун бир бөлүгү апамын көкүрөк жагынан басып калыптыр. Мен мындайда эмне кылмакмын? Колуман эмне келмек? «Апалап!» ыйлагандан башка эч нерсе кыла албадым. Эжем гана муздун кыргагы менен көпөлөктөй айланып, чимирилип, жүгүрүп жүрөт. Муздун асты жагы карарып, уу тилин соймоңдоткон караа чаар жылаандай көрүнөт. Ал уясына кирип баратат, адамды уясына тартып баратат. А биз канаттарын каккылаган алсыз чабалекейбиз!

— Байкуш апам, шордуу апам! Эми кантем? Эмне кылмакмын? — деп Лайли эжем көзүнөн жашты шорголотот, чучуктай чаңырат. Ким биз-

ге жардамга келет? Ким бар айланабызда? Түк эч ким! Кыбыр эткен жан жок!

Муздун чет-жакасы кемирилип жатты. Көзүбүз жамандыкты көрбөсүн! Кулагыбыз укпасын! Кантип эле апабыздан айрылып калабыз? Ушинтип, каратып туруп эле, сайратып сүйлөтүп туруп эле, ээн талаа, эрме чөлдө жүргөнүбүзгө карабай эле, бул шум ажал бир-бирибизден айрылтып кое береби? Болбогон кеп? Ал оңой иш эмес! Биз адамбыз! Адам!

Бирок адам болгонубуз менен, башыбыз катты, аргабыз түгөндү. Эжем жан кечтиге салып, сууга бутун сала бергенде, апам аны тыйып койду: «Баарыбыз тең тегиз өлүп калбайлы! Ары тур! Маликти карагын!»

Ушинткенде апам суу жутуп, какап-чакап, анан аны бүркө салып, ошенткенде көздөрү чакчая түшкөнүн көрүп калдым. Ошол кездеги апамын аянычтуу абалы алигече көз алдыман кетпейт, күнү бүгүнкүдөй турат! Ал өмүр бою да унутулбаса керек?

Муздар карс-карс эте жарылды. Сынган күзгүгө окшоп, бөлөк-бөлөк болуп, ар тапака таркай баштады. Мына ушул учурда Лайли эжем да ошол сынык муздарга аралашып, муздак сууга чолоп этип түшүп кетти. Санаа үстүнө санаа басты. Кошул-ташыл болду. Эжем токумдай болгон муздун үстүндө бирде туруп, бирде отура калып, бирде көкүрөгүн басып жата калып, агым менен кошо ылдыйлап барат. Эгер ал азыр жыгылса, же муз онкосунан кетип оодарылып кетсе, эжем анда эле бычактай миздүү арсак муздарга барып урунат. Ары жагы эмне болору белгилүү! Мен бирде апама, бирде эжеме карай тызылдап чуркайм. Жеңил болгондугуманбы, канчалык ары-бери тызылдап жүгүрсөм деле муз жарылбады.

— Апа-аа! Эже-е! — деймин, жонумдагы жүктү ары ыргытып жиберип.

— Нары тур, нары тур, Малик! — дешет апам менен эжем экөө тең жарыша,— ошондой отура бер, жылба! Биз азыр, азыр чыгабыз! Коркпо!

Лайли эжем калкып бараткан муз капысынан

токтоп калды. Анын чети экинчи бир калың музга урунганда, эжемдин буту тайгаланып кетти, бирок жыгылбады, өзүн кармай билди. Менин көзүмө алакандай болуп көрүндү. Бүткөн бою менен сүрүлүп барып, аркы калың кардын үстүнө дүп эте жыгылды. Бүт кийимдери суу болуп, ага кар жабышып, көрүнүшү кызыктай эле боло түштү. Ордунан шап тура калды да:

— Малик, кайдасың? Коркпо, мен тирүүмүн! Мен мындамын! Апам кана? Кайда ал? Бар, апама, жардам бер! — деди.

Апамын абалы жаман эле, аны айтууга даабадым. Тилим да күрмөөгө келбеди. Тек гана, оозу-мурдуна кирген сууларды бүркүп, эки колун, буттарын ары-бери тарбалаңдатып, суу чачып жаткан апамы сөөмөйүм менен кезеп көрсөттүм. Шыгыраган муз аралаш суу апамы улам дымыктырууга, улам түпкүргө алып кетүүгө аракеттенгенсийт. Лайли эжем шашып-бушуп келип, таңгакты дароо чече койду да, андагы аркан жипти апама ыргытты. Апам аны ала коюп, жээкке карай сүздү. Аман-эсен чыкты! Кардын үстүндө эсин жыя албай бир канча убакыт жатты.

Апам менен эжемин жеңишин куттуктап, алардын кубанычын тең бөлүшүүгө шаштым окшойт, аларга карай чуркап баратып, мен да күрткүгө түшүп кеттим!

— А-аа! — муздак сууга этим тийгендеаптыгып, жаным оозума келе түштү. Көздөрүм ала чакмак болуп, тамагым буулду.

— Мали-ик! Жипти карма, жипти! — деген үндү үзүл-кесил уктум. Узун аркандын бир учу чолоп этип, жаныма түштү. Кармайын деп барып, бирок таппай, суу астына кол жүгүрттүм, бир топко чейин издеп, араң таптым. Шап кармадым. Мени жээкке карай тартып алышты.

Кудай куткарса, чоң кырсыктан, чоң балээден кутулдук! Анысына миң мертебе шүгүр! Антип айтканыбыз менен, эми биягы таза кызык болду. Үстү-башыбыз, көтөрүнгөн таңылчагыбыз бүт суу болду чылпылдап. Ал тез эле тоңуп, шыгырап музга айланды. Өзүбүз болсо, жыгачтай

катып, селейип, мойнубузду ары-бери буруп, жанжакабелибизди түзүкчөлөп карай да албай калдык. Апамын, Лайли эжемин манжалары музга тилинип кетиптир. Кан шорголоп агат. Кантсе да тирүү калдык, ошо биздин олжобуз! Мына ушул илгери үмүт, жылуу сезим, демибизге дем кошту. Мына ошо ысык демдин күчү тонгон муздарды эритип, кийимдерибизди кургатып, денебизге жылуулук жибергендей болду!

Алды жактагы эртеден бери болжоп, мелжеп келаткан Арал айылына бүгүн жете албастыгыбызды билдик, түшүндүк. Ошондуктан ага караганда саал жакыныраак, оңоюраак деп, оң тарабыбызга бурулдук да, сай жээгиндеги Моңол деген чакан кыштакка карай бет алдык.

Абдан аземдеп, тактайын оюп-чиймелеп жасаган эки канаттуу чоң дарбазанын жанына барып токтодук. Сары жезден кооздолуп тутка жасалыптыр. Кыздардын кулагына таккан сөйкөгө окшоп, күнгө чагылып жалт-жулт этет, тартынып этияттап кармайсың. Мындай тутканы мурда көрбөгөндүктөн, таңыркап карап калдым. Апамын үнүнөн улам оюм бөлүнүп кетти:

— Алтынай! Оо, Алтынай! — Ичкериден жооп кылып, добуш чыга бербеди. Короосу бийик коргон менен тосулгандыктан, шыкаалап карай турган жылчык жери жок. Чакырган адамы ким экенин бизге айтпады апам. Жол ката да кимдикине барарыбызды билдирген эмес. Лайли эжем экөөбүздүн ал жагдайды сурап-биле турган алыбыз да жок эле. Кирпигибизге таянып араң турабыз. Баш калкалар жерди ойлойбуз. Дагы бир аз ушинтип сыртта турсак, ажалыбыздын жеткени, тоңуп өлөбүз!

Дарбаза акырын ачылды. Ичкериден кулагына алтын сөйкө салынган, узун бойлуу, сулууча келген орто жаштардагы аял көрүндү. Маңдай тиштеринин асты, үстү жактары да алтындан капталыптыр. Сүзүлүп, акырын гана сүйлөйт. Билериги да бар экен. Бир эмес, ар бир билегинде үтчөн тагылган. Анысы колун ары-бери жаңсаган сайын «шыңгырт» этип, жылаажындай үн

чыгарат. Мойну койкойгон, өтө эле менменсиген, өзүн азыр бизден алда-канча бийик санап турган ушул аял, биздин тагдырыбызды чечет, бизге жакшылык кылат, сууктан тоңуп өлүп бараткан адамды өлүмдөн алып калат деп ойлоодон мен ошондо бүтүндөй алыс элем. Чээнге жолотпой тургандыгын бөркүмдөй билдим. Мурдун чүйрүп, эриндерин түйрүп койду да:

— Ий, силерге ким керек эле? — деди. Апам ал-ахвалды түшүндүргөнчө, ага кулак бургусу келбеди, дарбазаны катуу жапты да, ары басып кетти. Апам ыйламсырап жиберди. Чоң адамдын жашып кетүүсү, жаш баладай жалынып-жалбаруусу, азыр мага ушунчалык өөн, жат, көңүл иренжиткен көрүнүш катары сезилип, кыртышым сүйбөй, өз апамы, ошонун катарында тиги аялды жек көрүп кеткенимди жашыра албайм! Лайли эжем кандай абалда калганын билбейм? Апам бир мерте өлүп-тирилди ушерде. Күрткүгө түшүп, шөмтүрөп калганыбыз аз келип, мына эми башка жактан да тумшугубузга таш тийип отурат. Баарыдан да көңүл калды жаман экен! Кырчылдаган кышкы суук, ачкалык, жол азабы. Шарапат эжемин кылык-жоруктары, акырында Тентек-Сайдын көк мөңгүсү, күртүлдөгөн күрткүсү — мына ушулардын бардыгы бир, ал эми азыркы кагуу жегенибиз бир салмактуу болуп калды! Атүгүл, андан ашып да кетти! Кем калбады! Буга чейинки көргөндөрүбүздүн баары сырт жактан таасир берсе, азыркыбыз ички жан-дүйнөбүздү аңтарып, ичек-кабыгыбызды куйкалап салды! Өзүңкү анча билинбейт экен, бирөөнүкү денеңди ийне менен сайгылай бергендей болот экен! Шордуубуз да, шордуубуз! Шорубуз шорподой кайнаган адамдарданбыз! Бул каңгууларыбыз качан түгөнөт, билбейм! Ар бир кадам сайын кандайдыр бир окуя, кандайдыр бир жан кейитер кырсык, күтүлбөгөн тоскоолдук! Буларды биз ойлоп тапкан жокпуз да! Атайылап жасаган жокпуз да! Турмуштан кезиккен туюк тагдыр, туюк жол!

Кечки суук да күчөдү. Күн чоктой кызарып батып баратты.

— Айланайын Алтынай! Бизге ырайым кыла көргүн! Өлүп калбайлы көчөдө! Аргабыз түгөндү! Силерден башка бул жерде тааныш-билишибиз жок! Мени дебестен да, балдарымды ойло! Алтынай! Ач эшигиңди! Ач эшигиңди! Алтын...

Дарбаза кыйчылдап кайра ачылды. Тиги аял кандайдыр бир шылдыңдаган, келеке, кылган басмырлоо көз караш менен бутубуздан башыбызга дейре бир сыйра карап чыкты:

— Та-аң, билбей да калдым? Эмне кылсам экен? Үйгө киргизсемби, жокпу? Билбей турам өзүм да? Барып энемен сурап келейинчи? — деп коюп, кайрадан дарбазаны жапты. Апамын чыдамы кетти, бул ызалык, шылдыңдоо жетер-жерине жетти! Токтоно албады! Уятын да жыйыштырып коюп, дарбазаны кош колдоп ургулай баштады:

— Ач дейм! Ач эшикти Алтынай! Бул эмне кылганың? Мени билип, таанып туруп ушулбу кылар ишиң? Таанбасаң да бир жөн эле!

Үй ээси алыс деле кетпептир. Кантер экен деп, дарбазанын жанында эле тыңшап туруптур. Бир топтон кийин кайра ачты да:

— Силер кимсиңер өзү? Аты-жөнүңөр ким? Кайдан келатасыңар? Кайда барасыңар? — деп такый сурады. Апамын ачуусу келип, бир жагынан үшүп. калтырап-титиреп турса да, болгон иштин баарын тез-тез сүйлөп, кыскача баяндап берди.

— А-аа, ошондой! Айтам да, кайдан көрдүм эле деп? — Анын жүзүнөн кандайдыр бир мазактоо, паска чабуу, келекелөө күлкүсү келип, көздөрү жалжылдап, моокуму кангандай боло түштү. Биерде бир купуя сыр бар. Алтынай менен апамын ортосунда кандай мамиле болушу мүмкүн? Экөө бир-бирин мурдатан тааныйт го? Ортодо иш өткөн го? Бирок азыр андай кектин сакталышы кимге пайда? Анын да өз учуру болот.

Денебизде жан жок. Жүрөктүн тушу гана жылып, жүрөктүн тушунда гана бир нерсе, муштумдай неме дүк-дүк согот!

Тоо-баа! Тирүүлүктү кубануу же кайгыруу, жан кыйналып жапа чегүү, же жаның жыргап ыракаттануу өңдүү ойду-кыйды көрүнүштөр боло берет, бул оош-кыйыш дүйнө! Бирок ошонун баары кийин унутулуп кетеби же эстен чыкпай эскерилип калабы? Албетте ал жагы адамдын өзүнө байланыштуу. Дүйнөгө каркып, жетишип, колуң узарган чакта, көктөн түшө калгансып кекирейсең, ал жагы да өз ишиң. Жок, антпейин деп, жакаңды карманып, тооба кылып, ыйык туздун, улуу нандын баа жеткис кадыр-баркын бааласаң, аны өз балаңа, неберелериңе айтып-деп, жакшы насааттарды калтырып кетсең, ал жагы да өз ишиң!

Апам эми Алтынайдын бутуна жыгылып жибере жаздады. Тиги аял мына ошону каалап туру! Менин баам-сезимиде азыр апам, Алтынайдын мойну-башынан бек кучактап, өңгүрөп-өксүп, солкулдап ыйлап жибере тургандай сезилип кетти. Ошо кезде көзүмдү жумуп жибердим. Бирок апам анчалыкка барбады! Буга өчөшкөнсүп, тиги аялдын да мисирейген москоол жүзүнөн ырайымдуулуктун белгиси түк билине турган түрү жок. Же биротоло кетип калбайт, же киргиле деп айтпайт. Таза арасатка койду бизди.

Эмесе, сыр түйүнүн чечер мезгил келди окшойт? Көп эле маалкатпай, айтар сөзүбүздү жаап-жашырбастан, ортого салалы! Антпесек, окуучуларыбыз да тынчсызданып, бул жазуучу агай эмнеге мынчалык көп сүйлөп, бизди жадатып жиберди деп ойлошпосун.

Алтынай-атамын мурдагы алган аялы экен! Биринчи көз ачып үйлөнгөн өмүрлүк жары болгон экен! Илгертен калган, «оту күйүшпөй» деген сөз бар эмеспи. Алар үч ай жашашып, ажырашып кетишиптир. Мына эми келип, минтип жолугушуп отурат. Чийелешкен тагдыр! Мындай болорун ким ойлоптур? Тагдыр, туз-насип жетелеп келди! Эмесе бул экөөндө эмне күнөө? Жазык жок! Дегинкиси, түнкүсү, бул апаат күндөргө кириптер кылган эмне? Ал ким? Бактысыздыктын башкы себепчиси-согуш! Эмесе, мындай бей-

маза, көңүл чөктүрөрлүк, күтүлбөгөн жолугушууга Алтынай эженин деле, апамын деле көзү учуп туруптурбу?

Мен сендиректей калып, жыгылып кала жаздадым. Алтынай эже бул абалымды көрүп, боору ооруп кетти өңдөнөт:

— Киргиле... — депооз учунан айткан болду.

Ошол күнү түнөп калдык. Лайли эжем эртең менен саарлап ойготту. Көзүмдү ачсам, терезеден жарык түшүп калыптыр. Жылуу төшөктөн тургум келбей, ары-бери ооналактап, дагы бир аз жаттым.

— Тур, тура-гой! — деди Лайли эжем кургаган кийимдеримди баш жагыма коюп. — Кетели, эртерек жолго чыгалы!

— Бул жол качан түгөнөт деги? — деп күңкүлдөдүм да, эринип, башымды көтөрдүм. Апам ордунда жок экен. Сыртта жүрсө керек? Сурайын деп, кайра айныдым. Кылт этип, жүгөрү, тээ Ак-Башта бир табак жүгөрү салып берген кезди эсиме түшүрдүм:

— Эже, кечеги тигилер берген жүгөрүнү казанга кууруп алалы. Жолдо жеп кетебиз. Курсагыбыз ачат. Тулгага чейин дагы көп барбы?

— Булардын көзүнчө тоңуп калган таңылчакты чечип отурабызбы? Жүгөрү ошол төшөк-жууркандардын ичинде. Чыда, Тулгага барганда кууруп берем.

Кантсе да аял киши боорукер келет эмеспи. Алтынай эжеге ыракмат! Ал биздин жолго чыгар мезгилибизде чоң ишке жарады! Мындай болот экен деп ойлогон жок элек. Биздин эрте туруп кетерибизди билгенсип, саардан эле мешке от жагып, үйдү жылытып койгон экен. Жуунуп келерибиз менен, алдыбызга жайылтып дасторкон койду. Түндөгү калган күрүч боткодон жылытып, алдыбызга койду. Дандырга жапкан төрт нан менен кошо чай да алып келди. Нандын экөөн жөн, калганын койнубузга катып алдык. Билген адамга, Алтынай эжебиз азыр бизге эстен кеткис, унутулгус жакшылык, марттык кылды! Апам ага кайра-кайра алкыштарын, ыраазычылыкта-

рын айтып жатса, ал буга бир сөз да кайтарбады, үндөбөдү. Көкүрөгүнө кош колун кайчылаштырып, боюн саал көтөрө берип, капкара, коюу каштарын серпкен калыбында апаман көзүн албай карап тура берди. Үстүндөгү көйнөгү да кечегиден башка, жаңы, бою-башына куп жарашып турат. Бизге караганда үй-өрөзгери тың, бышык, алда канча өйдө экенине чындап ынандык! Анын да күйөөсү согушта экен. Уул-кыздары бой жетип, кол арага жарап, азыр колхоздун талаа жумушунда экен. Үйдө кайын энеси экөө калып, небересин карашат тура.

Жолго чыктык. Түн бою сыртта жатып, тоңуп калган таңылчагыбыздын салмагы очоюп оор. Калдайып катуу, көтөргөнүбүздө жонубузга өтүп, өйкөп, кыйнап баратты.

Аба ырайы ачык. Ачык болгону менен, анысы бизге кыйынчылык алып келди. Кардын бети күн нуруна жалт-жулт эте чагылып, көздөрүбүз жолду тике карай албай каарыгат, жаш куюлат, ага удаа мурдуман суу агат. Жүдөп барам, итир кейим келип, эч нерсени каалабай, өзүмчө эле буулугам, ачууланам. Жадатты ушу жол! Өмүр бою жолдо жүрүп бараткансып туюлду мага. Каерде жатсам, уктасам, көзүм ачылар менен: «Дагы жолго чыгабызбы?» деген ойдон арылбас болдум.

Моңол айылынан тез эле чыгып, көз кайыткан ээн талаага туш келдик. Дагы эле Тентек-Сайды жээктеп баратабыз. Мындан башка Тулгага түз барчу жол жок. Арал айылына жетсек эле, андан ары Тулгага кирип барабыз. Бирок ага чейин алыс, али көп бар жетишке.

Ошол жагын ойлоп, Арал айылына жетпей, Чиртек-Сай деген жайында кыргоолдор көп кезикчүү беде талаасына келип, дем алып отурдук. Белдерибиз, буттарыбыз уюп бүткөн. Чалкалай калып, бою-башыбызды түзөп, бир аз дем алдык. Атүгүл, таңылчактарыбызды чечип, күнгө жайдык. Мына ошол мезгилде эле апамын ирени кумсара түштү. Нес болуп турган жеринен жылбай, башы айланган, көзү тунарган ынсандай, теңсе-

лип тура берди. Жууркан-төшөктөрдүн арасынан кара чаар жылаан сойлоп чыга калгансып, көздөрдү алайып, башын кош колдой чеңгелдеп, жоолугун ары ыргытып жиберди да, саксайган чачтарын мыжыгалады! Ошондо жулунган чачтары манжаларынын арасына толуп бүткөнүн көрүп, жүрөгүм солк этти.

«Апам акылынан адашты! Жинди болду!» — деген жаман ой бийлеп алды. Апам кадим эле жаш баладай өңгүрөй баштады. Же эч ким жок ээн талаада бүтүндөй ички бугун чыгарып алайын дедиби?

— Балакет басты! Балакет басты! — дей берди апам,— Шорум куруду! Кара басты! Кара теке сүздү!« Багы жокко, дагы жок» деген ушул. Мен ырыс кыйды экемин. Мени кудай албады го, кудай!

—Мынчалык эмне болуп кетти, апа? Тынччылыпы? — деп эжем жанына жетип барды.

—Кездемелерим жок! Жуукандын ичине салып койдум эле! Белиме байлап алсамчы! Тердеп кеткенимен, жууркандардын арасына каттым эле!

— А жүгөрүчү, жүгөрү? — дедим мен шашылып сурап,— Жүгөрү барбы?

—Ук, жүгөрүң менен... — деп апам мага тап берди.

—Сизге эмне болду, апа? Ачууңузду баладан чыгарасызбы? Же Малик күнөөлүүбү буга?- деп эжем ортого түштү. Экөөбүз тең жууркан-төшөктөрдүн бардыгын бирден жайып, тим эле тинтип жибердик, тигиштерине чейин карап чыктык! Кездемелер да, жүгөрүбүз да жок! Куру кол калдык! Акыр замандын келгени ушул! Кыяматкайыңдын башталышы ушул! Үмүттөрүбүз үзүлдү! Максаттарыбыз, жакшы тилек, ойлорубуз ойрон болду да калды! Буга чейин көңүлүбүз ток эле. Жебесек да, кийбесек да, жүгөрүбүз, кездемелерибиз бар деп бел тутчубуз. Белибиз ийилди, зар какшап калдык!

— Атаны катыгүн-ай, эми эмне кылам? Силерге эмне ичирип, эмне жегизем? Кече күнү жүгөрү да, кездемелер да сууга аккан экен, көрсө?

—Жаткан жерибизде бирөө алып койгондур, апа?

—Жок, андай болууга мүмкүн эмес! Аларга шек келтирбейли! Кайра аларга ыракмат айталы! Ыраазычылык билдирели! Болду, болбоду, кече сууга аккан. Башка жерден шегим жок. Эми мен буга чыдай албаймын, Лайли! Эгер билсең, ичимди ит тытмалап жаткандай калети болуп баратам! — деп туруп эле бүк түшө калды, токочтой түйүлүп, катуу-катту бакырып да жиберди. Жоолугу, жулунган чачтары кар бетине жайылып жатып калды. Муну көрүп, Шыбак-Бел ашуусундагы көкүрөгүнө наристесин кучактаган бойдон өлүп жаткан жылаңач аялдын элеси көз алдыма тартыла кетти.

— Балдарымдын ырыскысы эле! Балдарымдын жей турган, кийе турган азык-оокаты эле! Оо, кудай! Акың барбы дагы менде? Ал акың болсо! Мен даярмын, баарына даярмын! Бүттүм мен чыдап! Чыдоонун да чеги болот! Мага ар кандай жаза, ар кандай өлүм, өкүм аздык кылат! Аз мага алардын баары! Жер жутсун мени! Сөөгүм сөпөт болуп, талаада калсын! Бөйөн-чаяндар жесин! Ал да аздык кылса, тирүүлөй сойсун, кескилеп, колумду кол, бутумду бут бойдон туш тарапка ыргытып жиберсин! Өрттөп, күлүмдү көккө сапырып жиберсин!

Лайли эжем бекем кучактап алды апамы:

— Апа-а! Апа-а дейм! Кагылып, садагаң кетейин, апакем! Коюңузчу, антпеңизчи! Башыңызды өйдө көтөрүңүзчү? Ордуңуздан туруңузчу? Маликти коркуттуңуз, жүрөгүн чыгардыңыз! Апа-аа, болду дейм эми! Ошо жоголгон чыт-чырларыбыз, жүгөрүбүз башы-көзүбүздөн садага кетсин! Садага чалдык! Кетсе, кетер, жоголсо, жоголор! Алтын башыбыз аман болсун! Калганы табылат!

Апамын бул жоошутуу сөздөргө соороно турган, аны уга турган түрү жок:

— О, кудай! Силерди төрөп-түшкөн да мен, азап-тозокторгор салган да мен! Силердин убалыңарга калган дагы мен! Баарына мен күнөө-

лумун! Карачы, кур жалак калдым, бетиме көө сыйпалды! Тилегим, жакшы ойлорум таш капты! Жокко чыкты! Адаштым, абийирим айрандай төгүлдү! Арсыз, акылсыз аялмын! Мен ошондоймун! Ооба, ошондоймун! Уу-уу-, кудай!

Апам албуутанганын койбоду. Дале жанагинтип, башы-көзүн койгулай берди. Эми бул көрүнүштөр мен үчүн жаңылык эместей сезилди, көнүп кеттим. Шарапат эжемин үйүндө да кыйсыпырып чыгарып, ушул кылык-жоругун көрсөткөн. Чын, кээ бир кыялдары кызы Шарапатка окшоп да кетет. Долуланып, ай-койго көнбөй, качан өзү басылмайынча: биреөнүн тилин албайт. Ошондуктан, мындайда арага түшүүнүн да кереги жок. Барып-барып, өзү токтойт. Мына ал тизелеп, кош алаканын көккө сермеп, чачтарын саксайткан бойдон жаратканга, Алаа Таалага өз муң-зарын айтты:

— О, керемети күчтүү кудай! Балдарымды өз паанаңда сактай көргүн! Бул азаптан куткар! Бизди жараткан да, ала турган да жалгыз өзүңсүң! Керекминби? Мына, ал мени! Балдарыма тийбе! Күнүн көрсүн алар! Сага эмне, оордугу тийип атабы? Тардык кылба? Сенин кудуретиң кең, чексиз! Ырайым кыл, эгер жаңылсам-жазсам, анын сазайын менден ал? Балдарыма тийе көрбөгүн! Андай кылууга акың да жок, угуп жатасыңбы, акың да жок! Ачыгын айтчы, жатаркан, өзүң каерде турасың? Барсыңбы, же жоксуңбу? Эгер бар болсоң, ай-ааламдагы адамдардын бардыгы кудай деп сага жалынып-жалбарып жүрүп бактылуу болуп кетмек! Мен деле үй-жайды сатпай, жылуу жерде жатып алып: «Э-э, кудай, бизди ачкадан өлтүрө көрбөгүн! Аш бергин, нан бергин! Алма бышып, оозума түшүп турсун!» — деп айтат элем. Бирок мен антпедим, колуман келишинче күрөштүм, алыштым, аракет жасадым! Кана эми анын натыйжасы? Майнап чыктыбы? Пайда бердиби? Жок! Белди бекем бууп чыктым эле жолго, эми белим ийилип, шалдырап келатамын. Согуш да бүтөөр, баары өз жайына келер? Батышка бет алышкан эркектерибиз кайрылып

келишер? Биздин ушул кыйналганыбызды көрүп, угуп:

«Азаматсыңар! Биз келгенче белиңер кайышпай, белсемдүү жүрүпсүңөр! Эми балдарыбызды, аялдарыбызды, кары ата-энелерибизди багып алуу жагын бизге койгула!» — деп айтышар? Же балким:

«Балдарды азытып-тозутупсуң, үйдө олтура бербепсиң. Мен жок болсом, кылар ишиң ушу да!» — деп менден капа болор? А балким жемелеп, жети өмүрүмдү жерге киргизер? Э-э, кудай, сенден эң акыркы сураныччым мына бул:

— Балдарымы атасынын колуна аман-эсен тапшырайын! Нанды тое жейин! Анан өлсөм болду, ыраазымын ушу турмушуңа ошондо!

Апамдын акыркы сөзү ушу болду, токтоду, жоошуду. Бүткүл бугун сыртка чыгарып, жеңилденип алды окшойт? Эжем апамын жоолугун башына салып, карга буланган кийимдерин какты. Түйүнчөктөрүбүздү, таңылчактарыбызды жыйнадык, таңдык, жонго көтөрдүк, жол тарттык.

Каш карайып, ире-шире кирер маалда туулган жерибиз Тулгага жетип бардык. Туура эле Карачач эжемдердикине кирдик.

V

Ажыга барып келгенсип, биз менен учурашканы тулгалыктар убай-чубай келе башташты:

— Аман-эсен барып келдиңерби, Алима?

— Шарапат тынч бекен?

— Жолдо кыйналбадыңарбы?

Апам булардын баарына толук жооп бере албаса да:

— Абалымды сурап келгениңер үчүн ыракмат! — деп коюшка жарады.

— Алгыла, жегиле нандан? — деп коет чай куюуп отурган Карачач эжем. Меймандардын бири келип, бири кетип жатышты. А менин алар менен ишим деле жок. Чуркап көчөгө чыктым. Өзүбүздүн үйүбүз тарапка бастым. Бирок анын чалдыбары чыгып турганын көрүп, көңүлүм

иренжиди. Үйдү бузуп, жыгачтарын ташып алыптыр. Баскан-турган жерлеримди карап, өзүмчө ойго чөмүлдүм. Бузулган үйүбүздүн ичине түнү бою жааган жаңы кар толуп, үйүлүп да кетиптир. Кире бериштеги кемегенин орду, моорусу карарып турат. Дубалга ала карга конуп алыптыр. Аны кар тоголоктоп урдум. Айыл арасына көз чаптырдым. Кээ бир үйлөрдүн мооруларынан көк түтүн булайт. Төмөнкү айыл тараптан иттердин үргөнү үзүл-кесил угулат. Бак-дарактар болсо, аппак карга оролгон. Көчөдө баскан жан көрүнбөйт. Жолдун ары жагында биздин үйгө тушташ салынган теңтушум Тажыбайлардын үйү турат. Ошо жакка баргым келди. Жол четинен чыга бергенимде, ал өзү үйү тараптан көрүнүп калды. Жүгүрүп келди. Учураштык. Качан, ким менен келгенимди, кимдикинде жашап жатканыман өйдө сурады. Баарын айттым.

— Жүр, үйгө! Апам бар, токоч жасап жатат! — деди, мени колдон алып. Биз ары баса берерде, беш-алты аял ээрчишип, жаныбыздан өтө берди. Алардын бирөө:

— Алима келип калганбы? Тигинде уулу жүрөт го? — деди биз жакты жал-жал карап коюп.

— Кана? — деп калгандары да бүт жабыла карап калышты.

— Ий, ооба, келип калышкан тура? Батадан келе жатып учурашып коелу. Кимдин үйүндө экен? Өздөрүнүн үйүн болсо, сатып жок кылышты.

— Карачачтыкында болушат да, андан башка жан күйөрү барбы булардын? Кызы батырган эмес го? Мынчалык тез келишиптир, демек батышкан эмес. Ошоякта жашайбыз деп биротоло кетишкен болчу!

«Батадан келе жатып» дейт го? Ким ал? Эмне болгон? — деп Тажыбайдан такый сурап,— тиги аялдар ошентип айтып жатышпайбы?

— Э, ооба,— деди Тажыбай эми эсине келе калгансып. — Аден акеден «кара кагаз» келген. Ошонукуна баратышат.

— Жаман экен, жаман болуптур да! — деп баш чайкадым. Анткени Аден аке менен Момун акем өтө ынтымактуу теңтуштардан эле. Согуш башталардан бир жыл мурда Тентек-Сайдын аркы өйүзүндөгү Сейдикум кыштагынан келин алганы барышканы, акем күйөө жолдош болуп бирге жүргөнү эсимде бар. Ошо күнү үйлөнүү тоюн аябай жакшы өткөрүп беришкен. Кыз тойдо кызыктар көп болот эмеспи. Келинди саябан арабадан көтөрүп алып, көшөгө тартылып турган жасалгалуу бөлмөгө карай баратканда, кимдир бирөө тамашалапбы, же чындап элеби, Аден акенин бутунан чалып жыккан. Ой, ошондогу күлкүнү айтпа! Жаш дебей, кары дебей, атүгүл бери жакта жарданып карап турушкан биз өңдүү жаш балдар да, каткырып күлүп бергенбиз. А бирок Аден аке буга түк арданбады. Тура калып, кыздын чүмбөтүн ача салды да, ушунча элди каратып туруп, анын ай жамалынан чопулдатып өөп-өөп алды! Көпчүлүктүн кыраан-каткырыгы ого бетер күчөдү. Кээ бирөөлөр күйөөнүн бул жоругун макул көрүштү:

— Ой, азамат жигит экен го, ыя? Арман калбады мында! Куп гана жыргады да! Бах, чиркинай десең! «Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол!» дейт, абдан туура иш кылды! Азамат! Жигиттин гүлү экен!

Айыл аксакалдары болсо, муну эп көрүшпөдү:

— Куураган бала десе, уятты да билбейт! Азыркы жаштарда тартынуу, ыйбаа кылуу адаты калбай калды! Ботом, бизди каратып туруп, ээ?

— Көпкөн жигиттердин бирөө буттан чалды окшойт? Ошого жооп катары жасады го, бул ишти?

Мындайда айрыкча жаштарга кудай берип калбайбы. Көчөгө алоолонто от жагышып, түнү бою ыр ырдап, чертмек чертип, бийлеп жүрүштү.

Теңтушум Тажыбайлардын үйүнө кире бererде, ошо Аден акелердин үйү жактан көпчүлүктүн ыйы угулу. «Жанагы аялдар барып, ыйлап жатышса керек?» — деп ойлодум өз ичимен. Момуне акеми, атамы ойлодум.

Турдубүш эже кемегесине үлпүлдөтө от жагып, катырма жасап жатыптыр. Аны бизче, «Патир нан» деп коюшчу. Эмнедир сабыры суз. Көрсө ал коңшусу Аден акеге кейип-кепчип: «Эми калгандары аман-эсен келишсе экен?» деп сар-санаа тартып жатыптыр. Мени адегенде байкабай, нан менен убаралана берди. О, бир топтон кийин гана:

— Ий, келип калдыңарбы, Малик? — деп маңдайыман сылап койду. — Апаң да келдиби?

— Ооба, келди.

— Лайли эжеңчи?

— Ал да келди.

— Жакшы болуптур да. Жат-жалаа жерде эмне бар силерге?

Тажыбай экөөбүзгө сүзмө чайып, нан туурап берди. Курсак тойду. Кечке дейре ойноп жүрүп, үйгө каш карайган чакта келсем, апам далистеги кемегеге алоолонто от жагып, жууркан-төшөктөрүбүздү кургатып жатыптыр. Карачач эжем дандырга нан жаап, аны азыр гана үзүп болуп, кызыл чокко бөрткөн эки бетин мандалактай кызартып, ысык нанды катарлата жайып койгон гүлдүү дасторкондун жанында отурган экен. Сүйүнбай жездем малкана жакта жүрүптүр. Жанына барып, балта, чотту ургулап, сандал жасап жатканын көрдүм.

— Келдиңби, балам? — деди ал мени көрүп эле. — Каерге бардың?

— Тажыбайдыкына бардым, ошерде ойноп жүрдүм.

— А-а, мейли, оюн да керек нерсе! Кел эми мага жардамдашып жибер. Мына бул тактайды кармап тур. Сандал жасайбыз азыр экөөбүз. Канча бут жасаш керектигин билесиңби?

— Ооба, билем, төрт бут жасалат, анын үстү жагына тактай кагылат. Үйдүн бир четине орнотуп, үстүн жууркан менен жабат да, чоктон салып, төрт адам тегеренип отура берет. Ушундайбы, жезде? Тuурабы?

— Ой, баракеде-е! Билет экенсиң го? Мык кага аласыңбы?

— Кага аламын, эмне үчүн кага албайт экем?

Балканы бериңизчи, мына бул даяр тактайларды өзүм эле кагып салайын.

— Кое тур,ага шашпа, мык таап келейин сарайга кирип. Билесиңби бул сандалды кимге жасап жатамын?

— Билбейм?

— Силерге. Үйдү болсо таап койдук. Ага барып, өзүңөрчө жашай бересиңер. Үйдү бузбай турсам болмок экен. Силерди келбейт деп ойлободукпу, келериңерди билгенимде бузбай турмакмын. Эми кеч.

— Жезде, кимдикине барабыз? Кайсы үйгө?

— Анан билесиң. Кел, тезрак бүтүп коелу, караңгы да кирип кетти.

Кийинчерек билсем, карып-арып, өз ажалы менен өлгөн Кадича деген жалгыз кемпирдин үйүнө көчөт экенбиз. Жайында ал жерге сайгактаган малдар кирип, котолоп толуп алчу. Кышкы ченде, кол бош боло калган чакта, Тулганын өспүрүм балдары чогулуп алышып, ошол үйдө сака атып, чүкө экчеп, байгесине жаңгак сайып ойношчу.

Эртеси күн жылыган кезде көчүп чыктык. Көчкөндө эмне, жарытылуу буюм-теримибиз бар дейсизби? Баягы эле көтөрүнүп жүргөн жууркан-төшөнчүбүз да. Өзүбүздөн калган бир кулагы сынык казанды Лайли эжем көтөрүп алды. Сынгандан калган идиш-аяктар бар экен:

— Кереги тийер деп катып койдум эле. Мына бул идиштер силердики. — деп Карачач эжем түйүнчөккө түйүп берди.

Барган үйдүн ичи коңурсук жыттанат. Муздак, ным. Өзү да аябагандай чоң, жалгыз бөлмө. Улаганын оң тарабына орнотулган кемегени желе басып кетиптир. Дубалдын түп жагы көгөрүп, сары чөптөр чыга баштаптыр. Кантебиз анан, жашайбыз да! Үйдүн акчасы жөнүндө буларга ооз ачпадык. Алар муну сураган да жок. Сандалды орто ченге орноттук да, ага ак бөздөн жасалган чоң жуурканыбызды жаптык. Жездемдердикинен ала келген кургак отунду жагып, анын кызыл чогун сандалга салдык. Ушуну менен бир боо го-

зопая-нактанын сөңгөгү жагылып бүттү. Эртең эми Лайли эжем экөөбүз отун таап келүү үчүн талаага чыгабыз. Апам болсо, сандалга жатар менен: «Чыйрыктым, үшүдүм!» — деп кыңкыстай берди. Чырак жок, караңгыда отурдук. Жатар маалда бизден кабар алганы Карачач эжем келиптир:

— Көңүлүм такыр чыдабады — деди ал биздин жаныбызга отура берип. — Курсактын жайы кантти? Ысык-жылык жасап иче алдыңарбы?

— Жо-ок,— деди Лайли эжем,— отун түгөндү, сиз берген бир кесе ун турат текчеде.

— Гм... да, үй абдан эле муздак экен. Силерди биякка чыгарбай эле койсок болмок экен. Ка-ап, бекер иш кылыптырбыз! Кайра барат окшойсуңар? Минтип жашаганда болбойт. Үчөөң тең ооруп каласыңар.

— Кой, Карачач, тек эле кой. Ары-бери көчүпбозуп жүрө беребизби? Эптеп күн өтөөр? Лайли менен Малик экөө отун таап келишет. Тыттар көп го? Бутак-сутактарынан кесип алып келишет да.

— Мейли анда, уулум Акимжанга да айтам. Ал отун алып келүүгө жардам берет, чоңоюп колунан иш келип калды, анын үстүнө эркек эмеспи.

Кагылайын Карачач эжем, үргүлөйүн жаным эжем! Куру кол келбептир! Анын дал ушундай мээримдүүлүк жагы бизге жагат, алтын аял! Аны көргөндө эле үмүттүн оту жалт этет. Ак жүгөрүдөн жасалып, ага айран катыкталган көжөнү чоң идишке куюп, улуу карды кечип көтөрүп келиптир. Аны ысык-жылык ичип, үчөөбүз тең магдырай түштүк.

— Ай, бутум! Бутум-ай! Бутум чыдатпай жатыры! — деп жиберди апам күтүлбөгөн жерден эле. — Тиземен ылдый жагы какшайт, кээде кызыган темирдей ысып чыгат!

— Алима жеңе, бутту этият кылыңыз, үшүк алып кетпесин! — деп Карачач эжем апамын үстүндөгү төшөктү оңдоп жапты. — Таза эле оронуп-чулганып алыптырсыз да? Бул жакшы эмес,

жеңе! Эшик-эликке чыгып, ары-бери басыңыз. Көп эле жылуулана бербеңиз!

— Сөөк-саактарым сыздайт! Жаным жер тартып, башым айланат!

— Жакшы отургула эми! — деп коюп Карачач эжем үйдөн чыгып кетти. Анын орду жоктугу дароо билинди. Үй аңгырап, кобур-собурсуз отуруп калдык. Өпкө-боорубуздун бир жагы оңшурая түшкөндөй болду.

Апамын абалы күндөн-күнгө оорлошо берди. Эти ысып, түнкүсүн онтоп, жөөлүп чыгат. Барабара тамакты да жарытып ичпей, кайнатылган кара суудан башка эч нерсени оозуна албай калды. Лайли эжем экөөбүз болсо: «Апамы ач койбойлу, үшүтүп албайлы!» — деп ойлоп, ар күнү белибизге жип байлап алабыз да, отун тергени талаага чыгып кетебиз. Керели-кечке алыбыз жеткен куурайлардан терип-тепчип, улуу карды кечип, кечкисин каш карайганда чарчап-чаалыгып жетип келебиз. Апам биз келгенче ачка, суук бөлмөдө жата берет. Бирөөбүз үйдө калалы десек, апам ага көнбөйт: «Эжең коркот, караан болуп жүргөнүң жакшы эмеспи» деп бир күнү айтса, экинчи күнү: «Калганда сенин колуңан эмне келмек?» деп айтат. Боз шыбак колубузга илинбеген күндөрү, тыт, тал, теректердин бутактарын эптеп, онтолоп, кыйналып-кысталып отуруп сындырабыз да, үйгө сүйрөп келебиз. Же алар жагар менен жакшы күйбөйт, бықшып, түтөп, эңкейип алып үйлөй беребиз. Ошенткен сайын өпкөбүз көөп, кабактарыбыз шишип кетет, атала бышканча, үй жылыганча жүдөп-какап да бүтөбүз. Качан гана сандалга чок салып койгон соң, жаныбыз жай алат.

Ушинтип кыйналып жаткан күндөрдүн бир инде, Карачач эжем уулу Акимжанды ээрчитип үйгө кирип келди. Адатынча кур кол келбептир. Бир кесе айран, эки нан көтөрүп алыптыр. Акимжан аке дасторконго оролгон нанды, айран куюлган кара жыгач кесени сандалдын үстүнө акырын койду да, бизге кеп-сөз айтпай эле, сыртка чыгып, өздөрүнүн сүйрөй келген тал дөңгөчүн жара

баштады. Бөлмө ичи дароо жылый түштү. Сандалга кызыл ок салынды. Кууратйдын же тал-теректердин майда бутактары анча кызыл чок бербейт экен, тез эле өчүп, сандалдын ичин муздатып салат. Ал эми дөңгөчтүн, катуу жыгачтын чоктору сандалга абдан ылайыктуу келет. Бирок биз аны кайдан тапмак элек? Эгип-тигип койгон багыбыз болбосо, кыйналганда бирөөнү жыга койгудай.

Апамын бутун эчак үшүк алып, эки бутунун тең беш манжалары кап-кара болуп эзилип, бирбирден үзүлүп түшүп жаткан эле. Карачач эжемдер кирер менен эле бөлмөнүн ичи кандайдыр бир калети коңурсук жыттанып турганын айткан. Биз ага билдирбейли деп унчуккан эмесбиз. Кечинде чырактын жарыгына отуруп алып, колуна кайчы алып, беш манжаларын кырка берчү. Дененден жан кетип калган соң, болот миздүү кайчынын күчүн деле адам сезбей, туйбай калат окшойт. Лайли эжем чаңырып: «Апа, эмне кылып жатасыз? Оорубайбы? Койсоңузчу кеспей!» — деп зар какшап жалынып-жалбарса да, ага кулак салбайт: «Кычышып атпайбы!» деп коюп, кайчы менен кыртылдатып кесе берет: «Оорубайт кызым, кайра сүйүн, жаным жыргап калат!» — дейт апам.

Кайран гана Лайли эжем, боорукер, мээримдүү, күйүмдүү эжем! Бирде менин ач калганыма ачынып, күйүп-бышса, бирде апамын азабын тартат. Тызылдап чуркап, жокту бар кылып, туз кемисе коңшуларга бара коюп, таап-туп алып келет. Таң заарынан, түнкүсүн башы жаздыкка тийгенче жаны тынбайт. Эми апам жанагинтип, буттары шишип, манжаларын кыркып жаткан учурда, ого бетер тынчсыздануусу күчөп, кылар жумуш баштан ашып, түзүкчөлөп тамактанууга да чолосу тийбей калат. Арыктап да кетти. Өңү кер-сары тартып, көздөрү киртейип, бою ип-ичке болуп баратат. Чарчадым, жададым, кыйналдым деген наразычылык сөздөрүн түк укпадым. Дайыма көрсөм, тыпылдап, ары-бери чуркап, бирдемелерди жасаган болуп жүрө берет. Кайран эжем, асыл эжем, алтын эжем!

Апамын ал оорусу аз келгенсип, кийинчерээк сүйлөгөнү да калети болуп, эмне деп жатканын, кимге кайрылып, эмне деп муң-зарын түшүндүрүп, ички ойлорун билдирип жатканын да ачык билбей, өзүн-өзү бийлей албай калды. Кээде Лайли эжем экөөбүздүн аты-жөнүбүздү адаштырып, алмаштырып, чакырчу болду. Атүгүл өңү-түсүбүздү да даана биле албай: «Ий, сен белең? Карачач кана? Жездең кана? Шарапат келдиби?» — деп өйдү-сөйдү сүйлөп калды. Күндөрдүн бир күнүндө эле: «Хи-хи-хи!» — деп күлө берди. Эмне болду экен деп жанына чуркап барсак, эч ким жок. Бизди баамдаган да, билген да, «апа, апа» дегенибизди уккан да түрү билинбеди. «Апам, айныды!» — деп Лайли эжем тетири бурулуп баратып, өңгүрөп ыйлап жиберди. «Айныды» дегени эмнеси? деп мен бул сөзгө толук түшүнө бербедим. Көрсө, акылынан адашкан адамды ошентет тура?

Этим дүр этти. Апамын көздөрү алактай берди. Заматта бет түзүлүшү таанылгыс болуп өзгөрүп кетти. Жүрөгүм шуу деп, денем титиреди.

Дагы жакшы жаныбызда Карачач эжем бар болчу. Ошону эш туттук, бел туттук, кайрат кылдык. Карачач эжем апамын колу-буттарын ушалап, бетине суу септи. Ошондо гана көзүн ача салган апам:

— Эмне болду? — деп сурады. Карачач эжем:

— Алима жеңе, Алима жеңе! — дей берди башка сөз оозуна кирбей.

— Мен жөн эле.. мазем качып... — деди кирпиктерин тез-тез ирмеп.

Оозуна ачкыл айрандан зордуктап куйдук. Жаактары карышып калган экен. Чекеси мупмуздак.

— Суук катуу тийген, анын үстүнө ачка болгон! — деди Карачач эжем. — Кайнак суу алып кел Лайли, чалап жасап берели, эптеп бир кашык болсо да жуткузалы!

Ошенттик. Калемпир кошкон чалапты ичкен соң, бир аз оңоло түшкөндөй болду. Аз-аздан

ымшып тердей баштады. Анан көшүлүп уктап кетти. Карачач эжем мындан ары эмне кылуу керектигин бизге дайындап айтты да, анан уулуна минтти:

— Акимжан, сен бүгүн биерде калгын. Булар коркушат. Эртең мен жатып каламын. Ошентпесек болбойт. Абалы оор, коркунучтуу! Даяр туралы!

Ал чыгып кетти. Ошондон көп деле узабай, Тажыбайды ээрчитип, Турдубүш эже да кирип келди. Дароо кобур-собур боло түштүк:

— О, сен биердесиңби? — деп Акимжан акеге кайрыла сүйлөдү Турдубүш эже. — Жакшы, жакшы! Тууган-урук деген, коңшу-колоң деген, бир айылдык деген ушундай болуу керек! — Анан Лайли эжем экөөбүзгө:

— Азаматтарым, апаңарды жакшылап багып отурасыңарбы? — деп үн катты. Тажыбай экөөбүз сандалга катарлаша отурдук. Турдубүш эже да куру келбептир. Жүгөрү талкан алып келиптир. Казанга куурулса керек, жыты бур этип, дароо делебени, табитибизди козгоп жиберди. Коондун жыты менен жүгөрү талкандын жытын жакшы көрөм мен. Апам бул маалда катуу уктап жаткандыктан, ойготподук. Азыркы эле болгон окуяны аларга жашырбай айттык. Турдубүш эже муну угуп, саал чочулап, капа боло түштү: «Атайын Алимага деп, койдун корголундай болгон сары май таап келдим!» — деп, чөнтөгүндөгү кагазга оролгон тоголок немени Лайли эжеме сунду:

— Ойгонгондо бергин, аз болсо да көмөк болот!

Алар көп отурбады, чыгып кетишти. Ушу, ушу болду, биздикине эл кем каттап калышты. Өзүбүз менен өзүбүз убараланып жашап жүрдүк. Буттун манжалары бирден жыдып түшө баштады. Апамын деле акыл-эси өз жайында эмес. Апамын эки буту тең мунжу болуп, манжаларынан бири да калбады. Муну көрүп, жүрөгүбүз сыздайт. Уйку бетин көрбөй, Лайли эжеме эле кыйын болду. Абдан жүдөп кетти. Аны карап коюп, ичимен боор

ооруп, бирок үн катпайм. Менден эмне жардам болсун? Оорубай, ыйлактабай жүргөнүм деле зор тирек, өбөлгө эмеспи!

Түрмөктөлгөн сургулт булуттар айылды чүмкөп алды. Тентек-Сай тарап такыр көрүнбөй калды. Буудай аңызына үймөктөлгөн эски саманды тегеректешкен чөкө таан, ала каргалардын «чарчар» эткен үндөрү гана кыштак четине араң-араң угулганы болбосо, ал канаттуулардын өздөрү калың туманга капталып көзгө көрүнбөйт. Чыкылдаган чыкыроон коюн-колтукка кирип, шаштыны алат. Кыштын качан аяктары али белгисиз. Асман түнөрүп, кабагын самсаалатып капалуудай. Тулгалыктардын көңүлдөрү көктөмдү көксөйт, жаркыраган жаздын келишин эңсейт!

Апам таңга жуук тилден калды. Бул окуя ушунчалык күтүлбөгөн жерден болгондуктан, тууган-уруктарга, коңшу-колоңдорго, таанышбилиштерге кабар да бере албай калдык, үлгүрбөдүк. Апам сүйлөп жатып эле үзүлдү. Кайран апакем, шордуу апакем, азапту апакем! Тирүүлүктүн түгөнбөгөн түйшүгүнөн түбөлүккө азат болду! Бирок бизди күйүткө салып кетти. Темир канатыбыз эми-эми гана жетилип, ак-караны ажыратып, кол-арага жарап калдык эле. Уядан учуруп, анан гана биз менен кош айтышса, арманыбыз болбойт эле. Кош бол, апаке! Эми сенин: «Каралдым, кулунум!» деген жылуу сөздөрүңдү уга албаймын. Эне жытынан, анын мээриминен, боорукерлигинен, ырайымдуу көз караштарынан айрылдым! Апамын:

«Балдарымды атасынын колуна аман-эсен тапшырсам, анан курсагым нанга тойсо!» — деген эки тилеги бар эле. Экөө тең ишке ашпай калды. Ай, арман-ай, арман-ай! О, сен дүйнө, ачуусуң да, таттуусуң! Жумшаксың да, катуусуң! Каардуусуң да, баалусуң! Кээде демди бууган уусуң, кээде баа жеткис барктуусуң!

Лайли эжем буркурап боздоп, апамын үстүнө боюн таштады. Ушунчалык өксүп, өкүнүп, чаңырып ыйлады дейсиз, тим эле, чыдап тура албай кеттим! Апамын бут жагына мен да бой ташта-

дым. Жаныбызда ай-кой дээр эч ким жок болгондуктан, эжем экөөбүз тең өз билгенибизче, өз эркибизче, үйдү көтөрүп бакыра бердик. Ошенткенде апам тириле кала тургансып, бизди сооротто тургансып сезилдиби, же буга чейин жакын адамыбыздан айрылып көрө электигибизденби, ал-күчүбүздү аябай, жан-дилибизди сарптап ыйладык! Көпкө чейин ыйладык, такыр токтоно албай койдук! Эжем гана секин-секин үнүн басаңдатып, бирок ичинен эзилип, буулугуп, жоолугу менен бетин чүмкөп алып, ичек-боорун бүлкүлдөтүп ыйлай берди. Мына ушунусу жанга батты! Чаңырып ыйлаганга караганда, ичинен буулугуп ыйлаган бияктагы адамга өтө оор, аянычтуу сезилет экен! Мен да эжеми туурап, мурдагыдай бакырып-чаңырып ыйлабай, өксүп, өпкөлөй бердим! Эжем боору менен жылып, мага жакын келди да мени бек кучактап алып:

— Эми кантебиз? Эми кантебиз, Мали-ик? — дей берди. — Айланайын үкем-ай, үргүлөйүн-ай, шорубуз бар экен, шорубуз шорподой каткан экен! Өх-үү-ф! Кайран апакебизден айрылдык, айрылдык апакебизден!

Эжемин жоолугу ары жылуу, ары ачуу чыккан жашка жуулуп, сыгып алма суу болуп кетти!

— Эсил кайран апакем, жанымды чабайын апакем! Кагылып, садагаң кетейин апакем! Өх-үү-үф!

Адам өтө катуу кайгырса, тез чарчайт экен, анын үстүнө арыкпыз, алсызбыз. Мен тез эле шалдырап, шайым ооп, үнүйдү чыгара албай да, ыйлай да албай калдым. Эжем деле бул абалдан куру эмес эле. Ал менден өткөн арык болчу, бирок кайраты, ал-күчү, жүргөн-турганы тың эле.

Биздин чаңырыгыбызды, ыйлаганыбызды эл угуп, дароо эле корообузга жыйнала калышты. Жаш-карылардын бардыгы келишти. Куру келишпей, тапкан-туткандарын ала келишти. Өлүктүн бардык жол-жобосу, каада-салты аткарылды. Жаназаны билсе-билбесе да, Сүйүнбай жездем окуду. Ал жагын эч ким териштирип отурган деле жок. Бирок чогулган элдин жүрөгүн

өйүгөн, гөй-гөйгө салган бир гана маселе болуп турду. Апамын жасатын үйдөн алып чыгуудан мурда, Шарапатты чакыртсакпы, же тек эле койсокпу деген суроо бардыгынын башын катырды. Акыры, «жөн эле коелу» деген чечимге келишти.

— Кабар берип кое берели,— деди Сүйүнбай жездем,— качан келсе өз эрки. Жол узак, кар улуу. Бирок өлүктү кармабоо керек. Маалында жайына коелу. Кана, эрте күндү кеч кылбайлы! Камыналы! Алып чыккыла!

Чийнеге кошулган боз эшек үйдүн алдындагы айванга-бастырмага карай тартылды. Табытты көтөрүшүп, ошерге алып келип, чийнеге салышты. Чийне ордунан жылды. Айылыбыздагы сексен жаштан ашып калган, бүкүрөйүп баскан Омор абышка эшегине минбей жетелеп алды. Лайли эжемин чыркыраган үнү биз далай жерге узап кеткенде да кулагыбызга даана угулуп турду.

Чыйыр жок. Кар тозоңу бетке урат. Колумду жеңиме катып алгам. Көз алдыман буга чейинки болуп өткөн окуялардын бардыгы жипке тизгендей чубуруп өтүп жатты. Согушта жүрүшкөн атамы, акеми ойлойм. Баш калкалайбыз деп барып, башыбызга балээни үйгөн, тумшугубузга таш жегизген боору жок Шарапатты, Шыбак-Бел ашуусун, андагы көкүрөгүнө баласын кучактап, колдуу болуп, же суукка тоңуп өлгөн жылаңач аялды, Тентек-Сайды, күрткүгө түшүп кеткенибизди, Алтынай эжени, Базар-Коргондогу чайкананы, Акман айылындагы түнөп калган үйдү, апамын белине байлап алган кездемелерди, жүгөрүн эстеймин! Эстеймин да, азыр кай жакка баратканымды да унутуп, бардык ой-пикирим, кыялым ошоякка ооп кетет. Анан бет алдымдагы чийнени Омор абышканы, чийнеде жаткан апамын жасатын көрүп, көздөрүм алактап, бул суук, аяныятуу, көңүл чөктүрөрлүк, көңүл иренжитерлик окуяга аралашып, өткөнкү окуялар буга аралашып, кошул-ташыл болуп, денемди титиретет! Титиреткен сайын, жашоого кумардануум өчөт, кандайдыр бир ички сезим балалык күндөрүмө наараазы болуу менен көңүл чөгөт!

Орто жолго барып калган чагыбызда, эртеден бери тынбай жаап жаткан кар заматта шыбыргактан суу карга айланды. Үстүбүздөгү денебизге араң эле илинип турган эски, жыртык, ар-ар жеринен куулдап шамал өтүп жаткан кийимдерибиз дароо сыгып алма суу болуп кетти.

— Малик, келетасыңбы, балам? — деп коет кээ-кээде Омор абышка.

Өлүктү узатып бараткан экөөбүз эле. Сүйүнбай жездем бирге келемин деди эле, тиякта мүрзө казышкан үч адам бар деп, Карачач эжем болбой койгон. Анткени жездемин өтүгү жок, жалаң галошчон экен.

Көрүстөнгө жакын калганыбызда, мүрзө казышканы барышкан Мааданбек, Сейдаалы, Акбар деген өспүрүм балдар алдыбыздан чыкты. Шүмүрөйүп, желкелерин кысып алышыптыр. Беттеринен сары түгү чыгып, ыйлап жиберүүгө араң турушат. Омор абышка ал-абалды сураганча эле болбой:

— Каза албадык! — деп үчөө тең жер карашты.

— Ашкебилер! Силерге ишенип, эми энем болот? Кызылдай союпсуңар, акмактар! Эртең менен эле айтпайсыңарбы, колубуздан келбейт деп! Өзүм жалгыз эле казып коймокмун! Ишти бүлдүрүпсүңөр! «Ишенген тоом сен болсоң, кепшеген оозуңду урайындар!» Баскыла, алдыма түшкүлө! Бара көрөбүз эми ал жагын! — Үчөө илкип, абышканын алдына түшүп жөнөдү.

— Жок дегенде жарма казып коюш керек эле. Жарма казышты билесиңерби?

— Билебиз. Биз деле ойлодук ошентели деп. Казана казыш колдон келбегенден кийин, эптеп жарма казып коелу дедик, бирок анысы да колдон келбеди. Карды күрөдүк, карды күрөсөк, жер тоңгок. Кетмен деле етмен эмес, сабы сынып калды.

Омор абышка башка сөз айтпады. Эшегин ачуусу менен жулкулдатып тартты:

— Хы, арам өлгүрлөр! Балээңе жем-чөптү тынбай жейсиңер, дале арык, дале ыркыйып баса албайт! «Эшектин жүгү жеңил болсо, жатак бо-

лот», силердиби, силерди башка-көзгө койгулап иштетиш керек! Жакшы сөздүн теңи эмессиңер, аяп койгонду билбейсиңер, хы, арам өлгүр!

Абышка азыр неге мынча ачууланганын билип, туюп турабыз. Бар күчүн, бар ызасын эшегине чыгарат, сүйлөнө берет. Ошо ичин тытмалаган купуя сырды бизден жашыргандай.

Көрүстөндүн четине жете бергенибизде:

— Мына, келип да калдык! — деп оор күрсүнүп койду. — Эми балдар, мындай кылабыз... — Абышка андан аркысын угуза айтпады. Көрсө:

«Өлүктү ачык көргө коюдан башка арга жок!» — деген ою бар экен.

Сөөктү өз жайына койгондон кийин, Омор аба алаканын көккө жайды:

— Оо-мийин! Жаткан жери жайлуу болсун! Кудай ыракматы кылсын! Ыйман берсин! Арты кайырлуу болсун! Топурагы торко болсун!

Анан абышка сыңар тизелеп отурган төртөөбүзгө карап:

— Э-э, адамдар, Алима жакшы адам беле? — деди. Эч кимибиз үн катпадык. Мындай учурда:

«Жакшы адам эле!» — деш керек экен. Биз муну мурда уккан эмесбиз, уккан чакта да, өлүктү биринчи жолу көмүшүбүз, мүрзөнүн үстүндө биринчи жолу турушубуз. Омор абам бизге карап туруп дагы минтип:

— Эч кимиңерге карызы жокпу? — Бул соболго да таң калдык. Дулдуюп, үн катпадык. Ошондой сөз болгон кезде:

«Жо-ок, карызы жо-ок!» — деш керек экен. Бул тирүүлүктүн парызы.

Айлана тынч. Талаа. Аппак кар. Шырганактап жааган кардын жаашы да токтоду. Тээ алыс жактан айыл, айылдын дүпүйгөн бак-дарактары көрүнөт. Эки ала карга шакылдап сайрап, көрүстөнгө учуп-конуп жүрөт. Анын бирөө качандыр бир убактарда коозделуп салынган, азыр болсо, бир жагы урап түшүп, эскилиги жеткен күмбөздүн үстүнө конуп алып, шакылдап сайрайт. Саал туруп анын жанына экинчи карга да келип конду.

Кызык, жаратылыштын табышмагына таң каласың. Ал-бул дегенче, көздү ачып-жумганча, жанагы сур булуттар кайдадыр сүрүлүп, житип жок болду. Аба ырайы чайыттай ачылып, денебизди жылытты.

Дал мына ушул учурда, мазарды катарлата эгилген жаш тал-теректерди аралап, бейтааныш бирөө бизди утурлай келаткандай туюлду. Анын ким экенин дароо тааный албадык, анткени жалт-жулт эткен кар туланына көздөрүбүз каарыгып, тынбай жаш куюла берип, андан өзүбүз да жүдөп-какап бараткан болчубуз. Тиги киши жоокерче кийинген. Жонуна асынган саргыт-күрөң түстүү торбосу да бар. Жоокер аны улам-улам желкеден ары өйдө карай көтөрүп, ийнине оңдоп салып коет. Көрүнүшү жылмайыңкы, кубанычтуудай. Күлүмсүрөп, тагдырына ыраазы болгонсуп, адымын кере-кере арыштайт. Жүрүшү жеңил-желпи, өңгүл чуңкурлардан секирип-аттап келет.

— Ой-ү-үй! Эгер жаңылбасам, бул келаткан киши — сенин атаң Карим го? — деп, баарыбыздан мурда Омор абышка тааный койду. Сакалын сылап, ошо тарапты бүткүл дитин кое карап калды. Анан бизге карап:

— Уу, чунак балдар десе, эмне оозуңарды аңырайта ачып, карап калдыңар? Чуркабайсыңарбы? Алдынан тосуп чыкпайсыңарбы? Учурашпайсыңарбы? Малик, атаң келатат, атаң! Бол, чурка! Тез жет! Атаң келди, сүйүнчү — деди.

Ушул учурда жанагы эски күмбөзгө конуп шакылдаган ала каргалар да кайдадыр учуп жоголду!

# КӨҢҮЛҮМ КҮТКӨН КҮНДӨР

## ЖЕР КЕПЕДЕ

### I

Кар эрип, жер тоборсуду. Күндүн илеби улам жылыган сайын, жер бетиндеги кыбырап жүргөн жан-жаныбарлардын бардыгына өмүрдүн шооласы жаркырап тийди. Ынсан жеңил дем алып, жүздөрү бажырайып, желкедеги оор жүктөн кутулгандай болду. Мал-кел да быйыл жакшы тойчудай. Жаз жышааны билинер замат, кар али толук эрип бүтүп-бүтпөй эле, эл талаага шашылды. Анткени жамгыр нөшөрлөп жаап, анча-мынча калган токумдай карларды эритип салды. Күңгөй тараптагы кеч эричү кар да калбады. Жаздын эрте келишин кубануу менен тосуп алган калк, ого бетер кубанып, быйыл кудай буюрса түшүмдүн мол болорун алдын-ала сезгенсип, ага көздөрү жетип, өздөрүнчө кудуңдап сүйүнүп, эртеңки кызыл дан үйүлгөн кырманды элестетип жатышты. Кетмен-күрөктөрүн, соко-шаймандарын даярдашып, эми топурактын тапка келишин чыдамсыз күтүштү.

Ар нерсе өз убагында сулуу, өз кезегинде көркөм, кооз көрүнөт эмеспи. Чарк айланган жылдын төрт мезгилинин ар бирине ылайык жүктөлгөн милдети бар го. Мына эми кезегин бузбай, жанатан бери жарпыбыз жазыла жазып келе жаткан жаз бособогодо турат.

Тулга айылынын тээ күн чыгыш тарабындагы эчактан бери кол тийбей дымып жаткан мейкин талаа шыбактын жана башка жер бетине жаңыдан жабырап баш көтөрүп келаткан ар түр-

күн чөптөрдүн буркураган сонун жыттары айыл аралап, делебени козгоду. Көнүп калган эзелки адат да, кары дебей, жаш дебей, талааны эңсеп, талааны көксөп, жамгырдын басылышын, абанын ачылышын чыдамсыз күтүштү. Күндүн көзү көрүнөр менен эмгек шаңы жаңырмак. Күн болсо жаай берди, ойду-келди шаркырап, кокту-колоттордо, жылгаларда, атүгүл айыл аралап, көчөлөрдө да ага баштады. Арадан бир жума өткөндөн кийин гана, ошондо да дароо эле токтоп калбастан, оболу дыбырап, майда жаанга өттү. Торгойлор сайрап, абанын ачылышын кабарлады. Жердин жонунан ак булоо чыгып, күч-кайратына келгенин, дыйкандарды күтүп жатканын жашыра албады. Ошентип, жазгы талаа жумушу да кызуу башталып кетти!

Ата-бала ээрчишип, мурдатан бизге тааныш Такыр-Талаасын көздөй баратышты. Күн аркан бою көтөрүлүп калган болчу. Бала бирде атасынан алдыга озуп, бирде артта калып, жүгүрүп коюп, кайра токтоп баратты. Кээде жандап басат, жүзүнө тигиле карайт:

— Лайли эжемди да ээрчитип албадык да, ээ, ата? Капа болбойбу?

— Ал кийин барат. Оболу экөөбүз кепе жасайбыз. Өзүбүзгө ылайык жер бөлдүрүп алабыз. Соко-шаймандарды даярдап, кепенин жанына белендеп коебуз. Колхоздун жетекчилери менен сүйлөшүп койгомун. Бизге бир ат, бир өгүз берем дешкен.

— Эмне үчүн берет? Бекер береби? Өзүңүзгөбү?

— Жо-ок, андай эмес, колхозчулар үчүн коон, дарбыз, шалы эгебиз. Помидор, бадыраң, анделектер да болот. Айтор, жашылча-жемиш өстүрүү жагы мага жүктөлдү. Мен буга макул болдум. Эми уулум, Лайли эжең үчөөбүз жакшылап иштейли!

— Ат менен кош айдайбыз, ал эми өгүздү эмне кылабыз?

— Ал чоң күч берет. Аттан дагы бизге өгүз керектүү. О, анын пайдасы дыйканчылыкта өтө чоң! Ат тез чарчайт, а өгүз күчтүү, чыдамдуу.

Жакшылап баксаң эле күн-түн болсо да кыңк этпей иштей берет. Ат чарчаса, өгүздү кошко салабыз. Анан шалы себүү мезгилинде, темир шык маланы сүйрөтүп, шалы себебиз. Сууну кечип, шык маланы сүйрөп жүрө берет. Сен жетелейсиң, мен артыңан айдап алам. Ушинтип иштейбиз да, уулум! Жашылча-жемиш өстүрүү жумушу да оңой эмес! Машакат!

— А-а, билем, билем. Тээ сиз согушка кеткен жылы Сүйүнбай жездем Тентек-Сайдын боюна шалы эккен. Мен ошондо өгүздү жетелеп бергемин. Акимжан акем экөөбүз алмак-салмак жетелеп да чарчаганбыз. Ал өгүз өтө эле арык эле. Кээде суунун ичине жыгылып, жатып алчу. Тургуза албай кыйналчубуз. Эми бизге да ошондой көтөрүм өгүздөрдөн бербесе экен? Андайын албай эле коюңуз, ата, Өлүп калса, төлөп бер дешет.

— Акылыңан айланайын уулум, азамат, азамат! Билет турбайсыңбы? Туура айтасың, арык болсо албайм, малканага барып, тандап туруп аламын. Кышы бою жем жебеген, чөпкө да чың тойбогон малдын абалы кайсы болор эле?

— Сүйүнбай жездем да колхоздон сурап алган экен. Арыктатып, көтөрүм кылып салыпсың деп кийин албай коюшту. Анан аны союп, элге этин таратып берген.

— Муну жакшы айттың, уулум. Андай болсо өгүзүн да, атын да албайм. Лайли жжең үчөөбүз кетмен менен эле бүткөрөбүз ишти,— деп атам менин сөзүмдү кубаттап кетти. Ата-баланын арасында сөз ушуну менен бүткөнсүп, тээ келе жасар жерге чейин үн катышпай жүрүп отурушту.

Мына, эңсеген Такыр-Талаасына да жеттик. Биздин колхоздун айдоо аянттары ушул «Кызыл-Аскер» деп аталчу чарба менен чектеш. Эки чарбада жашаган элдин жашоо турмушу бир-биринен айрып алгыс, баары эле бирдей. Элдин айтымына караганда, атүгүл «Кызыл-Аскер» колхозу бизден начар жашайт имиш, ошол себептенби, иш кылып, кече жакында эле эки үй-бүлө Тулгага көчүп келишкен. Анын бири Ашыркул деген атам

теңдүү киши, алар согушта бирге болушуптур. Балким экөө бир-бирине ылымсанап, жакыныраак жашайлы деп, бирге жүрүп, бирге иштейли деп, ушу ишти кылгандыр? А балким ал жашаган колхоз чындап эле начар абалдадыр? Ал жагын териштирип көрбөгөндөн кийин, ишибиз деле болбоду. Мына ошо Ашыркул акенин Темир деген мен теңдүү уулу бар экен. Атам менен Ашыркул аке сыяктуу, биз Темир экөөбүз тең тез эле үйүр алып, үйрөнүшүп кеттик. Ойносок да, иштесек да биргебиз.

Атам экөөбүз качандыр бир мезгилде жазылып, азыркы кезде нугу билинбей бараткан эски, чөп баскан арыктын жээгине келип отурдук. Болжолумда биздин келечектеги кепебиз ушул жерге тургузулат окшойт? Атам ушул жерди чамалап, акмалап калды, дёмек, кепебиздин турар жайы ушул эски арыктын нугунда болот экен да? Калыбы, согушка чейин эле Тентек-Сайдан суу алып чыгуу үчүн айла-амалы иштелип чыкса керек? Кетмен менен казылыптыр, бирок ошол бойдон суу акпай, согуш башталып кеткендиктенби, айтор таштап жиберишиптир. Бизден жогорураак жакта, мен кичине кезимен бери угуп, көрүп жүргөн Чолок тыт дале көгөрүп, жалбырактары жашарып, бою өсүп, жакшынакай болуп өсүп турат. Кайсы жылы, ким тарабынан бул жерге тигилип калганы белгисиз. Кантсе да суусу жок ээн талаада дүпүйүп, бутактары чар тарапка жайылып, ары-бери өткөндөргө көлөкө болуп турганы ого бетер пайдалуу. Чолок тыт деген аты, ошо жалгыз өсүп калгандыктан го калыбы?

Атам экөөбүз түшкө чейин иштедик, кепе орной турган жерди тегиздедик, чөп-чарын алып, тазалап, эртеңкиге даярдап койдук. Эми жыгачтарын алып келип, аны орнотуу иши гана калды. Белибизге түйүп келген курук нанды жеп, суусап, эми кетели деп турсак, талаачылык боюнча бригадирибиз Эгембердиев Эшенкелди аке ат бастырып келип калды. Ал бизге тийиштүү жерди ээрчитип жүрүп көрсөттү.

— Кеп ушу, Керим аке,— деп шүдүгөрдүн орто

ченине келгенде токтоп калды,— жерди көрдүңүз, керектүүсүн бөлүп алдыңыз. Сизге Ашыркул аке коңшу болот. Ал да коон-дарбыз эгейин деп үмүттөнүп жүрөт. Мейли эксин, иштесин, пактадабы, бияктабы иштесе болду да. Жаныңыздан жер бөлүп беребиз. Эми Керим аке, сизге кудай күч берсин! Балдарыңыз менен аман болуңуз! Жакшылап иштей бериңиз! Жайында кепеңизге келип, суусунду кандырып, черибизди жазып, ширин-ширин коон-дарбыздарды жегидей бололу!

— Айтканың келсин! Тирүү жүрсөк, ал мезгил да келет тез эле!

— Кандай түрлөрүн эгейин деп турасыз? Кыркмабы же көктонду уругунанбы? Анделек, бадыраңдан да кошуп коюңуз, эрте бышат. Дарбыздын антон сорту жакшы го?

— Тынчтык болсо, иштей бергенге жетеби. Согуш кыйнады го бизди, согуш. Согушта жүрүп, биз жапаа тарттык десек, биякта силер бизден жаман тартыпсыңар таркылыкты.

— Э-э, бир айтасызбы, эки айтасызбы. Эл экен, дагы чыдады.

— Мына, өзүмөн кыяз, угуп турсаң Эшенкелди,— деп атам сөзгө кызып кетти. — Мурда мен кандай элем? Кара жумушта анча жок элем. Чычайып кийинип алып, эл аралап, ырымды ырдап жүргөндү жакшы көрчүмүн. Эми ойлосом көптөгөн каталыктарды кетириптирмин. Үйбүлөмдү кыйнап, ач-тогуна карабай жүрө берген экемин. Мына эми согуш тарбиялады. Дыйканчылык жакшы экен. Мурда мен муну оор иш го, чыдай албаймын го деп, четтеп жүргөн болчумун. Эми түшүнүп отурамын. Дагы эле кеч эмес. Ал-күчүм бар, кудага шүгүр. Кетирген кемчиликтерди оңдоймун!

— А-а, Керим аке, Керим аке, адашкандын айыбы жок. Азыркы сөздөрүңүз мага аябай жакты! Ыр эмне, күнүмдүк оокат да ал, түбөлүктүү болчу беле? Эгер такыр эле ошого ышкыбоз болуп, байланып баратсаңыз, ырдап да, иштеп да жүрө бериңиз!

— Туура айтасың, Эшенкелди, бул оюң туура!

Иш жүзүндө өзүмдү көрсөтөйүн деп быйыл атта-нып чыкканымдын себебин да ошол.

— Оп-бали, эми оңолупсуз, эми акылга кирип-сиз! Уулуңуз Малик чоңоюп келатат, аны оку-туш керек, тарбиялаш да сиздин мойнуңузда. Үй-жай куруп, эл катары жашоого не жетсин! Кы-зыңыз да бой жетип калды!

— Түшүндүм, анын баарын түшүнөм! Жашы-быз да бир топко барып калды, бала-чакаларды ойлош керек. Момундан болсо кабар жок.

— Келип калар аман-эсен болсо, үмүт үзбөңүз!

— Ким билет? Согуштун сырлары көп, бирок кат келбегенине кабатырмын!

— Керим аке, эми өзүңүздү андай-мындай жаман ойлорго алдыра бербеңиз, иш менен өзүңүздү алаксытыңыз, ошо пайда. Кана, сизге дагы эмнелер керек, соко-шаймандар же-тиштүүбү? Унаа керекпи?

— Керек, ат дагы, өгүз дагы керек. Анан, кепе тургузарга жыгач болсо каралашып тургун?

— Маакул, азыр барып ат менен өгүздү мал сарайдан алсаңыз да болот, ат багарга дайындап койгомун. Ал эми соко-шаймандардын жетпеге-нин устаканадан аласыз. Кепеңизге тактай табыл-са, берип жиберем!

Эшенкелди аке согушка барган эмес. Ага ча-кыруу кагазы келгенде, теңтуштары чогулушуп, райондун борборундагы ашканага киришет да «ажыраш аяк» уюштурушат. «Коштошуп алалы, бирибизди-бирибиз дагы көрөбүзбү, жокпу?» де-ген ойду ортого салышып, иче беришет. Түн жа-рым оогон чакта бирин-бири таба алышпай тен-тиректешип, ар кимиси ар жакка тарап кетишет. Эшенкул аке минип барган аты менен эптеп ай-ылга жетип келет, жетип келгени менен, Такыр-Талаасына жакындай бергенде, ат үркүп жыгы-лат. Кыштын күнү, кар белчеден жаап салган чакта түнү бою суукта кайыгып, буттарын үшүк алып кетет. Ооруканада онтоп жатат эки-үч ай. Бир бутун кесип салат. Мына азыр протез жа-сатканына карабай, соо адамдай эле басат, чо-локтугу байкалбайт.

Эшенкелди акенин шашкалактык мүнөзү бар. Жөө жүрсө да, ат үстүндө болсо да шашылып, майда-чүйдө жумуштарга кийлигише берет, колхоздун ишин өзү жалгыз бүтүрө кое тургансып, тийешеси жок жумуштарга деле аралаша бергени үчүн колхоз жетекчилеринен да, жөнөкөй адамдардан да кагуу жеп калган учурлары көп эле жолу болгон. Анысын ар кылбай, андан жыйынтык чыгарбай, ошо үйрөнгөн адатын таштабайт, катын-калачтардын кары-жаштыгына карабай, түшкү ченде көлөкөлөп отурган жерине барып; «Отура бересиңерби? Күн кечтеп баратат го? Турбайсыңарбы ордуңардан! Болгула, тургула! Иштегиле бат-бат!» — деп оозуна келгенин кайтарбай сөгүнүп жиберет. Ага жедеп көнүп калган аялдар, анысын эрөөн да көрбөй, кайра шаңкылдашып күлүшүп, этек-жеңдерин кагынышып, ордуларынан турушат. Июнь-июль айларында пактаны отоо чөп аябай басып, бир жагынан суу жетпей, өз убагында сугарылбай, күндө жетекчилерден сөз уга берген Эшенкул акеге да боор ачыса болот. Контордо күндө жыйналыш, күндө талаш-тартыш, уруш-жаңжал. Түн ооганда келет үйүнө. Чырм этип кирпик каккан болот да, токулуу атын минип, суу башына жөнөйт. Ал дегениң тээ Базар-Коргон тарапта, алыс. Аерде да суу талашуу, жаңжалдашуу. Чоң шашкеде баштарына бешиктерин коюп, наристелерин боорлоруна кыса кармап, талаага бараткан аялдардын алдынан ат чаап чыгат да; «Ушуга чейин уктай бересиңерби? Уятыңар жокпу? Мага койсобу, камчылап-камчылап жибергим келет!» — деп аттын такымына камчысын басып-басып алат да, андан ары жол чаңытып жөнөйт. Бирок минткен менен ичинде жаманчылыгы жок айкөл адам. Сырдаша келсеңиз, тээ илгерки кыргыздын тарыхынан өйдө айтып берет. Бир жини келсе, дулдуюп унчукпай коймо адатты таап алат.

— Бутун кесип салгандан кийин ушинтип өзгөрүп кетти, мурда андай эмес эле деп аялы күйөөсүн актап сүйлөп калат.

Мына азыр атам экөөбүз ошол киши кеткен

жакты карап отурабыз. Арал айылы жактан керимсел шамал согот. Атам деле өзү жок кезде Тулгада, айрыкча биздин үй-бүлөдө эмнелер болгонун билет, укту. Апам жөнүндө болсо:

— Билгемин анын ушундай кыларын! — дегенден башка сөз айтпады. Шарапат эжем жөнүндөгү ой-пикирим ачык билдирилбеди. Күнөөнү же апама, же эжеме коет го жеп күттүк эле. Анысын да, мунусун укпадык.

Сууну Тентек-Сайдан ташып ичерибизди айтты атам азыр:

— Бакан жасап берем, Лайли эжең экөөң ташый бересиңер. Арык казып, суу алып чыкканча ошентип жашайбыз,— деди атам. — Бирок бул ишти жүзөгө ашыруу кыйын го? Кана, эл бар, журт бар, кеңешип көрөбүз!

Арадан бир жума өткөндөн кийин гана бардыгы шайма-шай болуп, жерди иштетүү учурун күтүп калдык. Кепени куруп бүттүк, көчүп келдик. Көчкөндө эмне, дүнүйөбүз бар дейсизби? Кулагы кертилген бир казан, чөөгүн, жалгыз гана кара жыгач кесе, четтери сынып, ар бир ууртаган сайын тиштерибиз тийе бергендиктен, кээ бир жери кертилип, сынып калган жыгач кашыкты алып жүрүү ушунчалык кыйын бекен?

Атам өгүз албаптыр. Аны тээ шалы эгүү мезгилинде бересиңер деп коюптур да, анын ордуна дагы бир атты кошуп жетелеп келе бериптир. Менде эми тыным жок. Таң заарынан турам, жылаңайлак, тамандарымы чөңөргө тилдирип, эки ат чегилген кошту жетелейм. Же бир айдаган жерибизге соконун тиши түзүкчөлөп кирсечи, топурактын үстү жагынан гана чийип атат, жер катуу, кумай чөбү, жапайы беделдерден аянтты тазалоо биз үчүн кыйынга турду. Чаң жутуп, эриндерибиз кесилип, үстү-башыбыз боз-ала болуп жүдөйбүз, чарчайбыз, шайыбыз ооп, кепеге келип эле шалк эте жата калабыз. Атамын дыйканчылыкта биринчи жыл иштеши болгондуктан ага да кыйын болду. Намыс үчүн чыдап, абийир үчүн бардыгына кайыл келбесе, жумурай-журтка уят болуп калуу оңой эле иш. Мына ушул жаг-

дайды түшүнгөн атам, тиштенип, чыдап, кезиккен оор, ары колдон келбестей болуп сезилген жумуштарды аткарууга мажбур. Лайли эжем болсо, эки чаканы баканга илип, Тентек-Сайдан суу ташыйт. Эски арыктын нугун жаңыдан казуу, сайдан суу алып келүү иштери али колго алына элек.

Кечинде денелерибиз жанчылып, сулк жатабыз, бир да козголбой уктайбыз. Эртеси кайра иш. Күн ысыйт, аттар илкийт, чымын-чиркейлер көбөёт, башка жер куруп кеткенсип, туура эле аттардын тумшугуна топтолушуп алат. Ансайын аттар ылаалап, мага баш бербейт, жылоолоп тартсам деле сүйрөп кетет. Жаны ачыган атам:

— Түз жетеле! — деп менден күчүн чыгарат. Каяша айтпайм. Атамын абалын мен деле жакшы түшүнөм. Жашы элүүдөн өтүп бараткан адамдын күч-кубаты чектелүү эмеспи. Анын үстүнө согуштан жапа чегип, ок көзөгөн денелери ооруксунтат.

Денеден чыккан муздак тер шор даамданат, көздү ачыштырат. Эттериме, моюндарыма талаа чөбүнүн майда кыпындары жабышып, кыжырымды келтирет, кычыштырат, ыйлактап, бышактап тырманам.

— Чоо-о! Чоо-о! — деп тизгинди булкам. Аттар аны тоотуп да койбойт, ызаланам.

— Токтот! — дейт атам бир маалда,— дем алалы, уулум! Этият кылбасак, аттарды өлтүрүп албайлы! — Чын эле аттардын териси дирилдеп, тизелери калтырайт, чымындар үйүлүп алышкан. Бүткөн бою чыпылдап суу.

Атам:

— Малик, сен бара бер кепеге. Мен аттарды тушап, тиги сай тарапка айдап коеюн. Кечки салкында айдайбыз,— дейт да, аттардын моюнтуруктарын чече баштайт.

Жерди бир жумада айдап бүттүк. Анан жөөк алып, күн мурунтан сууга салып жибитип койгон коон, дарбыз, анделек, бадыраңдардын уруктарын кол менен чөнөктөп эктик. Кудай жалгап,

мээнетибиз кайтып, аш-баш дегенче болбой, күн өткөнү билинбей, эккен уруктарыбыздын бардыгы өнүп чыкты. Чымчыктар чокулап, жөөктүн төшүн ачып кеткен кээ бир жерлерге дагы бир сыйрадан эгип чыктык. Көчөттөр кош кулактарын тикчийтип, саал чоңое түшкөндө, атам экөөбүз кетменди курчутуп алып, жакшылап саптап, коон-дарбыздардын түбүн жумшарттык, чөптөн арылттык. Акыры эки гектарга жакын жашылча бакчабыз көк тонун жамынып, көздүн жоосун алып, четтен карап турган биз өңдүү алгачкы ирет дыйканчылык менен алышып, күрөшүп көргөн адамды өтө ыраазылыкка бөлөп турду! Эми суу керек. Кошумча азыктандыруу керек. Атам бир нече жолу Арал айылынан жогору жактагы суу дамбасына барып, иштин чоожайын билип келген. Мураптарга, бригадир Эшенкелдиге ишенип отура берсе, бүт эмгегибиз талаага кетүү коркунучу туулуп турат.

Теңтушум Темирдин мүнөзү болсо, таптакыр башкача эле. Кечке оюндан колу бошобойт. Бирөөлөрдөн уккан ырларды жаттап алып, мага келип мактанып ырдап берчү. Обонуна туура келсе, келбесе деле, атүгүл кээ бир саптарын чала таштап коюп, колун абага сермеп, анан туруптуруп бийлеп жиберип ырдай берчү. Өзбек, татар, казак, тилдерин кайдан үйрөнүп алганын билбейм, тим эле куюлуштуруп, нак өзүндөй ырдап, сүйлөп, бийлеп жибергенде, таң калып карап тура берчүмүн. Анын бою менден пас эле, бирок эткээл, беттери тоголок, кашы-көзү капкара, сулуу сымал бала болучу. Мактанып сүйлөгөн жагы гана мага жакчу эмес, антип жактыра бербегеним менен, баары бир андан алыс кете алчу эмесмин, анткени мындай ээн талаада андан башка теңтуш балдар жок эле. Кээ бир колум бош боло калган күндөрү алардын кепесине барып, кеч киргенче ойноп жүрө берчүмүн. Бул айыбым үчүн албетте Лайли эжем мени жакшылап жазалап да койчу эле. Чолок тыттын солкулдак көк чыбыгынан тандап туруп бирди сындырчу да, атамын үйдө жоктугунан пайдаланып,

куйрук талаштыра чаап-чаап жиберчү. Мына ушундан кийин: «Ушу Чолок тытты кесип эле салышпайбы!» — деген ойго да барчумун. Айткандай эле бир жылдан кийин чагылган түшүп, ошол тыт түбү менен күйүп кетти.

Тулга тараптан жай бастырып келаткан эки атчан көрүндү. Алардын ким экенин дароо билдик. Аңгыча өздөрү да келип калышты. Мен алардын аттарын алып, мамыга байладым. Эшенкелди бригадир атам менен кош колун берип учурашты. Бел курчоосу менен терин сүрттү да, көлөкөгө бой тартты. Атам менен оболу ал-абалды сурашып бүткөн соң:

— Иштер кандай! Коондор өсүп калыптыр, көрдүм! — деди.

— Өскөн менен суу жагы чатак болуп жатат. Эмне кылабыз?

— Мураптардын бирөө да жардам бербедиби? Мен аларга дайындап койгомун. Жүрүңүз, азыр аларга барабыз. Суу дамбасын тээп жиберип болсо да сизге суу алып беремин. Алар менен өлбөгөн эле жерде калышпасамбы? Кара буларды, эмне, биздин «Пайнап» колхоз, ошол «Кызыл-Аскер» колхозунан кем бекен? Башкармабызга айтамын бул кылыктарын! Жүрүңүз! Ашыркул акени да ээрчитип алыңыз. Төртөөбүз болуп алып аларды бир опузалап коелу! — деп ха-ха-лап күлдү аттанар алдында.

Алар аттарын ызгытып, заматта көздөн кайым болушту. Бул кезде күн чоң шашке болуп калган эле. Лайли жэкем экөөбүз кетменди желкеге артып, коон аянтына карай баратканбыз. Мына ушул мезгилде жэкем арыраак басты да, эмнегедир үнүн катуу чыгарып, сүйүнгөн, кубанган калыбында мени өзүнө чакырды:

— Малик, бери келсең! Суу, суу келди! Мына, карасаң, суу келди! Ой, жаша-аа! Мына, суу келди! — дей берди арыктын ал жак, бул жагына секирип, жаш балача ырдап, бийлеп коюп. Улам эңкейип, колун сууга салат, жүгүрөт. Ага мен да кошулдум, сүйүнүчүбүздө чек жок эле! Арыктагы ылай, чөп-чар аралашкан али ичүүгө болбой

турган тунук эмес, кызыл түстөгү сууну кечип ойнодук, суу чачыштык бир-бирибизге.

Мына ошентип, көптөн күткөн суу да келди, суу менен кошо өмүр да келди! Келечектеги түшүмдүн мол болушуна эч шек санабай да калдык. Көңүлүбүз тынчыды. Коон-дарбызыбыз жакшы болду. Эң оболу бадыраң, анан анделек бышты. Оңуп эле калдык. Баарыдан да Темир экөөбүзгө кудай берди. Анделек менен бадыраңдын палектерин аралап жүрө беребиз. Бышкандарын терип, үзүп, кепеге топтойбуз. Кээде мактанып, Тулгага алып баргыбыз келет. Сүйүнбай жездеме, Карачач эжеме, теңтушубуз Тажыбайга илинип, ошолорго берсек деп турабыз. Ансыз деле атам бир күнү Темир экөөбүздү жөнөттү айылга. Бир капка анделек, бадыраңдан толтура салып, атка жүктөп, Темир экөөбүз учкашып алдык. Эжемдер, Тажыбайлар сүйүнүп, биз биякка келерибизде нан, сары май, туз берип жиберишти. Күндөр мына ушинтип өтүп жатты.

Эшенкелди бригадир бизден кабар алганы дагы келди. Бирок бул жолу жалгыз эмес, бизге али бейтааныш баланы ээрчитип алыптыр. Тааныша келгенибизде, анын аты Алым экен. Жашы канчаларга барганын ачык айта албасак да, сүйлөшүнөн, баскан-турганынан, өңү-түсүнөн улам, Лайли эжемен улуурак деп болжодук.

— Керим аке, кандайсыз? — деп бригадир атама күлө карады. — Кыйналган жоксузбу? Бозоруп жаткан талааны гүлдөтүп салыпсыз го? О, азамат десе, чыныгы дыйкан деп ушуну айт! Бадыраң, анделектер бышыптыр, коон-дарбыздар гүлдөптүр. Алыстан эле буркурап, сонун жыт келет! Жашай бериңиз!

— А-а, эми, эмгек кылсаң гүлдөйт экен да. Ыракмат айткан сөзүңө! Кана, анделектен, бадыраңдан ооз тийгиле! Жылдын жаңылыгы дейт муну!

Алар кепенин ооз ченине отурушту. Алым жакка бастым. Ал калдайган арык өгүздү жетелеп келиптир. Ага кыргыз кабына толтура шалы уругун жүктөп алган экен, Алым аны жеңил гана

көтөрүп түшүрдү да, атама карап, жадарып-жайнап сүйлөдү:

— Саламатсызбы, абаке! Күүлүү-күчтүү жүрөсүзбү? Сизге мен жардамчы болуп келдим! Керек беле жардамчы? Кыйналып калсаңыз да керек?

— Керек жардамчы, керек болбой анан! — деп атам Алымга колун берди. — Кел, балам, жакшысыңбы? Кана, отур мындай. Андалектен, бадыраңдан жеп отур. Тиги каптагы эмне, шалы уругубу? Жакшы кылыпсыңар ошону. Себүүгө да убакыт келип калды. Шалы экчү жерди даярдап койгонбуз. Өгүздү алып келгениңер да жакшы болуптур. Анын пайдасы мына эми тийет! Арык экен, мейли, анделек, бадыраңдардын бачектерин жеп, тез эле эттенип кетет.

Алымдын жүргөн-турганы дегеле тың, шыпылдап, өз үйүндөй, тартынбай-этпей, анделекти союп, бадыраңды туурап, кызмат кылып жатты.

— Эпилдеп-жепилдеген түзүк бала экен. Кимдин уулу бул! — деди атам. Анын бул сөзүн угуп, Алым кызарып кетип, кепе жакты жалт карады. Кесеге куюлган кесмени көтөрүп келаткан Лайли эжеми көрө салды да, ого бетер тартынып, этек-жеңин кымтынып, оңтойсуз абалда калгансыды.

— Бул балабы, бул бала тээ Тай-Мөңкү айылы тараптагы Шаамурат деген өтүкчүнүн уулу. Уксаңыз керек, согуштан кайтпай калбадыбы. Азыр жалгыз энесинен башка эч кимиси жок. Тиликарак, тил алчаак, мээнеткеч бала. Сизге ары жардамчы, ары эрмек болсун, уулу катары көрүп жүрсүн деп алып келдим

— Алып келгениң жакшы болуптур, Эшенкелди. Мен да көптөн бери ушундай дестийер балага зар болуп жүрдүм эле. Эми колум узарып, «жеңилимди жерден, оорду колдон» алар азамат табылып калганы жакшы болбодубу!

— Мына бул куржунда эт, май бар,— деп бригадир куржундун оозун ачты. — Колхозчуларга ысык тамак уюштурдук эле, жылкы сой-

дук, арыгырак экен, ошентсе да, сизге деп шыбагаңызды ала келдик.

— Ыракмат! Далайдан бери эт-аштан кыстальп калдык эле. Буюрса бүгүн жакшылап палоо жасап жейли.

Чынында атам палоо жасоонун мыкты устасы эле. Сабизди тактайдын үстүнө коюп, курч бычагы менен тыпылдата туурап жатканын далай жолу кызыга карап отурганым эске түштү. Бармагын кесип албаганына таң калчумун. Сабизди атамчалык майдалап туураган кишини айылдан көрө албадым.

— Үйрөнүп ал, уулум,— дечү атам. — Көрдүңбү, кыздын чачындай майдалап туурап жатамын. Таза дакталган зыгыр майына кызарта кууруп, этти салып, үстүнө кайнаган сууну куйсаң, палоонун палоосу болот да калат, чиркин! Шириндигинен бармагыңды да тиштеп аласың.

Ошол күнү Эшенкелди аке биздикине түнөп калмай болду. Ар жактарга чаап-чуркап жүрүп чарчаганбы, атама өз оюндагысын айтты:

— Чарчадым, бир жагынан бутум ооруп да жүрөт. Аны элге билгизбейм. Түнкүсүн кыңкыстап кээде уйку качат. Жыйым-терим бүтсө экен, бир жактарга барып эс алат элем. Бүгүн өз колуңуз менен жакшылап палоо жасаңызчы, жыргап жейлик. Көп жылдан бери сиздин жасаган палоону жей элекмин. Укмуш жасап коесуз ашты. Тээ согушка чейинки жылдары көп эле жолу жедим колуңуздан жасалган палоону, дале оозуман кетпейт даамы. Ашыркул акени да аялы, балдары менен чакырыңыз, чогуу сүйлөшүп отуралы. Өлбөгөн экенбиз, мына кайра токчулук, бейпилчилик замап аста-секин келатыр. Албетте, дароо эле ойдогудай боло койбос. Бирок согуш мезгилине караганда түзүкбүз. Ушуга миң мертебе шүгүр! Былтыр бул маалда кан куйүп, жер өрттөнүп, алаамат болуп жаткан!

— Маакул, бригадир, маакул! Бул оюң туура! Кепеге батпасак, сыртка жай салып отурабыз. Ай болсо жарык, күн салкын. Отурабыз сүйлөшүп.

Согуштан келгенден бери деле конок күтүп, элге дасторкон жая элекмин. Ушул жагынан уялып жүрөм. Кудай кааласа, күздө элден бата алып коем го?

— Эсен болсок, бир-бирибизди сыйлоо качпайт. Көңүл калбасын!

Кечкисин бардыгы биздикине чогулушту. Кобур-собур күчөп, тим эле жарпыбыз жазылып калды. Адам бар жер жакшы экен. Ишке да, жепичкенге да көпчүлүк болгону жакшы экен!

Тамак бышканча атам комуз чертип, ыр ырдап, меймандарды күлдүрүп, көңүлүн ачып отурду. Согуштан келгенден бери биринчи жолу көпчүлүктүн алдында ушинтип жайдары күлүп, жай отуруп, комуз чертип, ыр ырдаганы болсо керек?

— Эми «Кедейканды» айтып бериңизчи, бай болгур! — деп суранып калды Эшенкелди аке буттарын кеңири сунуп, жанбаштай калып. — Куудул, шыкаба, накыл сөздөрдү да кыраатын келтире айтасыз, билем. Илгери «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Жанайыл жалгыз» деген дастандарды комуз күүсүнө салып айтар элеңиз. Барбы ошол өнөр дагы деле?

— Бар, алар эстен чыкпайт! — деди атам. — Мезгили келсе айтамын!

— Кана эмесе, өнөрүңүз болсо, өргө чабыңыз! — дешти отургандар.

— «Жаныш-Байыш» узун сабак, аны айтып бүткөнчө таң атат. Андан көрөкчө, «Кедейканды» уккула! — деп атам эми оңдоно отурду. Ыр менен башталып, комуз менен коштолуп, кечки тамак бышкан ченде араң бүттү.

Атамын ыр-күүлөргө кызыгып: жомокторду кыраатын келтире айтышын мен биринчи жолу бетме-бет отуруп угушум. Согушка чейин өтө жаш болгондугуман ага анча маани берген эмес экемин. Атам жөнүндө сөз козголуп калган кезде элден укчумун. Апаман да бир нече жолу уккамын. Бирок ал атама наараазы болгон чакта, кейип-кепчиген кезде: «Эл кыдырып, ырын ырдап жүрө берсин үй-бүлөсүнө карабай» — деп тетири

мааниде айткандыктан, мен бул сөздү башкача түрдө түшүнгөмүн. Мына эми атамын чыныгы ырчы, комузчу, жомокчу, атүгүл куудул сөздөрдү куюлуштуруп айтарын өз көзүм менен көрүп, өз деңгээлимде баалап отурамын.

Бирок мына ушул кубаныч, атама ыраазы болуу сезими көпкө созулбады. Эшенкул аке такыр ойдо жок, күтүлбөгөн кепти айта салды. Атама аял алып берүү жөнүндө сөз козгоду. Эшенкул акенин бүгүн биздин үйдө түнөп калуусунун бир себеби да ушул окшойт деп баамдадым. Жашы кырктар чамасына келип калган Жаркынай аттуу жесир аялды көптөн бери чоттоп жүргөнүн, ал атама ылайыктуу экенин айтып отурду. Эшенкул аке. Бирок атам буга «макул», же «жок» деп дароо жооп бербеди.

— Кана, ойлоп көрөйүн,— деп гана койду. Ашыркул аке да жөн отурбай, Эшенкул акенин сөзүн кубаттап, сүрөөмөлөп:

— Туура, туура айтат Эшенкул! Бала-чака өз күнүн көрөт, сиз кыйналасыз, өзүңүзгө эле оордук келет. Ысык-сууктан, кир-кокту жууштан кыйналасыз. Лайли бойго жетип калды, ал деген бирөөнүн үй-бүлөсү. Малик али жаш. Жакшылап ойлоп көрүңүз, сизге жамандыкты ыраа көрбөйсүз! — деп күйүп-бышкан жан жолдошундай жан тартты. Мен Ашыркул акенин бул сөзүн жактырбай, жаман көзүм менен олурая карап калган кезде, Лайли эжем колуман шап тартып, кепеге жетелеп кирип кетти:

— Чоң адамдардын арасында сага эмне бар? Жат, уктагын! — эжем мени желкемен укуп, салынуу төшөккө түртө салды. — Жат, уктагын!

Үн катпадым. Жаздыкка башты коер менен уйкуга кеттим. Эртең менен көзүмдү ачсам, меймандар эчак кетип калышыптыр. Эми бизди кайрадан сар-санаа каптады. Эч нерсени ойлонбой, өз эркибизче жашап, иштеп көнүп калдык эле. Бирөөлөргө көз каранды эмес элек. Каалашыбызча жеп-ичип, ойноп-күлүп жүргөн элек. Заматта суу сепкендей дене муздады, жүрөк сууду! Адеп жамандыкты баштан өткөрө берсең, безил-

деп калат экенсиң. Анын арты эмне болор экен деп, оюң онго, санааң санга бөлүнүп, тынчың кетет экен! Жаш эле туруп жададык жамантыктан! Жаш эле туруп, көп жашаган адамдай боло түштүк! Акылыбыз баарына жетип, тааныш эмес жана тааныш адамдардан деле, алыс жана жакын туугандардан деле алыстап, сестейип, чоочулап турат экенсиң, капырай!

Атамын өз оозунан али эч нерсе уга элекпиз. Ошентсе да күн мурунтан запкы жеп, күйүп-бышып, кайгыланып жүрөбүз эжем экөөбүз. Эгер бизге кеңешсе, аял алуу же албоо жөнүндө оюн ортого салса, биз албетте жок дебейбиз, антип айтууга акыбыз да жок! Ал деген атамын жеке иши, өзүнүн керт башына, тагдырына байланыштуу иши! Биз эмне, баласыбыз, баш ийебиз, айтканына көнөбүз. Атамын ой-пикири, туткан иши туурабы, туура эмесби, ага өзү жооп берет. Бизге караганда, эмне кылууну, кайда барууну, кайсы ишти аткарууну жакшы билет!

Лайли эжем мына ушулардын бардыгын билип-сезип турса да, өз эркине өзү ээ боло албай, өзүн-өзү башкара албай, капаланып жүргөнүн мага да, атама да билдирип койду. Жаныбызда агып жаткан суу турса, Тентек-Сайга барат суу алып келгени. Көрсө ал суу үчүн эмес, ыйлапыйлап, ичтеги бугун чыгарып алуу үчүн барат тура ал жакка!

Бир жумадан кийин апалуу болдук. Бул аз келгенсип, Алым да жөн жүрбөй, Лайли эжеми тооруп калганын байкап калып, ичим тыз эте ачышты, эми мага көбүрөөк ой түштү, акыл-эсим тезирек жетилди.

«Эгер бул экөө ээрчишип кетип калышса, менин көрөр күнүм не болот?» — деп, чогуу тамак ичип отурган чакта Лайли эжеми тикчийе карап калдым. Оозума алып бараткан кашыктагы шорпо төгүлүп кетти.

— Эмне аңкаясың? Мени эми көрдүңбү? Алдагы оокатыңды ич! — деп эжем жемелеген болду.

— Оокат ичип отурганда урушпасаңарчы! — деп атам арага түштү.

Өгөй энебиз биздин жорук-жосунубузга али жакшылап түшүнө элек. Бизге карата болгон мамилеси жакшы. Тамак жасайт, идиш-аяктарды жууйт, кийим-кечелерибизди өз убагында карап, жууп-тазалап турат. Кантсе да Лайли эжеме бир топ жеңилдик болуп калгандай. Бирок бул көрүнүш сырткы гана көрүнүш экенин түшүнүп турабыз. Эртеби, кечпи, баары бир Лайли эжем экөөнүн ортосунда аркы-терки сөз аралашы азыртан эле сезилип турат. Эми ал жагын көрө жатабыз. Мени ойлонткон, тынчсыздандырган мындан башка сар-санаалар эле. Ооба, мына ошентип атам үйлөндү дейли. Лайли эжем болсо өз теңин табат окшойт? А менчи? Мен эмне кыламын? Ар ким өзүн гана ойлойт тура? Менин ойлогонум — мектеп! Быйыл минтип окубай да калдым!

Коон бышып кызуу күчөп турган мезгилде, Эшенкелди аке адатынча атын тердетип, шашкалактап чаап келди да:

— Ай, бай болгурлар, иш чатак, чатак иш! — деп аптыга сүйлөдү. — Пактачыларга жардам бербесеңер болбой калды. Дыйканчылыкта жүргөн адамдарды да пакта талаасына айдагыла деп мага катуу эскертти. Гозолорду отоо чөп басып кетти. Бир жагынан суу жетпей, гозолордун кулактары шалпыйып турат. Шайым ооду, шаштым кетти, жардам бергиле! Алым менен Малик бүгүндөн калбай барсын! — деген сөздү айтты да, даам ооз тийип кетиңиз дегенге да көнбөй, куржунуна эки коон, эки дарбыз салып, аттын оозун кайра тартты. Ошол эле күнү шалы отоодо жүргөн Алымды чакырып алып, Тулгага карай бет алдык. Биз жетип барарыбыз менен эле:

— Эртең Азизанын жерине барып иштейсиңер! — деп дайындады.

Бирок кимдин жерине барып иштөө бизди кызыктырбайт эле. Каерде түнөйбүз, кимдикинде жүрөбүз? Ал жагы белгисиз. Тулга өз айылыбыз болгондуктанбы, бригадир бул жөнүндө айтпады, буга маани бербеди. Мен оболу Карачач эжемкине барсамбы деп ойлоп, анан андан айны-

дым да, Тажыбайлардыкына карай Алымды ээрчитип жөнөдүм. Алар бизди жылуу тосуп алышты: «Ишиңер бүткөнчө ушул жерде жашап жүрө бергиле» деген сөздү да айтышты. Иштин бул жагынан көңүл тынчыды. Таң заарынан бизди Эшенкелди аке келип ойготту:

— Тургула! Тез болгула! Чай-пай ичип алып жөнөгүлө! Эми мен башкаларды ойготоюн, эмесе уктай беришет түшкө чейин, камырап да коюшпайт. Күйүп-бышкан эле мен!

— Тим эле кыйратарсың! — деп Турдубүш эже уй саап жатып күңк этти,— ким эле азыр түшкө чейин уктасын? Камырабайт деп коет дагы! Башкалардан өзүн кыйынмын деп санайт окшойт, бусулманым?

Турдубүш эже жарым чака сүттү бышырып, чай кайнатып, дасторкон жайганча, биз бети-колду жуунуп да бүттүк. Тажыбай, Алым үчөөбүз уй мүйүз тарта отуруп, чайга сүттөн кошуп ичтик да, курсакты жакшылап тойгузуп алып, талаага жөнөдүк.

— Нан алдыңарбы? — деди Турдубүш эже биз сыртка чыгып бара тканда. — Айрандан куюп алсаңарчы, чаңкаганда чалап жасап ичесиңер!

— Ирип калат күн ысыкта,— деп Тажыбай кол шилтеди. — Эл менен кошо талаадагы самоор чайын эле ичебиз, туурабы, Малик?

— Ананчы, боло берет бизге! — деп кудуңдап алдыга түшүп бастым.

Мына ушинтип, куттуу күнү кур калбай, уйкуга чала тойгон көзүбүздү ушалап, үрүң-бараңдан турабыз. Кээде айыл бетин көрбөйбүз. Пакта аянтынын чет жагына катарлата эгилген калың тыттардын түбүнө шалча салып, ошерде түнөйбүз. Кошко кошулган арык аттарды тушап, беде аңызына кое беребиз. Айыл жактан короздордун чакырганы, талаадагы боз торгойлордун сайраганы менен коштолуп, керимсел желге жүзүбүздү тосуп уктап жаткан элди ойготот. Өспүрүм балдар үчүн иш даяр, ал көнүмүш катары сезилип, ансыз жашоо да кызыксыздай туюлат. Гозолордун жөөктөрүндө культивация салабыз, гозонун

түбүн жумшартабыз, отоо чөптөрдөн тиги аялдар кетмен менен арылтат. Ал эми биз өңдүү боору ката элек жаш балдар атка минебиз.

— Бастыр! — дейт Алым колундагы узун кайыш камчы менен илкий баскан аттарды уруп. — Эмне илкийсиң? Жаның барбы? Жетеле жакшылап! Же дагы уктап баратасыңбы адатыңча?

— Уктаган жокмун! — деп актана баштайм. — Аттар өзү баспай атат! Тамандарым кырчылып бүттү, канталап кетти! Эс алалычы? Дем алалычы?

Алымдын муну уга турган түрү жок:

— Бастыр, тез-тез! Чо-оо! Эл менен бирге эс алабыз. Алар иштеп атса, биз отуруп алабызбы, ойлочу өзүң? Жетеле кыңкылдабай! Ий, ошент! Чыда, түштө уктап алсаң, эс алып каласың! Көрдүңбү тиги теңтушуң Тажыбайды, сага окшоп ыйлактабай эле жетелеп жүрөт го атын! Сен эмне, андан кемсиңби? Жүүнүң бошпу?

Бул сөздөрдү угуп, үн катпайм. Тажыбайдай бышык, тың бала болууга аракеттенем, ошого атаандашам. Канчалык күч жумшасам да, болгудай эмес, таман астындагы курук кесектер бычак сымал кесет теримди.

— Алым аке, атка минип эле алайынчы, макулбу?

— Көчүгүң жоор болуп, эртең ишке чыга албай калбагын?

Анысы да ырас, мындайлар болгон. Кээ күндөрү атка минип алган учурларымды да жашыра албайм. Бирок ысыктын күнүндө ыксырап, ат үстүндө үргүлөп кетчүмүн. Ушунчалык тырышып, уктабайын, чыдайын десем деле, ага болбойт. Башым бир жагына кыйшайып, шалак эте түшөт. Алымдын ачуу үнүнөн улам, көздөрүм умачтай ачылып, эки жакты алаңдай карайм. Саамга эс-акылымды жыйнай албай, кирпиктеримди ирмеп-ирмеп, анан гана ат үстүндө баратканымды биле коем.

— Чо-оо! — деймин атты теминип. Бул дагы эчтеке эмес, бир жолу мына ушинтип, ат үстүндө катуу уктап кеткен экемин, аттан шалак эте ку-

лап түштүм. Жаныбар ат үркүп кетип, акушникти сүйрөгөн бойдон, бир карыштай өсүп калган гозолордун майканын чыгарып, башы ооган жакка ызгып жөнөдү. Акушник бирде жерге сайылып, бирде өйдө боло калып, айланага будуң-чаң тозуду. Аялдар ызы-чуу түшүштү. Кетмендерин бет-алды ыргытып, ар тарапка качышты. Алым экөөбүз аттын артынан тызылдап чуркап баратабыз, же жете алсакчы!

— Трр-рр! — деп Алым тиштерин кычыратат. Көл-шал болуп, көрдөн тирүүлөй чыга калгансып, чаң-чуңга буланып баратабыз чуркап! Алым көйнөгүн чечип, ыргытып жиберди.

Оозуна келгенин кайтарбай сөгүнүп, жаактарынан тер төгүлүп, жыгылып-туруп баратат.

— То-ос алдын! Алдын то-ос дейм! — дейт мага ызырынып. — Эмне аңкыйып турасың? Каккан казыктай болуп турушун кара мунун! Чурка-аа!

Мен болсо, бардык күчүмдү, бардык мүмкүнчүлүгүмдү өзүмөн чыгарып, өзүмдү-өзүм айыптап, өзүмдү-өзүм жемелеп, арыма, ызама, уятыма чыдабай, озондоп ыйлап кирдим! Алымды туурап, аттын жети атасын койбой сөгүп-сагып, куйрук улай баратам! Ат адегенде топ тыттарды аралап, анан айылды көздөй чу койду.

— Акушник бутуна тийип, чолок кылып койбогой эле? Олдо сен-ай! Сени эмне кылса болот деги? — деп Алым эми мени жемелөөгө өттү. Атка жете турган түрүбүз жок. Түңүлдүм. Кош алакандап бетти бастым:

— Бүттү! Баары бүттү! Эгер ат чолок болуп калса, аны мен төлөйм. Атам укса эмне дейт? Кантип төлөйбүз?

— Трр-рр! Та-аак! — деген Алымдын үнү айыл жактан угулду. Карай салсам, ак пакта аянтынан алыстап, айылдын орто ченинде чоң жол менен баратыптыр. Жолдо ойноп жүрүшкөн жаш балдарды майып кылып койбогой эле деген ой кылт эте түшкөндө, төбө чачым тик турду. Бар күчүмдү жумшап, ошоякка чуркадым. Ана, айтпадым беле? Жолдун орто ченинде топурак үйүп

ойноп отурган жаш баланын жанынан өтө бергенде, көзүмдү жумуп:

— А-аа! Өлтүрдү! — деп, бардык жакшылыктан, үмүттөн түңүлдүм. Жок, бала соо калды! Ат бир нерседен үркүп, жолдун чети менен өтүп кетти! Бала эч нерсени сезбей, коркпой, кайра таңыркап, кызыгына батып карап тура берди. Кайдан-жайдан чыга калганын билбейм, кызыл көйнөк кийген ак жоолукчан жаш келин чуркап келип, баланы бооруна кыскан бойдон ары алып кетти:

— Ох..! — деп жаным жай ала түштү. Дээлигип калган ат, кыштакты бир айланып чыкты да, кайрадар пакта таалаасына карай чу койду. Топ тыттарга келип бой урду.

— Мына, колго түшөр маалың эми келди! — деп Алым калың бутактарга жашынып, жакындай берди. Бир убакта акушниктин туткасына колу жетип, аны шарт кармады. Жанындагы жоон тытка акушникти бура салып, постуринкени ага айландыра ороду да, буту менен тытты тээп туруп алды. Ат күч менен алга умтулганда, ал тарс-турс этип үзүлүп кетти. Дал ушул учурду күтүп турган Эшенкелди аке атты жылоодон бекем кармады. Ат бышкырып-бышкырып коюп, айласыз моюн сунду. Моюн сунган менен, бригадирден уктук угар сөздү:

— Этият кылбайсыңарбы! — Мындан башка сөз айтпады, таң калдык. Демейде, саал эле оюндагыдай болбой калса, алка-шалка түшүп, айкырып-бакырып, жердин жети катына киргизе жемелеген адам, азыр эми минтип, жоош-момун боло калганына шүгүрчүлүк!

Күндүн ысыгы-ай! Буга канчалык көндүм болуп калган чакта да, белди бекем бууп, кетмен чаап жүрүшкөн келин-кыздар да чыдашпай, кумай чөптүн арасындагы гозолорго чырмашып өскөн ак, сары, кызыл гүлү бар чырмоок чөптөрдөн жулуп, муздак, салкын болот дешип, баштарына тегерек сымал жасап ороп алышат.

— О-уу-катындар, түш болдубу? Бар-э, дем алуу да керек да! — деп жалакай Зулпия кетме-

нин ары ыргытып жиберип, шып отура калат. Кече күнкү кереге гезитте анын сүрөтү жүрөт. Шыйпаңдын кире беришиндеги дубалга, көрүнөө жерге илип коюшуптур. Ишке бир күн чыгып, он күн чыкпай, чыкса да жарытылуу иштебей, тийип-качып, сыланып-сыйпанып жүргөндү жактырчу ал. Ал талаага келген күнү аялдардын арасында дуу-дуу сөз көбөйүп кетчү, анткени кайдагы бир ушак-айың, жалган-жашыктарды токуп, ойлоп таап, аялдарды бир-бири менен тез эле урушturуп жиберчү. Бул жагынан ал кыйын эле. Ушунчалык такылдап-какылдап, так, даана сүйлөп жаткансып туюлчу бияктагы адамга. Ошондуктан ишенбейин десең деле ойлонтууга, ич күптү кылууга мажбурлап жиберчү. Түшүнгөндөр ага теңелбейинчи дегенчелик кылып, ары басып кетет. Байкуш, бирок күйөдөн эрте жесир калды, жыйырмадан эми ашканда, күйөсү Медет согуштан кайтпай, бир үйдө кайын энеси экөө гана калды.

— Түш болду окшойт? — деп арадан дагы бирөө үн кошту. — Кеттик!

Бардыгы жабыла күндүн кай жерге жылып келгенин карап калышты. Аңгыча шыйпаң жактан:

— Түшкү тамакка келгиле! О, катындар! Келгиле, келе бергиле! — деген күндө ушул маалда талаа жаңырта чакырган тааныш үн угулуп калды. Бул ары ашпозчу, ары бала бакча болуп иштеген Сыргайым аттуу орто жашап калган аял эле. Талаадан тезек, куурай терип келип, аны да таба албаган күндөрү өз үйүнөн болсо да көтөрүп барып, элге жетерлик чайды эптеп кайнатып берчү. Бала бакча катары да жүдөдүм-какадым дебей, бешиктегисин, отуруп-туруп там-туң басканын, бир орундан жылбай, көйнөктөрүн суу кылып, арт жагына түйө байлап койгондорунан, өйдө, бардыгына тең карачу, бардыгына жетишчү. Мындай энеге ишенгендер көңүлдөрү тынч иштешип, тынч гана үйлөрүнө кайтышчу.

Мына азыр да күн нуруна жарк-журк эткен болот кетмендерин жөөктүн арасына катып кою-

шуп, шыйпанга карай убай-чубай келатышат энелер. Алардын арасында көпчүлүгү жаш келиндер, бойго жетип калышкан кыздар да бар. Энелер шыйпанга шашылышса, кыз-келиндер пахта аянтынын чет жагындагы тыттардын көлөкөсүнө бой урушат. Алар үчүн азыр оокат ичүү деле анчалык зарыл эместей. Мындай жадыраган жай мезгилинде тамакка табитиң деле анча тартпай, жүрөккө барбай, суусунду кандыруу менен гана алек болот эмессиңби. Андан көрөкчө, кирпик кагып, чырым этип алышса, ошол жагы жакшы эмеспи. Тоту жеңе өңдүү кай бир улгайган аялдар көлөкөнүн калың жерине барып, чөпкө узатасынан сунала жатып, берки жаш келин-кезектерге сыздап ооруткан белин, буттарын тебелетип да алышат.

— Ох, жыргай түштүм! Дагы бир аз тебелечи, секет? Айланайын, өмүрүңөн береке тап! Жакшы күйөөгө чыгып ал! Балдарың мендей карысын! Ий, кагылайын, дал ошол жерди тебеле! Көзүм умачтай ачыла түшпөдүбү! Колуңан секет кетейин! Колуң жеңил экен! — деп, алкыштын үстүнө алкыш айтат.

Ал эми берки беш көкүл кыздар бир-бирин куушуп, суу чачышып, ой-санаа жок аларда. Алардын алдына Азиза келет шарактап күлүп, азил сөз айтып:

— Тээтиги тыттын түбүндө чалкалап жаткан ким, ыя? Ий, сенби Батма? Абайлагын, ычкырыңды чечтирип жиберип жүрбө? Алым өңдүү аңдыган бойдоктор бар арабызда! — Муну уккандардын бардыгы кыраан-каткыра күлүшүп, талаа-түздү жаңыртышат.

— Андан кам санаба! — деп Батма да бош келбейт. — Ычкырымды чийе байлап алгамын, чече албайт! Ал аз келсе, жанымда сен барсың го?

— Мен сага кароол белем? Алымдан корксоң, тиги Маликке айт, жаныңда отуруп, желпип уктатат!

— Тапкан экенсиң сакчыны! Малик үкөмү мен жакшы көрөм! — деп сөзгө Тоту жеңе аралашты. — Кел, Малик, кел менин жаныма? Алардын

сөзүнө кулак салба! Айта беришет ар нерсени! Кел, үкем!

— Ошо эжигейдей болгон сап-сары болгон баланын эмнесин жакшы көрөсүң? — деп Батма жаныма чөгөлөй отура калат күлүп. — Кел, кашыңа осмо коюп берейин, кыздар карабай коет эмесе!

— Эжигей эмне болуп калыптыр? Сары нааваттын эле дал өзү, бул үкөм, туурабы Малик? Туура айтамбы, ыя? — деп, Зулпия да бир жагынан кыпчыла калат. — Сизге оп-окшош, Тоту жеңе, карасаңыз?

— Окшош болбой анан, менин уулум да бул. Биле элексиңерби ушуну?

— Керим акеге тийип алсаңыз, ушу балага окшогон татынакай бала төрөп аласыз. Өткөндө айткандай болдуңуз беле?

— Ооба, айткам, айтсам эмне экен? Эми ошону да элге жайганы турасыңбы? Муну Зулпия угуп калчу болсочу, тим эле эки эселеп жаят элге.

— Эмне мынча намыстанасыз, жеңе? Тийсеңиз, ошо Керим акедей кишиге тийерсиз да. Эмне, ал жаман адам бекен?

— Тийем эле, тийбей эмне? Мурда экөөбүздүн көңүлүбүз жакын болчу.

— А-ий, анда сиздин уулуңуз турбайбы, бул бала?

— Айттым го, менин балам деп. Ишенбей атасыңарбы?

— Ишендик, ишендик! Сизде иш көп, ээ, Тоту жеңе? Кыйлача барсыз?

— Анан силерге окшоп жүрө берет белем, бар күчүн тилине чыгарып?

— Өлбөңүз, Тоту жеңе, өлбөңүз! Эркектер менен кантип сүйлөшөт, бизге да үйрөтүп койсоңуз, жеңекеси? Акысына кашыңызга осмо коюп берели. Кашыңыз да калбай баратыптыр. Коюлатып коелу. Жүрүңүз, тыттын түбүнө! Коркпоңуз, эркектер жок аерде, өзүңүз эле!

Мына ушул азил сөздөрдүн кийин, кыраанкаткырыктар күчөп кетет, бул күлкүлөр алдакайда жетет. Кылыктанган кыздар, боору эзиле

күлгөн келиндер, мына ушундан кийин гана өздөрүн жеңил, шайдоот сезишип, түшкү тамакка, шыйпаңга карай жөнөшөт.

Алым экөөбүз ээрчишип, шыйпаңга келсек, Ашыркул аке отуруптур чай ичип:

— Сен эми Малик, баргын атаңын алдына, ордуна мен келдим. Алым экөөбүз бир жумача каралашабыз да, анан ар жагын дагы көрө жатарбыз.

## II

Август айынын аяк чени. Түш убак. Күндүн табы али кайта элек. Коон-дарбыздарды эчак үзүп, колхозчуларга таратып бергенбиз. Колубузда шалы, сабиз, анан кеч бышчу кыркма коонубуз гана калган. Эми буларды тээ сентябрь айынын аяк чендеринде жыйноого киришебиз.

Атам жыртылган ботинкамды жамап, мен анын жанында оонап отуруп, көзүм уйкуга илинип кетиптир. Кобур-собурдан улам ойгонуп кеттим. Жаныбызда бейтааныш адам отуруптур. Көрсө ал мугалим экен. Балдарды мектепке каттап жүрүптүр. Мени жазып алгандан кийин:

— Темирчи? Темир дагы барабы окууга? Аны дагы жазып аласызбы? — дедим мугалимдин артынан ээрчий басып.

— Ким ал? Каерде жашайт? Жүр, ээрчитип бар үйүнө!

— Тээ топ камыштын жанында кепеси бар, ошерде жашашат. Экөөбүз теңбиз, аны да жазып алыңыз, агай, макулбу?

— Жазам албетте, жазам. Жакшы бала турбайсыңбы. Кана, үйүнө ээрчитип барчы? — Агайдын алдына түшүп тызылдап жүгүрдүм.

— Темир, Темир! Агай келди! Бизди мектепке каттап жүрөт. Мени жазып алды. Чык бери, азыр сени да жазып алат! — деп кепеге жакын калганда, бери жактан туруп эле чакырдым. Үйүнөн бирөө да чыкпады.

— Дагы жүгөрү коруганы кеткендир да? Апасы болсо оорукчан, ордунан турбай жатат. Ашыр-

кул аке үйүндө болуш керек? — деп дагы чакырдым. Айткандай эле ал киши адатынча жай гана басып, алдыбыздан тосуп чыкты:

— Келгиле, меймандар! Кана, үйгө киргиле!

— Жо-ок, ушерден эле кайтайын, аксакал. Уулуңуз бар экен мектеп жашындагы. Ошонун атын, фамилиясын айтып берсеңиз, жазып алайын.

— Ий, бар, бар. Темир деген уулум бар. Мобуреки Малик менен тең.

Ал аңгыча ары жактан мойнуна палакмандысалмоорду асып, чымчыктарды мээлеп, дарактын бутактарын шыкаалап келаткан Темирди көрө калдым. Алдынан тосуп чыктым:

— Темир, Темир, агай келди! Бизди мектепке каттап жүрөт! Окуйсуңбу? Мектепке барасыңбы? Жүрү анда, агайга баралы!

Бул сөзүмдү угуп, Темир селт этти. Эки жагын элеңдей карап, качууга аракеттенди:

— Барбайм! — деди ал кесе жооп берип. — Окубайм мен! Көйнөгүм болбосо, жылаңайлак жүрсөм, баш кийими дагы жок!

— Э-э, атаң алып берет да. Мектеп ачылганча дагы он-он беш күн бар го? — деп айтканча, жанымды карасам, Темир жок. Белгисиз тарапка качып жөнөптүр. Артынан кууган жокмун. Аны көрдүм деп, агайга да, атасына да айтпадым.

Кызык ушу Темир. Мага окшоп, чарбачылыкка кол кабыш кылбайт, ата-энесине жардам бербейт. Кечке оюн менен убара. Бирок азыр атасы эккен ак жүгөрүнү чымчыктардан коруп жүргөнү чын. Күндө эртең менен таң заарынан баштап ошо ак жүгөрү эккен талаа жактан Темирдин үнү чыгат. Муну уга берип, жадап да бүттүк, баягы ыры, жаңысы жок:

«Ай-ала, ай-оо, айт кетти,
Жүгөрүнү чымчык жеп кетти!
Жебей өлгүр чымчыктар,
Дагы келемин деп кетти!
Ай-уу!»

Мындан башка куплети жокпу, же өзү ушуну эле билеби, кечке дейре ушул төрт сап ырды кай-

талай берет. Темирдин дагы бир кызыктай адаты бар болчу. Жалганды чындай кылып, мактанып сүйлөй турган. Тентек-Сайга чымчык уулап барганын, жардагы чымчыктарды уясына колун салып, кызыл эт балапандын ордуна, жылаанды кармап алганын кадимкидей көз алдыга даана элестетип айтып берчү.

— Чагып албадыбы? Коркподуңбу? — деп сурасак, бизди шылдыңдагандай күлчү:

— Кызык сүйлөйт экенсиңер, мен ошого чактыра коемунбу? Чеңгелдеп туруп, ташка чаптым эле, тырп этпей жан берди. Мени аарылар да чакпайт, бутума тикенектер да кирбейт, мына карасаңар! — деп, тикенектерди жылаңайлак тебелеп, ары-бери баса берчү. Чынында мунусу ишенерлик эле, себеби андай экенин өз көзүбүз менен көрүп турбайбызбы. Бул жагынан ал бизге караганда тың чыкты.

— Малик, сен билесиңби? — деп калды ал бир күнү көздөрүн жүлжүңдөтүп. — Чымындар жер жүзүндөгү кыбыр эткен, же кыбыр этпеген нерселердин бардыгын жеп коет. Ал түгүл пилди да жейт.

— Пилди өзүң көргөн белең? Кандай болот ал?

— Атам айткан, чо-оң, чоң болот имиш. Супурадай шалпайган кулактары бар дейт. Абдан күчтүү, эстүү жан экен. Ал токойлордо жүрөт, токойдогу жырткыч айбандардан коркпойт. Бирок ал ушунчалык чоң, палван болгону менен, чычкандан коркот экен. Анткени чычкандар анын кулагына кирип, түнөк кылып жатып алган учурлар да кездешет дешет. Буга мен аябай таң калчумун. Темирдин ушунчалык көп жаңылыктарды билгенине ишенип, ага карата болгон мамилем жолдоштук, теңтуштук гана эмес, эс-акыл жагынан да жогору турган бала катары көрчүмүн. Ал туурабы, туура эмеспи, жалганбы, чынбы, иш кылып эмне десе, анын баарын чындык деп эсептечүмүн. Мына ошондуктан, чымындын ал айткандай, бардык нерсени жеп коерун дагы бир ирет тактап сурадым эле, ал мындай деп түшүндүрдү:

— Өзүң ойлоп көргүн, Малик, ат, төө жана башка жан-жаныбарлар өлүп жатса, конуп алып жеше береби?

— Ооба, жеше берет! — деп мен ынандым аргасыздан.

— Демек, мен ошону айтып жатпаймынбы, түшүндүңбү эми?

— А-а, түшүндүм, түшүндүм. Ошондойбу? — деп күлүп жибердим. — Тирүүлөй басып алып жеп салат экен десе? Ой, капыр-ой, алдамчы! Алдадың!

— Алдаган жокмун, тирүүлөй жүргөндө деле жей берет. Өздөрүн-өздөрү корубаса, адамды деле жеп коет!

Темирдин эмне деп айткысы келип турганын эми түшүндүм. Туура эмес сүйлөп жатканын оңдоп, минттим:

— Андайда «жеп коет» деп айтпайт, «чагат» дейт, түшүндүңбү?

Темир үн катпады, ийинин кысып тим болду.

Окуу жылы жакын калган сайын, кубанычыбыз терибизге батпай, делдектеп чуркап жүрөбүз. Дээлигип, төбөбүз көккө жеткенсийт. Лайли эжем көйнөк-кечемди, китеп салгычымды даярдап, ал да өзүнчө убара. Алым болсо, Темирдин чачын устара менен алып жаткан. Ысыктын күнүндө мойну-башы кычышып, итиркейи келип, мурду агып, устаранын өтпөй атканына чыдабай ыйлактайт. Мындан кийин менин кезегим келет. Сайдагы сууга күндө түшкөнүбүз менен, башыбыздагы какач, моюнубуздагы кир кетпептир, кайра кабат-кабат болуп көбөйүптүр. Тердеген сайын чандайган курсагына чейин эзилип агып жаткан кирди көрүп Алым:

— Ой, бо-ой, жапайы болуп кетипсиң го, ыя? — деди башын чайкап. Менин бою-башым, денелерим деле мындан ашыкча эмес экенин билем. Бирок айырмабыз, Темир такыр көйнөк кийчү эмес. Жылаңач этине коондун, дарбыздын таттуу ширеси жабышып, карала-торала болуп кеткен. Буттары жарылып, араларына чаң толгон. Тезек тергени талаага бирге барчубуз. Жылаңач

этине толтура тезек салынган капты көтөрүп келе берчү.

— Мына бул делдейген кулагыңды кармап тургун! Устара кесип кетпесин! — деп Алым устараны кайрак ташка өгөлөп алды. — Пай-пай, ысык суу алып келчи, Малик. Чачын дагы бир жолу жибитпесем, баланы таза эле кыйнап койгудаймын!

Мына, эми, кезек мага келди. Алдырбай эле койсомбу деп жалтактап, шылтоо айтып жөнөп калдым эле, Алым токтотуп:

— Эй, кайда барасың? Кана, бери келчи? Темирчелик жоксуңбу? Коркок! — деди шылдыңдап күлүп. Ушу сөзгө арданып, канчалык кыйналсам да, чачымды алып бүткөнчө кың-мыңк дебедим.

Ошо биринчи сентябрь күнү эртең менен эрте туруп, Лайли жеңем колуман жетеледи:

— Жүр эми, сени мектепке жеткирип коеюн. Агайларга тааныштырайын. Отурар жериңди көрсөтөйүн. Бүгүндөн кийин өзүң бара бересиң. Ойлобо күндө эле ушинтет экен деп.

— Темирди да ээрчитип алалы, эже.

— Ээрчитебиз аны да. Ага айткамын, азыр келет. А балким бизди жолдо күтүп тургандыр? Жүр, бара беречи.

Айткандай эле Темир бизди жолдо күтүп туруптур. Чачын алгандан кийин, башы томурайып, көздөрү гана калыптыр жылтырап. Анын үстүнө жалаң майкечен, көйнөгү жок. Майкеси да өзүнө чоң келип, улам жылбышып түшүп кетет. Темир аны өйдө тартат, кайра түшөт. Бел курчоого бир китепти ороп алыптыр.

Мектепке барсак, биз теңдүү тулгалык балдардын бардыгы ошерде экен. Кечеги келген агай бизди дароо көрө коюп:

— Келдиңерби? Жакшы болду, өз маалында кечикпей келдиңер. Кана, жүргүлө, классты көрсөтөйүн, отура турган парталарды бөлүштүрөйүн,— деди кирсек биз теңдүү балдар, кыздар тополушуп, эки-экиден болушуп, парталарда отурушуптур.

— Керимов, Ашыркулов, бияка келгиле! —

деп бизди эң алдыңкы партага отургузду. Коңгуроо да кагылды. Агай ошол бойдон сырт жакка чыкпай эле сабакты баштап жиберди:

— Саламатсыңарбы, балдар! Биринчи сентябрь, жаңы окуу жылыңар менен куттуктаймын! — деди. — Менин атым Муса, фамилиям Айтикеев. Силерди мен окутамын. Өзүм кыргызстандын түндүк жагындагы Ысык-Көл деген жерден боломун. Мугалимдин окуусун Фрунзе шаарынан быйыл бүттүм. Эми балдар, сабакты баштайлы. Кана, ким айтат, мына бул колумдагы сүрөттү көрүп турасыңарбы? Бул ким? Тааныйсыңарбы?

— Ленин! — деп баарыбыз тең жооп бердик.

— Азама-ат, азамат! — деп ыраазы боло түштү агай. — Билет турбайсыңарбы? Ооба, Владимир Ильич Ленин деген бизге эркиндик, теңдик алып берген улуу киши, ал биздин көсөмүбүз, жол башчыбыз!

Класс ичи тымтырс, чымын учса угулчудай. Баарыбыз агайдын оозун тиктейбиз. Лайли эжем терезе тараптан шыкаалап карады эле, агай аны «ары туруңуз» дегендей ишаарат кылды.

— Агай, эшикке чыгам! — дедим, мен андан уруксаат сурабай эле сыртка чуркадым. Артыман Темир жөнөдү. Агайыбыз буга анча деле каршылык көрсөтпөдү. Лайли эжем бизди жемелеп, кайра класска алып кирди.

— Кечириңиз, агай! — деди ал уялгансып. — Булардын сазайын үйүнө барганда берем, тим элеби, солкулдаган тал чыбыгы менен сабайм!

— Сиз бара бериңиз үйүңүзгө,— деди агай эжеме сылык сүйлөп,— мен булар менен өзүмчө сүйлөшүп аламын. Мейли акырындап көнөт.

Ушинтип жаңы окуу жылынын алгачкы күндөрү да биринин артынан бири өтүп жатты. Күзгү жыйым-тыйым аяктап калган чакта Алым:

— Мен эми апама барып кабар алайын, эмне болуп атты экен? Кабатырланып жатам,— деп жолго чыгууга камданып калды. — Үйдүн үстүн ачып, кайрадан жабышым керек, тамчы өтөт. Кышка отун-суу даярдайын.

Атам каршы болбоду. Бир кап шалы, буудай

берди эле, албай койду: «Мен эмне, сизге мандикер түшүптүрмүнбү? Мени уяткарасыз! — деди жолго чыгып баратып. — Мен кайра келем, шалы жанчып берүүгө жардамдашам».

— Ошент кагылайын, ошент. Анда эле жакшы болбойбу. Кел, күтөбүз!

III

Тээ жерге кыроо түшкөндө, пакталар терилип бүткөндө, шалы оруп-жыйноо кези кызыды. Колхоздон орокчуларды сурабадык. Өз күчүбүз менен жыйнап, жанчып алалы деп чечтик. Анткени жардамчыларга тамак-аш керек, кетеринде колун кур койбой, шалыдан да, «кырман көтөрүү» мезгилинде берчү шыбагасын бербесек болбойт. Мына ушулардын бардыгын эсеп-кысап кылып, өзөбүздөн өтөр кеп жок экенине чындап ынандык. Анын үстүнө убадасына туруп. Алым да келип калды.

Кырмандын орто ченине масы жыгач орноттук. Колхоздон алган өгүздү, атты, алар аздык кылып, айылдан да эки-үч унаа таап келип, мамы жыгачка кошоктоп байладык. Артынан Темир экөөбүз кезек менен айдайбыз. Шалы жанчылып бүткөндөн кийин, атамбы, Ашыркул акеби, Алымбы, иш кылып кимиси болсо да, кимиси ошол кезде кырман четинде турса, айрыны колуна алып, шалынын бакалын бир жакка, данын бир жакка топтойт. Топтоп бүткөнчө, ат менен өгүздөр да, Темир экөөбүз да бир аз эс алып, жаныбыз жай ала түшөт. Буту-колду сунуп, чалкалай жатып, сыздап ооруган белибизди, буттарыбызды жазып, бир кыйла оңолуп калабыз. Тигилер кайрадан майда-майда бооланган шалыны мамы жыгачына терегетип чачышат. «Өш! Өш!» — деп коюп, Темир экөөбүз кайрадан айдап жүрө беребиз. Биз буга жедеп көнүп да, үйрөнүп да бүттүк. Түштө, кечки убакка палоо жасалат. Тоокторубуз талаада жайылып жүрөт. Жумуртка көп.

Күн бешим ооп калган болчу. Бир убакта Тул-

га тарапка көз чаптырсак, биздин кепеге карай эки караан жакындай берди. Адегенде тааный албадык. Улам жакындаган сайын алардын ким экендигин билдик. Колуна түйүнчөк көтөргөн аял — Карачач эжем. Ага ээрчиген аял... аны айтууга да, ысмын атоого да оозум барбайт, дитим чаппайт. Денем дүр эте түштү. Кабагымды салып, башымды ылдый шылкыйткан бойдон, өгүздөрдү токтотпой айдай бердим. Болгудай эмес, калтырак басат, көздөрүм ымыр-чымыр. Темирди чакырдым да, ордума өгүздөрдү айдап туруусун өтүндүм. Кырман четине барып, үйүлгөн бакалга бой таштадым. Көмкөрөмөн түшүп, ички бугумду чыгарып, шолоктоп ыйлап-ыйлап алдым. Шарапат эжеми Лайли эжем экөөбүз тең тирүүлөй көмүп, тирүүлөй өлүк катарына кошуп койгон элек. Ал келбесе болот эле, биз аны көрбөсөк болот эле! Чеки, чеки иш болду! Көңүлүбүз тынч, очор-бачар болуп, ой-санаалардан кутулуп, ата-бала кобурашып-жобурашып жашап жаткан мезгилде, карабайсыңбы эми... чекеге чыккан чыйканга окшоп, ашка жүк, башка жүк болгонун! Көкөйгө көк талкандай тийген ошондогу опурталдуу окуяны кантип унутабыз? Кантип жүрөгүбүз жылыйт? Кантип анын бетин карап, бетме-бет отуруп сүйлөшөбүз? Кантип бир отуруп чай ичебиз? О, кудай, бир туугандарга деле ынсап, ыйман бергин! Лайли эжем көрсө эмне дейт? Канчалык азап тартканыбызды экөөбүз гана билебиз, ошондогу окуялардын бардыгына экөөбүз гана күбөбүз!

Шалы бакалын мыжый кармап, тиштеримди кычыраттым. Онтоп, ойдолоп, жан алакетке түштүм! Күн-түнү туз көтөрүп, узак жол баскан адамдай бүткөн боюм эзилип, жанчылып кетти! Канчалык оор жумуш аткарсам да, мынчалык аянычтуу абалга дуушар болбойт элем.

Шалы бакал шуудурай түштү, жаныма кимдир бирөө отургандай болду. Карай салсам, атам экен!

— Малик, уулум, тур ордуңан! — деди ал маңдайыман сылап. — Кейибе!

Ооба, мындай сөздү айтуу ар кимге деле оңой. Кимде-ким өз башынан өткөрсө, кимде-ким бычактын уусун денесинен өткөрө билсе, мына ошо адам гана билет оорунун кандай экенин! Жаныңдын жыргалын да, жаныңдын азап тартканын да жалгыз эле өзүң билесиң! Башкалар ал-бул деп айткан болот, акылдуусынат, кыйынсынат, өз башына келбегенсип ойлойт!

Ыргып турдум да, атамын мойнунан кучактап, өксүп, өңгүрөп ыйлай бердим! Атам болуп өткөн окуянын баарын уккан, билет, кантсе да баласы эмеспи, унчуккан эмес. Ушул учурда атамын абалын да түшүнүп турам, ага да кыйын! Кимибизди дейт? Атам үчүн үчөөбүз тең анын баласыбыз! Канчалык каталык кетирсе да, эмне демек? Үйдөн кууп сала албайт.

Атамын тер жыттанган телпеги бакал үстүнө түшүп, бирок атам аны дароо кармай албагандыктан, телпек кырмага карай тоголонуп жөнөдү. Дал өгүздөрдүн бутуна барып токтоду. Темир аны эңкейип ала койду да, башына кийип алды. Атам дале мага акыл-насаатын айтып жатты:

— Тур, ордуңан! Эжеңдер келип калышты, жашыңды аарчы, уят болот тигилер көрсө! Антип бир-бириңерди жаман көрбөгүлө! Бир туугансыңар! Өтөр иш өтүптүр, болор иш болуптур, аны ойлогондо не пайда?

Атам ордунан туруп, кырман тарапка басты да, Темирдин башындагы телпегин алып кийип, эжемдер тарапка утурлай басты:

— Кел, кызым! Кандайсыңар? Тынчсыңарбы? — деп кол берише көрүштү да, анан Карачач эжеме кайрылды:

— Качан келген Шарапат? Өзү элеби?

— Ооба, өзү эле. Кече келген,— деп көңүлсүз жооп берди. — Беркилери келишбептир го, билбейм? Өздөрү билишет да. Учурашканы келсе болмок.

Арадан мындан башка кеп-сөз өтпөдү. Кызыктын кызыгын эми көрө бериңиз. Шарапат эжем мынчалыкка барат деп ойлогон эмесмин. Кызык, ал дайыма ойлобогон ишти жасайт! Мына азыр Шарапт эжем, менин сүйүктүү эжем, атамын бу-

туна чөгөлөй калды да, кош колдой чачтарын жулмалай баштады. Бар үнүн чыгарып, долуланып, митайымданып, кара беттикке салып:

— Ата-аа! Ата-ке! Кагылайын атаке-байым! Мен... мен өлөйүн! — деп беттырмарчылыкка сала баштады. — Мен кара жерге кирип эле калайын! Мына, эмне десеңер, эмне кылсаңар, мен колуңардамын! О-уу, иттик кылдым, ата!

— Кантет бу? Тур, ордуңан! — деди атам аны колдон тартып. — Тур, кызым!

Карачач эжем ачууланып катуураак тийди:

— Долулук да эби менен, өзүңдү өлөрмандыкка салбагын! — деди. Эмне, Алиманын өлгөнүн эми уктуңбу, эми жоктоп жатасыңбы уятсыз!

Шарапат эжеме бул сөздөр таасир бербегендей. Жоолугу менен бетин басып алып, жер чапчып ыйлай берди. Өжөр мүнөз, кераяк жаш балага окшоп кетти азыр.

— Ата-ке, кечириңиз! Жаңылдым, жаздым! Күнөө менде! Мен акмакмын, мен акылсызмын, боору таш итмин!

— Болду эми, көп эле актана бербей! Билдик, түшүндүк, ыйыңды тый!

Карачач эжем тигини колтуктап кепеге карай басты.

— Малик,—деди атам мага карап. — Жүгүр, Лайли эжеңе кабар бер. Буларды күтүп алсын! Мен азыр барам.

Шарапат эжем, кагылайын, үргүлүп кетейин эжем, апам өлгөндө батага келген эмес, атам согуштан келгенде учурашканы да келбеген. Мына эми ошолордун бардыгына жооп берүүгө туура келип отурат. Бети чүркөө! Бирок кеч, өткөндү өзгөртө албайт эмессиңби!

Кепеге келдик. Бирок Лайли эжем мындай капысынан болгон жолугушууну тап-такыр күтпөгөндүктөн, эмне дешти да билбей, аңырайып, аң-таң болуп туруп калды. Колуна кармап турган пияласы жерге түшүп, быт-чыты чыкты. Мына ошол быт-чыты чыккан чыны сыныктарын бычырата тебелеп, бир-эки кадам алга басканын өзү да сезбей калды. Бирде бизди, бирде

Шарапат эжем жакты телмире тиктеп, нес болуп, колдору шалдайып, кирпиктерин ирмеп-ирмеп коюп бир топко чейин тура берди. Мен жана атамын айтканына көнүп, мурдарак келип, кабар айтып койсо болмок экен. Атамын: «Малик, бар Лайли эжеңе кабар айтып кой» дегенине, анын маанисине эми түшүндүм, бекер кылыптырмын деп өкүнүп да калдым. Лайли эжем көп жумушту аткарып, денелери жанчылып калган кары кишидей:

«Уф, кудай-ай!» — деп катуу үшкүрүп жиберди. Оор дем алып, кабагын салып, башын шылкыйта басып, кепеге кирип кетти. Төр жакка өтүп, кыбыла тарапты карады да, үнүн созолонтуп, кыраатын келтирип, кадим эле бир топко барып, көптү көрүп, ысык-суукка каныгып калган кары аялдай озондоп кое берди:

Колумдагы билерик,
Талашып жатып сындырдың!
Кайрыларым апамды,
Кара жер алып тындырдың!
Өх-үү-үв!

Шарапат эжем анын жанына отурду да, жоолугун түшүрүп, ээгине сала байлады, сиңдисинин муңдуу үнүнө үн кошту:

Алтындан жүгөн беш кабат,
Айткан менен ким табат?
Күмүштөн жүгөн беш кабат,
Күйгөн менен ким табат?
Өх-үү-үв!

Ушинтип алар көпкө чейин ыйлашты. Буга атам да, Карача эжем да, өгөй энем да аралашпады, тек коюшту. Шарапат эжем ушул учурдан пайдаланып, жарашып алайын деген ойдо болдубу, Лайли эжемин мойнунан бекем кучактап, өпкө-боорун эзилте өксүп-өксүп алды! Эже-сиңдинин минтип апасын жоктоп, кошок кошуп отурушу, бир карган адамга жарашып тургандай, бир караган адамга аянычтуудай сезилеер эле. Атүгүл, эшик-эликке чыгып, чай даярдап, от

жагып, казан асып жүргөн өгөй энебиз да көзүнө жаш алды, жашып кетти. Атам бел курчоосун чечип, анын уч жагы менен көзүн сүрттү. Карачач эжем чыдай албай:

— Кайран гана Алима жеңем-ай! Жакшылыктуу күн көрбөй өмүрүң кум болуп өттү го! — деп жиберди ый аралаш. — «Балдарымы өз колум менен атасынын колуна аман-эсен тапшырсам, анан нанды тое жесем?» — деп тилек кылчу эле. Эсил кайран жеңем-ай! Бул тилектери ишке ашпады!

Ошолордун ичинде мен гана безерип тура бердим. Жаш эле туруп, боор катып, мээрим кетип баратабы? Же өңтө өшчүл, ызакор, кекчилминби? Билбедим?

— Болду, тургула эми! — деди бир оокумда Карачач эжем. Анан атама кайрылды:

— Аке, куран окуп коюңузчу? Койгула эми, Лайли, Шарапат!

Атам куран окуй баштады. Сүрөө бүтүп, алакандар абага жайылды:

— О-ми-ин! — Ушундан кийин гана Лайли эжем өйдө туруп:

— Келгиле! — деп оболу Карачач эжеме, андан соң Шарапат эжеме кол узатты. Бетин жууганы сыртка чыгып кетти. Мен да кошо бастым артынан. Жалдырап, жаным кейип карай берем Лайли эжеме:

— Малик, жылуу суу алып келчи,— деди эжем, анын көз кычыктарынан дагы эле жылуу жаш берметтей мөлтүрөп турду. Колуна суу куюп берип жатканымда:

— Коон-дарбыздын жакшыларынан тандап алып чык. Өзүң союп бер. Атамы ордунан жылдырба. Чоңоюп калдың го эми, макулбу, күчүгүм? — деди.

Тамак жедик, чай ичтик. Ортобузда чечилип, ачылып сүйлөгөн жан жок. Өгөй энем гана:

— Алгыла, жегиле! Тамакка карап отурсаңар? — деп кээде гана бул тынчтыкты бузган болот. — Сиз көк чай иччү элеңиз, демдеп берейинби? — деп Карачач эжеме кайрылды.

— Жо-ок, тек эле коюңуз! — деди,— ичтим, болду! — Карачач эжем атамы жал-жал карай берди. Кандайдыр бир жашыруун сыры барбы, бизден жашырып атабы кантсе да, өз алдынча тынчсызданган түрү бар. Аны баамдай калган атам:

— Карачач, бир нерсе дегени турасыңбы? Айт, айта бер, жашырба! — деди. — Биерде отургандардын баары эле өзүбүздүкү го. Не дейин дедиң эле?

— Аке, өтөр иш өттү, болор иш болду. Аларды ойлоп-ойлобогондо иш өзгөрүп кетмек беле? Эми мындан аркысын кудай сактасын! Күнөөнүн баарын бир адамга жүктөй салсак, адилеттикке жата койбос дейм? Буга согуш күнөөлүү! Бизге окшоп ачылып-чачылгандар азбы жер жүзүндө? Эми аке сөздүн ток этер жерин айтсам, кызыбыз Шарапат күйөөсүнөн чыгып келиптир! Беш жыл бирге жашап, балалуу болбогондон кийин, биррөөгө бүлө боло алат беле?

— Гм... да, ушундай дегин? — деп атам чекесин таянып көзүн жумду. Атаман мындан башка дагы кандай сөз чыгар экен деп, ошерде отургандарыбыздын баары, тымтырс боло калдык.

— Буга эмне демек элем? Албетте, жаман болуптур, чымчыктын да уясы бузулбасын, ылайым! Бирок болор иш болуптур. Биротоло келиптирби?

— Ооба, биротоло ажырашып, башын ачып келиптир кызыбыз!

— Болуптур да анда, өлбөгөн жанга оокат-тиричилик өтүп кетер?

Лайли эжем экөөбүз шалы кырманга карай кол кармашып жөнөдүк.

## IV

Биринчи эле кар жааган күнү айылга көчүп келдик. Тиричилик өз нугун бузбай, күндөр чубалып өтө берди. Эртең жаңы жылды белгилейбиз деп, даярданып жатканда Алым келип калды. Үй-бүлөбүздүн бирөө толукталып калгандай

көңүлдүү боло түштүк. Ал атчан келди. Мурдагыга караганда бою да өсүп, күчкө толуп, албеттүү боло калгандай. Өзүн салабаттуу кармап, салмак менен сүйлөйт. Беттери суукка туурулган. Далылары күржүйүп, көкүрөгү кең. Көздөрүнөн жаштыктын жалындаган учкуну байкалып турат. «Мен дагы ушундай болсом?» деген ой кылт эте түштү мага. Ага суктандым, ушундай жигит болууну самадым, кыялдандым!

Ошол учурда атам ооруп, төшөктө жаткан эле. Согуштан жабыр тарткан эски дарты козголуп, суук башталар менен күчөйт. Алым менен ал-ахвалды сурашкан соң:

— Балам, апаң демдүү-күчтүү жүрүбү? — деп сурап калды. Аңгыча Лайли эжем биздин жаныбызга келе калып:

— Ата, чай ичесизби? Алып келейинби? Көк чайбы же памилби? — деп, босого тарапта бир топ турду. Мына ушул калыбында Алымды жалжал карай берди. Алым да андан көзүн албады.

— Алып кел кызым, алып кел чайды. Баарыбыз бирге отуруп ичебиз.

Атам жаздыктан башын көтөрбөй туруп, Алымга дагы кайрылды:

— Көптөн бери келбей калдың да, уулум? Тынччылыкпы деги?

— Тынччылык эле,— деп Алым пияладагы чайды атама сунду. — Ичиңиз! Апам мени менен бирге келемин деди эле, жалгыз уюбуз бар, ошонун айынан келе албады. Апам сизге салам айтты.

— Ыракмат, бар болсун! Тынч жүрсөңөр эле болду да.

— Мен жылкыга өтүп алгамын,— деп сөзүн улантты Алым. — Колхоздун жылкыларын багам. Эртең силердин «Пайнап» колхозу түшүм майрамын өткөрөт экен. Ошону көрөйүн деп атайын атданып келдим.

— Ооба, түшүм майрамын өткөргөнү жатышат. Быйыл биздин колхоздун түшүмү мол болду. Эми ошону белгилейбиз деп жатышат го? Ыя, Алым, ырдап жүрөсүңбү, же таштап салдыңбы

бул өнөрдү? — деп атам эми сөздү башка жакка бурду. — Менден жакшы эле үлгү алгандай болдуң эле?

— Ооба, абаке, ырдап жүрөм! Кантип ырдабай коем? Унутпайм аны!

— Ыракмат, уулум, ыракмат! Өнөрүң өссүн, өркөнүң өссүн! өмүрүңөн береке тап! Беш-алты күн жүрүп кет биздикинде, өз уулумдай эле болуп калдың! Маликке аке катары бел болуп, караан болуп жүр!

— Колуман келишинче жардам кылайын, андан мен кем болуп калбайм.

— Туура айтасың, уулум, туура! Бирөөлөргө жакшылык кыла бер, акыры кайтат. Карылардын батасын ал «Жамгыр менен жер, алкыш менен эр көгөрөт», уулум!

Ушул кезде сырттан аттын дүбүртү угулду, ит ажылдап үрүп калды. Лайли эжем муну угуп, билип турса да, сыртка чыкпады, биздин жаныбыздан жылбады.

— Чыкчы, Малик,— деп мени жумшады. Бара салсам, колхоздун чабарманы Калыбай экен. Качан үлгүргөнүн билбейм, анын жанында Шарапат эжем бир нерселерди сүйлөп, мыйыгынан күлүп, улам үй жакты жалт карап коюп сүйлөшүп жатыптыр.

— Малик, атаң барбы? — деди ал мени көрөр замат. Кандайдыр бир айып иш кылгандай, анысын жашыргандай шашкалактап калды. Мага билгизбөөгө аракет кылып, жөтөлүмүш да болду. Анан жойпуланып, анысы анча коошпосо да коошпой турганын өзү сезбегендиктен, ушу ишти жакшы аткарып жатамын го дегенсип, колун мага сунду:

— Кана, чоң жигит, көрүшүп коелубу? Окуулар жакшыбы?

Мен жооп бербедим. Бул учурдан пайдаланып, эжем жылт коюп качыптыр.

— Бар, Керим авамы чакырып койчу, зарыл иш бар эле,— деп Калыбай атын четке тартып, даракка байлады. Тонун желбегей жамынып, айттырбай эле чыкты сыртка атам.

— А-а, кел, кел, Калыбай!

— Келдим! — деди тиги жүгүрүп барып кол берип. — Жакшысызбы, абаке? Ден соолуктар түзүкпү? Сыркоолоп жатат деп угуп, алыңызды сураганы маалында келе албай жүрдүм. Кол тийбейт, иш көп! Мына, көрбөйсүзбү, дал ушундай кычыраган кыш күндөрү да, ары чап, бери чап менен күн кечиремин. Тыным жок күндүр-түндүр!

— А-а, эми эч нерсе эмес. Баарыбызда деле милдет бар. Аны аткарбасак дагы болбойт.

— Азыр эми жакшысызбы? Жакшы болуп калдыңызбы?

— Азыр түзүкмүн, минтип эшик-эликке чыгып калдым. Кана, үйгө кирели, чай ичели. Биздикине такыр келчү эмес элең жол болсун, Калыке?

— Эртең чоң курултай болорун билесиз да? Сиз көпчүлүктүн алдына чыгып, ыр ырдап, комуз чертип берет экенсиз. Башкарма ушинтип айтты. Райондон да кишилер келет экен.

— Бара албайм го? — деп атам кесе жооп берди. — Абалымды өзүң көрүп турасың, аларга түшүндүрүп айткын. Сөөктөрүм сыздайт, түнкүсүн чабалактап уктай албайм, бүткөн боюм ооруйт.

— Э-э, абаке, кайрат кылыңыз, анча-мынча кеселге алдырбаңыз. Бүгүнчө чыдап, чымыркаңып, биздин өтүнүчкө жарап берсеңиз жакшы болр эле. Элди көрүп тамашаларга аралашып, көңүлүңүз ачылып, жакшы болуп кетерсиз? Барбасаңыз болбойт, ишенгенибиз эле сиз болосуз, аваке!

— Менин деле баргым келип туру. Кана эми барсам?

— Барыңыз, барыңыз! Көпчүлүк топтолгон жыйынды гүлдөтүп, көңүлдү шатка бөлөгөн сизден башка ким бар айылда? Сиз болбосоңуз отуруштун кызыгы да жок. Жылуу жатып, тердеп көрүңүзчү, эртең мененке чейин жакшы болуп каларсыз?

— Мынчалык суранып калыпсыңар, аракет кылып көрөйүн. Той каерде өтөт экен? Кайсы убакта барайын?

— Эртең менен чай-пай ичип алып бара бериңиз. Тиги, Тулга менен Чалке айылынын орто чениндеги беде аңызда улак, күрөш, эр эңиш болот. Булардан башка дагы көптөгөн оюн-шооктор бар, барсаңыз баарын көрөсүз. А сиз туура эле конторго бара бериңиз, ошерден күтөт сизди. Макул эми, мен кайтайын, суукка көп кармабайын сизди. Үйгө кириңиз, жылуу жатыңыз, терденңиз.

— Үйгө кирип, даам ооз тийсең болот эле, Калыбай?

— Кана, ыракмат, дагы бир келгенимде кирейин.

«Бул эмне мынчалык бизге жойпуланып, кичи пейил киши болуп калган? Маалында аябай ачуулу адам эле, адамга окшоп, адамча мамиле жасайт экенго?» — деп ойлодум өзүмчө. Анткени, анын да жөнү бар болчу. Тээ мурда, буудай бышык мезгилинде, мен теңдүү кабыргасы ката элек балдар, атүгүл чоң эле катын-калачтар, бул Калыбайдын караанын көргөндө, же атын гана угуп калганда денелери титиреп турчу. Андан коркуп калганыбыз ушунчалык; «Ана, Калыбай келатат!» десе, уктап жаткан жерибизден чочуп тура калчу элек: «Ал желмогуздан бешиктеги бала да коркот!» — деп айтып калчу чал-кемпирлер. Биз Ак-Баш айылына кете элек жылдары, буудай бышык мезгилинде, Лайли эжем экөөбүз айыл балдарына кошулуп, машак тергени чыкчубуз. Торбобуз толгон кезде корукчу Калыбай алып коюп, өзүбүздү камчы менен өлгүчө сабап урчу, атка тебелетип салам деп айкырып, жаш балдарды ыйлатып, тоз-тополоңун чыгарып, бизди бир жерге топтоп алчу да, анан өзү ат менен айланып, сөгүп-сагып жүрө берчү. Жан соогалап, жалынып-жалбарсак деле көнчү эмес. Ата-жотобузду койбой тилдеп, кырманга карай айдап жөнөчү. Кээде дыр коюп каччубуз, кээде ай жарыгында терчүбүз. Таманыбызга чөңөр, тикен кирип, аңыздан-аңызга бекинип, аптапта күйүпбышып, кара тер шорголоп агып, акактап чаңкап, жыгылып-туруп, эсибиз ооп жатып калган

күндөр да болгон! Тергенибизди кырмага төктүрүп, өзүбүздү ишке салчу. Молоташ сүйрөгөн атка минип, күндүр-түндүр иштедик. Кырман четиндеги саманга кыйшая калып, кирпик каактык. Бизден улуулар колдоруна жыгач айры, жазы күрөк алышып, кызыл данды шамалга сапырып, тазалоо менен алек болушчу. Кээде аба үп тартып, шамал жүрбөй, буудай сапырылбай калат. Мына ошондо айласы кеткен дыйкандар ышкырышып, «шамалды чакырышат». Дарактын башы кыймылдаганда эле ордуларынан жапырт тура калышып, буудай сапырууга киришет, же анысы түзүкчөлөп сапырылсачы, топ этип саманы менен кошо кайра жерге түшөт. Кайрадан күтүү, кайрадан «шамал чакыруу», телмирип тиктеп, качан лепилдеп жел согот деп, таңды таңдай, кечти кечтей зарыгып күтүү!

Кырмандын орто чениндеги ат сүйрөгөн молоташ дүп-дүп этип, жер дүңгүрөтөт. Аркы өйүздөгү бооланган буудайларды чийнеге жүктөп, эшек, ат минип келатышкан мадыра баш балдар:

«Бер, команда маршалдар,
Четке барып турабыз!
Миң-миллион жоо келсе да,
Баарын тегиз жыгабыз!» —

деп ырдашып, талаа-түздү жаңыртат. Түшкү, кечки дем алуу убагында «эшек жарыштырмай» ойношот. Орок оруп жүрүшкөн кыз-келиндер болсо, жоолуктарын күн нуруна кылкылдатып, кырчын жаштыктын күчүн жумшап, кечке тынбайт. Алардын кээ-кээде шыңкылдап күлгөнү, обон сала ырдаганы кырман тарапка даана угулат. «Азаматтар, чарчаганын билишпейт, жаштык кандай сонун!» — деп коюшат биерде иштеп жүрүшкөн кары-картаңдар.

Ушинтип, үй бетин көрбөй эки-үч күндөн жүрүп калабыз кырманда. Качан көңүлүнө туура келип калганда гана бригадир:

— Баргыла эми, бир баштыктан машак терип алып, үй-үйүңөргө тез жөнөгүлө! Андан көп албагыла, артыңардан Калыбай барат, көрөсүңөр

анан! — деп кошумчалап коет аягында. Бизге берилген бул «эркиндик» күндүзү болсо го кана. Кайдан дейсиз, каш карайган кезде кое беришет. Түн кирип, ай так төбөдөн тийип турган чакта, машак теребиз өлүп-талып. Торболор толот. Аңгектерге урунуп-беринип. калың, өскүлөң чөптөргө чалынып-жыгылып, үйүбүзгө түн ортосунда кирип барабыз. Ошо кезде да апаларыбыз бизди чыдамсыз күтүшүп, тикчийип жол карап отурушкан болот. Биз сулк жыгылып, катуу уйкуга кеткенибиз менен, апаларыбыз биз алып келген буудай баштарын бирден укалап, топондорун желпип, тазалап, эртең мененкиге даярдап коюшат. Тегирменге көтөрүп жөнөйбүз. Унду үнөмдөп, талкан жарма ичебиз. Биз ушинтип чоңойдук, биз ушинтип нан кадырын эрте билип калдык! Турмуштун тегирменине айланып, отуна күйүп, суусуна агып, анан чоңойдук!

Капырай десең, шумдугуң кур! Бул тагдыр дегениңе таң берип: «Кудайдын кылганы ушул экен да? — деп, кол куушуруп турасың. Айтса айтпаса төгүнбү, мына эми ошол кездеги буудай кароолчу, бизди кан какшаткан Калыбай Дөөлөтов, кадыр-сөөк болгону турат! Шарапат эжем экөөнүн көңүлдөрү качандан бери төп келишип, жандары жакын болуп кеткенин кайдан билебиз? Жаңы жезде! Кут болсун сага, Малик, жаңы жезде! Куттук айттым, кабыл ал!

Ой дегениңиз чабыттап, жогорудагы айтып өткөн үч-төрт жылдык окуяны заматта, кирпик ирмемче убакытта эле чарпып өттү. Ой күлүк, ой чексиз, ойду кармап болбойт! Ой өз эркиңен чыгып, жамандыкты да, жакшылыкты да кыялдана бересиң! Кээде ушул да жакшы, эс алып каласың, же тунжурап туңгуюкка дуушар болосуң, экөөнүн бири!

Үшүп калыпмын, Калыбай кеткен жакты карап тура берипмин. Ичиркендим, кымтындым. Үйгө карай бастым. Бүткөн боюм оорлошуп, желкеңе туз жүктөгөндөй боло түштүм. Каалганы ачар менен палоонун жытын сездим. Кемегенин жанында күйпөктөп Шарапат эжем жүрөт эч нер-

сени билбеген, туйбаган кишидей. Көрүнүшү деgеле жайдары. Мени бир карап коюп:

— Малик, кир үйгө, эмнеге мынча көп турдуң суукта? Отур, палоо бышты! Үчөөңөргө бир табакка тамак салам, а биз үчөөбүз далис жакта башка отурабыз! — деп тим эле сөздүн ийне-жибине чейин майдалап түшүндүрө баштады, ал айтпаса мен билбей кое тургансып. Муну өгөй энем, Лайли эжем деле угуп турушту. Алардан жалтанбай, кайра:

— Лайли, силер отура бергиле энем экөөң, азыр өзүм алып барам палоону! — деди жалпаңдап. Лайли эжем башын чайкап, күлүп койду. Энем да макул дегендей, бир сөз кайтарбады, далиске карай басты.

Палоо да желип бүттү. Алдыбызга көк чай келди. Ысыктын күнүндө, талаада көк чай ичип, ошого жедеп көнүп калыптырбыз. Алым төрдө илинүү турган атамын комузун алып, күүгө келтире баштады:

— Кана уулум кулак сенде! Обон созуп, ыр ырдап берчи? — деди.

Тээ илгери, атамдар кырчылдаган жигит кезинде, Тулга айылынан Арууке деген сулуу кыз чыгыптыр. Ага атам ашык болуп жүрсө, Өмөр деген дагы бир башка жигит да Аруукеге акидей асылып жүрүптүр. Ошондо кыз байкуш кимге барарын, кимди сүйөрүн билбей, акыры Өмөр тазды ээрчип кетиптир. Атам арманда калып, мына бул ырды чыгарган экен:

Өрүктөн кылган сок билек,
Өмөр калча жок белек?
Арманымды укпады,
Аруу сезим, ак билек!

Азыр Алым мына ушуну узун сап кылып ырдап жатыры. Атам жаштыгы эске түшө калгансып, күлүп жиберди. Бирок Алымга тоскоолдук кылбады.

Талдан кылган көпүрө,
Баскан сайын солкулдайт.

Акыл-эстүү жигиттер,
Алган жарын кор кылбайт!
Тектир бир тектир, тектир таш,
Тебишип ойнойт өрдөк-каз.
Теңтуштан теңтуш айрылса,
Тынбай бир агат көздөн жаш!

— Ий-де! — деп атам ого бетер кызыга кулак бурду. — Сок, балам, сок!

Көп жыл бактым коюңду,
Бир көрбөдүк боюңду!
Алып калып бир күнү,
Өткөрсөмбү тоюңду?
Эмне дейсиң сен буга,
Ачык айтчы оюңду?

Атаман үйрөнгөн ырларынын таасири тийгенби, өзүнчө токуп ыр чыгара баштаганы да сезилип турат:

Тентек-Сайдын боюнда,
Теңтуштай ойноп жүрчү элек.
Жалындап күйүп от болуп,
Жаштыктын доорун сүрчү элек!

Эми нактай атамын айтып берген ырларына өттү:

Оо-ой, кээ бир көпкөн жигиттер,
Кумар ойнойт кулжуңдап.
Утуп алган күндөрү,
Сүйүнүп калат мулжуңдап!
Уттуруп койсо уктабай,
Ачуусу келет чурчуңдап!
Э-эй, дагы бир көпкөн жигит бар,
Оозу толо мактанат.
Ууру кылып кармалса,
Мен эмес деп актанат!

Бул адамдарга акыл-насаат берчү ыр саптарын мен мындан мурда, тээ Эшенкул бригадир биздин кепеде жатып калып, атамы ырдаткан кезде уккамын. Ал өтө күлкүлүү, шылдың түрүндө айтылып келип, аягы аябай узун. Атам аны

кээде экөөбүз талаада, коондун катар аралыгында иштеп жүргөн кезде ырдап калчу. Мага канчалык үйрөтөйүн деп аракет кылганы менен, мен ага анча көңүл бурганым жок, мына ошол чоң кемчилдигимди кийин түшүнүп, билип, андап отурамын. Алым ырын уланта берди:

Ууру жүрөт пас менен,
Колунда муштай таш менен!
Жамандык издеп жарыбай,
Дайыма ою кас менен!
Жалдырап жатса камакта,
Көзүнөн агат жаш деген!

Адам баласынын жаралганынан баштап, тээ күнү бүтүп, суусу түгөнгөнгө чейинки басып өткөн бүт өмүр жолун атам төкпөй-чачпай баян этип берчү. Алым айрыкча мына ушул ырды жакшы көрүп, кандайдыр бир муңдуу, анан кайра көңүлдүү, күлкүлүү кылып, ырдын кайрыктарын ар түркүн обонго салып аткарчу:

Адам бина[1] болордо:,
Кырк күн уюп кан болот.
Курсагында эненин,
Кыбыраган жан болот,—

деп айтып келип, адам баласынын өнүп-өсүү, куракка жетүү кезине келгенде:

Жетилип жигит болгондо,
Арстандай күчкө толгондо,
Урунарга тоо таппай,
Басып калат оң-солго!
........................................
........................................
Токсондон жашы ашканы,
Төшөк болот жатканы.
Дааратканa, үй менен,
Чектелет анын басканы!
«Өхө-өхө!» — жөтөлөт,
Кумганды араң көтөрөт!

---

[1] Бина — пайда болордо.

Бели сыздап, буту ооруп,
Кордукту баштан өткөрөт!
Жакшы болсо уул-кызы,
Бапестеп багып карашат.
Жамандары жийиркенип;
«Өлсө экен!» — деп самашат!

— Жакшы! — деп койду атам. — Эми ырды токтот, болот ушунчалыгы. Ыраазымын сага, уулум! Өнөрүң өсө берсин, мындан ары да улантсын! Тартынбагын, тайманбагын, көпчүлүктүн алдына чыгып ырдоого аракет кылып көргүн. Сенин жылкы бакканыңа, же башка иш кылганыңа бул кесип тоскоол болбойт. Комуздун жакшырагын, жаңысын таап алышың керек экен.

Атам эми бизге акыл-насаат айтууга өттү. Анын сөзүн бөлүүгө эч кимибиздин дитибиз даабады. Качан өзү сүйлөп, айтып бүтмөйүнчө угуп отура бердик.

— Ата, болдубу эми? Сөзүңөр бүттүбү? Түн жарымдан ооп баратат. Жаталы, эртең эрте туруп, майрамга барабыз,— деп Лайли эжем гана ушул сөздү айтууга батына алды. Бирок Алымда дагы бир ички бук, тынчсыздануу, эмне болор экен деп, сар-санаа тартуу, эртеңкини ойлоо сезимдери бар экенин биз билген эмеспиз. Ал өзү ачык айтпаса, дебесе, оюн ортого салбаса, кимдин кандай иши бар? Ал азыр ушуну айтты:

— Аваке, менин бул тойго келишимдин дагы бир себеби бар,— деп кеп баштады ал, — мен эртең күрөшкө түшүшүм керк! Күрөшкөнү келдим!

Бул кабар биз үчүн жаңылык эле. Ошерде отургандарыбыздын баары тикчийип, Алымды эми көрүп тургансып, таң калып, анын күрөшчүл экенин, күрөшкө шыгы, ынтаасы бар экенин биринчи жолу уккандыктан, эмне дээрибизди билбей отурдук.

— Дагы эмне дейт бул бала? — деп атам башын жаздыктан көтөрдү,— күрөшөм дейсиңби? Ким менен?

— Тиги, Тентек-Сайдын аркы өйүзүндөгү Сей-

дикум айылынан Масалбек деген балбан келет экен. Аны тим эле алп киши деп жатышат го эл? Ушу чынбы? Эгер чын болсо, күч сынашып көрөйүн дедим. Буга кандай дейсиз?

— Күрөшүп көрдүң беле деги бирөөлөр менен?

— Ооба, күрөшүп жүргөм? Желкем жер тая-на элек!

— Сени менен ушунча бирге жүрүп, уккан эмес экемин!

— Айткан эмес да, бизден жашырып,— деп сөзгө Лайли эжем аралашты.

— Билбейм, балам. Бир нерсе деп айта албайм. Сенин али кабыргаң ката элек. Жүрөгүң жалындап турган менен, күрөштүн өз ыкмасы бар, муну билесиңби? Бир гана кара күч буга аздык кылат. Ал үчүн айла-амал керек, тажрыйба, чоң устаттык керек! Мен жакшы билем Масалбекти, али күнгө чейин желкеси жер искей элек балбан ал. Өзүң бил балам, өзүң бил!

Оюнан кайтпастыгы Алымдын жүзүнөн, көз караштарынан байкалып турду. Үй-бүлөлүк сөзүбүз ушуну менен бүттү. Эртеңки боло турган түшүм майрамын, Алымдын кантип күрөшөрүн, жыгылып, же жыгытарын ойлоп жатып уктап кетиптирмин.

* * *

Таң атты. Түнкүсүн кар кыламык жаап, анчалык арбыта албаптыр. Бирок эски кар арбын. Адамдар айыл четиндеги беде аңызына карай убап-чубап баратышат. Көпчүлүктүн катарында биздин үй-бүлө да бар. Өгөй энем гана жалгыз калды. Аны жүр десек: «Мага ал жакта эмне бар?» деп болбой койду. Алым эртең менен эрте эле чыгып кетиптир. Атамы да үйдөн көрө албадым. Биз барсак, күрөш болчу жерге эчак эл толуп калган экен. Ал эми аңыздын ары четиндеги дөңсөөдө кызыл-тазыл кийинишкен кыз-келиндер менен кошо чыт курсак жаш балдар да топтолуп, улак тартып жатышкан чабандестердин кызыгына батышууда. Менин эңсегеним, ойлогонум, тынчсызданганым эле бирөө:

— Алым кайда жүрөт экен? Анын күрөшүн көрсөм болот эле? — деймин. Бирок анын атын, ысмын атаган, оозуна алган эч ким деле жок. Бардыгы эле, каерге барсам деле:

— Масалбек балбан келиптир! Масалбек күрөшөт экен! — деген дуу-дуу сөздү угамын. Жарданып турушкан калың элди аралап, жөөлөп отуруп, алды жакка араң чыктым. Ана, аянтчанын орто ченинде, узун бойлуу, келбеттүү, далылары кең, жайык бет, өңү сары, күржүйгөн орто жаш чамасындагы киши, башы көк шайы бел курчоо менен бекем байлаган, кебете-кепшири сүрдүү, мурду дердегей киши колдорун кайчылаштырып туруптур. Жеңдерин булчуңга чейин түрүнгөн.

— Масалбек балбан! Масалбек балбан! — деген үндөр сол жагыман да, оң жагыман да угулат. Эл арасы күбүр-шыбыр:

— Эр сырттаны белем? Турушун карачы, арстан сымал айбаттуу! Көкүрөгү жайык, көздөрү оттой жанган, күчтүү билек арстан жүрөк экени байкалып турат!

— Оо, мунун даңкы облуска кеткен! Республикабызга жеткен!

Мейли, эл деген эл да, сүйлөй беришсин, мактай беришсин, даңктай беришсин! Ар ким өз билгенин, өзүнүн аңдап-сезгенин айтат. Аны ким тыйып кое алмак эле?

Көптөн күткөн мезгил да келди окшойт. Алым эл арасынан суурулуп чыгып, Масалбекти карай басты. Бутундагы керзовый өтүгүнүн working кончун кайрып алганы гана болбосо, калганы мурдагы эле кийимдери. Масалбекке окшоп чекесин таңып да албаптыр, жеңин түрүп да албаптыр. Тиги турган балбанга караганда, чийдей ичке, арык, алсыз окшоп сезилди мага.

«Мойсоп салат! — деп ойлодум өзүмчө. — Кабыргасын сындыра коет!» Жан-жака белимдеги адамдар да күлүп жиберишти:

— Ушул ийрейген неме күрөшөт бекен? Койсоңчу, акылы жайындабы?

— Бул ким өзү?

— Билбейм?

— Жаш бала го?

— Эй, жөн болгулачы! — деп кимдир бирөө тыйып койду күбүр-шыбырды.

Алар бир-биринин белдерине колдорун өткөрүштү. Эл тымтырс. Адегенде Масалбек беркини бала санап, анча кооптонбой, көңүлсүз, эриккенсип мамиле жасалды. Бул жоругу баарыбызга байкалып турду. Ал түгүл:

«Башка адам түгөнүп калгансып, мага чыгарган балбанын кара булардын. Мен эмне, аларга оюн бекеминби?» — дегенсип, жүзүнөн наразылык пайда боло калды, өзүнүн баркы менен бул баланын баркын салыштырып намыстангандай да боло түштү. Мына ушул белгилердин бардыгын, анын мыйыгынан күлүп, башын чайкап коюп, бел курчоону белине бекем байлабастан, коомай гана бош койгонунан даана билсе болот эле. Алым шашкалактабастан, өзүн оор-салмактуу кармады. Тигинин колтугуна кирип алууга далалат жасады. Балбандар ары-бери сүрүштү, бир-бирин сынашты. Убакыт болсо өтө берди. Эгер эл айткандай: «Арстандай апчып, жанчып» салса, эчак эле ошентип, «апчып, жанчып» салмак. Демек, Алымдан жакшылыктуу жышааңды күтүүгө болот.

— Ал, Масалбек, көтөрүп чап! — деген үндөр туш-туш жактан чыкты. Ал эми Алымдын атын атаган эч ким болбоду.

Экөөнүн күч сынашы бара-бара кызый баштады. Эл дагы Масалбектин көңүлүн көтөрүп, ага дем-күч берип жатты. Алым улам далысын күүшөп, мерчемдүү мезгилди аңдып, күтүп жаткандай түрү бар. Масалбектин карылуу колдору Алымдын ой-пикирине, аткара турган ишине, айла-амалына жол бергидей эмес. Бир маалда Алым оң бутун ортого кое салып, катуу серпти эле, берки козголгон жок. Тургандар ого бетер жандана түшүштү, күрү-күү күчөдү. Күтүлбөгөн жерден Масалбектин ачуу, каардуу үнү талаа жаңыртып, элдин көңүлүн өзүнө бура салды. Ал ушул учурда Алымды жерден жулкуп, так өйдө

көтөрдү да, баштан ашыра серпти. Бирок Алым мындай болорун күн мурунтан күтүп, билип, ошол мезгилди гана аңдып турганбы, айтор Масалбектин көкүрөгүнө кенедей жабышып, бүткүл салмагын салды да, желкеден ары түртүп, ылдый басты. Ошол эле замат буту менен такымга тээп жиберүүгө да үлгүрдү. Масалбектин тизеси ийилип, солдойгон эпсиз узун бою артка карай кетенчиктей берди. Алым буйтамга келтирбей, экинчи мерте бутка тээп каршысын жанагыдан да катуураак ылдый карай басты. Буга моюн бербей тургандыгына көзү жетти окшойт, колун бел курчоодон биротоло чыгарып алып, желкеден бүркүтчө апчыды. Масалбек белин түзөөгө алы келбей, күч жетпей калды!

— А-а-аах! — деп барып, бою жерге шалак дей түштү. Мына ушулардын бардыгы көз ачып жумганча өтүп кеткендиктен, жарданып турушкан көпчүлүк, кимди ким жыкканын да дароо ажырата албай калышты! Күч атасын тааныбайт деген ушул!

Эң кызыгы бул болду. Лайли эжем менин арт жагымда турган экен, байкабаптырмын:

— О-оо! Жаша, Жаша! Азамат Алым! Алым жеңди, Алым жыкты! — деген үндөн улам, жалт карай салып, эжеми көрдүм. Ал мени түртүп, жыгытып жибере жаздап, анысын өзү байкабастан, калың элди сүрөмөлөгөн бойдон алдыга басты. Аянтчага чыгып, туура эле Алымга карай чуркады. Ушунча элдин карап турганына карабастан, Алымды бек кучактап, мойнуна колун артты. Жүгүрүп баратып аянтчага түшүрүп койгон жоолугун мен барып алып койдум!

Мына ушул окуядан кийин, көп деле убакыт өтпөй, Лайли эжем өз сүйгөнү менен кол кармашып качып кетти. Атам оор үшкүрүп:

— Капырай, ушундай да иш кылабы? — деп коюп тим болду. Бизге бул да аз келгенсип, кычыраган кыш күндөрүнүн биринде, Шарапат эжем, менин сүйүктүү асыл, алтын эжем, Калыбайга турмушка чыкты. Үйдө үчөөбүз эле калдык. Өгөй энем болбогондо атам экөөбүз ысык-

суктан, тамак-аштан, кир-когубуздун өз маалында жуулуп турушу жагынан кыйналат элек. Анын үстүнө атамын оорусу күндөн-күнгө күчөп, ырбап, шаштыбызды кетирип жаткан. Бирдейинен эле эки кызынын тең турмушка чыгып кетиши, албетте атама катуу сокку урулгандай болду. Балким мындан да эместир? Кантсе да, атамын оорусунун себебин ар нерсеге жоруй бердик.

Арадан бир ай өткөндөн кийин, Лайли эжем менен Алым экөө апалары Бурулай кудагыйды ээрчитип келип калышты. Элге дасторкон жайып, батасын алышты.

Жазга жуук атамы да акыркы сапарга узаттык.

# КАЙРАДАН КАҢГЫП КАЛГАНДА

## I

Аркалар атам, агалар акем, эркелер эжем, илинер иним жанымда болбогон соң, жылоосу жок улоо аттай, жылуу-жумшак жерге батпай, ар айылды акмалап жүрө берет экенсиң. «Этегиң тийбеген эшик, илебиз тийбеген кашык» калбай, өз башыңа «өзүң бий, өзүң хан». «Эжем эрге тийди, эскиси мага калды» дегендей, эрге тийген эжемдердин эскиси деле тийбеди мага, тийген чакта да, мага ылайык келбейт эле. Тоо-баа, бакыт дегениңиз ушул экен! Бакыт дегениңиз, көл астындагы айдын көлөкөсүндөй, алакандагы агып кеткен сымаптай кеп экен! Бирок мен азырынча бакыт деген эмне экенин биле элекмин, көрө элекмин. Анын кандай болорун, каерде, ким менен жүрөрүн, ага кимдер жетип, кимдер жетпей куру жалак каларын да билбеймин. Бу жарык дүйнөгө жаралганыма он жылдын гана жүзү болуптур. Ошол он жылдын ичинде мөмөлүү дарактар өз жемишин берет, ынсандын ак эмгегин кайтарат. Ал эми адамзат үчүн ал жетишсиз, дагы он жыл, балким он беш, жыйырма жыл керек болор? Бизди кудай ушинтип жараткан, өтө жай өнүп-өсөбүз. Мында көрүнүш тээ жер каймактагандан бери өкүм сүрүп, чоң ата, кичүү аталарыбыз, бабаларыбыз, жотолорубуз да ушундай жол, ушундай тартип, ушундай өкүм менен жашап келишкен. Адам-адам болгончо, акыл-эске киргенче өтө көп, өтө узак убакыт талап кылынат. Ал эми өмүр кыйылар сааты келгенде, кирпик ирмемче эле

убакыт кетет. Оо, сен дүйнө, ачуусуң да, таттуусуң! Кырдуусуң да, сырдуусуң! Чырдуусуң да, муңдуусуң! Бейвапаа дүйнө деп ушуну айтат! Ал эч кимге вапаа кылбайт, дүйнөгө эч ким түркүк боло албайт!

— Эмки, мындан аркы козголор кептин чоожайы да мына ушул жогоруда айткан баш сөзүбүздүн, киришүүбүздүн айланасында болот. Аны биз бекеринен жазып, бекеринен окуучуларга сунуш кылып жаткан жокпуз. Бардык нерсенин өз ыгы, өз тартиби, өз жолу бар. Эмесе, эрикпей-зерикпей, чарчадык-чаалыктым дебей, чарчасаңыз дем алып, эс алып, бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо, кийинки күндөрү окуп, аягына чыгыңыз колуңуздагы китепти! Анын пайдасынан башка, зыяны жок! Окуучум, сүйлөштүкпү?

Маакул эмесе, мен жазып жатып кандай кайгырсам, кубансам, сиз дагы бул китепти окуп бүткөнчө, ошончолук кайгырсаңыз, кубансаңыз, анда эле мен өз максатыма, тилегиме, оюма жеткеним деп эсептеймин!

— Чо-оо, жаныбарларым! — Камал аке кош ат чегилген арабаны тызылдата айдап, Тулга айылынан чыга беришиндеги Такыр-Талаа менен жол чаңытып баратат. Арабага пакта жүктөлгөн. Аралыгы он-он беш чакырымдай келген Сакалды шаарчасына бармакчы. Аерде терилген даяр пакталарды кабыл алуучу жай бар. Капалуу пактаны биринин үстүнө экинчисин жыйып-тийеп, анын үстүнө өзү отуруп алган. Жолдун чаң, өңгүлдөңгүл экенине карап, чеберденп, жол тандап, акырын айдайт, кээде түз жолго чыга калган учурда, аттарга удаа-удаа камчы салып:

— Чо-оо, жаныбарларым! — деп коет. Убакыт али эрте. Күн аркан бою көтөрүлүп, аба али ысый элек. Күнүнө беш же алты жолу каттоо керек, милдет ушундай. Анткени бул бригадага жалгыз гана араба болгондуктан, кырмандагы үйүлгөн «ак алтынды» өз убагында ташып бүтө албайсың.

Жаныбар аттар бул жолдо күндө каттай берип, жедеп көнүп, үйрөнүп калган. Бирде жор-

туп, бирде текирең алып, бирде басыгын бир калыпта өзгөртпөй, кантсе да өздөрүнө камчы тийгизбөөгө аракет жасагансыйт. Камал аке да колунда бапестеп баккан малдын сырын билип, түшүнүп турса да, каракүчкө, жөн эле бир илгерки арабакечтердин каадасын сактап, көк кайыштан жасалган узун камчысын өйдө көтөрүп, опузалаган болот:

— Чо-оо, жаныбарларым! — Аттар мындай сөздү Сакалдыга барып, кайра Тулгага келгенче канча мерте укту дейсиз, ошо уккан сайын кулактарын жапырып, дагы сөз угуп калбайлы дегенсип, кадамдарын арбын-арбын арыштайт. Алар бир-биринин сырларын айттырбай, дедирбей билишет.

Камал аке кичи пейил адам, жаш баладай мүнөзү бар. Кээде биз аны айыл четине чыгып күтүп турабыз. Пактаны тапшырып, бош келаткан арабага жарыша чуркап барып, чыгып алабыз.

— Ай, мадыра баштар, акырын эми, жыгыласыңар! Шашылбай чыккыла! Бу силер качан чоңоесуңар, ыя? Же ушинтип кибиреп жүрө бересиңерби? Чарчадык го биз, эми силердин кезегиңер келди. Колдон ишти алгыла! А-а, мейли, мейли, аман болгула, эптеп чоңоюп алсаңар мөөрөй силердики!

Камал акенин Курманбай деген атасын да билебиз. Карып-арып өлдү. Убагында басмачылар менен салгылашкан экен. Жарадар болуп, талаада калат. Кечке жуук көзүн ачса, суусап, алдап кетип баратканын, белге чейин сазда сулап жатканын сезет. Сезет да, агын суу издеп, бооркоктоп жөнөйт. Буттары шишиген, өтүктүн ичине кан толуп, уюп калган. Жан далбас уруп, бар күчүн жумшап, бет-алды кезиккен камыштардын арасында, кайда кетип баратканын да анык билбей, божомолдоп кете берет. Алды жактан үлпүлдөгөн чырактын жарыгы көзгө чалдыгат. Жакын барса, жалгыз кепе. Кепенин ичинде күбүр-шыбыр сүйлөшүп жаткан адамдардын дабышы угулат.

«Демек бул басмачылар!» — деп ойлойт Курманбай. Кепенин арт жагында шаркырап тунук суу агып жатканын угат. Кепени айланып, бооргоктоп жылып отуруп сууга жетет. Жарадар болгон буттарын, канга толгон өтүгүн жууп алат да, суусунун кандырып алып, жанагы добушту тыңшап бир топко дейре тымтырс жатат. Ырас эле басмачылар экен. Болгондо да, үчөө. Мылтыктарын кепенин ооз ченине, бир-бирине матап, тиреп коюшуптур. Курманбай арстандай айкырып, шап ордунан тура калып, мылтыктын үчөөн тең ала коет да;

— Колго түштүңөр! Жаткыла, эмесе атып салам! — деп мылтыкты аларга карай кезейт. Алар колго түшөт. Мына ошентип, өз жанын да сактап, душмандарды да колго түшүрүп алган экен ал киши. Бизге бул окуяны Камал аке кырманда түнөп калган чагыбызда айтып берчү. Кызыгып укчумун.

Бир күнү кырманда пакта салынган каптарды минип, биринен экинчисине өтүп, секирип ойноп жатсам, Камал аке өзүнө чакырып алды:

— Малик, бери келчи, отурчу жаныма! Кимдикинде жашап атасың? Карачач жеңдикиндеби же Бөдөш энени үйүндөбү?

— Бөдөш энемдикиндемин.

— Жашооң кандай? Курсак токпу, кийим бүтүнбү? — Урбайбы, жемелебейби? Урат деп угам го ушул чынбы? Айт, ачыгын, айта бер, жашырба?

— Баары жакшы, аке, жашап атамын, айтканын аткарып да атамын.

— Биерде ойноп жүргөнүңдү билеби? Кантип кое берди сени биякка? Коргонунан чыгарбайт, кечке иштетет деп уктум эле, чынбы?

— Ал жагы чын, азыр качып чыктым. Мен дагы балдарга окшоп көчөдө ойногум келет. Сурансам унабайт, анан качып чыга бердим. Баргым келбей туру, аке. Барсам урат.

— Өткөндө эле айтканбыз биз ага, дагы эле акылына кирбептир да? Деги төбөсүнөн урган адам экен да. Ушу чычкандай балага асылып эмне

кылат? Малик, анда сен мындай кылгын, Шарапат же Лайли эжеңкине кетип калгын. Сен окушуң керек. Эл бар, биз бар, сени мындай абалга коюп, унчукпай жүрө албайбыз. Бөдөшкө дагы айтабыз, уяткарабыз.

— Эжемдердикине барбаймын! — дедим кесе жооп берип. — Шарапат эжемкине болсо, деги жолобойм! Лайли эжемдер тээ алыста, тоодо жашашат, жездем жылкы багат. Алар жакага кар түшкөндө келишет.

— Малик, сен жакшы баласың, эс-акылың бар. Башыңан аздыр-көптүр кыйынчылыктар өттү. Көптөн бери жүрөктү өйүгөн бир оюм бар, аны сага айтам деп, такыр эле убакыт таппайм, сен, Малик, минтип жүрбө. Сени балдар үйүнө жиберели. Аны биз бир-эки аксакалдар чогулуп алып сүйлөштүк, Мени айтып көргүн дешти. Маакулсуңбу?

— Билбейм, балдар үйү кандай болот? Балдардын да үйү бар бекен? Кызык, мен мындайды көргөн да, уккан да жокмун.

— Ал деген жакшы жер, жетим балдарды өкмөт өзү багат. Жатар жериң, оокатың, кийимиң бекер болот. Окутат, тарбия-таалим берет.

— Бөдөш энем эмне дээр экен буга?

— Э-э, койсоңчу ошо Бөдөш энеңди! Бөдөш ким? Ал сенин тагдырыңды чечпейт. Ал сенин кызматыңа гана кызыгып жүрөт. Келечегиңди ойлобойт. Бөдөш деп коет дагы, ал сенин апаң же бир тууганың беле, келечегиңе күйүп-бышып, тагдырыңды чечкидей? Ойлосоң өзүң?

— Түшүндүм аке, түшүндүм! Мейли, эгер Бөдөш энем дагы бир жолу ачуума тийсе, ошо сиз айткан балдар үйүнө кетип каламын.

— Туура, мына эми өзүңө келдиң. Сен өз башыңа өзүң кожоюнсуң!

— Маакул аке, маакул. Ойлоп көрөйүн. Демек, балдар үйү бар экен?

— Ооба, бар. Сен теңдүүлөр төртүнчү класста окуп жатышат А сен.мектепке барбай жүрөсүң. Жакшы эмес бул, үкем! Убакыт өтө берет. Анан такыр окубай, билимсиз болуп каласың. Мына

биз өз мезгилинде окубай калып, араба айдап, бригадирден, башкармадан жеме угуп жүрөбүз! Же сен дагы ушундай болоюн деп атасыңбы? Кой иним, антпе! Оку, оку!

Камал аке экөөбүздүн ортобуздагы сөзүбүз ушуну менен бүттү. Мындай жаңылыкты угуп, ойногум да келбей калды. Ошо Камал аке айткан «балдар үйүн» ойлоп, аны көз алдыма келтире албай, ал үй кандай болорун, аерде кандай балдар жашарын канчалык эстеп, канчалык ой жүгүртүп, кыялданып көрөйүн десем деле, Тулга менен Ак-Баш, Шыбак-Бел, Акман, Арал айылдары, анан Тентек Сайдан башкасы такыр эс-акылыма сыйбай, көз алдыма келбей койду. Мен мына ушул айыл-кыштактардан башка жерди көрбөдүм, көрбөгөн соң, аны астейдил ойлосоң деле башыңа эч нерсе түшпөйт. Кантсе да эки ача пикир пайда болуп: «Бөдөш энемин үйүнөн кутулуп чыгып кетсе болот экен го» деген жакшылыктуу кабар мага дем-күч берип, ушуга чейинки үмүтсүз күндөрүм, эми үмүттүү күндөргө алмашылып, чырмалган тордон чыгуунун айла-амалын издөөгө умтулдум.

Алардын үйү айылдын эң чет жагында эле. Ар тарабына бийик дубал урулган, калдайган чоң дарбазасы бар, үстүнө эски камыш басылган, жепирейген жапыс, бир көздүү терезеси күн чыгыш тарапты караган төтө жолдун боюндагы жалгыз там болчу. Коңшу-колоңдору менен кирип-чыгуу, алака, мамиле жасоо деген жөрөлгөлөр түк болчу эмес. Кечке дейре өз тиричиликтери менен алек болушуп, музоолуу таргыл уюна чөп салып, астын тазалап, аркандап келип, аны саап ичип күн көрүшчү. Бирок, сыртынан мындай болуп, жакырчылыкта жашаган адамдай көрүнгөнү менен, булардын оокат-тиричилиги ушу Тулга айылында жашаган башка үй-бүлөгө караганда алда канча тың эле. Ошо тыңдыгынан өздөрүн, мени, Оrozду багып алса керек да? Орозго караганда мен үй-тиричилигине болобу, талаа жумушуна болобу, бардыгына көбүрөөк катышчумун, ошондуктан биердеги жаман-жакшы окуя-

лардын бардыгы менин айланамда, тегерегимде өтө турган.

Мага жалгыз түп өрүктүн жанына орнотулган сөөрүгө түнкүсүн жай салып беришчү. Кеч күз болобу, жаз, жай мезгилдери болобу, баары бир мына ушу жерде жаман, эскилиги жеткен, кандайдыр бир конурсук жыт келип турган жыртык таарды жамынып жата берчүмүн. Башыма жазданар жаздык, астыма төшөнөр төшөк берилчү эмес. Кечке жаным тынбай иштеп, аябай чарчап калгандыктан, желкем жер таянар замат эле көзүм илинип кетчү. Жумшак, жылуу жууркандa жаткансып, мемиреп, жаным жыргап, таң атканча былк этпей уктоочумун. Анан үрүң-бараңдан туруп, кайрадан баягы эле күндөгү көнүмүш түйшүккө түшчүмүн. Короо тазалап, күл чыгарчумун, казан-аяктарды, идиштерди жуучумун. Буларды бүтүп коюп, таргыл уйдун астын тазалап, тезегин сыртка чыгарып, дегеле жаным жер искечү эмес!

Байкуш Бөдөш энем, бараандай бакыйган, балпайган буурул чач бактылуу энем! Сизди, сиздин «жумурткадан кыр издеген» кыял жоругуңузду, адамга ажаандай асылган аял экениңизди түк унутпасмын! Ал көңүлүмө көк талкандай тийген! Көкүрөгүмө өчпөс так болуп чийилген! Эсил кайран энем, сиздин бул пейилиңиз Ороз экөөбүзгө гана эмес, ошо Тулга айылында жашаган адамдардын баарына беш колдой белгилүү болчу!

Бөдөш энем ар күнү эртең менен эрте турат. Турар менен эле чаканы карысына илип, адатынча каалгый жай басып, көөдөнүн бийик көтөрүп, көкүрөгүн керип, майпаңдап туура эле мага келет, тилинин заарын чыгарып, түк токтоп да койбой сүйлөнө берет, наалый берет:

— Эй, көрдөн чыккан көркоо! Турдуңбу, бетиколуңду жуудуңбу? Бар, музоону агыт, уйду саайбыз! Темселебей ө-өл! Каракчынын кийиминдей болуп сүйрөлөсүң да? Ий-ий, ушу сени эмне кылса болот? Кылган ишине такыр адам жарыбайт! Маңдайың жылыбайт! Бачым-бачым эле кыймылдабайсыңбы? Жер жуткур, кыбырап, дегеле

кыжырга тийесиң! Эмне, бутуңан тушап койгонбу сени бирөө? Бала деген чапчаң эле болбойбу? Ашкеби! Бечел! Турчу мындай былжырабай! Биттей кибирейсиң да! У-у, жубарымбек десе! Жарытпайсың сен мени, кайдан жүрүп багып алдым экен сени?

Бул сөздөрү аз келгенсип, ага канааттанбагансып, ичи чыкпагансып, желке талаштыра «дүп» эттире бир коет, муштуму да зор анын, өпкөм чыга түшкөнсүп, өзөрүп, көгөрүп калам! Аны менен иши жок, көр жемеге алганын дале койбойт:

— Бол, тез-тез кыймылда! Жаның барбы? Ошого да күчүң жетпейби? Колуңа шал тийгир! Эмип койду го баарын? Тарт нары!

Же музоо мага баш берсечи! Дадил тартканга күчүм жетпейт. Бир жерде турбай тыбырчылай берет, энесине умтулат. Умтулган сайын буттарымды кырча-кырча тебелеп, жанчып салат! Көзүмөн от чагыла түшөт! Тиштенип, чымырканып туруп, музоонун башын тырмышып тартсам деле болбойт кетенчиктеп туруп алат.

— Өө-өөш, арам өлгүр! — деймин жаным кашайганда.

— Өзүң арам өл! Тигини, жашабай жатып, кебиң эле суук экен! — дейт Бөдөш энем мага ызырына карап. — Тилиң буудай кууруйт, кана эми иштн да ошондой кылсаң? Сага корогон кайран гана тамак, кайран гана мээнетим! «Ашка жүк, башка жүк» болуп, сеники өттү мага! Же жоголуп кетпедиң нары көргө! Бир жериңди сындыра чаба электе жоголсоңчу бир жактарга! Күйдүрдүң го мени, күйдүрдүң!

— Мен эмне кылдым сизге күйдүргүдөй?

— Оозуңа кара таш, арсыз жетим! Жаакташып коет дагы мени менен! Ырысы жок ыркыйган ит десе, жакшылыкты кой көтөрөт!

— Эне, аткарып эле атам го табыштаган иштериңизди!

— Аткарбай өл, сен! Жер жутпады, кудай албады сени!

Ар күнү ушинтип, жаңжалдашып, тилдешип,

урушуп, отуруп таргыл уйду саап бүтөбүз. Андан чыккан жарым чака сүттү кемегеде асылуу турган казанга куюп, капкагын жабам да, ага от жага баштайм.

— Жакшылап бышыр! Байка, сүт казандан ашып кетпесин! Анда элечи байкуш, чокуңду ысыта коем! Отту алоолонтуп көп жакпа! Отундан аз-аздан сал. Жалынды жалбырттатып, сырт жакка бөөдө чыгара берсең, бүт ыпыр-сыпыр сүткө түшөт. Капкагын бекем жаптыңбы? Очоктогу күлдү да албасаң керек? Додолонуп калыптыр го? Эмнеге бир айтканды кылбайсың, ыя? Азыр желке талаштыра бир тээп, жерге жабыштыра коеюнбу? Кулагына кум куюлганбы сенин? Арсыз, бетсиз, тузум ургур!

Каяша айтпайм, лам дебейм, коломтону козгоп коюп, быкшып, кароолонуп түтөп, күйбөй аткан суу отунду жата калып үйлөй берем, үйлөгөн сайын жаактарым талып, карышып, өпкөм көөп, кабак-кашым салаңдап калат!

— От жагышты да билбейсиң, келесоо, астына кургагынан салбайсыңбы? «Калай билсең — кар күйөт», отунду үстү-үстүнө адеп бурдап сала бербей, калап жаккын! Анте бербе, быкшып күйбөйт. Ошону да айтып, үйрөтүш керекпи сага? Былжыраган бейит! Өзүң да жарыбайсың, өзгөнү да жарытпайсың!

— Болуптур, энеке-бай, айтканыңызды аткарайын! Көп эле көр жемеге ала бербеңизчи! Азыр, азыр бардык ишти аткарамын, бүтөт азыр!

Бөдөш эне майпаңдап ары басат. Жеңилдене түшөм. А дебей сүт да бышат, кайнайт. Кээде гана байкабай калып, сүттүн көбүгү капкакты көтөрүп ийгенин көрөм. Ордуман шашыла туруп, капкакты шап ала койгончо сүттүн көбү төгүлүп, отту өчүрүп салат. Казанды тап-так көтөрүп, сүттү чакага куямын да, анан аны муздатыш үчүн арыктагы сууга алып барамын. Бөдөш энем дагы келет жаныма каалгый басып. Бөйрөгүнө колун таяп алган, мени ызырына, ачуулана карайт. «Сүттү ичип койбосун» деп чочулайт ал менден. Чын, кай бир учурларда сүттүн муздаган-музда-

баганын билүү үчүн кичине ууртап, ооз тийип көрөйүн дегиче, кайдан-жайдан жетип келгенин билбейм, Бөдөш эне чөмүчтү колуман жулуп алып, аны менен төбө талаштыра «тарс» эттире бир коет.

— Тур биякка, өзүмө бер! — деп чаканы колуман жулуп алат. Шылкыйып, короого карай жөнөп калам. Ал жакта мени таргыл уй күтүп туру. Эми аны талаага алып барып, аркандап, казыгын бекемдеп кагып, жанына музоосун да байлашым керек. Чөбү өскөн жерге байлабасам, Бөдөш энем келип, муну да текшерет, такыр жерге туш келсем эле болду, куйрук талаштыра чыбык менен «чыз» эткизет. Андайлардын далайын көргөм, этим биротоло катып, чоор болуп, тийген таяктын деле таасирин туйбай калгамын.

Тызылдап чуркап кайра калемин үйгө, иш дегениң баштан ашып атат, чачыман да көп. Адегенде бишкек бышам, каймагы алынган сүттү көк мискейге куюп, уютуп коем. Ороз экөөбүзгө берчу каадалуу оокат ошол-ачыган ачуу айран! Кырдуу жыгач кесеге толтура куят да, айкөлдүк кылып, ага бир кашык арпа талканын чалат, колубузга карматат. Ушуну менен кара курсакты кампыйтып алабыз. Анан кечке дейре кезерип жүрө беребиз. Баарыдан да «Узун сары» деп аталчу апрель айынын узун күндөрү аябай эле кыйналчубуз. Күн чак түш болуп чакчайып, бир орундан жылбай туруп алгансып сезилчү бизге. Кеч киргенче чый-пыйыбыз чыгып, нан күкүмү көзүбүздөн учар эле. Күндүн батышын эңсөөчүбүз, шашылчубуз. Башка маалда оокат ичүүгө тыюу салынган, мүмкүн эмес. Анткени үзүмчүлүк мезгилде колдо бар аштыкты үнөмдөбөсө да болбойт. Биз деле муну түшүнүп турубуз. Ошо түшүнгөндүктөн, эртең менен шам-шуң этип чала курсак болуп, анан эриндерибиз кеберсип, оозубуз кургап, башыбыз айланып жатса да, каниет кылып, кудайдын көрсөткөн күнүнө шүгүрчүлүк келтирип жүрө беребиз. Бүт кечки жумушту аткарып коюп, анан гана кечки тамакка отурчубуз, Бөдөш энебиз баягы эле бешенебизге жазылган ачыган

айран менен бир ууч арпа талканын алдыбызга коюп, аны да жөн ичирбей жекирип, жерден ала жерге салып, жети өмүрүбүздү жеткен жерине чейин жемелеп отуруп, маңдайыбыздан алыс кетпей тура берчү. Бүгүн кечке кимибиз канча иш кылганыбызды, кимибиз көпкө кулак салбай койгонубузду, кимибиз табышталган жумушту туура эмес аткарып койгонубузду, кимибиз дагы кандай каталыктарга жол койгонубуздан өйдө терип-тепчип, санап өтчү. Анан сөөмөйү менен чыкыйга түртүп:

— Уктуңарбы? Түшүндүңөрбү? Эртең булар кайталанбайбы? — дечү.

Ороз экөөбүз тең бир ооздон:

— Уктук эне! Эртең булар кайталанбайт! — деп жооп берер элек.

Ошентип, эки жыл жүрдүм Бөдөш энемдикинде «Кагылып, жанымды чаап, курман этип жиберейин жаным энем, асыл энем, алтын энем! Мени неге мынча кыйнадың? Өчүң барбы? Айыбым не? Бир туруп Лайли эжемдикине кетип калгым келет, кайра айныймын, анткени: «Дагы ошондой болуп калбагай эле?» — деп, Шарапат эжемин кылык-жоруктарын эстеп заарканам, жүрөгүм зыркырайт, сөөктөрүм быркырайт, жаш жаным, «Барба! Барбагын!» дегенсип чыркырайт! О-о, алыс жана жакын туугандарым! Тууган эмес айылдаштарым! Араңардагы жетим жөжөдөй жем издеп жүргөн, жетим козудай безилдеп маарап, энесин издеген тилсиз, алсыз макулуктай неменин ал-ахвалын көрүп атасыңарбы? Камал акем кана? Камал акем менен сүйлөшкөн абышкалар кана? Балдар үйү кайда? Өкмөт багат деди эле го? Кана өкмөт? Ал ким? Кайда жүрөт? Эмне иш кылып жүрөт? О, тагдырым, тайкы белең сен?»

Тызылдап чуркап, Тентек-Сайды карай чу койдум. Кумга эт-бетимен жатып алып, жер чапчып, колду кумга ургулап, чапчылап, өңгүрөп, өксүп ыйлай бердим! Бул ый, азыркы ый, буга чейинки ыйга, буга чейинки көз жашыма такыр окшободу! Эч качан азыркыдай жалгызсыраган, ээн-

сиреген эмес элем! Бардыгы жанга батты! Бардыгынан кечип ийгим келди!

— О-о, кудай! — дей бердим кадим эле апам окшоп, жүгөрүнү, кездемелерди жоготкондо ыйлаган апамы туурап. — Неге мени мынчалык кыйнадың? Апа, мени угуп жатасыңбы? Карачы мени, кандай абалга келип калдым? Атам да өлдү, сен да өлдүң! Эжелерим эрге тийип кетишти! Мен калдым жалгыз, апа! Эмне айыбым бар? Эмне күнөөм бар? Ким мага боор ачыйт?

Тентек-Сайдын суусу күрүлдөп, шуулдап, алда кандай шоокум чыгарат. Бирде аркы, бирде берки жээгине карай көбүктөнүп, тентектенип агат. Суу астындагы таштар көчүп, бир-бирине урунуп дүбүрт чыгарат. Алар менин кайгыма, муңдуу көз жаштарыма, дене-карынды эзип ийчү, каңырыкты түтөткөн ыйыма шериктеш болгонсуп, мени менен кошо кайгырышат! Мени сооротот! Ата ордуна ата, эне ордуна эне болгусу келет! О, кагылып, үргүлүп кетейин Тентек-Сайым! Кайгырганда келип жатар жайым! Курткүгө түшүп кетерибизде өлүмдөн сен алып калгансың! Билем аны! Унутпайм аны! Көкүрөгүмдө жатталуу, жүрөгүмдө сакталуу! Сага ар убак сыйынып, башымды ийип, тизе бүгүп, таазим кыламын! Сен ошого арзыйсың! Сен ошого таттыктуусуң! Ардактуусуң! Баалуусуң! Сен атагы ааламга жайылган айтылуу Арстанбап тараптан агып келип, миңдеген адамдарды багасың! Бак-дарактарды өстүрөсүң! Сага ыракмат! Тентек-Сайым, сенден суранарым, мага дагы бир жолу, бир эле жолу жардам берчи? Ырайым этчи? Минтип адашып жүрө бербейин, өз жолумду табайын! Мага энчиленген, мен үчүн жаралган, төрөлөрдөн мурда эле бешенеме жазып, энемин курсагында эле бардык туз-насип, көрөр күн өлчөнүп, дап-дайын болуп калат экен го? Кана эми ошо мага энчиленген таалай, бакыт? Башка бирөөлөр алып кетиштиби? Өз энчимди өзүмө бергин! Баарыбызды тең көргүн! Сага жатмынбы? Башка ааламдан, башка дүйнөдөн келиптирминби? Мен деле сенин пендеңмин, кулуңмун! Анан эмне бөлөктөйсүң,

алакчылайсың? О, кудай, колдо мени! Жалга мени!

Айыл тараптан бирөө чымын-куюн болуп мен тарапты карай чуркап келатат. Ким экен бул? Жакын калганда тааныдым, Ороз экен. Ал мага сооротор сөз, жоошутар кеп таба албай дендиреп турду. Буттун учун тиктеп:

— Малик, жүр кетели! Энем чакырып жатат! — деди.

— Барбайм! — Ороз үн катпады. Эмне демек эле? Анын көргөн күнү деле менден кем эмес. Айырмабыз, ал оорукчал, ыркыйып арык, оор жумушка жарабайт. Майда-чүйдө иштерди аткарып, колунан келгенинче иштеп жүрөт.

Кайра ойлондум. Барбай коюга болбойт, айлам жок. Аргасыздан Ороздун алдына түшүп, жашымды сүртүп-сүртүп коюп, айылды көздөй бастым.

* * *

Кеч күз. Эртели-кеч жер бетине кыроо түшүп калган кез. Бүгүн түнү бою булут каптап, кыш келерин кабарлап турду эле, дагы жакшы эртең менен чайыттай ачылып кетти. Ошо күндүн нуру сыяктуу жаркырап, биздин көңүлүбүз да ачык, жайлары, сүйкүмдүү. Көчөнүн ал жак, бул жагына чуркап, бир-бирибизге кабар беребиз:

— Кино келди! Кино келди! — Делдектеп чуркап, бир жерге дароо эле чогула калабыз. Тез эле күндүн кечкиришин каалайбыз. Анан каш карайып, ире-шире кирер менен эле колхоздун клубуна карай убап-чубап жөнөп калабыз. Терибизге батпай сүйүнөбүз. Клубка жакын калганда тырылдап жүрүп жаткан кино-движоктун үнүн угуп, жүрөгүбүз ого бетер алып учат.

Желип-жүрүп отуруп жетип да келдим. Ар-ар айылдардан чогулган биз өңдүү балдар ызы-чуу түшүшүп, ары-бери чуркашып, бир жагынан кино-движоктун үнү тырылдап, деги күндө эч ким жок ээн, аңгырап турган клубдун жаны, бүгүн минтип жандуу. Мен балдардан бөлүнүп арыраак бастым. Алаңдап ары-бери карайм, кино качан

башталар экен деп самайм. Бир убакта эле маңдай жагымдагы дубалда илинүү турган далдайган чоң плакатты көрүп калдым. Ага кино-движоктун жарыгы даана тийип турат. Жакын барып жазууларын окудум, сүрөтүн көрдүм:

«Родина — мать зовет!» — деп жазылыптыр анда. Сүрөтүнө кызыгып карап калдым. Колун алга сунуп, кайдадыр алыс жакты каардуу карап турган ак чач аялдын, артырак жагында найзаларын, мылтыктарын кармап, каз-катар тизилген жоокерлердин сүрөтү мага кызыктуудай көрүндү. Аны алгым келди. Эки жагымда карасам, мага көңүл бурган эч ким деле жок. Плакатты дубалдан шарт сыйрып алдым да, ороп койнума каттым. Кийинчерек бул плакаттын акичүкүсүн териштире билсем, согуш учурунда элди туулган жерди коргоого үндөгөн, «Ата Мекен чакырат!»— деген бүт совет элине белгилүү болгон атактуу плакат экен!

Биз кинону көрүп бүтүп, айылга келген чакта эл уйкуда экен. Биздин иттер гана үрүп тосуп алды. Үйдөгүлөрдү ойготуп албас үчүн чоң дарбазанын дембесин чыбык менен этияттап ачтым да, буттун учу менен басып, сырттагы мага гана энчиленген бир түп өрүктүн түбүндөгү сөөрүнүн үстүнө чыгып жатып алдым. Бирок күндөгүчүлөп жатар замат уйкум келбеди. Анткени кино согуш жөнүндө экен. Андагы болгон окуялар биринин артынан экинчиси чубуруп көз алдыман өтүп жатты. Акем Момунду ойлодум. «Атам да ушинтип согушкан экен да?»— деп, атамды ойлодум. Анан койнумдагы плакатты кармалап коюп, уктап кеттим.

Таң да атты. Ордуман тура калып, Бөдөш энемен кеп-сөз угуп калбайын деп, чылпактаган көздөрүмдү ушалап, короо шыпырууга дароо кириштим. Ороз далисте жатчу, аны ойготтум. Ал киного биз менен барган жок эле, айтсам болбой койгон. Ал башынан эле оюнга кызыкчу эмес. Оорукчан болгондуктан, ыраң-бешенеси бозоруп, арыктап, көңүлсүз жүрчү. Мен азыр ага түндөгү көргөн-билгенимди, кинодогу окуяларды төкпөй-

чачпай айтып, плакатты көрсөткөнчө шаштым. Короону шыпырып бүткөн сон, мен жатчу сөөрүгө келдик да, плакатты жайып алып сүрөтүн көрө баштадык. Ушинтип, кызуу сөзгө берилип, эки жагыбызды да карабай, кең-кесири отура бердик.

Бөдөш эненин үйдөн чыга калганын байкабай калыптырбыз. Биз андан айбыгып, тагыраак айтканда, андан аябай коркуп, плакатты кайда бекитерибизди билбей шашып калдык. Антипминткенче жаныбызга жетип келди. Каадасынча бөйрөгүн таянып, бизге ызырына карады:

— Ий, эмне кылып отурасыңар саарлап? Эмне алдагы? Кана, көрсөткүлөчү мага? Берчи бияк-ка? Түндө мага бир ооз айтып да койбостон кетип калыпсың! Эмне, өзүң билип, өтүгүңдү төргө илип» калгансыңбы? Шүмшүк! Келе бери, эмне алдагы? Мен кимге айтып жатам, ыя? Куттуу үйүмө көчөдөгү кайдагы бир жаман нерселерди көтөрүп келе бербегиле!

Үн катпадык, жерди тиктеп тура бердик. Бөдөш эне плакаттын четинен бир тартты эле, кагаз айрылып кетти. Мен ого бетер эки бүктөлө бүгүлүп, плакатты төшүмө кысып, жерди боортоктоп жатып алдым. Бөдөш эне боюн ылдый ийип, жанагыдан катуураак жулкулдатты мени:

— Кантет, тур нары! Бул кандай сүрөт? Кимдин сүрөтү? Кайдан алдыңар? Ким берди силерге? —Суроонун үстүнө суроону жамгырдай жаадыра берди. Бирөөнө да жооп бербедик. Кантип кутулуп кетүүнүн жолун издедик. Ороз мага бир нерсе деп, кулагыма шыбырады эле, аны мен жакшы уга албай койдум. Менимче: «Качалы, тур ордуңан!»— деди окшойт, анысын анык биле албадым. Биздин бул күбүр-шыбырыбызды угуп, ага шекшине калган Бөдөш энем ого бетер албууттана баштады:

— Эмне деп сүйлөшүп жатасыңар? Бир мандемди баштап отурбагыла? Айтып коеюн алдын ала, тим элеби, менден бирди көрөсүңөр! Өлө элегиңерде бергиле алдагыны? Эмесе, зордуктап туруп тартып аламын! Ызатыңардын барында бергиле деп атамын! Уктуңарбы? Азыр экөөңөрдү

кошоктоп туруп, тиги өрүктүн бутагына байлап сабаймын!

Бөдөш эне эми бизге сөзү өтпөстүгүн сезди, ага көзү жетти, ошондуктан күчкө салууга аракет кыла баштады. Менин колумду кайрып, плакатка умтула бергенде, бармагын «кырт» эткизе тиштеп алдым. Тиги «чырр» эте түштү. Колун кайра тартып алды. Мени жаактан ары коюп жиберди. Тоголонуп кеттим. Ошондо да плакатты астыма алып жыгылдым. Эми чындап жаңжал, ызы-чуу, кый-сыпыр, чаң-тополоң башталды! Бир-бирибизди аео сезими арабыздан алыстан кетти. Көптөн бери каршылашып жүргөн, ичтен тымызын аңдып, аны ишке ашыра албай жүргөн кадимки эле душмандарча карадык бирбирибизди. Мурдагы жапакечтик, энем экен деп жан тартуу, ызаат кылуу, кадыр-баркын сыйлоо деген ой болдобу азыр. Мен кичүүмүн деп тартынбадым, тиги улуумун деп аяп койбоду. Айырмачылык, түшүнбөстүк, шашкалактык, терең ойлобостук мына ушундан келип чыкты! Ачуу деген жашта да, карыда да бар. Жаш балдар деле чоң адамдар сыяктуу өз укугун, менчик буюмун, ар-намысын талашат! Бирок алар али жаш, алсыз, күчкө толо элек, жетиле элек. Алардын парасат-наамы, аңдоо-сезүү дараметі күчтүү! Бир көргөнүн, укканын эске тута билет, аны өмүр бою унутпайт, көкүрөгүндө сактап, эстеп, керек болгон жерде айтып жүрөт. Ошондуктан баланын алдында ар убак этияттап иш тутуу зарыл!

Чыдамы кетти окшойт, өзүн: «Үй ээсимин, улуумун, энесимин» — деп ойлоду го чагымда? Мына ушул ишенич ага дем-күч берген өңдүү. Ошо деми, күчү менен мени көчүктөн ары келиштире туруп бир тепти эле, камгактай учуп, сооруунун асты жагындагы аңгекке оңкомон түштүм! Ошондо гана плакат колуман чыгып кетип, жерге жайылып жатып калды. Бөдөш эне аны тебелеп-тебелеп, быт-чытын чыгарып салды! Мына ушулардын баарын жанатан бери карап турган Ороз бетин басып ыйлап жиберди:

— Эне-е, кагылайын эне! Коюңузчу эми, уруш-

пагылачы! Маликти өлтүрүп коеюсуз! — деп, бизди ажыратып коюга аракет жасады. Бирок анын бул далалаты текке кетти:

— Кара бул желмогузду, сен дагы ошо тарапсыңбы, ыя? Болушуп коет дагы, мага жардам берүүнүн ордуна! Экөөң тең бир итсиңер! — деп эми Орозго тап бере баштады. Тиги качып жөнөдү. Нарыраак барып бизди карап тура берди. А биз болсо, энем экөөбүз бир-бирибизге эрегишүүнү күчөтө бердик, бир-бирибизден кем калышпадык. Өжөрлөнүп, өчөшүп, «сенден мен кем эмесмин» дегенсип, «сага алым жетпесе эле мен адам эмесмин» деген кур намысты жамынып, бетке тутуп, жүткүнө бердик, умтула бердик тартынбай, уялбай, бетибиз чымырап да койбой! Бөдөш эне:

«Мен булардын энесимин, улуу кишимин, буларды багып, ичирип-жедирип жатамын, демек эмне кылсам, эмне деп айтсам өзүм билем, өз эрким, меники эп, меники туура!» — деп өзүн өйдө көтөрүп, бизди паска чабат, басынтат, колко кылат! Ал эми мен болсо, көкүрөктөгү ызалыкты, бугуп жаткан кордукту чыгарып алууга убакыт жетти окшойт деп, кыжырданам, тиштенем, жинденем! Мына ушундай ойго чындап берилип:

«Эми биротоло аягына чыгайын! Бир жаңсыл кылып тынайын!» — деп бет-алды соккон бороондон, мизи жалтыраган кылычтан тайсалдап, коркуп да койбодум. Алоолонгон отко, күркүрөп-шаркырап аккан албуут суулга көкүрөгүмдү керип, ага мен жалтанбай барам! Тирешүү, беттешүү күчөгөн сайын болот курчуйт, болот жалт-жулт этип өңүнө чыгат, күчүнө кирет! Мына, жакшылык менен жамандык бетме-бет келип туру! Кимиси жыгат, кимиси жыгылат? Оош-кыйыш дүнүйө, оюн кылып ойнойсуң го адамды! Тамаша табылдыбы сага? Таңыркап, табала, моокумуң кансың, көзүнөн жаш чыкканча бооруңду тырмап, жатып да, туруп да күлө бер! Ий, ошент! Мен сенин алаканыңдагы куурчакмын, оюнчукмун! Каалашыңча калчап, өлчөп, ар жерге таштап кете бер! Мээримиң келсе, бооруң ачыса, дүр-

дүйнөгө каркытып байытып сал! Сенин колуңан баары келет! Бирок мен сенден ырайымдуулукту күтпөймүн, жеңил оокатты издебеймин! Күрөшүп жүрүп, алышып жүрүп, арбашып жүрүп өтөмүн! Сен алдамчы элессиң, бирде түбү түшкөн чайнек, бирде жаркыраган айнексиң! Алдамчысың!

Азыркы жоруктарым туурабы, кыңырбы? Аны териштирип отура турган убакыт деле жок. Мендеги ой, максат бирөө гана, Бөдөш энеден өч алуу же багынып, кечирим сурап, аягына жыгылып көз жашты төгүү! Башка жол жок! Бул калың, бийик коргонду бузуп-жарып, же үстүнөн секирип ашып өтүшүм керек, бутума байлаган тушоону үзүшүм керек!

Бул убакта тоо тараптан кылайып чыгып келаткан күндүн нуру жер бетине жарык чачты. Ал мени аягандай, боору ооругандай сезилди. Кучагына камтып, эркелеткенсип турду. Жанымдагы жалгыз түп өрүк да шагын ылдый ийип, мөмөсүн тартуулап жаткансыды. Ал түгүл мен жаткан сөөрүгө да жан кирип, тактайлары кычырап, төрт буту менен басып, Бөдөш энеден мени калкалап кала тургансыды! Айлана-чөйрөдөгү жаратылыш, жан-жаныбарлардын баары мени тиктеп, мага ырайымы келип жаткансыйт!

Мен адамдын бою менен тең чуңкур аңгектен жөрмөлөп чыктым. Таман астында тытылып, жыртылып жаткан плакаттын майда-майдаларын топтоп, аларды бир-бирден улаштырып, жашымды төгүп, тилимди да тыйбай, быдылдап айтыша бердим:

— Эмне кылып койдуңуз, эне? Муну караңызчы эми? Ушундай да болобу? Энем экен деп сыйлап койсо, адебинен ашып кетет!

— Эмне-е? Эмне дедиң? Дагы кайталап айтчы ошо сөзүңдү? Куруп ке-ет, сенде иш көп го, ыя? Айткан сөзүн кара мунун, чоң адамдарча!

— Анан сиздики жакшыбы?

— Жакшыбы, жаманбы, аны өзүм билем! Сен көп былжырабагын, тең ата болбогун! Тилиң мынча уу менен заар? Бала болбой өл-а!

— Малик, кой эми! — деди Ороз колуман ары тартып.

— Тек кой, эмне кылар экен? — Бөдөш энем экөөбүз бой тирешип калдык. Бул бой тирешүүгө эми эч ким арачы боло албайт эле.

«Бүттү, баары бүттү! Болор иш болду, боесу канды. Эми мындан аркысы эмне болсо, ошо болсун! Баары бир мен жек көрүндүм! Мындан ары бул жерде жашай албаймын. Ошондой болгондон кийин, биротоло ишти бир жаңсыл кылып кетишим керек!» — деп көктүгүмө салдым.

Эңкейип, жерден таш издедим. Бөдөш эне саал сестене түшүп, артка кетенчиктеди:

— Кана, уруп эле көрчү ошону менен? Ур, кыйын болсоң уруп көргүн! Колуңду сындырып салам! Өлө элегинди ташта ары! Бу эмне, сен чын эле мени урганы жатасыңбы?

Кулагым эч нерсени укпады да, туйбады.

— Капырай, кантет бу бала? Ташта дейм, алдагы ташты! А-аа!

Ташты атып урдум! Эгер тиги ушул учурда эңкейе калбаганда, таш дал чыкыйга тиймек! Бөдөш эне мына ошондо гана бул оюн эмес экенин, коргонбосо болбой турганын түшүндү, дароо мага жооп иретинде тап койду. Анын колуна түшсөм эле тытып салмак. Дагы таш аттым:

— Мына сага!

— Уу, өлүгүңдү көрөйүн салбыраган ит! Мени ура турган сенсиңби? Атам урбаган, эрим урбаган, эми келип сен урасыңбы, ыя? Ороз, карма муну! Жинди болуп калды, кутуруп кетти, акылынан адашты! Ана, көздөрү канталап баратат! Муну жин-перилер уруп кетти! Телбе болуп калды! Ороз, коңшуларды чакыр! Буту-колун байлап салалы! Бир балакет кылбагай эле?

— Мына сага жинди! Өзүң жинди! — деп, удаа-удаа таш ыргыттым. Ошо ыргыткан таштардын бирөө Бөдөш эненин кызыл шыйрагына тийдиби же кытмырлык кылып жатабы, айтор эңкейип бутун кармалап: «Пай-пайлап!» үнүнүн барынча чаңырып, короону жаңыртты. Мына ошондо мен ого бетер жүрөксүнүп, албууттанып, колума

эмне тийсе кайтарбай, Бөдөш энени тегеректей, чаңгалактай айланып, көз ачырбай тозутуп жүрө бердим! Бөдөш эне эми алды-артын карабай качып калды! Артынан тызылдатып кууп баратамын! Ал киши эткээл, узун бойлуу, балпаңдап баскан аял эле. Көп басса өпкөсү көөп, оор, семиз тулку боюн далил алып жүрө албай, бышылдап-күшүлдөп, көл-шал болуп тердеп кетчү. Мына эми ага ого бетер кыйын болду! Маңдай терин улам жең учу менен сүртүп коюп, болоктоп-шалактап, артын кылчак-кылчак карап коюп, күбүрөнүп, мени тилдеп, каргап-шилеп баратат! Кез-кез муштумун түйүп, мага кезеп коет:

— Өлүгүңдү гана көрөйүн! Сениби, сени! Карап эле тур! Колума бир тийерсиң! Адебиңди аштай бербесем элеби! Бооруңду жеп калгыр! Көзүң аксын, ылайым! Тузумду тебелеген акмак! Жегениң желим, ичкени ирим болсун!

Узун этегин бир колу менен кармап, өйдө түрүп, көчө чаңын туш келди кечип, арыраак узагандан кийин, бутундагы галошун да чечип ийди. Аны экинчи колуна илип алып, саксаңдап кетип баратат:

— А-ий! Оо, эл-журт, барсыңбарбы? Өлтүрдүүү мени! Жеди-ии мени! Жардам бергиле-е, жардам! Жан соога!

Үнү каргылданып, же анысы жакшыраак, бийигиреек чыксачы! Аны уккан эч ким жок, айыл ичи тынч. Ороз гана артыбыздан караан кууп келатат. Бөдөш энем эми башынан жылбышып калган ак жоолугун жерден көтөрүп алууга да чамасы келбей калды. Чачтарын саксайткан бойдон баратат. Мен болсо, кан жалаган эрдимди улам-улам жаланып, түкүрүнүп коюп, дарылдап ыйлап да, оозума келгенин кайтарбай сөгүнүп да, ачуума тийген аялдын артынан калбайм.

Бөдөш энем мен жакты бир жалт карап алды. Анан эле көздөн кайым болду. Көрсө, бизден бир көчө арыракта жашаган Жамила аттуу өзү теңдүү аялдын үйүнө кире качкан экен. Артынан кирип барууга батынбадым. Ыргыткан ташым дарбазага тийип, ичкериден ит үрүп, ажылдап-тажыл-

дап ташты баса жыгылды. Эми эмне кылуу керек? Комедия десек да, драма десек да, экөөнө тең ылайык келе турган кызыктуу көрүнүшүбүз аяктады, бүттү. Турмуштун өзү кызыктуу комедияга, окуяларга жык болгон өзүнчө эле бир сахна тура? Биз ошо сахнада ойнойт экенбиз, ар нерсени ойлойт экенбиз, ойлогонду койбойт экенбиз, көрүүчүлөргө кызыктыруу үчүн жылаандай сойлойт экенбиз, күлкүлүү болсун деп, түлкүдөй сойлойт экенбиз! А бизге тамаша кылып жаткандардын деле өздөрүнө ылайык, өздөрүнө жараша жеке комедиясы, драмасы бар! Сурай келсек, ар биринек табылат андай аңгемелер, романдар, эпикалык чыгармалар! Дүйнөдө соо өткөн, турмуштун түйшүгүнө урунуп-беринбеген ынсан жок! Ошонун бири — Мен!

Дагы эле баягы көз жарып, жарыктыкка жаралып жашаган мезгилден бери көрүп-билип, өз ата-энедей, тууганымдай, жакын адамымдай, боордошумдай көргөн теңирим жалгагыр Тентек-Сайды көздөй чуркадым. Дайыма дендиректепсендиректеп калган учурда ошол жакка барам, барам да, таштарды дүбүрөтүп кулатып, шоокум салган ыйык, таберик сууга арман муңумду айтам! Экөөбүз сырдашабыз, менин эң жакыным, ынагым ошол!

Чымчыктар уя салчу жар башына отурдум. Тулга тарапты карадым. Тулга менен Тентек-Сай мени колдойт! Алардын бири апам, экинчиси атам! Алардан кем көрбөйм! Атыңардан айланайын, карааныңардан кагылайын! Бирөө суу берип бакса, бирөө нан берип бакты! Бирөө бешигимди терметсе, экинчиси бешик ырын ырдап, шоокум салып, шар аккан суунун агымы кулагыма сыйкырдуу коңгуроодой кагылып турду! Экөөлөп бапестеп бакты!

Жолдор, жолдор! Жолдор түгөнбөйт тура? Адамдын күнү бүткөндө, жолдор дагы түгөнөт! Ага дейре аягы каякта, башталышы каякта билбейсиң! Билбеген соң, жол жүрө бересиң!

Мына ошентип, дагы жолго чыктым! Туура жолдо баратамбы же кайрадан каңгып каламбы?

## II

Ош шаары. Ары-бери кым-куут өтүп жатышкан эл. Мен аларды аңырайып карап жүрүп отуруп, базарга кирип барганымды да байкабай калыптырмын. Аны аралап максатсыз эле басып жүрө бердим. Коон-дарбыздар тизилип, үйүлүп турат. Жанына барып жалдырап карап тура берем. Мен билбеген ар түрдүү сортторун көрүп, атам экөөбүз Такыр-Талаасына коон эккен жылдар эске түшөт. Базарды аралап дагы арылап баса берем. Жүзүм, анар, өрүк, алма өңдүү жемиштердин баары жайнап, жайылып жатат. Аны алып жешке акчам жок. Курсагым ач. Кече Тулгада наар таткан бойдон оозума эч нерсе ала элекмин.

Коон бочокторду төкчү жерге барып, чымындарга, аарыларга таланып тура берипмин, эмне үчүн аткенимди өзүм да билбейм, ойго батып, баш айланып калса керек. Балким курсактын ачтыгынан көздөр тунарып өзүмдү бир аз жоготуп койгондурмун. Кантсе да ошерден жылбай бир топко дейре турдум. Бир убакта эле:

— Эй, бала, сен эмне кылып жүрөсүң биерде? Бас биякка! — деген үндөн улам, артымды жалт карасам, милициянын кызматкери турат.

— Жөн эле... — дегенге жарадым. Колуман жетелеп дикилдетип алып жөнөдү. Кайда алып барарын, эмне үчүн минтерин билбейм. Көрсө, көчөдө кароосуз жүргөн дейди балдарды кармап, адегенде шаардык милиция бөлүмүнө, анан андан ары балдар үйүнө жеткирип коюшат тура. Мени ал жерге бир күн да түнөтпөдү, ошол эле замат кайда барарым белгилүү болду. Ал жакка жеткирип коюу жагын Сагипа Лукмановна Акимова деген орто жаштардагы сулууча келген аялга тапшырышты. Биз экөөбүз ээрчишип алып, шаардын көчөлөрүндө баратабыз. Ош шаарын тең жарып өткөн Ак-Буура дайрасынан көпүрө аркылуу өтүп, четирээк жакка жайгашкан чакан автобустар токтоочу жайга жеткенибизде, Сагипа Лукмановна мага минтип айтып калды:

— Сен ушерде туруп тургун, мен азыр келемин! Кетип калбагын!

— Мен кетип калып, кайда бармак элем? Тез келиңиз, эже! Күтөм!

Убакыт өтүп жатты, көпкө күттүм, келбеди. Күн батып баратты. Эки жагыма элеңдеп, өткөн-кеткендерге жалдырап карап тура бердим.

«Алдаптыр! Мени таштап кете бериптир» — деген ой кылт этти. Корко баштадым. Чын эле келбей калса, анда эмне кылам, кайда барам?

— Эже-е, о, эже! — деп чакыра баштадым. Эл мени таңыркап карашат. Кээси атайын эле токтор, жүзүмө тигиле карап таң калгансыйт. Кай бирлери саал чочугандай, сестенгендей, ачыгыраагы, жек көргөндөй көз кырын салышат. Бир даары баштарын чайкап, боор ооругандай болуп көрүнсө, кай бирлери жийиркенгендей, жаман көргөндөй, шылдыңдагандай мамиле жасашат. Бул адамдардын ичинде мага жардам бергилери келип, бирок кандай бала экенимди ачык билбегендиктен, кыйыр карап бараткандары да бар эле. Кылчак-кылчак этишип, бир нерсе айткылары, сүйлөшкүлөрү келишет. Бирок мен чөнтөк кесерминби, уурумунбу же бейбаш баламынбы, ал жагын эч ким билбегенден кийин, ушинтип кайдигер карап коюп кете бериши ыктымал. Кана эми, азыр ушул адамдардын арасынан кимдир бирөө:

«Жүр биздикине, бала болосуң мага!» — десе, кылчактабай кете бермекмин.

— Эже-е, о, эже! — дей бердим ыйлактап.

— Бул бала сообу? — деди арадан бирөө.

— Ким билет? Эй, бала, бери карачы, сен өзүң кимсиң? Кайдан келдиң?

— Жооп бербейсиңби: бул жерде кимди күтүп турасың?

— Эжең ким? Ал кайда кеткен? — Мындай суроолор жаап кетти. Жаап кеткени менен, астейдил көңүл коюп сураган адамды көрө албадым. Бир маалда жакшынакай кийинген, жаш, өңү сулуу, тез-тез сүйлөп, тыпылдап баскан келин колуман кармап четирээкке жетеледи. Мен

аны адегенде Сагипа Лукмановна экен го деп сүйүнүп кеттим эле, жок, ал эмес экен. Мындай татынакай аялды буга чейин эч жерден көргөн эмес элем. Анын алдында мен кысынып, кийимдеримен уялып, жаман абалда калдым. Ал асманда учуп жүргөн аккуудай сезилди. Мен анын алдында тим эле бүжүрөйүп жүргөн эң пас адамдай сездим. Ак жуумал, кырдач мурун, чап жаак, кашы, көзү кара, эриндери алчадай мөлтүрөп турган келин экен. Ушерде жарданып турушкан адамдардан алда канча айырмаланып турат. Сүйлөгөн сөздөрү да салмактуу, жагымдуу келип, дароо эле мени өзүнө тартып алды.

«Кана эми мен дагы ушундай адам болсом?» — деген ой бийлеп, бирок ал кыялым ишке ашарына такыр көзүм жетпей, ошо жетпегендиги үчүн ызаланып, ичим ачышып, бук болуп, кандайдыр бир жаман абалга келе түштүм! Экөөбүздүн ортобузда канчалык алыс аралык жатат! Ал аралыктан өтүү, ага жетүү, ал адамдай болуу кайдан мага, эгер ушинтип жүрүп, ийнимди кысып, көрүнгөндөн кысынып жүрүп өмүрүм өтүп кетсе, анда эле арманым аттын башындай чоң!

Мына ушул келин мага абдан муңайым, сылык-сыпаа, жылуу-жумшак мамиле жасады. Чөгөлөй калып, кийимдеримдин чаңын кагып, көз жашымды сүртүп, жылмая күлүп да койду! Ушул учурда келиндин бир жак бетиндеги татынакай уюлу көзүмө чалдыга калды. Бул бейтааныш, бирок боорукер келин менден дагы көп нерселерди сурады. Билгендериме «ооба», билбегендериме «жок» деп жооп берип жаттым. Ал менин чачымдын, тырмактарымдын өсүп кеткенин, жылаңайлак жүргөнүмдү айтып ачына сүйлөдү, маңдайыман сылап, жакшынакай жылмаюсу, мээримдүү көз караштары менен минтти:

— Ыйлаба! Чоң жигит да ыйлайт бекен? Азыр сага акча берем. Ашкана жабыла элегинде баргын да, курсагыңды тойгузуп алгын. Макулбу? Жатар жайың да жок болуу керек? Анын да айласын табабыз. Эртең менен туура эле шаардык милиция бөлүмүнө баргын. Абалыңды түшүн-

дүрүп айт. Алар сени балдар үйүнө орноштуруп коюшат. Сендейлер шаарда көп. Бирок алардын кээ бирөөлөрү тилибизди албай, качып-бозуп жүрүшөт. Бекер кылышат. Сен антпегин, түшүндүңбү?

— Түшүндүм эже, түшүндүм!

Бирок мен кете албадым. Кылчактап тура бердим. Эжени күтүү керек. Кетип калсам жакшы болбос. Балким анын бул аракеттери да менин тагдырыма байланыштуудур? Дайынын айтпайдебей кете койбос? Күтө турайын, келип калар? Такыр эле болбосо, анан гана мына бул бейтааныш аялдын айткандарын аткарайын.

Өмүрүмдө биринчи жолу колума акча кармашым ушу. Он сомбу, беш сомбу, анысын ажырата албадым, бирок көгүш түстөгү калдайган жука кагазды таң калып карап тура бердим!

Эл бара-бара көбөйө берди, топтолуп калышты. Алардын арасында ар түрдүү кеп-сөз да арбыды:

— А балким чөнтөк кесер баладыр?

— Мүмкүн? Бул өзү жалгыз болбоо керек? Жолдоштору да бардыр? Көпүрөнүн астында аңдып турушкандыр?

— Туура айтасыз. Булар абдан амалкөй келишет. Калп эле мунусу бышактап ыйлаган болуп, айланасына элди чогултуп, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурат. Ал эми калгандары биздин арабызга кирип алышып, чөнтөгүбүздү чукулап, колун салып жүргөндүр?

— А-ий, туура, туура! Ырас эле ошондой болушу да мүмкүн? Кокуй, сактаналы, этият бололу, качалы биерден! Жүргүлө, кеттик! Айганыш, кайдасың? Бас, биякка! Бакиржан, каердесиң, уулум! Жүр, кеттик! Биздин тийишчилигибиз болбогон соң, эмне кылабыз биерде оролошуп?

— Эй, адамдар! Токтогула! — деди чүрөктөй болгон сулуу келин. — Кайда шашасыңар? Бул баланын тагдырын бир жактуу кылышыбыз керек? Көчөгө таштап кете беребизби? Бул жоругубуз адамкерчиликке жатпайт! Токтогула, сүйлөшөлү, кеңешели, бир бүтүмгө келели!

— Билгениңди айт, өзүңдүн ой-пикириң кандай? — деди бир аксакал кищи алдыга чыга калып — мага бер анда, мен багып алайын? Ишенесиңерби мага? Мени шаардыктардын баары тааныйт. Тиги тал көчөдөгү Ташмат зергер деген боломун. Менде мындай жетимдерден бешөө бар. Дагы бирөөнү кошуп алайын. Атайын ага арнап казан асмак белем, беркилер эмне ичсе, ошону ичет, эмнени кийсе, ошону кийет. Жүрө берет, аман болсо чоңоюп алат. Андан аркысын өздөрү билсин.

— Ап-бал-ли, ыракмат сизге, уста аке! Өлбөңүз, көп жашаңыз!

Жанымдагы жаркылдар жайнаган жүзү жылдыздай жарык келин топко карай минтип кайрылды:

— Жолдоштор! Бул баланы мен да азыр көрүп турамын. Жумушка шашып бараттым эле. Өзү жетим экен, айылдан бүгүн келиптир. Базардан кармап, шаардык милиция бөлүмүнө алып барыптыр. Аерден Өзгөндөгү балдар үйүнө жөнөтүптүр. Бирок ал жакка алып бараткан адам, мына азыр өзүңөр көрүп турасыңар, бул жерде жок. Баланы таштап, бир жактарга кетип калыптыр. Бул бала азыр мына ошо адамды күтүп турган чагы экен. Эми эмне кылабыз? Айткыла оюңарды?

— Э-э, ошондойбу? — деп ызылдап жибериштти эл. Мына эми баары түшүнүктүү болду бизге. Кандай адам экен ал кетип калган? Кызык адам го? Ушундай да иш кылабы? Туура эмес бул!

— Күтөбүз, күтүп турабыз ал келгенче! Көрөлүчү, кандай неме экен?

— Кызык сүйлөйсүң да Калбай, адам кандай болор эле? Сага, мага окшогон эле бир адамдар да? Же мүйүзү бар дейсиңби?

Тургандардын баары күлүп калышты. Дал ушул учурда ары жактан шашып-бушуп, энтигип, өң-алдан кетип, жоолугун колуна кармаган калыбында Сагина Лукмановна жетип келди. Ал топту жарып:

— Мындай тургулачы! Жол бергилечи? Кое бергилечи мени! Булар эмне эле топтолушуп ка-

лышкан бул жерге? Тынчылыкпы өзү? — деп алдыга жулкунду. Эл тең жарылып, ага жол бошотуп беришти. Эже мага жете келип, чөгөлөй калды да, мени бооруна бекем кысып туруп, муну айтты:

— Ох, жаным калсачы! Сага бир кырсык болгон экен деп, коркуп кеткенимчи? Уф, жүрөгүм алкымыма тыгыла түшүп! Пай-пай, ушундай да болобу? А жакшы, аман экенсиң! Кудайга шүгүр! Ак-Бууранын суусуна түшүп кеттиби, машина тебелеп кеттиби деп, ар кыл ойго түштүм эле! Мен кургур, жол кире жок, акча издеп, бир таанышыма бардым эле! Кечир, кечирип кой!

— Кечиримди баладан эмес, мына бул жарданаып, сизди күтүп турушкан элден сураңыз! — деди Ташмат зергер. — Сиз эмне бул баланы көчөгө кароосуз таштап кетип каласыз? Өзгөндөгү балдар үйүнө жеткирип коюу милдети сизге тапшырылган экен го?

— Ооба, тапшырылган! Эмне экен тапшырылса? Ишиңер барбы менде? Сиз өзүңүз кимсиз, мени суракка алгыдай? — деп Сагипа Лукмановна да бош келбеди. — Топтолуп алышканын кара бул жерге, бекер тамаша табылып калыптыр да! Ооба, мен анын жоопкерчилигин алгамын! А силерге эмне жок? Саал бир нерсе боло калса эле, дуу-дуу сөздү көбөйтүп жиберүүгө дегеле устасыңар! Башка кылар жумушуңар жокпу?

— Кайра бизге док кыласыз да? — деп эми сулууча келин сөзгө аралашты. — Дуу-дуу сөздү ошо сиз чыгарып жатасыз! Шаарды көрө элек бала адашып, же бир кырсыкка учураса, буга ким жооп берет? Өзүңүздүн балаңыз болгондо андай кылбайт элеңиз!

— Ак сөздү айттың кызым! — деп коштоп кетти беркилер. — Өзүнүн баласы болгондо балээни ушинтип таштап кетеби?

— Сиз, аксакал, андай дебеңиз! — деп эми Сагипа Лукмановна, Ташмат зергерге асыла кетти. — Билип туруп анан сүйлөңүз. Менин жети балам бар. Алардын баары жаш, ушул бала ку-

рактууларынан экөө. Менин сөзүмдү да угуп, түшүнүп, анан ачууланыңыз!

— Ырас, кызым, айып менде да бар!,— деп анан сулууча келинге кайрылып калды. — Аны мойнума алам! Өзгөнгө барар акчабыз жоктугунан, аны бирөөдөн карыз алып келе коеюн деп, мындай жылдым эле!

— Жөнөткөн жериңиз командировочный бербедиби?

— Кассада акча жок экен, келгенде аласыз деп коюшту.

— Милиция кызматкерлеринин өздөрү алып барышпайбы. Же сиз да милиция кызматкерисизби?

— Жо-ок, мен кайдан! Мен жөн эле короо шыпыргыч болуп иштейм. Бөлүмдө ашыкча адам жок болгондуктан, мени жөнөтүштү.

Анан Сагипа Лукмановна көпчүлүк элгеминтип кайрылды:

— Адамдар, мага ишенгиле! Алып барам, сөзсүз алып барам! Андан кабатыр болбогула! Өз колум менен тапшырып, тапшырганым жөнүндөгү күбөлүк кагазын да алып келем! Ишене бергиле мага, тууганлар!

— Жол киреден кыйналып жатсаңыз жардам берели! — деп жанагы сулууча келин колундагы кичинекей кара сумкасын ачты. — Мына, мына бул акчаны алыңыз! Баланы дайындаган жерге алып барып тапшырып келиңиз! Мени тааныбай жатсаңыз керек? Мен ушул эле шаарыбыздагы Киров атындагы өзбек драма-театрында иштеймин, артисткамын!

— А-аа, ооба, ооба, эми тааныдым! Жанатан бери каерден көрдүм экен деп ойлоп жаттым эле! — деп чебелектеди Сагипа Лукмановна. — Кечириңиз, кечирип коюңуз! Ушундай кысталыш учурда жолугушканыбызды караңыз! Кызык болду!

— Эч нерсе эмес, кечиримдүү, эже! Баргыла эми, кеч болуп калды, бүгүн жете алар бекенсибер?

— Кое тургула! — деди шашып кеткен Таш-

мат зергер. — Кое тургула! Мен дагы акча берейин! Жол киреге кошумча болсун!

Ал менин баш кийимимди ала коюп, ага акча салды, колума кайра карматты. Муну көрүп, беркилер да бир-бирден алдыга чыгышып, мага акча бере баштаашты. Тез эле телпегиме акча толуп кетти!

— Мына, болду эми! Барар жериңерге кыйналбай жетип аласыңар! Өмүрлүү бол, балам! Кийин, чоң жигит болгонуңда бизди эстеп жүр!

Биз ал күнү Өзгөнгө жете албадык. Күн батып бараткан эле. Ошондуктан Ошто калууга туура келди. Сагипа Лукмановнанын үйүндө түнөп, эртеси жөнөмөк болдук. Ак-Буура дайрасын жээктеп отуруп, шаардын четирээк жагына чыктык. Караңгы көчөлөр менен жүрүп отурдук. Жеттик. Мени менен жети адам болуп, кечки тамак убагында далисде мандаш токуна отурдук. Жарым бөлкө нанды майдалап, аз-аздан бөлүп жедик. Жумурубузга жук да болбоду. Жатар курсакка деп, ага да чыдадык.

Биз көпкө чейин сүйлөшүп отурдук. Балдарынын эң улуусу Гүлчехра деген кызы экен. Сагипа эжемин сөзүнүн мааниси улам эле мен жөнүндө, менин келечегим, турмушум тууралуу болуп жатты. Гүлчехраны карап туруп: «Жашы Лайли эжем курактуу бар экен?» — деп божомолдодум. Анан кайра Сагипа Лукмановнанын сөзүнө кулак сала баштадым. Ал эмне үчүн эле мага мынчалык көңүлүн астейдил бөлүп, эбекейи эзилип, тынчсызданып, мени мактап, алкап-жалкап, өмүрүмдүн узак болушун тилеп жаткандыгынын да өзүнчө себеби бар экен көрсө. Анжиян шаарында жашаган бир тууган эжесине мени бала кылып берсемби деген купуя сырын мага ачык айта албай тайсалдап, айтсам эмне дээр экен деп, батына албай жатыптыр. Анын баяндоосуна караганда, эжеси азели баласы жок, такыр төрөбөгөн, коколой жалгыз баш аял экен. Сөзүнүн аягында:

— Уулум, сага балдар үйүбү, башка бирөөнүн үйүбү, баары бир эмеспи. Азыр кайда барсаң да

ачарчылык, жокчулук. Сен өңдүү кароосуз калган балдар, кыздар көчөдө толуп жатат. Балдар үйүнө батпай да кетти. Ошондуктан сен, «окуймун, мектепке барамын» деген сөздөрүңү кое тур, шартка жараша иш тут. Мектеп, окуу качпайт. Балдар үйүндө жаман балдарга кошулуп, бузулуп кетишиң да мүмкүн. Окуп деле жарытпайт аердегилер. Ушу Оштогу үйүндө тарбияланганьдарды көрүп-билип эле жүрөбүз го. Бакка кирип алышып, карта ойношот, базарга барышып, чөнтөк кесишет, жалгыз-жарымды тоношот, улуу-кичүүнү сыйлоону билишпейт.

Бул сөздөрдү угуп, ойлонуп калдым. Ошо сөздөр мага таасир берип, Сагипа эженин ой-пикирине ооп бараттым.

— Анда Өзгөнгө барбай калабызбы? Тигилерге катуу убада бердиңиз го? Аларга эмне деп жооп бересиз? Артист эжем эртең шаардык милиция бөлүмүнө барып, менин балдар үйүнө барган, барбаганымды алардан сурап билемин деди го? Ал кишиге эмне деп жооп бересиз?

— Сен ал жагын ойлонбой эле койгун! Өзүм билем, эмне деп айтышты. Өзүм багып алдым деймин. Буга эч ким каршы боло албайт.

— Үйүңүзгө келип карасачы? Биерде жок экенимди билсечи?

— Э-э, Маликбай, өзүм билем дедим го. Анжиянга баруугa макулсуңбу? Ушуга жооп берчи?

— Мейли! — дедим колду шилтеп. — Мага баары бир эмеспи!

— Мына, маселе чечилди, жаңа эле ошентип айтпайсыңбы, балам! Жаталы эми, түн да бирооkум болуп калды. Эртең эрте турабыз, жолго чыгабыз. Анжиянды көрөсүң, сонун шаар ал. Каалаганыңдын баары табылат! Жатканым менен өйдөлөп, уйкум келбей, койнумдагы акчаны ойлой бердим. Аны эмне кыламын? Кимге беремин? Мен аны эмне кылмак элем?

Таң да атты. Шашылбай турдум ордуман. Акча жөнүндөгү ой дале мени кыйнап жатты:

«Ушуларга эле берип койсом окшойт?» — деген ойду туура таптым.

— Эже, кечеги адамдар берген акчаны эмне кылайын? — деди эртең мененки чайды ичип отурган кезде.

— Өзүң бил, уулум, акча сеники!

Мен койнумдагы акчаларды эжеге сундум:

— Мынаңыз, ушул акчалардын баарын алыңыз! Мен эмне кылмак элем!

— Ыракмат, уулум! «Таап алсаң, санап ал» дейт, кана, санап көрөлүчү.

Сагипа Лукмановна акчаларды санап бүтүп:

— Туп-туура бир жүз элүү сом экен! Ыракмат, уулум! — деп дагы ңир ирет кайталады ыраазычылыгын.

Жолго чыктык. Түш ченде жеттик Анжиян шаарына. Мына ошентип, дагы бир жаңы тууган таап алдым. Жаңы тууганымдын аты-жөнү Мавлюда Каландарова экенин мен тээ Ошто эле уккамын, атүгүл оокат-тиричилигин, өңү-түсүн, бой түзүлүшүнөн өйдө төкпөй-чачпай айтып беришкен.

Короого шап эле кирдик, ити жок экен. Үй ээси ошо кезде дандырга нан жаап жатыптыр. Бизди көрүп эле нанын кое туруп, бизди утурлай:

— Вай келиңиздер! — деди, Сагипа Лукмановнанын мойнунан кучактап, көпкө чейин кое бербеди. Эже-сиңдилер саламдашып, сагынычын жазып алгандан кийин, кезек мага келди:

— Бул бала кайсы? Жол болсун, таап алдыңызбы? — деп мага кол берди.

— Ооба, жолдон таап алдым. Таанышып алыңыздар, сизге бала боломун деп келди. Буга эмне дейсиз, эже? Сүйүнчү бересизби? Өзү абдан жакшы бала, тил алчаак, жоош, мээнеткеч.

— Э-э, ошондойбу? Жакшы, жакшы! Көрүп турам, жакшы бала экенин! — деп маңдайыман сылап койду. — Атыңыз ким болот?

— Аты Маликбай! — деп менден мурда жооп бере салды Сагипа эже.

— А, Маликбайбы? Жакшы ат экен. Кана эмесе, киргиле үйгө.

Кең, жасалгалуу бөлмөгө кирдик. Сагипа Лукмановна эжесинин жакшы жашап жатканын, оокат-тиричилиги тың экенин дагы бир ирет айтып отурду. Аңгыча үй ээси да кирип келди:

— Сиңдим, кандай ден соолуктар? Отурасыңарбы тынч-аман? Бала-чакалар тынчпы? Иштеп жүрөсүзбү? Гүлчехраны ала келбепсиз да?

— Жакшы, эже, баары жакшы! Өзүңүздөн сурасак, тынчсыңарбы?

— Эл катары кыбырап өтүп жатат турмуш.

Сагипа Лукмановна мен жөнүндөгү жаңылыктардын баарын айтып келип, акырында:

— Бул да болсо сизге боор ачыгандык, сизге жардам берсин, караан болсун, оорун колдон, жеңилин жерден алып, өз уулу катары бала болуп калсын деген тилек, эже! — деди.

— Ыракмат, сиңдим, ыракмат! Жакшы иш кылыпсыз. Эч кабатыр болбоңуз, өз баламдай бапестеп багып аламын. Ал эми милиция кызматкерлерине, жанагы ким дедиңиз, артисткабы, ошого шылтоо таап кутулуп кетерсиз?

— Анын жолу табылат, эже. Сизден өтө сураныччым, баланы окутуңуз!

— Окутамын, сөзсүз окутамын! Ишене бериңиз мага!

Сагипа Лукмановна ошол эле күнү кайра кетмей болду. Дасторконго бата кылып, ордубуздан турдук. Мен да аларга ээрчип, сыртка чыктым.

Арадан айлар жылып, күндөр да өтө берди.

Шаар турмушуна көнүп кеттим. Мавлюда эже коңшу жашашкан мен теңдүү балдарга тааныштырып да койду. Колум бош боло калганда, алар менен кошулуп ойноймм. Мына ушинтип жашап жүрүп, мектепти да унута жаздаптырмын, Бул жөнүндө Мавлюда эже өзү сөз баштап калды:

— Эми сиз, Маликбай, окушуңуз керек. Бирок окуш үчүн акча керек! Акча табыш үйүн мээнет кылуу керек! Ушундайбы, Маликбай? Түшүнөсүз да?

— Ооба, түшүнөм!

— Маакул эми, бул жөнүндө кийинчерээк

сүйлөшөлү. Азыр чарчап турам, уктайынчы! — деп эжем төркү бөлмөсүнө кирип кетти.

Экөөбүздүн ынтымагыбыз абдан жакшы. Эне-баладай жашайбыз. Үй ичиндеги майда-чүйдө жумуштардын баарын жасап, тамакты даярдап койсоң, кимге болсо да жагасың. Мавлюда эже ар күнү иштен чарчап келип, үйгө кирер менен:

— Маликбай, бирдемеңиз барбы? Аябай курсак ачты! — дейт. Аны айтар менен кош жаздыкка башын коет да, тырп этпей уктап калат. Үстүн жылуулап жаап коем. Таң атканча бир кыймылдабайт. Эртең менен ордунан кайсы маалда туруп, кайсы убакта ишке кетип калганын билбейм.

— Өмүрүңүздөн береке табыңыз, балам! — Басса-турса айтканы ушул.

Тызылдап чуркап базарга барамын, үйгө керектүү нерселерди сатып келемин. Ага жетиштүү акчаларды Мавлюда эжем өзү берет. Көбүнчө палоо жасап жейбиз. Эжемин мага жаккан айрыкча бир мүнөзү бар. Ишинде — кыйынчылыктарды үйгө айтып келип, такыр наалычу эмес. Ушунчалык чарчаса да, көчөгө чыгып, сейил куруп келген адамга окшоп, өзүн көңүлдүү, токтоо, сарамжалдуу кармар эле. Ооба, күндөп-түндөп үй бетин көрбөй калган учурлар да болгон. Андай мезгилдерде:

— Маликбай, коркподуңузбу мен жокто? — деп гана кыска сүйлөп, анан жоолугун башынан алат да, аны илип, алакандарын ушалап:

— Эх, Маликбай, курсак ушунчалык ачты дениз, аны сиз сурабаңыз, мен айтпай ак коеюн! — деп күлүп коюп, ашкана тарапка басчу. Мен ошол замат:

— Отуруңуз, эже, тамак даяр! Азыр алып келем! — деп эпилдеп жөнөчүмүн. Арыбазда мындай таттуу күндөр далай эле өттү. Иши кылып, бир-бирибизге ыраазыбыз, ынакпыз, ылым санап ийилип турабыз.

Ушинтип арадан бир жыл өттү. Окуу, мектепке баруу жөнүндө ойлоп жүрсөм да, аны эжеге ачык айта элекмин, анткени тээ, өткөн жылы:

«Окуш керек, окуш үчүн акча керек, акча табыш үчүн иштеш керек» — деген сөзүн али күнгө унута элекмин. Бирок ошо акча табуунун жолун кантип табабыз? Албетте ага менин акылым жетпейт эле. Кара жумушка али мен жаштык кылат элем. Ушинтип, ар нерсени ойлонуп, аркы-терки кыялдарга чөмүлүп, аргасыз жүргөн күндөрдүн бир күнүндө, эже өзү:

— Эми уулум, келиңиз бери, жаныма отуруңуз,— деп сөз баштап калды,— сөзүмө жакшылап кулак салыңыз. Мына, бир жылдан ашты уулум, бир-бирибиздин сырыбызды билип алдык. Сиздин мээнеткечтигиңиз, кыял-жоругуңуз баары жакты. Мага эми түбөлүктүү бала болосуз! Ошондуктан, Сагипа эжеме берген убадам боюнча, сизди окутушум керек! Ооба, окууда пайда көп, анда талаш жок! Бирок, дагы эле кайталап айтам, ал үчүн акча талап кылынат! Сөздү узартпайын, эми сиз нан сатасыз! Менин деле ашыпташкан дүйнөм жок, эл катары кыбырап-эптеп жашап жатканыбызды өзүңүз көрүп-билип турасыз. Пулду ар ким ар түрдүү жолдор менен табат. Оокаттын, тиричиликтин уяты жок. Уурулук кылбасак, бирөөнү тонобосок, алдабасак эле болду. Маңдай тер менен тапканыңыз таттуу болот, берекелүү, маңыздуу, ширин да болот. «Колу ойногондун, оозу ойнойт» деген сөздү уккан белеңиз? Ошондуктан Маликбай уулум, акча табалы!

Саамга тымтырстык өкүм сүрдү. Эжем сөзүн кайра баштады:

— Албетте, сиз өмүрүңүздө нан сатып көргөн бала эмессиз. Бирок, адамдын колунан кааласа баары келет. Коңшу балдарга кошуп коемун. Сиз мени туура түшүнүңүз. Окуш үчүн дептер, калем, китеп, кийим-кече керек. Түшүндүңүзбү?

— Түшүндүм, эже!

— Түшүнсөңүз ошо! мен сизге дандырга нан жаап, аны себетке салып, гүлдүү дасторкон менен жакшылап ороп, башыңызга көтөргүзүп коемун. Аны сиз чайканага же базарга, иш кылып, эл көп жерге алып барып сата бересиз. Бара-бара көнүп, үйрөнүп кетесиз, анын кыйынчылыгы деле жок.

— Маакул, эже! Андай иштен мен качпаймын. Нан саткан балдар, кыздарды көрүп-билип, алардан нан сатып алып жеп эле жүрбөймүнбү. Колуман келет, аткарамын!

Ошентип, нан сата баштадым. Туура, ар иштин башталышы машакат. Алгачкы күндөрү анча кошпой, берки нан сатып жүрүшкөн балдарга окшой албай, уялып, тартынып жүрдүм. Коңшубуздун уулу деле мен курактуу. Дегеле тыпылдап, буту-бутуна тийбей чуркайт. Нанын дароо эле сатып бүтүп, кайрадан үйүнө чуркайт, жаңысын алып келет, аны да заматта эле сатып бүтөт. Мен тура берем, кечке бир себет нанды араң сатам. Дайыма Хакимбай менен бирге барып, бирге жүрүп, кайра үйгө бирге келсем деле, кылган иштериме канааттанбайм, купулум тойбойт. Нанды аз саттым, акчаны аз алып келдим. Эжем мага ыраазыбы же капабы? Анын купулума толдумбу же жокпу? Мени ойлонткон мына ушул ички сырлар!

Кийин-кийин көнүп да кеттим. Көнүп кетүү мындай турсун, нан сатуу, акча табуу мен үчүн кумар сыңары болуп калды. Көнүмүш адат катары саналып, бир күн ошол ишти кылбай койсом, орду омсоңдоп калчу.

— Кана, ысык нанга келиңиз! Мына бул ысык нандан алыңыз! Муну караңыз, ысык, жумшак, шырман нандын эле өзү! Алып калыңыз, келип калыңыз! — деп кечке жаагым тынбайт, ары-бери чуркайм, элдин көп жерине барамын. Чайкана, мончо, базар, коон-дарбыз саткан жерди тим эле бир күндө он жолу кезип чыгамын. Үйгө акчаны көп алып келем. Эртең менен Хакимбай экөөбүз дандырдан жаңы эле үзүлгөн ысык нанды себетке толтура салып, төбөбүзгө чыкыйтып коюп алабыз да, шаардын тар, ийри-буйру, чаңы тозгон, кууш көчөлөрү менен дикилдеп чуркап бараткан болобуз. Ынтаасын койсо, чындап дитин берсе, адамдын колунан бардык иш келет.

— Ий, кандай экен? — деп сурап калды Мавлюда эже бир күнү. — Көнүп, үйрөнүп калдыңызбы эми? Ошондой, айттым го сизге! Мына эми

акчадан анча кыйналбай калдык. Мектепке барсаңыз болот. Мен үйгө жакын жердеги мектепке барып сүйлөшүп келдим. Эми окуй бересиз, уулум!

Мен үн катпадым. Жер чукулап тура бердим. Ак да, көк да дебедим.

— Ий, эмне болду? Эмне унчукпайсыз? Же окугуңуз келбей атабы?

Мавлюда эже туура таап айтты көңүлдөгү ойду. Мен чын эле окууну, мектепти эмес, эми мен акчага көбүрөөк көңүл буруп, ага кызыгып, аны жанымдай жакшы көрүп калдым эле. Бир күн чөнтөктө акча болбой калса, жети өмүрүм жерге кирип, кабагым салынып калчу болду. Көп тапкан күнү менден өткөн бактылуу адам жок. Кийин-кийин, кээ бир ыңгайы келип калган учурларда, саткан нандын акчаларынан кымтып калмай адат таап алдым. Эжеге болбогон жок шылтоолорду айтып келем:

— Көчөдөгү дейди балдар зордуктап алып жеп коюшту! — деп бир күнү шылтоо таап келсем, экинчи күнү,— курсагым ачып өзүм жедим! — деймин. Мавлюда эжем буларды угуп, унчукпайт.

«Эгер мектепке барсам,— деп ойлодум ичимде,— мына ушул акчалардан куру каламын, нан сатуу нугунан ажыраймын!»

— Окугуңуз келбесе, туурасын эле айтыңыз. Ортодо мен күнөөлүү болуп калбайын! Мени окутпады деп жүрүшпөсүн! Кааласаңыз окуңуз!

Ойлонуп калдым. Бекитип, топтоп жүргөн акчаларымы дагы көбөйтөйүн дедим эле. Эми бул максатым эмне болот? Кыйын абалда калдым!

— Эже, маакул, мектепке барайын, бирок дагы бир же эки күн нан сатайын? Маакулбу?

— Кызыгып калыпсыз да, ээ, уулум? Мейли, мейли, уруксаат берейин!

Мына ушул эжемин, «уруксаат берген» бир-эки күндөгү окуя менин тынч өтүп жаткан турмушума бүлүк салды, өзгөртүп жиберди. Бул да болсо менин ачкөздүгүм, пулга кызыккандыгым. Ал мындай болду:

Эртең мектепке бара турган күнүм эле. Бирок ушу бүгүнкү нанды сатып, кошумча акча топтоп

алууну самаган элем. Нанды тез эле сатып бүтүп, шаарды кыдырып, айланып келейинчи деген ой менен стадион тарапка бастым. Аянттын орто ченине ак чатыр тигилиптир, мурда бул жок эле. Азыр мында жаш балдар үчүн цирк оюну болорун ошердеги дуу-дуу сөздөрдөн улам билдим. Арыраак басып бардым. Темир тордун ичинде буттары кыска, жүндөрү үрпөйгөн иттер, маймылдар жүрөт.

— А-ий, бул эмнеси, ыя? — деп таңыркап тура бердим. Айбандардын мындай түрлөрүн көргөн эмесмин. Бул оюнга кызыктым, кирип көрөйүн дедим.

Эл катары белет алып, оюнга кирдим. Орун калбаптыр. Тикемен тик турдум. Көп узабай оюн да башталды. Үйрөтүлгөн айбандардын өнөрүнө таң калдым! Адам тилин түшүнгөнүн карачы! Ана, эки «күчүк» арабага чиркелиптир, аны маймыл айдап жүрөт, аларга жарашыктуу көйнөк да кийгизип коюшуптур. Арабанын бооруна «Тез жардам» деп бадырайта жазыптыр.

— Оо-э-эй! Кызык! Укмуш! Карачы, карачы тигини! — деп жибердим үнүмдүн барынча бакырып. — Ушундай да кызык оюн болобу? О-о-оой! Карасаң, карасаң!

— Бакырба! Тынч отур! Эмне, сен эле жалгызсыңбы биерде? — деп жанымдагы балдардын бирөө мени тыйып койду. Бир аздан соң, кайра эле баягы адатымды баштадым. Деги менин бир жаман адатым бар, аны өзүм да жакшы билем. Көрүнгөн майда-чүйдөлөргө көңүл бөлө беремин, кээде андан жадап да кетемин, ошол айыбымды экинчи кайталабоо үчүн аракет да кылган күндөрүм болгон, кайра эле кайталанып кеткенин өзүм сезбей калам.

— Тек отурасыңбы, жокпу? Оюнду тынчырак көрөлүбү? Отур, ээ!

— Мени тосуп алдың го? Мындай тур!

— Кандай бала бул? Каччы сөлдөйбөй!

— Өмүрүңдө бир нерсе көргөн белең? Эй, кимге айтып жатам?

Эч кимге кулак салбадым. Бул чатырдын

ичинде менден башка көрүүчүлөр жок окшоп, өзүмдү ээн-эркин сезип, ички сезимдеримди үн чыгара айтып тура бердим. Бул кылык-жоруктарым менен башкаларга канчалык тоскоол болуп жатканым менен ишим болбоду. Айылда кино көрүп жатканыбызда да ушинтип ызы-чуу боло берчүбүз. Бул жерди да ошондой сезсем керек?

— Тигини, тигини, карасаң! Ой-бо-ой, эми буттап басып бараткапын карачы! Ана, чимирилип бийлеп да жиберди! шакектен секирип өттү! Ой-ой!

Чынында бул оюн өтө кызыктуу эле, кызыктуулугу бир гана мага эмес, ошерде, чатыр толо отурушкан балдардын баарына жакты! купулуна толгону ушунчалык, каткырып күлүп жатышты! Бирок мындай жакшы оюнду аягына чейин көрө албай калышым, мен үчүн абдан аянычтуу, кейиштүү болду! Бир маалда эле кимдир бирөө менен желкемен апчый кармады:

— Көзүңдү ач! Тумшугуңду жара коем! Жанатан бери айткан сөзүм кулагыңа кирбеди! Тынч отурбай атасың! Билип койгун бала, бирди көрөсүң! Эмесе чыгып кет!

— Сен өзүң чыгып кет! Сен кимсиң өзү мени чыгып кет дегендей?

— Э-э, болбогон начар бала экенсиң! Аяп койгонду билбейт экенсиң! Мына сага! — Кулактын түбү «зы-ың» эте түштү! Кеңгиреп, көздөрүм ымыр-чымыр болуп кетти. Мен да бош келбедим:

— А-а, ушундайбы? Кана, жүрчү, сыртка чыгалы! Күч сынашып көрөлү!

Тиги да араң эле турган экен, шарт ордунан туруп, мени жакадан алып, сыртка жетеледи. Чыгар менен мени омуроолоп:

— Кана, ур, уруп эле көрчү! — деп башын тосту. Балдар бизди дароо ороп алышты. Адегенде чоочулап, артыма кетенчиктедим.

«Циркте жөн отурбай каталык кетириптирмин. Уруп койсо, таяк жесем, анда эмне кыламын? Ка-ап, жөн эле отура бербей!» — деп өкүнүп да жибердим ичимен. Анткени, бизди ороп алышкан балдардын баары болбосо да, көпчүлүгү ти-

гиге таанып эле, ал эми мени эч ким билбейт. Аны сүрөөмөлөп, кубаттап:

— Бош келбе! Сал тумшукка! Атасын таанытып койгун! — дешип кужулдашат. Ага ансайын дээлигип алган бала, менин шаштымды алып, коркутуп, сүзгүлөп жатат. Менин начар жагымды сезип калгандыктан, көкүрөгүмө келтирип туруп бир муштады. Чалкаман кеттим. Чуркап келип, минип алды да, жакама асылып, муунта баштады. Шайым ооп, шалдырап жатып калдым, тырп этерге да алым калбады. Тиги бала туруп баратып, дагы эле табасы канбагандай, ичиме шалак эттире бир тепти. Биздин тамашабызга батып, жарданып турушкан балдар, милициянын ышкырыгын угуп, заматта тарап кетишти. Мен кагынып, түкүрүнүп, өз боюмду түзөгөнчө, милициянын кызматкери жетип келди. Мени колдон алып, дикилдетип жетелеп алып жөнөдү. Туура эле шаардык милиция бөлүмүнө алып барып таштады. Аерде бир түнөгөндөн кийин, эртеси эртең менен «Жаңы шаар» деп аталган Анжияндын күн чыгыш тарабындагы четки жайга орношкон балдар үйүнө алып барып койду. Бул жерде Александр Сиротин деген өзүм теңдүү бала менен таанышып, экөөбүз тез эле ынак болуп кеттик. Бирок ал балдар үйү жакпай атканын, жаккан чакта деле андан кеткиси келип атканын мага басса-турса айта берчү. Айткан сайын үшкүрүп, башын чеңгелдеп, челкесин таянып ойлуу отуруп калчу. Мынчалык сар-санаага баткандыгынын да себеби бар экен. Алты жашар Борис деген иниси Ташкендеги балдар үйүндө калыптыр. Мына ошол инисинин тагдырын ойлоп, кабатырланып жүрөт. Атасы менен апасы болсо, аскер врачы болуп иштеп жүрүп, согушка кеткен, ошо бойдон кайтпады. Саша мага ишенгенден, мени жакын адамы катары санагандыктан кайгы-капасын да, кубанычын да бөлүшүтүрүп жатпайбы.

Балдар үйүнүн имараты шаардын четирек жагында болуп, айланасы бийик дубал менен курчалган. Адатта ар күнү жатар маалда «тек-

шерүүдөн» өтөбүз. Тарбиячылар ар бир бөлмөлөрдү кыдырып чыгат. Кимде-ким өз ордунда болбосо, эртеси жалпы жыйналышка салынат, уяткарат, сындайт, тартипке чакырат, ага да баш ийбесе, жаза колдонулат, бир маалкы оокаты берилбейт. Тартипсиздиги дагы кайталана берсе, майрам күндөрү берилүүчү жаңы кийим-кечеден куру кол калат.

Тарбиячылар жок кезде дубалды ашып качмай болдук. Мына бүгүн ошол күткөн күнүбүз келди окшойт. Бүт баары тыптынч уйкуда. Тыш жак капкараңгы. Бир аз гана тумшугун көрсөтүп, тээ тоо чокусу тараптан ай чыгып келатат. Ал азыр гана бийик көтөрүлөт да, анан ааламга жарык чача баштайт. Ошо жарык болгонго чейин биз мерчемдүү жерге жетип алышыбыз керек.

Саша экөөбүз бөкчөңдөп, бийик дубалдын түбү менен жөрмөлөп баратабыз. Пасыраак, секирип ары ашып кетүүгө оңтойлуураак жери бар бекен деп, ошондой өзүбүзгө ыңгайлуу жерди издеп жүрөбүз. Бизден мурда да кайсы бир балдар өтө берип, дубалды уратып, көчүрүп жиберген пасыраак жери бар экен, биз ошерге барып токтоп калдык. Мен эңкейип жонумду тостум. Саша желкеме ыргыды да, дубалдын үстүнө тырмышып отуруп араң чыкты. Анан колун берип мени тартып алды. Дубалдан ары боюбузду таштадык. Биз ойлогондой пас эмес, өтө эле бийик экен, «дүп» этип жерге катуу кулап түштүк, өпкөбүз чыгып кете жаздады. Бир топко чейин үнүбүз чыкпай, көздөрүбүз алайып, буттарыбызды жыйып ала албай шайыбыз ооду. Белибизди кармалап:

— Ох-ох! У-уух, белим-ай! — деп кокуйлай баштадык. Арадан канча убакыт өткөнүн да билбейбиз. Ордубуздан араң туруп, бир-бирибиздин кийимдерибизди кагып, тазалап, анан ары-бери чолоңдоп бастык, бой-башыбызды бир аз түзөп, оңдоп алдык. «Жашыл көпүрөгө» карай чуу койдук. Бул көпүрө Фергана Чоң каналына салынган. Үстү жагы жаага окшоп ийилип келип, көпүрөнүн эки учуна улаштырылган. Жашыл түс менен сырдалган. Поезд өткөндө ошол жаага ок-

шоп ийилип турган жашыл түстөгү темирге үстү жагы тийип-тийбей араң эле тургансыйт, чымчык консо баткыдай эмес. Көпүрөнүн асты жагынан Фергана Каналынын суусу мелмилдеп, жымып секин агат, жай мезгилдеринде ушунчалык көбөйүп кетет дейсиз, тим эле кырына чыгып, ашып-ташып кете тургансып көрүнөт. Бул суунун баш жагы тээ Нарын дайрасынан башталып, аягы Сыр-Дайрага куят. Мына ушунчалык мейкиндиктеги, алыстыктагы аралыкты ээлеп турган Чоң Каналдын суусу бүтүндөй Фергана өрөөнүндөгү сугат жерлерин өз ичине камтыйт.

«Жашыл көпүрөдөн» өткөн темир жол батыш менен чыгышты, түндүк менен түштүктү байланыштырып турат. Поезд күн-түнү тынбай каттайт. Мына ушул «Жашыл көпүрөгө» келген кезде бир азыраак ылдамдыгын пасайтып өтөт. Саша мына ушул учурду күтүп, аңдып, поезд секиндеп калган чакта секирип чыга каламын деп болжоп жүргөн экен. Мына эми биз ошол ойду ишке ашырыш үчүн тызылдап чуркап баратабыз. Поезддин «Жашыл көпүрөгө» келер кезине чейин сөзсүз жетип алышыбыз керек. Андай болбой калса, аракетибиз текке кетет.

Темир жолго жеттик. Кайдандыр алыстан-алыстан паравоздун катуу үнү угулду:

— Ана, келатат! — деди Саша шашып-бушуп, үн чыккан жакты алаңдап карап. — Бол, тез-тез чуркайлы! Кечигип калбайлы!

Мына, «Жашыл көпүрөнүн» жанындагы «Күйгөн-яр» разъездине да жетип келдик. Разъездеги жол күзөтүүчү киши бизди көрүп калбасын деп, далдараак жерге, темир жолдун четине бекинип алдык. Поезддин жарыгы көрүндү. Жердин, аны менен кошо рельсанын дүңгүрөп, титирегени биз турган жерге чейин жетти. Жүрөгүбүз да кошо титиреди. Энтигебиз, кандай болор экен деп аптыгабыз, тынчсызданабыз!

— Кана эми Малик, коштошуп алалы! — деди Саша мени кыса кучактап. — Кош, кош бол, досум! Капа болбо, дагы көрүшөбүз! Эсиңдеби айткан сөздөрүм, Малик? Балдар үйүнөн кетпегин,

эч жакка жылбагын! Мавлюда жеңкине кетип калсамбы деп жүрөсүң! Балдар үйү жакшы! Ал жеңкине каалаган убакта, бош мезгилдерде барып, ал-ахвалын сурап тургун! Бирок аер сага болбойт, уктуңбу, түшүндүңбү? Мен сага кат жазып турам!

— Маакул, Саша! Айткандарыңды аткарайын! Кеңешиңди эске алайын! Жакшы бар! Унутпа мени! Мен да кат жазып турамын! Адресиңди жөнөт!

Поезд жакындагандан жакындай берди. Жарыгы бүт тарапты каптап келет. Ушунчалык да күчтүү жарык береби? Ийне жоготсоң да табасың! Жарыкка көздөр чагылып, алды жакка канча вагон өтүп, дагы канча вагон артында келатканын да эсептей албай калдык. Шуу-шуу этип, адамды сестентип, жүрөктүн үшүн алып, биринин артынан экинчиси чиркелген көгүш түстөгү вагондор жерди жанагыдан да бетер катуураак титиретип барат. Анын катуу эпкини баш кийимибизди да учуруп кете жаздады. Кош колдоп баса калдык.

Саша эң акыркы вагонду болжоп, ошого ыргып чыгууга даярданып, камданып, эки колун алга сунуп, чыдамы кетип күтүп турду. Анан эле, анан эле... мышыктай так секирип, вагонго карай шарт боюн таштады! Ушунун баары көз ирмемде өтүп кетти! Айлана кулак-мурунду кескенсип, заматта жымжырт боло түштү! Поезд өтүп кеткенден кийин, кулагың тунжурап, күчтүү жарыкка чагылган көздөрүң эч нерсени көрбөй да калды. Далайга чейин кеңгиреп, баш айланып, сендиректеп туруп калдым. Оюма бир нерсе кылт эте түштү! Денем ток ургандай дүркүрөдү! Жүрөгүм опкоолжуду!

— Эх, шайтан алгыр! — деп катуу кейип-кепчип жибердим. Сашага бул жөнүндө айтпай калган турбаймынбы, же жолдо, же жатаканада отурганда бул тууралуу сүйлөшүп да албаптырбыз! Чеки, чеки иш кылыптырбыз! Эми кеч болуп калдыбы? А балким, кеч эместир? Жетишер-

мин: үлгүрөрмүн? Аракет кылып, далалат жасап, бар күчүмдү жумшап, чуркап көрөйүн!

Мен эмне үчүн мынчалык тынчсызданып жатам? Саша экөөбүз эмнени унутта коюптурбуз? Эң зарыл, керектүү ишти унутуп коюптурбуз! Жана Саша вагондун үстү жагына чыгып, тикесинен тик туруп алган болчу. Мындай кылбоо керек эле. Бул өтө коркунучтуу! Анткени, «Жашыл көпүрөнүн үстү жагындагы жанагы жаадай ийилип турган темирге башы тийип, камгактай учуп кетиши турган сөз! Ошондуктан, көмкөрөсүнөн жатып алыш керек эле! Муну өзү билер бекен? Сезер бекен? Күн мурунтан ойлоду бекен? Мага айтпаган чакта да, өз ичинен иштин бул жагын да эсепке алып койгондур? Эмнеси болсо да эскертип, эсине салып коеюн!

Жанымдын, алымдын барынча поездин артынан чымын-куюн болуп чуркап, чуркап эмес, «учуп» баратамын! Бутум-бутума тийбейт! «Жашыл көпүрөгө» жете бергенде, эң акырына чиркелген вагондун үстүндө дагы эле баягысындай тикесинен тик туруп бараткан Сашанын караан ы мага үзүл-кезил көрүндү. Бул эмнеси? Кантип эле көпүрөгө башы тийип каларын өзү билбесин? Кантип эле каталык кетирип койсун? Бул каталык турмушта боло берчү майда-чүйдө, түккө татыбаган каталык болсо экен, аны оңдоого болот! Ал эми азыркы каталык, жо-ок, бул каталык орду толгус жоготууга дуушар кылат! Бакырсак үнүм жетер бекен?

— Са-ша-аа! — дедим жаным кашайып, үнүм каргылданып. — Са-ша-аа! Жаа-аат! Ылдый бо-оол! Көпүрөгө башың тийе-еет! Жа-аат! Са-шаа-аа!

Жок. Уга турган эмес! Поезд улам алыстап барат! «Жашыл көпүрөгө» жылаандай сойлоп кирип, шуңгуп кирип, такыр-тукур, шуу-шуу этип, жерди, рельсти дүңгүрөтүп, титиретип, алга умтулат, жүткүнөт, абаны, жан-жакка белдеги бардык нерсени, жол четиндеги чөп-чардын башын ийип, өзүнө каратып, оп тартат, шимирип, соруп, желмогуздай жеп-жалмап барат! Ага эч кандай күч тең келе албайт! Релстин астындагы төшөлгөн

карагай тактайлар силкилдеп, ал ошенткен сайын, менин жүрөгүм да андан кем калышпай дүкүлдөп согуп барат!

Ана, карегиме кадалган мына ошо эң акыркы көгүлтүр вагон да көздөн кайым болду! Аны менен кошо Сашанын кичинекей бою да көрүнбөй калды! Жаш көчөттүн тамыры кыйылды! Болпоң түктүү сары ооз балапандын али жетиле элек темир канаттары сынды! Эми гана алоолоно күйүп, күч алып, жалыны жарык бере турган мезгилде лап эте өчтү!» Ушу акыйкатпы? Ушу теңдикпи? Ушу теңчиликпи?

Чалынып-туруп, тентиректеп барып, акыры тырп этер алым калбады, эт-бетимен жыгылдым! Ошо жыгылганыма карабай, өзүмдүн аянычтуу абалыма өксүбөй, шолоктоп-болоктоп ыйлай бердим! Бир маалда эле көзүмдү ачсам, караңгы жерде, ээн талаада, сызда жатыптырмын! Жаактарым карышып калыптыр. Безгек сымал калтыраймын. Буттарым муздак. Бүткөн боюмду акырын козгоп кыймылдадым, башымды көтөрдүм, өйдө болдум! Өчөшкөнсүп, деги бир келсе, бардыгы удаа-удаа кошоктолуп келе берет эмеспи, ушул учурда дыбырап жамгыр жаай баштады, анан эле челектеп куюп жиберди! Ошондо гана көзүм маштай ачыла түштү! Онтоп жибердим. Өзөгүм өрттөнүп, каным катып, суусап, таңдайым бир-бирине жабышып, оозум чыла даамданып, эриндерим эпке келбей калыптыр! «Жашыл көпүрөгө» сүйөндүм, эс алып калдым. Жамгыр күчөгөндөн күчөй берди, жакын ортодо токтой турган түрү жок. Бүткөн боюм көл-шал болуп бүттү! Каналдын кыргагындагы калың камыштар шуудурашып, жамгырдын шатырап жаага765ына үн кошот, үрөйдү учурайт!

Минтип кайгыра берүүдөн эмне пайда? Үйгө кайтуу керек. Кош рельстин орто чени менен карагай тактайларды аттап-аттап, шаарга карай бет алдым. Шаар жактан кымыңдап, электр жарыгы жалт-жулт этет. Чүмбөттөлгөн караңгылык. Жаан дале куюп, төгүп атыры. Канчалык алга талпынсам да, жерден жылбагансыймын. Мын-

дайда кадамың деле арбыбай калат. Кагылайын жылуу жайым, ак шейшептүү төшөгүм, кайдасың? Ширин уйкуда жатышкан курбуларым, балдар үйүнүн имараты көзүмөн учуп баратты. Ушул арзыбаган аз эле убакыттын аралыгында аларды сагынып, көрсөм экен деп дегдеп, учурашсам экен деп шашып бараттым! Мектепке бирге барып, бирге кайтып, ойноп-күлүп, кийимибиз бүтүн, курсагыбыз ток болуп, тарбия-таалим алып жүргөн куттуу үйүмдү, мына азыр, мына ушул мезгилде, өз энеми сагынгандай сагынып бараттым! Шаарга жакындаган сайын, бут жагымда оролушуп жаткан чөп-чарлар, топурак, таш, атүгүл эми эле этиме муздак тийип, жүдөтүп, үшүтүп аткан жамгыр деле мөл булактын, тоо суусунун эпкининдей эркелетип тургансыды! Жер бетинде тирүү жүрүү кандай сонун! Жашоо кандай жакшы! Ушул жарык дүйнөгө жаралып келгендегим үчүн, кыйналып-кысталсам да жашап жүргөндүгүм үчүн кудайга жанымды курман кылгым келди!

Бөлмөгө кирдим да, кийимдеримди чечинип, жуунуп, ак шейшеп капталган жуурканды жамындым!

Ошол окуядан бир ай өтүп-өтпөй мага кат келди. Сашадан экен. Ташкенден жазыптыр:

«Урматтуу досум Малик! – деп башталыптыр кат. — Мен ошо эле күнү шаарга жетип келдим. Балдар үйүнө бардым. Инимди таптым. Тынч экен. Мени көрүп, аябай сүйүндү! Келе бергеним жакшы болуптур. Эми мындан ары инимдин жанынан жылбайм. Ага боорум ачыйт. Мен келгенден бери көңүлү көтөрүлүп калды. Жанымдан карыш жылбайт, кайда барсам ээрчип алат. Мени да ушул балдар үйүнө кабыл алышты. Жашообуз жакшы. Силердин жашооңор жакшыбы? Кыйналбай жүрөсүңөрбү? Бардык тарбиячыларга, бирге жүргөн тели-теңтуштарыма салам айтып койгун. Аларга айтпай качып келе бергендигим үчүн кечирип коюшсун! Аларга ыракмат! Ыраазымын! Болуптур эми, сен да кат жазгын, аман бол! Сенин досуң, Александр Сиротин!»

## МЕЙКИНДИК МЕНИ ЧАКЫРАТ

Коңур күз. Фрунзе шаары. Университеттин алдындагы аянтчага автобустар катар-катар тизилген. Студенттерди айыл-чарба жумушуна алып бараткан кез. Таңылчак көтөргөн улан-кыздар калың көлөкөгө ык беришип, он-он бештен топтолушкан. Алар ыр ырдашып, каткырып күлүшөт, оюн-зоок салышат. Жаштардын шаан-шөкөттөрү шаар ичин жаңыртып, айлананы музыканын мукам үнү коштоп кетет. Мен да ушулардын арасындамын. Жолдошум Калдарбек Караев ары жактан гезит кармаган колун өйдө көтөрүп, мага карай чуркап келатат. Эмне болуп кеткенин адегенде аңдай албадым. Кантсе да кубанычтуу кабарды уга турган окшойм:

— Ма-ли-ик! Сүйүнчү, сүйүнчү бер! — деп ал жаныма жакын келбей туруп эле үн катты. — Жаштар гезитине ырың чыгыптыр! Азамат!

Жан-жакабелимдеги студенттер да кулак түрүп калышты.

— Куттуктаймын, жакшы жазылыптыр! Келе колуңду, кысып коеюн!

— О-о, бул чоң ийгилик! Азаматсың го, ыя? — деп дагы бир жолдошум келе калды ары жактан. — Кана, окуп көрөлүчү? Акын болуп кетипсиң да?

Уялып, жер тиктедим, үн катпадым. Бирок өз алдымча толкунданып, териме батпай, жүрөгүм дүкүлдөп согуп, андай абалымды беркилерге билдирбөөгө аракет жасадым.

— Биринчи курстан баштап, чыгармаларың жарык көрө баштаса, демек, сенде талант бар экен. Уланта бер, Малик, тилектешпиз!

— Алдыда али көптөгөн ашуулар жатат. Чыгармачылык иш оңой эмес.

— Аның туура, адашпай бассаң, манчыркап кетпесең, чыгат бирдеме!

— Малик андайлардан эмес, ага ишенсе болот, көп окуйт, көп жазат!

Сөзгө кызып калышкан студенттер бир топко чейин талаш-тартышты улантышты. Талаа жумушума жетекчи болуп дайындалган агайыбыз:

— Кана, кеттик балдар! Чыккыла автобуска! Болгула тез-тез! — деди.

— Кеттик! — деп студенттер да таңылчактарын көтөрүп, автобустан орун ала башташты. Автобус ордунан жылар менен «Эмгек маршын» созолонтуп кое беришти:

«Жарышып жазда, күрөшүп күздө,
Элибиз эмгек менен эрденип күлгөн»

Автобус тез эле шаардан чыкты. Төшүн керип, талаа көрүндү. Күзгү жел леп-леп согуп, көңүлдү көккө көтөрдү. Жарашыктуу жаштык кез-ай кайталангыс, кайрып келгис учур-ай! Жашай бергиң келет, ырдай бергиң келет! Өмүр түгөнбөсө, адам өлбөсө! Жаш карыбаса, жамандык болбосо, жашоо дегениң кандай болор эле?

«Санташ» совхозунун дархан талаасында чөп чаап жүрсөк, почточу дагы бир гезит алып келип калды. Акыркы чыккан жаңы саны экен. Баарыбызга бирден таратып берди. Жаштар гезитинде менин ырым жүрөт:

Алды жакта тоскоолдук эчен-эчен,
Ал тоскоолду жеңемин жүрсөм эсен.
Кыйындыкты көп тарттым жаштайыман,
Бул турмуш туюк жана абдан бекем!
Бекемди бузуп-жарып, бүт талкалап,
Койгондо тилегиме жетет экем!
Турмуштун түйшүгүнө көп түйшөлтүп,
Жерге ыргытып чүкө сымал сынап өкчөйт.
Моюн бербейм аларга, денем катуу,
Жалтылдаган курч миздүү кылыч өтпөйт!

Кана келчи кыйындык, күрөшөлү,
Ким жеңип, ким жеңилет, күрөшөлү!
Чыдамкаймын, ээелтен эрким күчтүү,
Салгылашып, өлсөк бирге өлүшөлү!

Талаа! Учу кыйырына көз жетпеген мейкин талаа! Берекелүү бейпил талаа! Ооба, менин бала кезимдин жарымы шаарда отсо, жарымы элет жеринде, талаа-түздө, кумда, чөлдө, таштактуу такыр жерде өттү! Мени ошолор тарбиялады, камыр жууругандай ийлеп бышырды! Мына караңызчы, азыр мага ушул төшүн керип, мен-менсине керилип жаткан айкөл талаалар, ар-ар жерге бирин-серин салынган жапыс үйлөр жакшы көрүнүп турат. Бала кезди, туулган жерди, тууган-уруктарды, ата-энемди ойлойм! Жүрөгүм элеп-желеп! Мейкиндик мени чакырат!

«Мына, Малик, тилегиңе жеттиң! Эми оку, жакшылап оку! Бирок дыйканчылыкты да унутпагын! Кетменди желкеңе арт, арт дагы суу сугар, арык чап, эгинди чөптөн арылт. Пакта тер, буудай сеп, бышканда оргун, буудай жанчкын, эгин ташыгын! Атаң Керим экөөң коон-дарбыз, анделек, бадыраң эккен жылдарды эстен чыгарба! Талаалардагы шыбактарды аралап бас, куштардын сайраганын ук! Айылдагы таза абаны жут! Тер жыттанып, алакан кабартып, күнгө күйүп, чалгы чап! Малик, мына эми сен эр жеттиң, акылга-күчкө толдуң! Азамат! Баарына чыдадың, эр экенсиң! Жогорку окуу жайына да өттүң!

Малик, эми сен бул жолдон адашпагын! Ырас, сенин буга чейинки басып өткөн жолуң өтө татаал болду! Эми мындан аркы жолуң шыдыр болсун, жолдошуң кыдыр болсун! Жол баяның мындан ары да узара берсин! Сага, Малик, саксаламаттыкты, узун өмүрдү, бак-таалайды тилеймин!» — дегенсийт ЖЕР-ЭНЕ!

Оо, кагылайын кадырлуу окуучум! Ушуну менен китебимди бүттүм! Бүттүм да, сенин колуңа тапшырдым. Өмүр бою саргая чарп кылган эмгегимдин натыйжасы кандай болор экен. Мени ойлонткон мына ушул! Силерге жагар бекен? Ойлонтор бекен? Жүрөгүңөрдү козголто алабы?

Кош болгун, кадырман окуучуларым!

* * *

Китептин аягы.

## МАЗМУНУ

Жаңылануунун жазасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Көңүлүм күткөн күндөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 112
Кайрадан каңгып калганда . . . . . . . . . . . . . . . . . . 165
Мейкиндик мени чакырат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 210

*Адабий-көркөм басылыш*

МАЖИТ КАРИМОВ

**ЖОЛ БАЯНЫ**

Роман

Редактору *Матыев Н. С.*
Техн. редактору *Курбанбева М.*

Терүүгө 04.12.03. берилди. Басууга 19.01.04. кол коюлду.
Форматы 84x108$^{1}/_{32}$. 13,5 физ. басма табак. Офсет кагазы.
Заказ № 2013. Нускасы 500.

«Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коомунда басылды.

720005, Бишкек ш., Т. Суванбердиев атындагы көчө, 102.



## НУРЛАНБЕК ИНИМЕ ЫРААЗЫЧЫЛЫК

*Ырас, чын-чынына келгенде чыгармачылык иш ийне менен кудук казганга тең! Опол тоодой машакаттарды баштан кечиресиң! Кыйналып-кысталып жазып бүтөсүң. Анан? Анан аның аягы эмне болот? Белгисиз! Мына ошол «белгисиз түюк, алды жагың тумандаган күңүрт кыял, үмүтсүздүк» ойлонто берип жанды жеп, эзип салат. Түюкка такалып, туурун таба албаган жапан куштай, тоо-токойлордо тозуп жүргөндөй сезесиң өзүңдү. Мээнетиңен майнап чыкпаса өкүнөсүң, кайгырасың, жан кечтиге чейин барасың!*

*Мына ушундай кыйын-кыстоо кезде адамгерчилик кылып, боор берип, кош колун сунуп, белден таяп, көңүлүңдү көккө көтөргөн, кокүрөктөгү көйгөйдү тазарткан ыймандуу ынсаптарга туш келип, жолугуп арыз-арманыңды айтып калсаң, ага кулак салып укса, кандай гана бакыт, таалай! Көзүң маштай ачыла түшөт!*

***Баш калкабыз Бишкектеги Свердлов райондук салык инспекциясынын начальниги МАТЫЕВ НУРЛАНБЕК САГЫНАЛИЕВИЧТИ** мен дал мына ушундай айкөл асыл адамдардын катарына кошкум келет!*

*Романды окуп чыгар менен эле:*

*«Жакшы жазылыптыр! Жарыкка чыгарууга жардам берейин!» — деди. Мына ошентип, урматтуу Матыев Нурланбек Сагыналиевич, колуңардагы китептин жарык көрүүсүнө демөөрчү болду!*

*Бул китеп мен үчүн азаптын-азабы сыяктанат! Жазып жатып катуу ооруп калдым, ажал менен арбаштым! Өжөрлүк, митайымдык, чыдамкайлык, баарын көтөрө билгендик менен иштей бердим. Акыры асыл максатты ишке ашырдым!*

*Сага ыракмат, Нурланбек иним!*

*Өмүрүң узун болсун, бала-чакаңдын убайын көрүп, чың ден соолукта өркүндөп өсө бер!*